**Садыр уулу Жумагазы**

# Ынтымак – Чатак

**Бишкек – 2013**

УДК 39
ББК 63.5
С 14

Автордук укуктар сакталган. Китептин бир да бөлүгүн уруксаатсыз көчүрүүгө, кайрадан басып чыгарууга жана таратууга болбойт.

**Редактор:** Гүлнара Алыбаева

**Мукабаны иштеп чыккан:** Гүлжан Кудабай-Галлагер

**Садыр уулу Жумагазы.**
**С 14** Ынтымак – чатак. – Б.: Айгине маданий-изилдөө борбору, 2013, - 212 б.

**ISBN 978-9967-04-504-0**

**Насааттама** (аннотация): Бул жөлөмөл көптөгөн окурманга, асиресе өзү жашаган коомдоштуктагы улут аралык мамиленин накта шайкештигине кызыкдар адамдарга пайдалуу болот деген ойдобуз. Ынтымак менен чатак адамдын турмуш-тирлик жашоосунан өнүп чыккандыктан бир-бирине каршы коюлбай, тескерисинче тыгыз байланышта жана кыргыз дүйнөтаанымынын рухий бүтүндүк осулунда каралды. Ынтымакты жараткан түзүүчүлөрү биригип келип жараткан оң акыбет «өзөк от» менен жетишилери, ал эми чатакты пайда кылган түзүүчүлөрүн терстиктен оңоо жагына оодаруу «кедерин түзөө» ыкмасына салынып жөндөөлөрү сунушталган. Бул эки ыкма кыргыздын акыл-насаат сөзүнө, мамиле түзүүдө жасалчу каада, үрп-адат, жөрөлгөлөрүнө жана бирге аракеттенүүнүн салттуу өзжардам усулдарына таянуу менен иштелип чыкты. Ооба, макал-ылакаптар, ырашкерликтин жөрөлгөлөрү жана бирге аракеттенүү ыкмалары – кыргыз салттуу коомун кармап турган «даанышмандар акылын, бийлер калыстыгын, байлар берешендигин жана карапайымдардын жакшы ниетин» же «бейпил бешикти» азыктандырган тамыры, тулку жана саясы болгон. Жөлөмөл, ынтымакты жаратуу жана чатактын алдын алуу жолдорун издегендерге, алардын курамындагы түзүүчүлөрдү турмуштук кырдаалга жараша ыңгайлоо аркылуу, аталган көйгөйлөрдү чечүүнүн усулдарын пайдалануунун жолдорун тартуулоосу менен баалуу болуп эсептелет.

С 0505000000 УДК 39
ББК 63.5

ISBN 978-9967-04-504-0

© «Айгине» маданий-изилдөө борбору, 2013
© Токтогул көчөсү, 93, Бишкек 720040, Кыргызстан

**МАЗМУНУ**

АЛГЫ СӨЗ ........................................................................ 6

КИРИШҮҮ........................................................................ 8

I БАП

АЗЫРКЫ ЧАТАКТААНУУ ИЛИМИНИН ЧАБЫТЫ .................. 11

1. Чатак түшүнүгү жана анын маңызы ........................................11
2. Чатактын түрлөнүшү ........................................................12
3. Чатактын өнүгүү баскычтары ..............................................18
4. Чатакты жөндөөнүн илимий усулдары ....................................24

II БАП

АҢ-СЕЗИМДИН ӨНҮГҮҮСҮ .................................................. 29

1. Адамдын ой-жүгүртүү баскычтары .........................................29
2. Чыртек мазаада уюткуланат ...............................................32
3. Чатак тууралуу маалыматты чагылтуу ....................................34

III БАП

УЛУТ АРАЛЫК ЧАТАК ......................................................... 38

1. Улуттук өзгөчөлүк ............................................................38
2. Улут аралык чатактын чыгуу себептери ..................................39
3. Улут аралык чатактын өнүгүү өзгөчөлүктөрү ...........................41
4. Улут аралык чатакты жөндөөнүн ыкмалары .............................44

IV БАП

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЛУТ АРАЛЫК

ЧАТАКТЫН ТАРЫХЫНАН .................................................... 48

1.Тарыхый мекен ................................................................48
2. Үркүн – кыргыз-орус чатагы ................................................52
3. Кыргыз-өзбек чатактары ....................................................57
4. Улут өкүлдөрү ортосундагы жаңжалдын айрым көрүнүштөрү ...........................................................64

V БАП

ДИНИЙ АРАЗДАШУУ ........................................................... 67

1. Ислам – тынчтыктын дини ...................................................67

2. Диндин түзүлүшү жана милдеттери........................................73
3. Дүйнөлүк негизги диндерде зомбулуктун каралышы ............75
VI БАП
КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ БЕЙПИЛДИКТИН НЕГИЗДЕРИ......78
1. Кыргыз маданиятындагы тынчтык салты...........................78
2. Ынтымак менен чатак улуттук дүйнөтаанымдык
көз караштан......................................................................89
3.Чатакта маданияттын орду......................................................92
4. Достошуу ..................................................................................108
5. Чатак кырдаалындагы жүрүм-турум .....................................118
6. Ырашкерликтин данакерчилери ............................................119
7. Чатактын кылда учундагы кырдаал.......................................127
8. Чатактан соң элдешүү...............................................................129
9. Эл багуу......................................................................................141
VII БАП
ЫНТЫМАКТА ЖАШООНУН УСУЛУ .....................................143
1. «Өз жардам ой-коруму» деген эмне? .....................................143
2. «Өз жардамдын» кыргыз элдик үлгүлөрү...............................146
3. «Элдик өз жардамдын» өнүгүү жараяны ...............................154
4. ӨЖТдагы тирлик дөөлөт (социалдык капитал) .....................156
5. Жергиликтүү өз башкаруунун тиреги элдик уюмдар...........161
6. Бүтүндүктүн бөлүкчөсүнүн бири «чатакты»
оңоо ыкмасы ..............................................................................166
ТЫЯНАК.......................................................................................171
ТИРКЕМЕЛЕР...............................................................................173

## АВТОР ТУУРАЛУУ

Садыр уулу Жумагазы 1953-жылы 8-октябрда, ошол кездеги Балыкчы кыштагында төрөлгөн. Тондогу Кызыл - Туу сегиз жылдык мектебин аяктап, 1969-1973-жж. Ысык-Көл айыл чарба техникумун бүтүрүп, зоотехник адис-тигине ээ болот. Советтик аскер катарында 1973-1975-жж. Литва ССРинде, ава соккусунан коргонуу жоокери катары кызмат өтөгөн. 1975-жылы колхоздо зоотехник, 1976-жылы Фрунзе айыл-чарба зоотунда жумушчу болуп иштеген. 1976-жылы КМУнун даярдоо бөлүмүнө тапшырып, 1981-жылы Ленинград университетинен журналист кесибин алып чыгат. 1983-1987-жж. «Советтик Кыргызстан» гезитинде кабарчы, 1987-1991-жж. «Кыргыз жери» журналында башкы редактордун орун басары милдеттерин аткарган.

1989-жылы үйсүз жаштардын кыймылына жигердүү катышып, «Ашар» ыктыяр коомунун Төрагасы болуп шайланган. Бул козголуш 1990-жылы өлкөбүздө алысындаган демократиялык кый-мылдын демдендиргичи, 1991-жылы Үркүн шейиттерине арналган «Өмүр көчү» 12 күндүк жөө жүрүшүнүн уюштуруучусу, борбордогу азыркы 50 конуш курулуп, 500 миң калк жашашынын демилгечиси болгон. 1994-1995-жж. Бишкек шаар акиминин биринчи орун басары катары жаңы конуштар маселесин тейлеген. 1995-жылы саясый жүйө менен эки жылга сотто кесилип, төрт ай Каракол абагында кармалып, эл аралык мунапыс уюмунун «абийир туткуну» атыгын алган жана 2005-жылы акталган. 1999-жылы «Арыш» коомдук бирикмесин негиздеп, кыргыздын салттуу өз жардам усулдарын коомчулукка биринчи жолу алып чыгуу менен дүйнөлүк ӨЖТ тастыгына (концепция) салымын кошуп жана өлкөбүздөгү кичи насыялоо ишин түптөп, бекемдөөдө мээнеттенип келатат. Ал максаттар жергиликтүү өз башкарууну салттуу улуттук нукка салууга жана насыя саясатын жалаң эле пайда табууну көздөөдөн, кардардын кызыкчылыгын коргоону кошо ала жүрүүгө багытталышкан.

Үй-бүлөлүү: жубайы Салый, балдары Жаркынай, Дилиназ, Айкөкүл, Багынур, Күнайбек.

# АЛГЫ СӨЗ

Сиз колуңузда кармап турган Жумагазы Садыр уулу нун «Ынтымак-чатак» аттуу китеби Айгине маданий-изилдөө борбору тарабынан колдоого алынып, жарык көрүп жатат.

Бул китеп - 2012 жылы Айгине ишке ашырган «Жаш муундарга чыр-чатактын алдын алуунун жана чечүүнүн салттык усулдарын үйрөтүү» долбоорунун натыйжасында жаралган эмгек. Жумагазы Садыр уулу мырза долбоорго серепчи жана Кыргызстанда жашаган улуттардын жаш өкүлдөрүнүн жайкы мектебине мугалим катары катышкан. Ошол тажрыйбадан улам Жумагазы агай элибиздин маданиятына, каада-салтына кунт коюп карай баштаганда, ынтымакты чатаксыз, ал эми чатакты ынтымаксыз кароо мүмкүн эмес экенин байкады.

Азыркы чыр-чатактарды чечүү багытында иштеген билермандар көбүнчө чатакты ынтымактан бөлүп, ар бирин өзүнчө карашат. Аэ эми кыргыздар илгеркиден ынтымак менен чатак, ак менен кара, оң менен сол бирге жүргөнүн билип, аларды бир-биринен бөлүп карачу эмес. Бул китептин негизги бир максаты – кайсы бир өлчөмдө кыргыздар арасында жашап келе жаткан байыркы «чулу ой-жүгүртүүнү» азыркы замандын өңүтүнөн карап, талдап чыгуу. Бул иш - чыр-чатактарды чечүү жана алдын алуу багытындагы эл билимине таянган биринчи иштерден болгондон кийин, иштин ээси сунуштаган ой-жүгүртүүлөр өзгөртүүсүз берилип жатат. Ушул себептен улам китепте айтылган айрым ой-пикирлер Айгине маданий-изилдөө борборунун көз карашынан айырмаланышы мүмкүн.

Айгине маданий-изилдөө борбору – 2004 жылы түптөлгөн бейөкмөттүк уюм. Борборубуздун вазыйпасы төмөнкү максаттарды камтыйт:

- Кыргызстандын табигый жана маданий мурасын изилдөө

- Салттык даанышмандыкты сактоого, өнүктүрүүгө жана заманбап жашоо-турмуш менен шайкештикке келтирүүгө багытталаган руханий, илимий жана изилдөө иш-чараларды өткөрүү
- Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын ар кайсы деңгээлдерде чечим кабыл алуусунда салттык билимдин оң кудуретин эске алууга шарт түзүү

2005 жылдан бери биздин уюм өлкөбүздүн ар кайсы дубандарындагы ыйык жерлерди жана элдик билимди изилдеп келет. Уюмдун вазыйпасын жана иш тажрыйбасын эске алганда, чыр-чатактардын алдын алуунун жана чечүүнүн салттык жолдоруна багытталган долбоорду ишке ашыруу демилгесин көтөрүү мыйзам ченемдүү көрүнүш болду. Чынында эле ар бир элдин салттык билиминде чыр-чатактардын алдын алуу, аларды чечүү жана чыр-чатактык абалдардан чыгуу жөнүндө бир топ маалымат бар эмеспи, себеби чыр-чатактардын өзү жана алардын себептери, кубулуштары адамзаттын жана табияттын түпкү көрүнүштөрүнүн бири болуп эсептелинет.

Азыркы заманда салттык усулдар өзүнүн натыйжалуулугун жана туруктуулугун көрсөтүп, жана кээ бир аймактарда кеңири колдонгондугуна карабастан, алар чыр-чатактарды чечүү илиминде жана жалпы эле илимий чөйрөдө өзүнө татыктуу орунду ээлей элек. Ушул китептин чыгаруунун дагы бир максаты – бул салттык усулдарды билим берүү тармагына киргизүү жана аларды илимий жактан түшүнүүгө болгон аракеттерди күчөтүү болуп эсептелинет.

***Айтпаева Гүлнара,***
филология илимдеринин доктору,
Айгине маданий изилдөө борборунун жетекчиси
***Самаков Айбек,***
долбордун демилгечиси,
Айгиненин кызматкери

# КИРИШҮҮ

Өлкөбүздөгү турмуштун ар кыл жаатында учурда көптөгөн кыйынчылыктар пайда болду. Анткени, биз өткөөл коомдо – советтик мамилелер колдонуудан чыгып, жаңы баалуулуктар калыптанып бүтө элек – демек, карама-каршылыктын арбындыгынан чыр-чатак көп чыгып турган шарттарда жашап жатабыз. Кыргыздын байыркы маданияты шарттаган адамдардын коомдо жашоосунун көтөрүмдүүлүк менен бейкуттукка негизделиши, Евразиянын зор аймактарында өөрчүгөн зор каганатты*[1] (өлкөлөр биримдиги) түзүүгө жеткирген. Ал эми мынчалык чоң жана жайылган мамлекеттин туруктуулугуна жетишүү жалаң гана зордоп басуунун жана эзүүнүн күчү менен эмес, эң оболу биримдүүлүктүн рухий өзөктөрүнө таянуу аркылуу камсыздалганы шексиз. Бул биримдүүлүктүн рухий негиздери улуттук дүйнөтаанымдын - «жогорку дүйнө» - теңир жана аалам, «ортоңку дүйнө» - жер жана адам, «төмөнкү дүйнө» - жер асты – үчтүктөгү чулу бүтүндүк иретинде, кыргыздар ааламдагы бүткүл жашоону, кубулуштарды жана заттарды дал ушундай кабыл алуу түшүнүгүнөн өнүп чыккан. Ошентип, биз улуттук рухий бүтүндүк менен биримдикти биринчи жагынан жана бөтөн көз караштын маткелдик*[2] жекелик жана карама-каршылык жааттарын экинчи жагынан териштирип, аларды азыркы коомдогу жашообузда эриш-аркак пайдаланууга болорлугун иликтеп көрсөк дейбиз.

Биз, кыргыз коомундагы көрүнүш тууралуу кеп кылып жаткан соң, мындай бир «мыйзамченемди» белгилеп коюубуз абзел. Кыргыз коомундагы адам, тээ алмустактан азыркыга чейин үч таасир астында жашап, өнүгүп, ишенип келатканы маалым. Алар улуттук нарк, диний ишеним жана сырткы дүйнөлүк капшап.

---

[1] Каганат, жаханиат - империя
[2] Маткел - материя

Атайын адабияттарда «чатак» чулу бүтүндүктөн өзүнчө түшүнүк катары бөлүнүп алынып, аны дүйнөлүк диндердин, чыгыш жана батыш философторунун көз карашына таянып териштирилгени байкалат. Козголуп жаткан маселеге кирүү үчүн азыркы чатактаануу илиминин жетишкендиктерин эң оболу таанып алуубуз ылаазым. Анын ачылыштарына шек келтирбөө менен улуттук таанымдын өзгөчөлүгүн талкуубузда келтирип, турмушта кеңири пайдаланууга сунуштасак дедик.

Биз улуттук көз караш боюнча «карама-каршылыктай» эле «чатакты» бүтүндүктүн бир бутагы катары кабыл алып, «чатактын» кайсы учурда «тирлик» ичинде өөрчүп барып, анан оодарылып «ынтымакка» өтөрүнө кызыгып көрдүк. Мында чыгыштын рухийлик, батыштын маткелдик көз караштары, Кудайдын кудурети, кыргыз дүйнөтаанымындагы «сыйкылдуулукту» (мезгилдүүлүк) эске алып, түшүндүрүүгө аракет эттик.

Белгилүү болгондой, дин – бул табияттык негиздеме жана далилдер аркылуу түшүндүрүп бере албоочу кубулуштарды, атүгүл көрүнүштөрдү адам баласынын мазаасында*[1] ынаным жаратуу аркылуу белгилүү бир ишенимге ээ кылып, кайрат-күч жана чечкиндүүлүк берген идара*[2]. Адамдагы бул касиет, - эгер кишинин ишеними бөксөрөөк болсо, - төлгөгө, көз ачыктарга, жаратылыш кубулуштарына тооп кылуу адаттарын карманууга өткөрүп жиберген. Кишилердеги бул акыркы өнөкөткө кол шилтеп коюуга болбойт, айрыкча, түркүн ишенимде, улуттук айырмачылыкта, жашоо деңгээлинде болгон Кыргызстандагыдай коом үчүн адамдардагы ал дээр-менталитетти дайыма эске алуубуз кажет. Ооба, дин негизинде жашоо адамга бактылуу өмүр тартуулоочу бирден бир дөөлөт. Бирок ал бакубатты башка көз караштагылар бузуп жатышпайбы. Демек, алар менен ымалашууга барбай коюуга, такыр түртүп салууга болбойт.

Биз жашап жаткан азыркы дүйнө каршылашууларга, баскынчылыкка, чыр-чатактарга жык толгон. Ошонун кесепетинен

[1] Мазаа - психика
[2] Идара - институт

адамзаттын жалпы аң-сезими алардын терс маңыздарына каныгып калгандыктан андан суруулуп чыгуунун жандалбас аракеттерин жасап келет. Ойлоп көрсөк, каршылашуунун түбүндө эмне жатат, чатактын эң алгачкы себепчиси эмне? Ачкөздүкпү, өзүмчүлдүкпү, карама-каршылыкпы, атаандаштыкпы, ар башка кызыкчылыкпы же тил, дин, дээр*[1] айырмачылыгыбы? Бул соболдорго так кесе жооп айтуу мүмкүн эместир. Биз алардын чыгуу себептерин аныктообуз, алар менен ийгиликтүү күрөш жүргүзүү жолдорун табуубуз жана ал усулдарды турмушта акыбеттүү пайдаланышыбыз ыктымал.

[1] Дээр – менталитет

# І БАП
# АЗЫРКЫ ЧАТАКТААНУУ ИЛИМИНИН ЧАБЫТЫ

## 1. Чатак түшүнүгү жана анын маңызы

Чатак – бул азыркы коомдогу тирлик жана саясый турмуштун орчундуу көрүнүшүнүн бири. Баарыбызга маалым эмеспи, адамдын коомдогу жашоосу өтө татаал жана карама-каршылыкка жык толгон. Мунун кесепетинен жеке кишилердин да, чоң жана кичине коомдук-тирлик топтордун да ортолорунда ар түркүн кызыкчылыктардын кагылышы чыгып турат. Ошентип, карама-каршылык ичинде бириккис кызыкчылык, керектөө жана баалуулук болсо, ал жаңжалга айланып, келишкис тирешке өсүп чыгат экен. Демек, чатак дегенибиз тараптардын, пикирлердин, күчтөрдүн кагылышы.

Бул жааттагы көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн, ар бир адам чатак жөнүндө зарыл өлчөмдөгү назариаттык*[1] (теориялык) билимге жана капсалаң маалында өзүн алып жүрүүнүн иштиктүү шык жана жөндөмдөрүнө ээ болуусу шарт. Ал үчүн, албетте, чатактын чыгуу себептери жана аны чечүүнүн жолдору тууралуу билимдерге каныгуусу керек. Ошентип, чатак коомубуздагы эң орчундуу тирлик*[2] (социалдык) көйгөй катары саналат.

Чатактын өзөгүндө жекелик-жалпылык (субъективдүү-объективдүү) карама-каршылыктар жатат. Бирок чатак менен карама-каршылыкты окшош түшүнүктөр катары кароо жарабайт. Анткени, карама-каршылык өз алдынча, - оболу жаңжалга, анан чатакка өсүп чыкпай, - узак мезгил бою адамда өкүм сүрүп жүрө бериши мүмкүн. Андыктан, чатакка себепкер болгон козуткучун аңдообуз жана билүүбүз өтө маанилүү. Ооба, чатактын түбүндө, шайкеш келбеген кызыкчылыктардын, муктаждыктардын жана

---

[1] Назариат - теория
[2] Тирлик - социалдык

баалуулуктардын карама-каршылуу болгондору гана жатат экен. Демейде, мындай карама-каршылыктар, адегенде ачык күрөшкө айланып, кийин накта тирештерге алысындап*[1] өсүп чыгат.

Изилдөөчүлөр чатактын түрүнө жана маңызына карап, ар кандай аныктама берип жүрүшсө да, төмөндөгүнү анын маанисин даана берген орток аныктама катары келтиребиз. Ошентип, «чатак – бул адамдардын жеке жана тирлик жашоосундагы көйгөйлөрүн чечүүдө алардын ортосунда пайда болгон карама-каршылык»[2]. Чатак кырдаалында биринчи тарап экинчисинен өз жүрүм-турумун, ойлонуусун же сезимдерин өзгөртүүсүн талап кылат жана күтөт. Арийне, бардык эле карама-каршылык чатакка өсүп чыкпайт дедик: кишилер айрым бир маселелер боюнча кескин айырмалуу көз караштары жана ой жоруулары болушу ыктымал жана ал өзгөчөлүктөрү бири-бири менен ымалашып иштөөлөрүнө кедергисин тийгизбейт. Ошентсе да, инсандын жана топтун адеп-ахлактык намысына, макамына*[3], кызыкчылыгына пайда болгон карама-каршылыктар кандайдыр бир доо келтире баштаса, ал чатакка өсүп чыгат. Чатак эмгек жаамаатында чыңалган кырдаал жаратып, кызматкерлерди негизги ишинен алагды кылат да, «мамилелерин териштирүү» түйшүгүнө байлап, жеке туюу-сезимдик абалдарын оорлотот. Анткени менен, чатак жалаң гана жайран кылуучу эмес, эмгек шарттарын жакшырткан, башкаруу мамилелерин оңогон жаратмандык касиетке да ээ.

## 2. Чатактын түрлөнүшү

Чатактаануу илиминде ал көптөгөн түрлөргө бөлүнгөн. Ал түрлөштүрүү чатактын чыгуу себебине, мазмунуна, мүнөзүнө, маанисине, чечилиш жолуна, алаканын тибине, тирлик калыбына, тирлик-мазааттык таасирине, тирчилик натыйжасына жараша

---

[1] Алысындап – бара-бара өнүгүп

[2] Понятие конфликта [Электрон. булак] // Учебник по конфликтологии. URL: http://www.conflictologiy.narod.ru (кайрылуу күнү 20.02.2013).

[3] Макам - статус

жүргүзүлөт[1]. Ошондой эле, чатак жашыруун жана ачык, ургалдуу*[2] жана мажирөө, узак жана кыска, тигинен жана жайыгынан өтөт.

Алган *багыты* боюнча чатак «тигинен» жана «жайыгынан» ошондой эле «аралаш» болуп ажыратылат. Жайыгынан болгон чатакка бири-бирине баш ийүүдө болбогон адамдар кириптер болот. Тигинен болгон чатакка бири-бирине баш ийген адамдар катышат. Аралаш чатакта тигинен да, жайыгынан да болгон чатактардын көрүнүштөрү чогуу жүрөрү байкалат. Мазаачылардын*[3] (психологдордун) пикири боюнча бардык чатактардын 70-80 пайызын тигинен жүргөн же «тигинен» жана «аралаш» түрлөрүндө болгон чатактар түзөт экен.

- «накта» чатак – объективдүү өкүм сүргөн жана өзүнө дал келтире (адекваттуу) кабыл алынган;
- «капыс же шарттуу» чатак – оңой эле өзгөрүлө берүүчү жагдайларга көз каранды болгон, бирок, тараптар аны терең аңдап түшүнбөгөн кырдаалдардан улам чыккан;
- «аралаш» чатак – бул чыныгы чатактын артында жашырынган, бирок, накталык өзөгүнө таянган көрүнбөстүгүнөн улам жаралуу ыктымалдыгы бар;
- «жаңылыш ыйгарылган» – бул көйгөйдү натура түшүндүрүүнүн натыйжасында, бир-бирин жаңылыш туюнушкан тараптар ортосунда пайда болгон;
- «купуя» (латенттүү) – бул бардык шарттары даяр болгондуктан эбак эле болуучу, бирок, бул же тигил себептерден улам тараптар аңдай албай турган;
- «жалган» – бул накта негиздери жок, бирок, калпыс түшүнүү жана туюнуу натыйжасында өкүм сүргөн.

[1] Классификация конфликтов [Электрон. булак] // Пси-фактор. Управление персоналом. Словарь-справочник. URL: http://psyfactor.org/personal/personal10-12.htm (кайрылуу күнү 20.02.2013).
[2] Ургалдуу – интенсивный
[3] Мазаачы - психолог

Топтор менен уюмдар ичинде болгон чатак *маанисине* карата «куруучул» (жаратуучул, алгалоочул) жана «кыйратуучул» (бузуучул, терсчил) болуп бөлүнөт. Биринчиси ишке пайдалуу болсо, экинчиси зыян алып келет. Андыктан биринчисинен качуу жарабайт, экинчисинен оолак болгон туура.

Чыгуу *себебинин мүнөзүнө* карата чатакты объективдүү жана субъективдүү түрлөргө бөлүп жүрүшөт. Биринчиси, объективдүү себептердин натыйжасында чыккандыктан, ал демейде «жаратуучул» нукта чечилет. Экинчиси, субъективдүү же жеке жакка байланыштуу болгондуктан, тескерисинче, «кыйратуучул» багытта аяктайт. Анткени, жеке жак (субъект) – бул чатак кырдаалын түзө алуучу жигердүү тарап жана өз кызыкчылыгына жараша жаңжалдын жүрүшүнө таасир эте алуучу күч.

*Тирлик калыбынын* тиби боюнча чатак расмий жана бейрасмий (калыптуу же бейкалып) катары ажыратылат. Мындай чатактар эреже катары уюмдук түзүлүшкө жана анын өзгөчөлүгүнө байланыштуу келип, «жайыгынан» да, «тигинен» да жүрө берет.

*Чыныгы-жалган же накталык* талапчени (критерийи) боюнча чатак төмөнкүчө бөлүнөт:

Өзүнүн *тирлик-мазаалык таасири* боюнча чатак эки топко бөлүнөт:

- жалпысынан чатакташкан инсандар менен топтордун ар бирин өнүктүргөн, бекемдеген, жигерденткен чатак;
- жалпысынан чатакташкан инсандар менен топтордун биринчи жагын бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө, экинчи жагын басууга жана чектөөгө багытталган чатак.

Биз чатактын *«тирлик алакасынын көлөмү»*[1] белгисине карата ажыратылышы – ички инсандык, инсандар аралык, ички топтук жана топтор аралык – түрлөрүнө көбүрөөк басым жасагыбыз келет. Анткени, өлкөбүздө болуп өткөн чатактардын көбүнчөсү

---

[1] Классификация конфликтов [Электрон. булак] // Пси-фактор. Управление персоналом. Словарь-справочник. URL: http://psyfactor.org/personal/personal10-12.htm (кайрылуу күнү 20.02.2013).

адамдардын өз ара алакасына, билим деңгээлине, улуттук дээр, түшүнүгүнө байланыштуу болбодубу.

*Ички инсандык чатак* – бул бир эле адамдын ичиндеги жүрүм-турумунун, муктаждыгынын, кызыкчылыгынын, сезимдеринин, шыктануусунун карама-каршылыктуу болушунан улам, өз турмушу менен канааттанбоо абалы. Айталы, үй-бүлө ээси катары ал иштен үйүнө убагында кетип, кечкисин бала-бакырасы менен болуусу керек, ал эми жетекчи катары жумуш кызыкчылыгы түн бир оокумга чейин кармалууга мажбурлап коет. Мында эки керектөөнү тең бири-бирин мүчүлтпөй канааттандыруу талабы турат. Же башчы мезгилге адымдаш өөрчүп, колунда иштегендерди ошол деңгээлге жетишине жылдап тарбияласа да, чөйрө көнгөн ыкшоолугунан кетпейт, иш жүр-нары менен бүткөрүлөт. Мында адамдардын баалуулуктары жана жөндөмдөрү ар башка болгону көрүнүп турат. Же кызматчыдан жетекчиси иш тууралуу жоопчот жазууну суранса, бөлүм башчысы максаттуу топко барып окуу өтүүнү талап кылат. Бул мисалда уюмда бирдиктүү башкаруу сакталбаганы даана көрүндү. Ушунун айынан адамдар жабыркоо, ооруп калуу, жаңжалдашуу абалдарына туш болушат.

*Инсандар аралык чатак* – бул адамдар ортосундагы мүнөздөр менен кызыкчылыктардын, максаттар менен керектөөлөрдүн дал келбесинен улам пайда болгон жана чечилүүсү өтө татаал келген чатак. Бул чатактын негизги себепчиси катары мүнөздөрдүн келишпестигин эсептешет. Ооба, мүнөздөрүнүн чыртылдак же мээримдүүлүгүнөн, көз караштардын ар кандайлыгынан, жүрүмдүн ийкемдүү же одонолугунан адамдардын бири-бирин көтөрүүсү оңой эмес болот. Бирок терең жасалган талдоо көрсөткөндөй, мындай чатактардын түбүндө объективдүү себептер жатат. Көп учурда бул каржы булактарынын тартыш абалында андан арбыныраак алып калуу үчүн болгон күрөш болуп эсептелет. Ар ким ойлойт: каражаттар тигиге караганда мага көбүрөөк керектүү болуп турат. Инсандар аралык чатак – бул мүрөл*[1] учурачу чатак.

[1] Мүрөл – арбын, көп

Анын негизинде адамдардын жеке өзгөчөлүктөрү, окуяга карата инсандын мамилеси, мазаалык (психикалык) жактан ар кандайлыгы жатат. Аялдарга өзүнүн жеке маселелерине, эркектерге кесиптик көйгөйлөргө байланышкан чатактар мүнөздүү.

Чатак жүрүшүндө жарашууга умтулбоо сезимдери, адамдын жеке-инсандык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Адамдагы «чырлакечтик» белгилерге төмөндөгү сыпаттар кирет: башкалардын кемчилигине чыдабастык, өзүнө сынчылдыктын төмөндүгү, зиркилдектик (дирткилдүүлүк*[1] - импулсивдүүлүк), сезимдерин ооздуктай албоо, бекем орногон терс ой-жоруулар, башка адамдарга терс мамилени калыптантып алуу, жаалдуулук, санаркоочулук, баарлашуу деңгээлинин төмөндүгү ж.б.

*Ички топтук* чатактар демейде, өзүн жөндөөчү кыймылдаткычтарга ээ болот. Эгер топтук чатакта өзүн жөндөө иштебей, жаңжал жай өнүксө, анда топ ичиндеги чатактуулук абал кадыресе мамиле катары орноп калат. Эгер чатак тез өөрчүп жана өзүн жөндөөсү болбосо, сынуу (жабыркоо) жүрө баштайт. Эгер чатак абалы сынуу тибинде өнүксө, анда кызматтык милдетсиздик кесепетинин бир кыйласы жаралат. Алар булардан көрүнөт: жалпы канааттанбоочулук, жан дүйнөсүнүн жабыркоосу, кызматташуунун азайышы, башка топтор менен майнапсыз атаандашуу шартында өз тобуна бекем берилгендик. Мунун натыйжасында башка тарапты «душман» катары кабыл алып, өз максаттарын оң, башка жактын максаттарын терс эсептеп, бирге аракеттенүү жана баарлашуу азаят, чатакты жараткан накта көйгөйдү чечүүнүн ордуна, кандай жоготууга учурабасын «жеңип чыгууга» көбүрөөк маани берилет.

Ички топтук чатакта жеке инсан менен жамаат ортосундагы келишпестик түрүндө да болгон жаңжал кездешет. Бул инсандын күтүүлөрү менен талап кылууларынын жана жамаатта кабыл алынган чендер менен тартиптин карама-каршылыгынан улам жаралган чатак. Мында жетекчинин башкаруу ыгы, жамааттын жеткилеңдигине шайкеш болбогондон, башчы менен адистердин

---

[1] Диртки - импульс

иш билгилигинин дал келбөөсүнөн жана топ тарабынан жетекчинин адептик келбети менен мүнөзү жактырылбагандан пайда болот. Бул кармашта жеңиш ким тарапта болгону максатталган иштин өтөөсүнө чыкканда жаратылган натыйжага жараша аныкталат. Анын ийгилиги - иш ыгынын атаандаштыгы катары - ошол замат эмес, узак жылдарда билиниши мүмкүн. Ошондо, мажара*[1] (баштан өткөн иштердин баяны) - «ийгилик таржымалы» иретинде даярдалып, убактылуу «утканы» ашкереленип, «жеңилгени» калысталып, кийинкилерге сабак катары калтырылганы оң болот.

*Топтор аралык* чатакта, жаңжалга кириптер болгон тараптар келишкис максаттарды көздөө менен өз иш-аракеттери аркылуу бири-бирине тоскоол кылышкан тирлик топтору катары эсептелишет. Бул ар түрдүү тирлик топторунун (мисалы, ишканада: жумушчулар жана кыбачылар*[2], өндүрүш жана кеңсе кызматчылары, кесиптик кошун жана жетекчилик) ортосундагы жаңжал болушу мүмкүн. Изилдөөлөр ырастагандай, кандай гана шарттарда болбосун «өз» тобу «башкага» караганда мыкты көрүнөт. Бул өзгөчө көрүнүш ички топтук сүймөнчүктүк аталып, иш жүзүндө топ мүчөлөрү тигил же бул ыкмада өз жамаатына жан тартып туруусу менен көрүнөт. Мына ушул жагдай топтор аралык чыңалуунун жана чатакташуунун булагы. Бул мыйзам-ченемдүүлүктөн чыгаруучу жыйынтык мындай болот: эгер биз топтор аралык чатакты болтурбоону кааласак, анда топтор ортосундагы айырмачылыктарды (эч кимге артыкчылык кылбоо, эмгек акыны калыс чектөө ж.б.) жоюубуз керек. Топтордун чатакка туруштук берүүсү алардын шерикчилигинин өз ара байланышына жараша болот. Мындай шерикчиликтин оң натыйжасы катары, катышуунун ачыктыгы менен эркиндиги, өз ара колдоо, башка тарапка достук мамиле жасап, ишенимди арттыруу эсептелет.

[1] Мажара – баштан өткөн иштердин баяны
[2] Кыбачы - инженер

## 3. Чатактын өнүгүү баскычтары

Чатактын өнүгүүсү бир нече баскычтардан туруп, алардын ар бири түзүлгөн кырдаалга, карама-каршылыктын курчтугуна жараша келип, созулуу убактылары да ар кандай болуусу мүмкүн. Бирок, алардын бир баскычтан экинчи деңгээлине өтүп турган ыргагы, кандай гана өлчөмдөгү чатак болбосун өзүнө тийиштүү өлчөмүнөн жана ырааттуулугунан жанбайт. Эмесе, алардын ар бирине токтолуп өтөлү[1].

### 3.1. Чатак алдындагы абал

Мында болочокто чатакташуучу тараптардын ортосундагы чыңалуу, белгилүү бир карама-каршылыктардын айынан улам күчөп отурат. Аталган абал шарттуу түрдө үч баскычка бөлүнүп, тараптардын өз ара байланышында мындай өзгөчөлүктөргө ээ:

- экөөнө орток болуп талашка түшкөн маселе же нерсе боюнча каршылашуунун жаралышы;
- ишенбөөчүлүктүн, тирчилик чыңалуусунун өсүүсү;
- бир жактан же эки тараптан бири-бирине дооматтарды коюу;
- байланыштын солгундашы жана таарынычтардын топтолуусу;
- өзүнүн талаш нерсеге акылуу укуктуулугун далилдөөгө аракеттенүү жана каршылашын «акыйкат жол» менен чечүүнү каалабастыгы үчүн күнөөлөсү;
- өзүнүн өнөкөт түшүнүктөрүнө камтынып алуусу;
- сезимталдык мамилени жерүүсү жана жалган ынанымдын туткунунда жүргөнүн көрсөтүүсү;
- бирге иштешкен түзүлүштөрдү (уюмдашууну) бузуусу;
- өз ара күнөөлөдөн коркутууга өтүүсү;
- тап берүүнү күчөтүп, опузага баруусу;

[1] Понятие конфликта [Электрон. булак] // Учебник по конфликтологии. URL: http://www.conflictologiy.narod.ru (кайрылуу күнү 20.02.2013).

- каршылаштын «жек көрүндү кебетесин» түзүүсү жана аны менен күрөшүүгө өзүн камдоосу.

Ошентип, каршылашуу кырдаалы бара-бара ачык чатакка өтөт. Бирок, бул абал өзү менен өзү болуп, көп убакытка созулуп, чатакка жетпеши да мүмкүн. Накта чатак чыгыш үчүн жоболоң[1] (инцидент) керек.

### 3.2. Жоболоң

Бул шылтоого шынаа, тараптардын тикелей жаңжалга чыгуусуна калыптуу (формалдуу) себеп, актануусуна ылаажы. Жоболоң капыстан чыгуусу же бир тараптын (же нечен жактын) кутуму аркасында, балким, окуянын табыгый жүрүшүнүн тыянагында жаралуусу мүмкүн. Кээде, жоболоңго тиешеси жок «чоочун» болгон, бирок чатакта өз кызыкчылыгын көздөгөн «үчүнчү» күч кийлигишип, даярдашы же чагымдоосу да кездешет.

Жаралыш себеби боюнча жоболоңдун төрт тибин белгилесе болот:

- Максаттуу багытталган объективдүү жоболоң.
- Беймаксат багытталган объективдүү жоболоң.
- Максаттуу багытталган субъективдүү жоболоң.
- Беймаксат багытталган субъективдүү жоболоң.

Жоболоңдун чыгып кетиши чатактын жаңы сапатка көтөрүлгөнүн көрсөтүп турат. Ушундан улам түзүлгөн кырдаалда чырлашкан тараптардын жүрүм-турумунун үч түрү өкүм сүрүүсү мүмкүн:

- тараптар (же бир жагы) жаралган карама-каршылыктарды чечип, бир мунасага келүүсү;
- бир тарап «эч нерсе болбогондой» түр көрсөтүп, четке чыгуусу (чатактан оолактоосу);
- жоболоң ачык тирешүүнүн башталуу көрүнүшү болуп калуусу.

[1] Жоболоң - инцидент

Булардын ичинен бул же тигил жолду тандап алуу көп учурда тараптардын алдыга койгон накта көрсөтмөлөрүнө (максатына, күтүүсүнө, сезимдик багытына) жараша болот.

### 3.3. Чатакчыл жүрүм-турум

Бул тараптардын ачык тирешүүсүнө алып келген абалдын даана көрүнүшү. Ал жүрүм-турум бир тараптын каршы жактагы талаш маселени же нерсени басып алууга жана ээлөөгө багытталуусу же жаатташтын өз максаттарынан кайтуусуна же өзгөртүүсүнө мажбурлоо аракеттери болушу ыктымал. Чатактаануучулар*[1] (конфликтологдор) чатакчыл жүрүмдүн бир нече таризин*[2] (калыбын) көрсөтүп жүрүшөт:

- жигердүү-чатакчыл жүрүм (эриш);
- жүүнсүз-чатакчыл жүрүм (эришке жооп кайтаруу);
- чатакчыл-мунасалык жүрүм;
- мунасалуу жүрүм.

Тараптардын чатакты ырбатууга көрсөтмө берүүлөрүнө жана жүрүм-турумдарынын калыбына жараша, чатак өзүнүн өнүгүү ыраатына ээ болот. Өнүгүп бараткан чатак, өзүнүн тереңдөөсүнүн жана өсүүсүнүн кошумча демдендиргичтерин түзүп алуу жөндөмүнө ээ. Эгер ага эч ким тоскоол кылбаса, ал өзүнөн өзү кубаттанып, андан аркы өнүгүүсүнө уламдан улам жаңы негиздерди түзүп, жарата берет.

### 3. 4. Каканактоо

Бул абалда чатактын ашынуусу өсүп отуруп, тараптардын бирин же экөөсүн тең, аларды байланыштырып турган ишке (алардын туугандык байланышына же достук мамилесине) балта чабуучу аракетке алып келет. Каканактоо – бул ашынуунун жогорку чеги, чокусу. Ал демейде кандайдыр бир жарылып чыккан көрүнүш же кармаштын бир нече окуялары менен байкалат.

[1] Чатактаануу - конфликтология
[2] Таризин - калыбын

Каканактоо[1] (кульминация) абалына жеткенде чатактын чыңалуусу жарылууга жакындап, эки тарап тең тиреше берүүнү улантуунун кажети жоктугуна ынана баштташат. Ошентип, каканактоо абалы тараптардын мындан ары мамилелерди курчутуу керек эместигин, душмандашуу аракеттерин күчөтпөө зарылдыгын түшүнүүгө жана чатакташуу абалынан четке чыгуунун башка бир жолдорун табууга түрткү берет.

### 3. 5. Чатакты чечүү

Чатактын узактыгы мененургалдуулугу*[2] (интенсивдүүлүгү) тараптардын алдыга койгон максаттары менен көрсөтмөлөрүнө, каржысына, күрөш жүргүзүүнүн каражаттары менен усулдарына, чөйрөнүн чатакка кылган мамилесине, жеңиштин же утулуунун эн белгисине, мунасага келүү жөндөмүнүн барлыгына жараша болот. Чатак жүрүшүнүн белгилүү бир баскычында тирешкен тараптардын ар биринде, өзүнүн жана каршылашынын мүмкүндүктөрү жөнүндөгү ойлору кескин өзгөрүүсү ыктымал. Ошондо, жаңыланган мамилелердин, күчтөрдүн башкача жайгашуусунун жана нак абалды даана туюунун айынан баалуулуктарды кайра кароо жүрүп, максатына жетүү мүмкүн эместигине же коротулган чымыркануунун акталбай турганына көздөрү жетет. Мунун баары чатакчыл жүрүм-турумдун мерчеми*[3] менен амалдарын (стратегия, тактика) кайра карап чыгып, өзгөртүүгө шыктануу жаратат. Мындай шартта чатакташкан тараптар жарашуу жолдорун издешип, күрөштүн илеби сууй баштайт. Бул мезгилден тарта чатактын аяктоо жараяны башталат. Бирок, кайрадан ырбоо жүрүп кетиши да ыктымал.

---

[1] Каканактоо - кульминация
[2] Ургалдуу - интенсивный
[3] Мерчем - стратегия

### 3. 6. Сүйлөшүүлөр

Бул чатакты толук чечүү баскычынын соңку тепкичинде жасалуучу жумуш. Демейде, сүйлөшүү жараянын ийгиликтүү жүргүзүүнүн негизги шарты катары убактылуу элдешүү жетишилет. Кээде алгачкы макулдашуулар жүрүп жаткан мезгилде каршылашууну токтотууну мындай кой, кайрадан чатакташууну ырбатууга чейин барып, алдыдагы сүйлөшүүнүн жүрүшүндө өз туурларын*[1] (позициясын) бекемдөөнү көздөгөн учурлар кездешет. Сүйлөшүүлөрдө чатакташкан тараптар биргелешип мунаса табуу аракеттерин жүргүзүшүп, төмөнкүдөй түркүн каадалар моюнга алынат жана жасалат:

- чатактын бар экенин моюндоо;
- кармануучу эреже, чен жана каадаларды бекитүү;
- негизги талаш маселелерди алып чыгуу;
- көйгөйдү чечүүнүн мүмкүндүктөрүн изилдөө;
- ар бир талаш суроо боюнча келишимди издөө жана чатакты жалпысынан жөндөө;
- өз ара кабыл алган милдеттенмелерди аткаруу.

Сүйлөшүү жараянынын негизине жаатташкан тараптар бири-бирине жол берип, ажат ачкан мунаса*[2] усулу (компромисс) же биргелешип чечүүнү көздөгөн макулдук*[3] усулу (консенсус) жаралуусу мүмкүн.

### 3. 7. Чатак соңу баскычы

Тикелей тирешүүнүн аякташы, дайыма эле чатак толук бүткөнүн билдирбейт. Тараптардын тынчтык келишимдерин түзүлүшүнө канааттангандыктын же ичи чыкпагандыктын деңгээли төмөндөгү жагдайлардын жаралышына байланыштуу болот:

- чатак учурунда жана кийинки сүйлөшүү маалында алдыларына койгон максаттарына канчалык деңгээлде жетише алышты;

[1] Туурларын - позициясын
[2] Мунаса - компромисс
[3] Макулдук - консенсус

- кандай усулдар жана ыкмалар менен күрөш жүргүзүлдү;
- тараптардын жоготууларынын өлчөмү канчалык;
- тигил же бул тараптын ар-намысына шек келтирүүнүн өлчөмү канчалык;
- элдешүү менен тараптардын сезимдик чыңалуусунун илеби суудубу;
- сүйлөшүү жараянынын учурунда кандай усулдар пайдаланылды;
- канчалык деңгээлде тараптардын кызыкчылыктары теңдештирилди;
- мунаса бир тараптан же үчүнчү күч жактан таңууландыбы же чатактын токтоосу биргелешкен изденүүнүн натыйжасыбы;
- чатактын жыйынтыгына курчаган тирлик чөйрөсүнүн мамилеси кандай болуп калды.

Чатак соңу баскычы такыр башка объективдүү накталык*[1] (реалдуулук) орногонун көрсөтөт:

- күчтөрдүн жаңыча жайгашканын;
- кылапатчылардын*[2] (оппонент) бири-бирине жана айланадагы тирлик чөйрөсүнө жаңыча мамилелерин;
- өкүм сүргөн көйгөйлөрдүн жаңыча көрүүсүн*[3] (видение) жана өз күчтөрү менен мүмкүндүктөрүн жаңыча баалоосун табышканын.

[1] Накталык - реалдуулук
[2] Кылапатчы - оппонент
[3] Көрүүсүн - видение

## 4. Чатакты жөндөөнүн илимий усулдары

Коомдоштуктун төмөнкү деңгээлдеринде (уюмдар, ишканалар, жааматтар) чатакты жөндөөнүн башкача түшүнүктөрү жана тарыйкалары*[1] бар. Ошолордун кайсынысын жаңжалдашкан тараптар кабыл алып колдонушса, демек, өздөрүнө дал келген ыңгайлуу мерчемди*[2] (стратегия) кабыл алышкан болот.

Мында беш негизги мерчемди бөлүп көрсөтүп жүрүшөт: атаандашуу, мунаса, ыңгайлашуу, чегинүү, кызматташуу.

**Атаандашуу -** бул каршылаш тарапка, өзүнө пайдалуу чечимин таңуулоосу болуп эсептелет. Бул мерчем төмөндөгү шарттарда өзүн актайт: сунушталган чечим ачык эле жаратуучул болсо; айрым кишиге же топко эмес, бүткүл уюмга же жамаатка алынуучу натыйжасы пайдалуу болсо; бул мерчемди колдогон тарапка күрөштүн натыйжасынын маанилүүлүгү артыкчылык кылса; жаатташ жак менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө убакыт өтө тар болгондо. Атаандашуу кыйчалыш кырдаалда жана ар-намысты сактап калуу керек учурларда, убакыттын өтө жетишсиздигинде жана коркунучтуу кесепеттердин болуп кетүү мүмкүндүгү жогору болгон чакта өзүн актайт.

**Мунаса** тараптар чатакты аз-маз жибүү менен аяктоону каалаганда өкүм сүрөт. Ал мурдагы көшөрө талап кылган дооматтарынын кээлеринен баш тартуу, башка тараптын жүйөөлөрүнүн айрымдарын моюнга алуу жана кечиримдүүлүк маанайында болуу аркылуу ишке ашат. Мунаса мындай кырдаалдар жаралса натыйжалуу: тараптар бир-биринин кудуреттерин теңдеш катары эсептегенде; кечип жиберүүчү кызыкчылыктары бирдей болгондо; убактылуу чечимге канааттанганда; бардыгын жоготуп алуу коркунучу болгондо. Мунасада, болбоду дегенде бир тарап ийге келсе, шайкеш (тараптар бирдей ажат ачышат) же бейшайкеш (бири көбүрөөк, бири азыраак чегинип) макулдукка келишет.

[1] Тарыйка - технология
[2] Мерчем - стратегия

**Ыңгайлашуу** мажбур болуп же өз ыктыяры менен күрөштү токтотуу, өз туурун (позициясын) өткөрүп берүү аркылуу жүрөт. Мындай мерчемди кабыл алууга бул шарттар мажбур кылат: өзүнүн туура эместигин аңдап түшүнүүсү; жаатташ менен жакшы мамилени сактоо зарылдыгы; тиги тарапка бекем көз карандылык; талашкан көйгөйдүн олуттуу эместиги. Мындан сырткары, чатактан чыгуунун жагдайларына төмөнкүлөр кирет: күрөш учурунда келтирилген кыйла өлчөмдөгү залака; дагы көбүрөөк терс кесепеттердин болуп кетүү коркунучу; башкача натыйжа берүүчү эч кандай удулдун*[1] (шанстын) жоктугу; үчүнчү тараптын кысымы.

**Чегинүү** чатактан аз жоготуулар менен чыгуу максатында жасалат. Ушул мерчемге жаатташкан жактардын бир тарабы, жигердүү мерчемдерди колдонуп өз кызыкчылыгын коргой албай калган учурда келет. Чындыгында, мында көйгөйдү толук чечүү жүргөн жок, чатак басаңдап гана калды.Чегинүү (качуу) созулган чатакка караганда абдан жаратуучул мерчем экени ырас. Качуу ыгына өтүү, - карама-каршылыкты жоюуга күч жана убакыт жоктугунда; убакыттан утуп калууну көздөгөндө; өз жүрүм-турумунун багытын аныктоо кыйын болгондо; көйгөйдү дегеле чечкиси келбегенде - ишке ашырылат.

**Кызматташуу** чатак учурундагы эң эле натыйжалуу мерчем болуп саналат. Муну, жаатташ тараптар көйгөйдү жаратуучул маанайда талкуулоого, оң чечимди издөөдө башка тарапты душман эмес, таламдаш катары кароого өтүшкөндө пайдаланышат. Кызматташуу төмөндөгү шарттарда өтө зарыл: жаатташтар бири-биринен өтө байланыштуу болгондо; бийликтеринин айырмачылыгын эки тарап тең чоң мааниге албаганда, эч нерсени колко кадыр кылбаганда; чыгарылчу чечим экөөнө тең бирдей пайдалуу болгондо; тараптар өз көмөчүнө күл үйбөй айкөл тартканда.

Ошентип, коомдоштук деңгээлинде чатактан чыгып кетүү мерчемин тандап алуу ар түрдүү жагдайларга байланыштуу болот.

[1] Удул - шанс

Демейде, ал шарттарга, жаатташтардын жеке өзгөчөлүктөрү, ага келтирилген жабырлануунун көлөмү, каржы такоолдорунун өлчөмү, тараптардын макамы, күтүлүүчү кесепеттери, чечилип жаткан маселенин олуттуулугу, чатактын узактыгы кирет.

Ал эми мамлекеттик деңгээлде чатакты чечүүнүн беш ири ыкмасы бар[1]. **Биринчи ыкманы** гетталоо (гетта - бизде маала) деп аташат. Бул ыкма, адам башка коомго туш болуп, ага тил билбегенден, диний айырмачылыктан, тубаса уяндыгынан улам толук аралаша албаганда колдонулат. Муну менен ал өзүнүн маданиятына – улутташтары жана жердештерине толук кандуу ымалашып, башка маданий таасирден коргоно алат. **Экинчи ыкма** сиңилип кетүү – бул гетталоонун карама-каршысы. Сиңилүүдө*[2] (ассимиляция) адам толугу менен өз маданиятынан баш тартып, бөтөн маданияттын алкагында жашоого зарыл болгон каада-салттарын толук өздөштүрүп алууга умтулат. Убалакы*[1] (тилекке каршы), буга дайыма эле жетишүү мүмкүн эмес: сиңилгиси келген адамга зарыл болчу ийкемдүүлүк жетишпейт же өткүсү келген чөйрө жакындатпай жерип туруп алат. **Үчүнчү ыкма** арадагы (ортодогу) аталып, маданий жактан алмаша алууну жана бирге аракеттенүүнү туюнтат. Алмашуу эки жакка тең шайкеш жүрүшү, бирдей пайда тартуулашы жана байытышы үчүн, эки тарап тең ачык жана ыбаа кароочулукта болуусу негизги шарттардан. Убалакы, турмушта бул көрүнүш чанда жолугат, анткени адатта бир тарап жергиликтүүлөр, экинчиси – качкындар же көчкүндөр болуп калат эмеспи.

Ошентсе да, бул ыктын акыбеттүү тажрыйбалары бар жана ал дароо эле байкалбайт, кыйла мезгилде өз ийгилигин көрсөтөт. **Төртүнчү ыкма** жартылай сиңүү – мында адам өзүнүн күндөлүк турмушунун бир өңүрүндө өз маданиятын садага чаап, бөтөн маданий чөйрөнүн каадаларын аткарат. Айталы, жумушта башка

---

[1]Классификация конфликтов [Электрон. булак] // Пси-фактор. Управление персоналом. Словарь-справочник. URL: http://psyfactor.org/personal/personal10-12.htm (кайрылуу күнү 20.02.2013).

[2] Сиңилүү - ассимиляция

маданияттын талаптарын карманса, үйүндө, эс алууда, диний чөйрөдө өз салттуу маданиятынын жөрөлгөлөрүн тутунат. Улут аралык мамилени жөнгө салууда жартылай сиңүү атайыланган алгалоочу натыйжа берүүчү ыкма болуп эсептелет. **Бешинчи ыкма** маданий оторлоо*[2] (колонизация) болуп саналат. Мында бөлөк улуттун өкүлдөрү өлкөгө кирүү менен орчун улутка*[3] (титулдук улутка) өзүнүн чендерин, баалуулуктарын, жүрүм-турум үлгүлөрүн таңуулай башташат. Маданий оторлоонун көптөгөн көрүнүштөрүнүн бири болгон саясий оторлоо – натыйжалуу жол эмес. Турмуш ырастагандай кандайдыр бир өлкөнү же аймакты толук басып алуу маданий оторлоого караганда гетталаштыруу[4] (маалалаштыруу) аркылуу ийгиликтүү жүргөнү байкалган.

---

[1] Убалакы – тилекке каршы
[2] Оторлоо - колонизация
[3] Улутка – титулдук улутка
[4] Гетталаштыруу - маалалаштыруу

# II БАП
# АҢ-СЕЗИМДИН ӨНҮГҮҮСҮ

## 1. Адамдын ой-жүгүртүү баскычтары

Тирлик чыр-чатактарынын чыгуу себептерин айкын түшүнүү үчүн жаңжал болор алдындагы аң-сезимде өтүп жаткан жараяндарды жакшылап аңдап алуу оң. Ошондо гана, чатак учурунда биздин аң-сезимибиз эмне үчүн өзүнө гана белгилүү бир ченемдерде иштеп калганын жана аракеттерибиз башкача эмес дал ушундай жүрүп жатканынын себебин түшүнөбүз. Бул үчүн чатактын байыркы замандан берки өнүгүү ыраатын таасын элестетип, көрө алууга жарай алганыбыз оң болот.

Адатта, өзүбүздүн жүрүм-турумубуздун баардыгы акыл-эсибиз менен жөндөлөт деп билебиз. Анысы да, бир четинен туура. Бирок, аны дүңүнөн эле карай салбай, аң-сезимдин түзүлүшүн териштирип алганыбыз оң. Илим боюнча аң-сезим – бейсезим*[1], туюм*[2] (подсознание), сезим*[3], керээттен*[4] (надсознание) турарын билебиз. Ушул келтирилген бөлүктөрдүн ар бири канчалык узак мезгил өнүгүү жолун басып өтсө, демек, ошончолук кынатталган толуктукка өсүп жеткен болуп чыгат. Толуктуу болгон жетилген бөлүктү, демек, «бейсезимдикти» өзүнчө алып карасак, ал башка деңгээлдер (сезим, туюм, керээт) менен алакасы ошончолук так жана жаңылгыс келет. Андыктан, бөлүктөрдүн кайсынысы байыркыраак болсо, ал далай сыноолордон такшалып бышып чыккан катары, адамдын жан-денеси ар дайым, айрыкча, чатакташуу учурларында дал ошол бөлүккө өзүнөн-өзү ыктап кетет экен. Эмесе, чатактын байыркы замандан берки өнүгүү жүрүшүндө

[1] Бейсезим - безсознательное
[2] Туюм - подсознание
[3] Сезим - сознание
[4] Керээттен - надсознание

мазаанын*[1] (психиканын) ар бир бөлүгүнүн ээлеген ордун баамдап көрөлү[2].

Мазаанын чагылуусунун алгачкы деңгээли бейсезимдик болуп саналат. Ал табигый өнөкөттөр (инстинкт) катары көрүнүп турган. Негизги өнөкөттөргө өзүн сактоо (өмүр сүрүү), көбөйүү (тукум улоо) өнөкөттөрү жана өлүм киргизилген. Өлүмдү өнөкөт катары айрымдар таанybaйт, бирок чатакташуу мезгилинде, ал өтө жогорку мааниге ээ болуп чыга келери бышык да. Ошентип, өзүн сактоо жана көбөйүү өнөкөттөрүн өз ырааттары менен биринин артынан бирин жайгаштырабыз, анткени адамдын өмүрүнө коркунуч жаралбаса гана, ал тукумун арбытууга умтулат эмеспи.

Болжолдуу түрдө мындан 50 миллион жыл илгери жогорку деңгээлдеги жанда (адам сымакта), мурдагыдан жаңы жана өнүккөн түрдөгү мазаанын чагылуусу – туюм (подсознание) пайда болгон. Ал жалпысынан жаңсоо жана кылыктар (эмоция) менен мүнөздөлгөн. Алардын түрлөрү оголе арбын болгон жана негизинен эки типке ажырап, оң жана терс кылыктар катары таанылган.

Адам баласына мүнөздүү болгон «аң-сезимдүүлүк» болжолдуу түрдө мындан 500 миң жыл илгери пайда болот. Ал мазаанын жогорку деңгээлдеги чагылуусу катары табигый өнүгүү жолу менен өсүп отурган. Аң-сезимдүүлүк коомдук-тарыхый жандуулук болгон адам баласына гана энчилүү.

Керээт (надсознание) дегенде, адам баласы узак убакыттар бою атайын жана максаттуу машыгуулар аркасында жаратып алган мазаалык бөлүктү түшүнөбүз. Ал болжолдуу түрдө мындан беш миң жыл илгери жаралган. Ушул мезгилден тарта маданият калыптана баштаган десек болот.

Бейсезимдик мезгилинин канча созулганы бизге кызыксыз болсо да, эгер ар бир бөлүктүн аралыгына (таянган

---

[1] Мазаанын - психиканын

[2] Конфликт как основная категория конфликтологии [Электрон. булак] // Учебник по конфликтологии. URL: http://www.conflictologiy.narod.ru (кайрылуу күнү 20.02.2013).

көрсөткүчтөрдөн: 50 млн., 500 миң, 5 миң) 100 эседен көп мезгил корогон болсо, бейсезимдик убакыт беш миллиард жыл мурун өкүм сүргөнүн болжосок болгудай.

Ошентип, бейсезимдик беш млрд., туюм (подсознание) 50 млн., аң-сезим 500 миң, керээт (надсознание) беш миң жыл илгери пайда болуп, ар бир пенденин загинде*[1] (гени) жана мазаасында купуя эн*[2] (код) катары сакталып келатат. Мына ушул жагдай азыркы жашоодогу, айрыкча, жаңжал, согуш учурундагы жүрүм-турумубуздун «түшүнүксүз абалдарын», «айбандай мыкаачылыгын» аныктоодо чоң мааниге ээ болуп чыга келет[3].

Эми бул мезгилдерди сызык түрүнө түшүрүп, баамдап көрөлү. Эгер мазаанын (психиканы) миллиард жылдык өнүгүү сапарын бир кез*[4] (метр) узундук деп элестетсек, аң-сезимдүүлүктү бир миллиметр, туюмду (подсознаниени) 10 сантиметр катары кабыл алсак болот. Ал эми, аң-сезимдүүлүктүн өнүгүү жараянынын узактыгы, Жер кыткасында*[5] (планетасында) өкүм сүргөн бейсезимдиктин 0,1 пайызына гана барабар болот экен. Демек, беш миллиарддын 0,1 пайызына гана тете келет – аң-сезимдүүлүктүн өнүгүү жараянынын узактыгына.

Жогорудагы айтылгандарды жыйынтыктап келсек, адамдын күндөлүк жашоосунда «бейсезимдик» менен «туюмдук» бөлүктөргө таянып жасаган кыймыл-аракеттери биз ойлогондон кыйлага көбүрөөк колдонулары анык болуп чыгат. Жүрүм-турумубуздун бул же тигил ыгын тандап алууда мазаанын бардык бөлүктөрү катышат. Бирок дендароолук*[6] (стресс) абалда жана чатактын өнүгүү кырдаалдарында «бейсезимдик» менен «туюмдук» бөлүктүн катышуусу кыйлага арта түшөрү аныкталган.

---

[1] Загинде - гени
[2] Эн - код
[3] Проблемы эволюции конфликта [Электрон. булак] // Учебник по конфликтологии. URL: http://www.conflictologiy.narod.ru (кайрылуу күнү 20.02.2013).
[4] Кез - метр
[5] Кыткасында - планетасында
[6] Дендароолук - стресс

Ошондуктан, накта чатактын көрүнүштөрүнө талдоо жүргүзгөндө, алардын таасирин эске алып турганыбыз оң жана ал билимибиз чатактын табиятын түшүнүүбүздү тагыраак кылат.

## 2. Чыртек мазаада уюткуланат

Байкоолор ырастагандай, чатактын 80 пайызы алардын катышуучуларынын каалоосуна же каалабашына байланышпаган «түшүнүксүз абалдан» улам башталып кетери жана андан ары тездеп өнүгөөрү аныкталган. Бул көрүнүш жогоруда биз сөз кылган адамдын мазаалык (психикалык) өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болуп жатканы даана баамдалып турат. Ошону менен катар дүйнөлүк диндерде, теңирчилик дүйнөтаанымында түшүндүрүлүп келген рухийлик менен маткелдиктин тең болбогонунан улам, адам баласынын капсалаңдарга туш кылган жандаш күчтөрдүн «түшүнүксүз абал» жаратканы ойлонууга жем таштайт. Убалакы, көпчүлүгүбүз булар жөнүндө жакшы билбейбиз же ага үстүрт карап анчейин маани бербейбиз. Ушул өңүттөн алганда, чатактын башталышында чыртек*[1] (конфликтоген) башкы жана алгачкы козуткуч катары чыгып, терс күчтөрдүн туундусу катары чатактын ырбашына кеңири жол ачат. Чыртек – бул чатактын жаралуусун шарттоочу жана өнүктүрүп кетүүчү сөздөр, жаңсоолор, аракеттер (же аракетсиздик, ыргылжыңдык), кырдаалдар. Аны айткан, жасаган, жараянды жүзөгө ашыруучу киши – чырлакеч*[2]. Биз буларды мындан аркы ой жүгүртүүлөрүбүздө кыргыздын дүйнөтаанымына ылайык чулу карайбыз да, бирок алардын (чыртек,чырлакеч) башка-башка түшүнүктөр экенин аңдап турабыз.

Чыр-чатак, кара күчтөрдүн кадимкиликте чагылып чыгуусу болгондуктан, чырлакечтик сыпат маткелдик байлыктарды башкы баалуулук катары тутунган адамдар тарабынан аны терең түшүнүп, кабыл алууга жарай албаган касиеттерге ээ. Анын бири чыртектин митайымдык маңызы – адамдар бөлөктөрдүн сөзүнө өтө сезимтал келет да, өзүнөн чыгып жаткан ой жана пикирлерге маани бербейт.

---

[1] Чыртек - конфликтоген
[2] Чырлакеч – кофликтоген адам

Мындай бир учкул сөз айтылат: «Аялдар өз оозунан чыккан сөздөргө эч маани беришпейт да, бирок бөлөктөрдөн уккандарына абдан зор жана тагдыр чечер маани беришет». Жашырбайлы, бул терс алабармандык адат эркектерде деле көп учурайт.

Адамдарда, бөлөктөрдүн сөзүнө чукул теригүү, ачуу чындыкты сиркеси суу көтөрбөй кабыл алуу, өзүн коргоо сезиминин жана сырткы кийлигишүүдөн ар-намысын сактап калуу ниетинин өтө курчтугунан улам, жаатташуу пайда болот. Ошол эле учурда башкалардын ар-намысына келгенде кылдаттыкты сактабайбыз да, айткан сөздөрүбүз менен кылган аракеттерибизди тыкыр көзөмөлдөбөй калабыз. Көп деле ойлонбой жана камырабастык менен ар түрдүү чыртектерди «обо мейкиндигине учуруп» гана турат эмеспизби, чиркин.

Ошондой болгону менен, бирин-эки чыртек ири чатакка алып келе албайт. Аны жаратуу үчүн «чыртектердин чынжыры» куралып көбөйүп отуруп, ал ашынуу*[1] (эскалация) касиетине ээ болгон көлөмгө жетүүсү кажет. Баары эң эле жөнөкөйдөн башталат. Өз дарегине карата чыртек алган адам алган ызаасын жандыруу үчүн андан да мурчтуу чыртек агытып, өчүн алганга ашыгат. Мындай шартта чыртектин дагы бир карөзгөй касиети ойгонот – жаакташтар бир-бирине агытылган заардуу сөздөр улам курчуп отуруп, анын жан какшаткан ачуулугу мушташууга чейин жеткирет.

Албетте, адептүүлүк наркынын жогорку талабы боюнча «сол колдун ачуусун оң кол менен кармоо», атүгүл ызааны кечип жиберүү зарыл эле. Бирок, «сол жаакка жесе, оң жаагын тосчулар» көбөйүп деле кеткен жок. Натыйжада, чырлакечтин үч тибине ээбиз:

- үстөмдүккө умтулуу;
- албууттукка берилүү;
- өзүмчүлдүгүн көрсөтүү.

---

[1] Ашынуу - эскалация

## 3. Чатак тууралуу маалыматты чагылтуу

Чатак коомдук турмуш менен жеке адамдын күндөлүк жашоосунда орчундуу орун ээлегендиктен, ал элдик оозеки чыгармачылыкта, сүрөт өнөрүндө көркөмдүк-кейипкерлик түрүндө чагылтылып, баяндалып, көрсөтүлүп келген. Атүгүл, байыркы замандарда аска сүрөттөрүндө, элдик уламыштарда жаратылган согуштук баяндар, окуялар муундан муунга өтүп отуруп, адамдын чатакка болгон мамилесин калыптантып, анын маани-маңызын аныктоосунда олуттуу таасир берген. Андыктан, азыркы адамдар үчүн чатактын кайсыл өңүттөн чагылтылып берилиши, - чынчыл көрсөтүлүшүбү же бурмаланышыбы – өтө маанилүү экенин билүү пайдалуу болот. Анткени, чатак чыккан соң кишилерде пайда болгон аракеттердин багыты жаңжалды же сабырдуулукту тандап алуу керектигин аныктап алуусунда орчундуу мааниге ээ болот эмеспи. Турмушту көркөм чагылдырып көрсөтүү менен биз жашоодо болуп жаткан чатакты илимий жактан талдоодо жана түшүнүүдө жеңилдиктер менен артыкчылыктарга ээ болобуз. Мисалга алсак, Манас гөхарындагы (эпос) Алмамбет менен Чубактын чатагы[1] ички дымактардын атаандашуусунан жана мансап, бийлик талашуудан чыгат. Анда чырлакеч (конфликтоген) катары кырктын башы Кыргылчал намыска тийген сөз айтат:

*«Ой, Акбалта кандын Чубагы, адамдыктан сен кеттиң, акылы жок чунагым!*
*Чубак болбой жерге кир, казылбастан көргө кир!*
*...Алманбет чалгын чалабы?!*
*Кеңеште жок, кепте жок, келберсиген эр Чубак,*
*кошто жатып калабы?*
*Кытайдан тийип келген жылкыдан, соогат сурап алабы?»*

Муну укканда Чубактын, «от чагылып көзүнөн, жалын чыгып оозунан, сабыр кыл деген калың колго карабай, беренсинген Алмамбеттин белеске канын төгүүгө» аттанат. Алмамбет да «ажалы жетсе ал өлөт, алым жетпесе мен өлөм» деп кармашууга даяр болуп

---

[1] Каралаев С. Манас /2-китеп. Фрунзе: 1986. 91-бет.

турат. Эгер Манас келип «аңылдаган эки кул, өлүшүп көрчү көрөйүн» деп Алмаңды оңго, Чубакты солго силкип, «капа болуп буларга, кара белес кыраңга» отурбаганда, ийге келишмек эмес. Ошондо Чубактын «шайтаны» же «жеке ички карама-каршылыгы» сыртка чыгып,

*«Мойнуна күнөө түшкөнсүп, ыктагансып калыптыр,*
*Шайтаны кетип белинен, жумшагансып калыптыр».*

Манастын элдештирүүчүлүк касиети күчтүү болгон, маселенин өзөгүн таасын көрсөтө билген. Ал экөөнүн накта баркын айтуу менен майда чырга малынып пас болуп калганын билгизет:

*«Ойон Алмам барында, он сегиз миң ааламга, тийишермин дечү элем,*
*Кабылан Чубак бар болсо, Калдай менен Коңурбай, жөөлөшөрмүн дечү элем».*

Ошондон кийин, Чубак биринчи, анан Алмамбет бири-биринен кечирим сурашат. Бирок аны менен гана чектелбей, ар кимиси өздөрүнүн кетирген күнөөлөрүн моюндарына алып, өзгөлөргө шардана кылып айтышат. Мындай сапат бардык эле адамдарда боло бербейт. Бул айкөлдүктүн белгиси болгон. Бул ичтеги кусаматты толук шыпкап салуунун чарасы эле. Толук арууланышкан соң гана:

*«Асмандагы жылдыздай, кошулушуп калыптыр,*
*Акыреттик аянбас, дос болушуп калыптыр.*
*Ак бөкөндүн кылындай, суурулушуп калыптыр.*
*Ак буудайдын унундай, жуурулушуп калыптыр,*
*Адырдагы булактай, жоошулушуп калыптыр».*

Биз, азыркы жашагандар, бул көркөм сөздүн дөөлөтүнөн, чатакты изилдеген илимде учурда иштелип чыккан бүтүмдөрдү: чатактын чыгуу себебин, чырлакечтин болушун, инсандын ички карама-каршылыгын, чатактын өзүнүн жети баскычын – чыр алды, кагылыш, ачык кармаш, каканактоо, чырдын чечилиши, сүйлөшүү, соңку жыйынтыктоону – жана элдештирчүнү даана баамдайбыз. Элдештирүү касиетине элдик ишенимде ыйык жер - Тал Чоку ээ.

*Тал-Чокуга таянса, Тоосунда кары бар,*

*Этек жагы өтөктө, бийик чыккан талы бар.*
*Үстү тайпак бурчтанат, Тал-Чокуга барганда,*
*Жыты жыпар жытттанат.*
*Таралган булак суусу бар, Тегереги бек экен.*
*Ойлоп турса Тал-Чоку, Ооруккa калар жер экен.*

Мына ушул энесиндей бөпөлөп, атасындай коргоп алар касиеттүү ордо жана чеп-бекүүгө, алыстан келген төрт берен – Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак – «ак каңкыны жазданып, күн батышты баштанып» алп уйкуга кирди эми, бейпилдикке бөлөндү...

Азыркы тапта турмуштун ажырагыс бөлүгү болгон чатакты аңдоодо жана аны менен күрөшүүнүн мерчемдик (стратегиялык) жүрүм-турумун аныктоодо жазма адабият менен маалымат каражаттарынын орду чоң. Күбө болуп жүрбөйбүзбү, көп учурда дүң эткен кабардын катуу таасиринен адамдарда чатакчыл маанай жарала түшөт. Мында берилген кабардын мазмуну, мүнөзү жана таризи (калыбы) адамдарда окуяга карата сабырдуулукту же жаалданууну пайда кыларын жадыбыздан чыгарбообуз керек. Ошондой эле, өзгөчөлөнтүп жумшартып берилген кабар кишилерде жаңжалсыздык маанайын жаратып койсо да, көпчүлүк учурда жаңылыктарды караган кишилерде кооптонуу, корголбогондук, чарчоо, өзүнө ишенбөөчүлүк сезимдери жаралып, аң-сезимин жабырлатып жиберет. Андыктан маалымат таратуу иши өтө дыкат жана ар тараптан салмакталып жасалышы кажет. Көркөм өнөр менен маалымат каражаттарынын орошон милдеттери катары төмөнкүлөр саналат[1]:

- Адам баласынын чатак көрүнүшүн рухий-колдонмо жагынан түшүнүүсүндө жана ага карата жаратуучул же бүлгүнчүл аракетин калыптандырууда зор жагдай же болунду*[2] (фактор).
- Чатакты алдын алуучу жана аны жаратмандык нугунда чечүүчү каражат.

---

[1] Галустова О.В. Конфликтология М.: Проспект 2010. С. 10
[2] Болунду - фактор

• Чатак маселеси менен алектенген окумуштуулар жана чатактаануучулар үчүн илимий баа берүүнүн ыкмасы.

Чатакты көрүнүш катары таанып билүүдө, укумдан тукумга уланып келаткан дагдылык*[1] (практикалык колдонмо) маалымат жана иликтөөлөр, ошондой эле өздүк турмуш тажрыйбасынан топтогон маштык менен жөндөмдөр баа жеткис билимий булак болуп бере алышат. Мындай бир орчундуу жагдайды белгилеп өтөлү. Турмуш нечен ирет ырастагандай, адам баласы капсалаңдуу чатак шарттарында жүрүм-турумдун эң оңтойлуу жана чечүүчү мерчеми же жолу катары жеке жашоо тажрыйбасын (99%) жана чатак боюнча илимий билимдердин (1%) эң эле аз, жарыбаган үлүшүн өз колдонуусуна алып, пайдаланат экен. Андыктан топтогон билимди иш жүзүндө колдонуп, тажрыйбага айландырып турган өтө маанилүү.

[1] Дагдылык – практикалык колдонмо

# III БАП
# УЛУТ АРАЛЫК ЧАТАК

## 1. Улуттук өзгөчөлүк

Улут дегенде, бардыгына бирдей тиешелүү маданияты, тили, жашаган жалпы жери, дини, мазаалык (психикалык) өзгөчөлүгү бар, тирлик топторун түшүнөбүз. Бул өзгөчөлөнткөн белгилер *объективдүү ченөөрлөр**[1] болуп эсептелет. Улуттукка тиешелүүлүгүн, ага төп келүүсүн билдирген жагдайлардын негизгиси катары – адамдын жан дүйнөсүндө айрым бир улутка тиешелүүлүк сезими чыгат. Улуттук аң-сезим улуттукка тиешелүүлүк белгисинин *субъективдүү ченөөрү* болуп каралат. Коомдо жалпы жашаган аймагы, кесиби, билими, тапкан кирешеси бирдей тирлик топтор да кездешет. Бирок буларга караганда бир улутка баш кошкон тирлик топтору туруктуулук жактан кыйла бекем болушат. Адам өмүрү өткөнчө кесибин же жашаган жерин алмаштыруусу, байып же жакырланып кетүүсү мүмкүн, бирок жеке инсандын улуттук маңызы өмүр бою өзгөрүлбөй кала берет.

Адам өзүнүн күндөлүк жашоосунда өзүнүн да, тегеректе жашап жаткандардын да кайсыл бир улутка тиешелүүлүгүнө анчейин көңүл бөлбөйт. Ал эми жашоосунда ыңгайсыздык жаралганда, өзүн жабырлануучу, ызалануучу, кемсинтилген катары сезгенде, аң-сезимдүүбү же бейсезимдик абалындабы, өзүн белгилүү бир тирлик тобуна (үй-бүлөсүнө, досторуна, кесиптештерине, өзгөчө улутташтарына) тиешелүү, аларга төптөш катары эсептейт. Ушулардын ичинен бир улутка тиешелүүлүк төп келүүнүн эң эле ыңгайлуу жана колдон оңой келген жолу болуп чыга келет. Адамдын үй-бүлөсү менен достору болуусу же болбошу, бир жааматта иштеши же иштебеши, кесиби бар же жок

---

[1] Ченөөр - индикатор

болушу мүмкүн, бирок кандай гана шартка кабылбасын ал өзүн айрым бир улуттун өкүлү, мүчөсү экендик сезиминен кайтпайт.

Адамда улуттук өнөкөттөр (инстинкт) негизинен бала чагынан калыптанып, адатта туюмдук (подсознание) деңгээлинде өкүм сүрөт. Ошондуктан улут аралык жаңжалдарда, сезимге алдыруу, куру намыс, акылга сыйгыс ишке баруу, өзүн ыйыктоо жана жасаган терс иштерин актоочу жүйөлөрүнүн негизсиз болуусу өңдүү өзгөчөлүктөр, адамга мүнөздүү болуп калат.

## 2. Улут аралык чатактын чыгуу себептери

Улут аралык алаканын негизинде мындай өзгөчөлүктөр бар: улуттук өзгөчөлүккө төп келүү; башка улут өкүлдөрүнө өзүн салыштыруу; өзүн бөлөктөргө «биз – топпуз», «алар – топ» осулунда каршы коюу. Айрым улутка төп келүү осулунун*[1] (принциби) өкүм сүрүшү эле, өз улутун өзгө улутка каршы коюлушун шарттайт[2]. Ушу жагдайдын өзү эле төп келүүчүлүк чатагы өкүм сүрө баштаганын билгизип, улут аралык чатактын кандай гана түрү болбосун анын (чатактын) адамдын ички баамдарында пайда болгонун билгизет.

Улут аралык чатактын чыгышынын негизги себебине улуттардын бири-бирине аймактык дооматтарды кое башташы эсептелет. Аймактык дооматтар төмөнкүдөй негиздер пайда болгондо чыгышы ыктымал:

а) улуттардын өткөн тарыхына байланыштуу: айталы айрым бир чөлкөмдө улутка тиешелүү тарыхый, маданий, мазарлык ж.б. эстеликтердин болушу;

б) чек аралардын так белгиленбеши же мурда чек ара белги жоктуктан, жаңыдан чек коюу ишинин башталышы;

в) мурда сүргүндөлүп кеткен элдин өзүнүн тарыхый мекенине кайта башташы;

г) өзүм билемдик менен чекти өзгөртүү;

---

[1] Осулунун - принцибин

[2] Козырев Г.И. Конфлкитология: учебник М.: ИД «ФОРУМ» 2010. С. 217.

д) өлкөнүн аймагын күч менен башка мамлекетке кошуп алуу;

ж) бир улутту эки мамлекетке бөлүп салуу.

**Улуттар арасындагы саясый чатактын чыгуу себептерине булар кирет:**

а) бийликке жетүү үчүн болгон күрөш;

б) мамлекеттин ичинде өз саясый макамы үчүн болгон күрөш;

в) мамлекеттик (саясый) эгемендүүлүк үчүн болгон күрөш.

**Үнөмиаттык чатактар улуттар ортосунда бул шарттарда чыгышы ыктымал:**

а) маткелдик такоолдорду*[1] (материалдык ресурстарды) ээлөөдө, башкарууда, пайдаланууда улуттардын теңсиздиги;

б) үнөмиаттык кызыкчылыктын борбор менен элет ортосундагы тең салмагынын бузулушу;

в) товар жана тейлөөлөрдү өндүрүү, бөлүштүрүү, колдонуу боюнча өлкөдөгү саясый түзүлүштүк-милдеттик тутумда (мисалы, менчикти кайра бөлүштүрүүдөн же калктын көчкүндүгүнүн (миграция) айынан салттуу иште алектенүү бир улуттан экинчисине өтүп кетиши) атайын өзгөртүүлөрдүн болуусунан.

Чатактардын ичинен эң эле ооруксунтканы жана сезимдик алоосунун күчтүүлүгү жагынан улуттук баалуулуктарга кыйла залал келтиргени эсептелет. Улут ичиндеги адамдардын жүрүм-турумун жана максаттарын аныктап турган баалуулукка доо кетсе, ага каршылык катары адамдын жасалчу аракети ар тараптан ойлонулуп чыгат. Улут аралык чатактын баалуулукка доо кеткенден улам чыгып кеткенин даана көрүү үчүн улуттардын маданий, тилдик, диний ж.б. тирлик-маданий өзгөчөлүктөрүнүн карама-каршылыгын баамдашыбыз керек. Мисалы, мурдагы Югославиядагы жарандык согуштун алгачкы серпилүүсү диний араздашуудан башталган. Тарыхый өнүгүүнүн түркүн себебинен

[1] Такоолдор – материалдык ресурстар

улам түбү бир эл православ, католик жана мусулман боормаданияттарына*[1] (субмаданияттарга) ажырап калышкан.

Үй тиричилигинин (көр оокат) деңгээлинде улуттук араздашуулар – жалпы жактырбоочул мамиленин, мазаанын (психика) туюмдук (подсознание) бөлүгүндө уюткулангандан улам чыгып турат. Узак каршылашуунун айынан алар топтолуп отуруп, кеңири тарала баштайт да калкты жапырт каптайт.

Чатактын тарыхый тамыры, өткөн таарынычтарда уяланган болот. Алар демейде тикелей себепкер болуп чыгышпайт, бирок чатак ырбап баратса алар туюмдун түпкүрүнөн «суурулуп» чыгылат да, кошумча жаңы себеп катары жаңжалчылар өз аракеттерин актоодо жана каршылашын күнөөлөдө колдонушат.

Ар түркүн – чоң же кичинеби, саясыйбы же тирликпи - чатактын өзөгүндө кандай гана себептер жатпасын, аларда кимдир-бирөөлөрдүн кызыкчылыгы, белгилүү бир максаттары (кээде катышуучулар өздөрү толук аңдай билишпеген) көздөлөт. Мында, улуттук кызыкчылыкты көздөгөндөр бүткүл улут болбойт, демейде анын азганакай өкүлдөрү – белгилүү бир тандамал топтор өз жеке кызыкчылыктарын көздөшөт.

## 3. Улут аралык чатактын өнүгүү өзгөчөлүктөрү

Улут аралык чатактын өнүгүшү, башка чатактардын жүрүү ыраатындай эле баскычтарга ээ. Ошентсе да, айрым бир өзгөчөлүктөрү бар, аларга учкай токтолуп өтөлү. Мындай өзгөчөлүгүнө анын башка түрдөгү чатактарга сүңгүп кирип, бөлөк тирлик алакаларына байланыштуу козголуп кеткен чатак абалдарын өзүнө камтып алууга «жөндөмдүүлүгү» кирет. Мисалы, бийлик талашуу чатагына чыккандар, өз арасына насыяны төгө албай төлөмөр болуп калгандарды, жер талашкан топторду, өлкөнү бөлүүнү каалаган жикчилерди, мыйзамга өзгөртүү киргизүүнү көптөн бери шыкактап*[2] (лоббилеп) жүргөндөрдү кошуп алышат.

[1] Боормаданият - субмаданияттар
[2] Шыкактап - лоббилеп

Дагы бир өзгөчөлүгү катары, анын өнүгүшүндө белгилүү бир ой-корумдар (идеологиялар: улутчулдук, жикчилдик, коммунизм, фашизм, исламчылык) орчундуу орун ээлеп турат. Ой-корумдар айрым улутту айыгышкан «биздер» жана «тигилер» деген каршылашуунун айланасына топтоштуруп, тирешүүгө жароочу баалуулук-маанилүүлүк мүнөзүндөгү багытталууну чөгөрүп, адамдардын алдына улуттун өнүгүү максаты менен чечүүчү маселелерин аныктап берүүгө жарайт. Мисалы, улутчулдук кыймылы дегендин чыныгы маңызына карасак, ал айрым бир улуттун өз алдынча бөлүнүүсүнүн мүдөөсү (программы) болуп эсептелет.

Улут ара чатактагы дагы бир өзгөчөлүк катары, «өздөрүн» жогору баалап, «чоочунду» төмөн баалоосун; «өздөрү» жасаганды, «чоочундар» жасабашы керек деген кош стандарттар менен жүрүп калышарын айтсак болот. Улут аралык чатакта мындай «сизге жана бизге» бөлүнүү өнөкөтүнүн, башка түрдөгү чатактарга караганда кыйратуучулук кесепети абдан эле жогору. Анткени, анда улуттук терс адаттар ойгонуп, чатакташуу өз алдынча өнүгүүгө өтүп, мазаалык (психологиялык) жактан тирлик мамилелерди байыркы замандагы деңгээлге жеткирип, топтук өзүмчүлдүктү козгойт да, жалпы адамзаттык баалуу наркты – бир ата-энеден чыккан бир туугандык насилди – жөп-жөнөкөй жапайылык ыкма менен адамдын жүрүм-турумундагы, баалуулугундагы, ой жүгүртүүсүндөгү ар түрдүүлүктү басмырлоого, кыйратууга алып барат.

Улут ара чатактын өзгөчөлүктөрүнүн көбү тирлик-маданий айырмачылыктарга (тилдик, диний, чендик, баалуулук, салттык, адаттык, улуттук эн-белгилик, ой-жүгүртүү ыкмалары жана жүрүм-турумдук) таянылгандыктан, алган мүнөзү да тирлик-маданий маңызга ээ. Мына ушул айырмачылыктын ар бири белгилүү бир кырдаалда (айталы, коомду каатчылык чырмаганда) улут ара жаңжал башталганга шылтоо жана себепчи болуусу толук мүмкүн.

Тирлик-маданий мүнөздөгү чатактарда «мифтик ой-жүгүртүү» чоң мааниге ээ болуп чыгат. Анын өзгөчөлүгү болуп, жадыбызда*[1] (эсибизде) өткөн мезгилдеги окуялардын кыйласы сакталса, акылыбыз анын «ийгиликтүү өнүгүшүнүн майда кырдаалдарына чейин» ылайыктап иштеп чыгып, натыйжасында «мына момундай гана болмок… же атүгүл болгон» деп ишке ашырууга даяр үлгүнү тартуулап турушат. Ушул жол менен «кайыптык үлгү» (фонтомдук) жаратылып, ал аракетке өтүүнүн мүдөөсү (программы) болуп калат. Элдик жады (эс) уламыштарда, болмуштарда жана оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрүндө сакталып калгандыктан, мурдагы жеңиштерди жана утулууну, өткөн ызаа менен «душман кешпирин» даана көрсөтүп турат. Мына ушул сыймыктанчу жана өкүнүүчү шыбагалар, улут аралык тирешүүдө жек көргөзүүнү күчөтүү үчүн пайдаланылат.

Чындыгында, улуттук өзгөчөлүктөр коомдогу туруктуулукту такай бузуп туруучу жагдай же болунду (фактор) боло бербейт. Адамдар жашаган, тирлик-саясый жана үнөмиаттык жактан жөндөлгөн коомдо, ар улутка тийиштүү адамдар бири-бири менен чатакка барышпайт. Бирок, үнөмиаттык жана саясый туруксуздук жана капсалаңга баткан шарттарда мурдагы улут аралык жана топтор аралык мамилелерди тескеп турган жөндөгүчтөр*[2] (регуляторлор) талкаланууга мажбурланып жараксыз болуп чыгат да, ал эми жаңысы болсо дароо эле түзүлүп же жарала калбайт. Дал мына ушул кырдаалда «улуттук жөндөгүч» биринчи орунга суурулуп чыгат да, көздөгөн максатына жараша өзүнө керектүү багытты аныктай баштайт.

Көрсөтүлгөн өзгөчөлүктөргө байланыштуу улут аралык чатак, курч таймаштары жана күрөш жүргүзүү ыкмаларынын катаалдыгы менен айырмаланат. Башталган чатак, тоо жаңырыгындай заматта дүңгүрөп жайылып, улам бир жаңы адамдар менен каражаттарды өз кучагына тарта берет. Бул көрүнүштү элестүү туюнтсак, улут аралык чатак «кургуй» сымак өзүнө соруп гана отурат:

---

[1] Жадыбызда - эсибизде
[2] Жөндөгүчтөр - регуляторлор

биринчи баскычта «тирешүүнүн кургую» түзүлүп, ызаа менен таарынычтар топтолуп, «душмандын кебетеси» тартыла баштайт;

экинчи баскычта тараптар өздөрүнүн жупташ түгөйлөрүн (баш ийүүнүн «жугуштуулук» мыйзамы) «бир өлчөмдүү кишилерди» же «киши сымактарды» көбөйтүшөт;

үчүнчү баскычта каршылашуу кайра кайткыс тирешүүгө өсүп чыгып, окуя «күзгү чагылткандай» өнүгүп, кишинин өзү жасаган иштери дал ошондой болуп кайра өзүнө тийип турат. Бул «түгөйлөрдүн согушунда» бир тарап жасалган аракет дал ошондой эле каршы аракетти жаратат. Мындай кырдаалда туура болгондор да, күнөөлүүлөр да жоголуп кетишип, азап тарткандар гана калышат.

Демейде, мындай абалда ар бир тарап бири-бирине доомат койгондо, тиги тарап да, бу тарап да оп-окшош күнөөлөрдү кетиргендер катары айыпталышат.

## 4. Улут аралык чатакты жөндөөнүн ыкмалары

Улут өкүлдөрүнүн арасындагы чатакты толук чечип салуу мүмкүн эмес. Улуттук өзгөчөлүктөр бар чакта алардын ортосунда маал-маалы менен чатактар өкүм сүрүп турат. Андыктан, эң оболу зомбулукка жол бербөөнүн камын көрүү, анан талаш маселелерди жөндөөнүн натыйжалуу усулдарын табуу керек. Ал үчүн биринчи кезекте өз ара канааттандырган жалпы кызыкчылыктар менен чен-өлчөмдөрдү иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарыл. Ал чендердин негизинде бирдей «оюн эрежелери» - ал, биринчиден, жалпы мамлекеттин бекемдигине иштегидей, экинчиден, ар бир тарапка бирдей жарагыдай, үчүнчүдөн, улут өкүлдөрүнүн салтын, адатын, кызыкчылыгын кыспагыдай - иштелип чыгуусу керек. Биздин Кыргызстандын шартында «орчун же өзөктүү улут» жана башка «улут өкүлдөрү» түшүнүгү «коомдук келишимде» кабыл алынышы керек. Анткени, кыргыздардын башка жактарда уюткулуу журту жок, ал эми өлкөбүздөгү улут өкүлдөрүнүн түпкүлүктүү мекендеринде атайын мамлекеттери бар жана ал жерде улуттун

кызыкчылыктары корголгон. Биз мында «адамдын улуттук кызыкчылыгын канааттандырчу жер үстүндө бир гана мекен» болуусу жана улут өкүлдөрү барган жеринде ырасмий денгээлде мамлекеттүүлүктү камсыздоого умтулбоо керектиги тууралуу осулду*[1] жетекчиликке алуу зарылдыгын (дүйнө коомчулугунда ушундай иш жүзүндөгү баалуулук кабыл алынуусу зарыл экенин) белгилеп жатабыз.

«Коомдук келишимде»[2] мамлекет менен «улут өкүлдөрүнүн» ортосунда жана улут өкүлдөрү аралык мамилелердин белгилүү бир эрежелери камтылып, алар бузулган шартта жоопкерчилик тартуу чендери каралышы зарыл. Албетте, бул мунасада улут өкүлдөрү ортосундагы бардык мамилелер камтылбоосу түшүнүктүү, бирок, ал төмөнкү негизги чендер менен осулдарды камтып туруусу ылаазым: инсандын коопсуздугунун кепилдиги; тең укуктуулук; улут аралык чыдамсыздык менен жек көрүүнү насааттоону тыюу; бүлгүндүк*[3] (экстремизмди) ниеттерди бууп салуу; кармашуу башталса күч колдонууну тыюу; чыр-чатактар чыкса тынчтык жолдору менен басуу ж.б. Мында кабыл алынган «оюн эрежелери» чатакка катышуучулардын бир дагы тарабына артыкчылык бербөөгө тийиш. Ошондо гана келишим оң натыйжаларды бере алат. Бул маселеде жаргылык (калыстык) милдетти ЖК же Ажо түзгөн, тийиштүү ыйгарым укуктарга ээ атайын идарага*[4] берилүүсү кажет. Балким, эл аралык уюмдар да тартылуусу ыктымал.

Улут өкүлдөрүнүн өз «бирбоормаданият» (субкультура) муктаждыктарын ишке ашыруу үчүн ошол бөлүккө гана тийиштүү ыйгарымдарды (борч) берүүгө болот. Бирок, ал «коомдук келишимдин» өзөктүү багытына залака тийгизбегидей болуусу ылаазым. Ыйгарымдарды берүүдө мамлекет ар тараптан, айрыкча, үнөмиаттык жактан жетиштүү күчкө ээ болуусун эске алуусу керек.

---

[1] Осул - принцип

[2] Козырев Г.И. Конфлкитология: учебник М.: ИД «ФОРУМ» 2010. С. 227.

[3] Бүлгүндүк - экстремизмди

[4] Идара - институт

Анткени, түптөлө баштаган жикчилдик*[1] (сеператтык) жана бүлгүндөөчү аракеттерди дароо тыйпыл кылууга жарагыдай ал-кубатка жана мүмкүндүктөргө мамлекет ээ болуусу абзел.

Жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди ийгиликтүү чечүү максатында, тирлик чатактарын бейлөө*[2] (мониторинг), анын сөөлөтүн түзүү жана башкаруу боюнча атайын кызмат ачуу ылайыктуу. Анын жер-жерлерде бөлүмдөрү болууга тийиш.

Адистердин пикирине ылайык, улут өкүлдөрүнүн ортосундагы чатактын алдын алуучу ишмердигинин түрү катары алдынан (жеңил) эскертүү жана терең эскертүү жүргүзүү зарылдыгын айтышат. Биринчисинде, улут өкүлдөрү ортосунда пайда боло баштаган карама-каршылыктарды өз убагында аныктап, тийиштүү чараларды алдын-ала көрүү каралса, экинчисинде, улут өкүлдөрүнүн ортосундагы карама-каршылыктын тереңде жаткан себептерин аныктоо жана аны жөндөө боюнча узак мезгилдүү иштерди белгилеп, ырааттуу жүргүзө баштоо каралган.

Непада, улут өкүлдөрү ортосундагы чатакты алдын-ала аныктоого жана болтурбоого чама жетпей калса, биринчи кезектеги иш катары жүрүп жаткан зордук-зомбулукту басуу керек. Андан соң, чыр-чатак абалындагы тараптарды сүйлөшүүлөр жолуна түшүрүү оң. Сүйлөшүү эки деңгээлдеги максатта жүргүзүлөт: биринчисинде, тараптарды алакага келтирүү жана сүйлөшүү жараянына даярдоо жүрсө, экинчисинде, сүйлөшүү чыр-чатакты тикелей жөндөөчү каражат катары колдонулат.

Эгер сүйлөшүүлөр ар кандый себептерден улам жүрбөй калса, анда ортомчуларды (арачыларды) ишке тартуу керек. Ортомчулук - бул үчүнчү тараптын, чатакты жөндөөдө ишке жумшак түрүндө кийлигишүүсү болуп саналат.

Андан майнап чыкпаса кийинки кадам катары калыска*[3] (молотой, арбитраж) кайрылуу чыгат. Калыска кайрылуу анын бүтүмүн чатакташкан тараптар моюнга алып аткарууга даяр болгон

---

[1] Жикчилдик - сепараттык
[2] Бейлөө - мониторинг
[3] Калыска - арбитраж

шартта гана ишке ашырылат. Ошондой эле, милдеттүү калыс деген болот, ал чатакты жөндөө менен басуу жараяндарынын ортосундагы абалда ишин жүргүзөт. Акыркы арга кеткендеги чара катары, улут өкүлдөрү ортосундагы чатакты күч менен зордоп басуу эсептелет.

Азыркы тапта Кыргызстанда улут өкүлдөрү ортосундагы чатакты жөндөөнүн жол-жоболору иштелип чыккан эмес. Аны 2010-жылдан кийинки улут өкүлдөрү ортосундагы чыгып кеткен бир нече жаңжалдар далилдеп турат. Өкмөттүн жасаган аракеттери жалбырттаган өрттү өчүрүү менен алектенгендей элес калтырат, ал эми жергиликтүү бийлик өз ишиндеги кемчиликтерин, аракетсиздигин жаап-жашыруу жана актануу менен алек.

Бул жаатындагы абалды иштиктүү жолго коюу үчүн улут өкүлдөрүнүн биргелешип жашоо, шериктешүү, турукташуу, жуурулушуу боюнча узак мөөнөттүү Мүдөө-программасы иштелип чыгуусу керек. Мунун алкагында чатактын алдын-алуу жана жөндөө боюнча атайын уюмдардын желесин (биримдигин) түзүү, ошондой эле адамдарды зомбулуктан коргоо жана чатакты жайгаруу үчүн «ыкчам аракеттеги» кызмат уюштурулушу зарыл.

# IV БАП

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ УЛУТ АРАЛЫК ЧАТАКТЫН ТАРЫХЫНАН

## 1.Тарыхый мекен

Тарыхый өнүгүү, орус падышачылыгынын оторлоосу Кыргызстандын түштүгүндө өзгөчөлүктөр менен жүргүзүлгөн. Белгилүү болгондой, 18-19-кылымдарда Паргана өрөөнүнүн баары Кокон хандыгынын борбордук бөлүгү катары эсептелген. Кокон хандыгынын калкын кыргыздар, өзбектер, тажиктер, кыпчактар, түркмөндөр, казактар түзгөн жана алар чек аралар менен бөлүнбөй, бирок «жерге ээликтөө» салттык эрежеси менен жашап келишкен. Ал «түшүнүк эрежеси» боюнча кыргыздар жашоо мүнөзүнө жараша мал чарбасы жана дыйканчылык менен алектенген. Анткени, малды жайлоого, жаздоого, күздөөгө жана кыштоого көчүп кармоо керек болгондуктан такай жатакчы болууга мүмкүн эмес эле. Бара-бара капиталистик мамилелердин өнүгүүсү менен пахта өндүрүшү өөрчүп «улуттук кесиптешүү» башталат да, жерлер жана аймактар кайрадан жаңыча бөлүштүрүүгө дуушар болгон. Бул жараян Кокон хандыгы, Падышачылык оторлоо жана коммунистердин тушунда да ургалдуу жүргүзүлгөн. Мына ушунун саркындысы катары бул аймакта жашаган ар бир элдин эс-тутумунда «бу жер байыртадан бери биздики болуучу» өңдүү дооматтар айтылып келет. Чындыгында, бул жерлер баарыбызга кудай ыроологон жер жана ал куттуу мекенде бөлүнүшпөй, бири-бирибиз менен ынтымактуу жашашыбыз керек. Ошентсе да, тарыхта жазылган, элдин жадысында калган урунттуу учурларды эске салалы.

Кыргыз санжырасы китебинде С. Закиров минтип белгилейт: «Ушул мезгилге чейин кыргыздардын байыркы Ата-Мекени жөнүндө ар түрдүү пикирлер айтылып жүрөт. Булардын эң

негизгилери Орхон, Энесай сууларынын башкы агымдары, Сайаң, Алтай аймактары жана ортолорунда абдан чоң кеңдикте жаткан Теңир-Тоо (тыйан-шаң) тоо кыркалары, сарөзөн Чүй, Ысык-Көл, Памир, Алай, Паргана, Самаркант тегерегиндеги жерлер жөнүндө болот»[1].

Искендер Зулкарнайын (Александр Македонский) биздин заманга чейинки 327-жылдары азыркы Аксы жана Арстанбап аймагында болгондугу туралуу маалымат сакталган. «...Анын аскерлери элүүдөн ашуун боз үйлөр катарынан тигилген көк жашыл жайыкка келишет. Ар бир үйдүн кире бериш маңдайында узун найзалар сайылып, ар бир мамыда жоого каршы даяр аттар байланып турат. Аңгыча, аттарын дароо мине салган топ чабандес аларды көздөй чу койду. Жакын келген атчандардын бирөө өз тилинде:

- Кимсиңер?

- Биз, Искендер Зулкарнайындын аскери болобуз. Колубузда кетмен-төбөлүк Бек-Бекей хандын мөөрү басылган кагазы бар.

- Көкө Теңирдин атынан ыракым кылам, жол силердики!

Боз үйдөн чыккан чоң учтугуй кийиз калпакчан адам Кратердин атын жылоодон асте алып, ага таазим эте учурашып, меймандостугун көрсөттү. Ал баштаган аскерлер тобу, ошол айылдагы чоң калпак, олбурлуу сактын жасалгалуу үйүнө киришти. Боз үй ичинде кыдырата отурары менен салт боюнча аларга үй ээси тарабынан кымыз тартылды. Кымыз шараптай көңүл көтөргөнү менен башты оорутпайт экен. Сөздөн сөз уланды.

- Айткылачы, силерди ким десе болот? Урууңар ким?

- Түпкү аталарыбыз Карахан, Угузхан дегендер болгон экен.

- А массегеттердин, силерге кандай туугандыгы бар?

- Бабалар айтымында, массигеттер жана биз, сактар бир атанын балдары экенбиз.

Эртеси аскерлер андан ары жол алышты. Көп жылдык согуштан кийин чарчап-чаалыккан жоокерлер жаратылыштын

---

[1] Закиров С. Кыргыз санжырасы. // «Ала-Тоо» журн. Б.:1992. 6-бет.

сулуулугуна чексиз суктанып, кээлери жаңгакка таңдана терип жесе, кээлери шаркыратманын ак көбүк чачкан суусуна жылаңач кирип, айрымдар обочодо кубана карап турушту. Жер жайнаган жаңгак мөмөсүн көрсөтүп:

- Мунун аты эмне? – деди Кратер коштоп жүргөн сактан

- Жаңгак... Жапайы жаңгак. Бизде өтө бааланат!

- Өтө бааланса, анда Искендерге белек катары ала кетели. Башка жакта ушул мөмөдөн өстүрсө болобу?

- Эң эле сонун болот, бирок жаңгак мөмөсү анчейин эмес, мунун уюлу жакшы өсөт.

- Анда ошол уюлунан Грекияга ала кетели...»[1]

Китепти окуп жатып ынанасың, ошол кездеги сактардын улуттук белгилеринен азыркы кыргызда сакталып калгандары бир топ экен. Учтугуй кийиз калпак, буруксуган кымыз, жаңгак токойлору жана Манаста айтылган Карахан менен Угузхан бабаларыбыз.

Ысык-Көлдүн Барсконунда туулган Макмуд Барскани-Кашкары 11-кылымда жараткан «Түркий тилдеринин сөздүгүндө»[2] мындай жазган жери бар: «түрктөрдүн кызыл тилге эң чечендеринен, эң аземдүү аңгемечилеринен, эң бир зиректеринен, эң билгилеринен, эзелки асыл тайпаларынан жана согуш ишинде мыкты найзагерлеринен /сөзгө чебер/ болгондугуман алардын шаар менен талааларын баштан-аяк аралап чыктым. Түрк, түркмөн, огуз, чыгыл, жагма, кыргыздардын сөздөрүн жана (сөздөрүнүн) касиет, купуяларын аныктап чыктым, аларды пайдаландым». Сөздүктө көптөгөн сөздөр башка уруулар менен катар кыргыздардыкы да болгону окуган сайын таасын билинет. Айтылышы, жазылышы азыркы эне тилибиздегидей. Белгилүү болгондой, бул бабабыз, сөз жыйнап Анжиан (Даван, Паргана) өрөөнүн да түгөл кыдырып чыгып, ошол жерлерден кыргыз урууларына кезиккени бышык.

Айтылуу «Бабурнаама» – Орто Азияда жашаган элдердин орток рухий дөөлөтү. Китептин барактарынан Ош менен Анжианды

---

[1] Сактанов К. Искендер Зулкарнайн. Б.: Бийиктик, 2010. 106-бет.
[2] Кашкари М. Түрик сөздүгү, 1-том. Алматы: Хант баспасы 1997. 31-бет.

мекендеген уруулар тууралуу малыматтарда моңол, барлас, аргын, катаган, коңурат, маңгыт ж.б. тайпалар жашаганы айтылат. Бул аталган уруулардын дээрлик бардыгы азыр кыргыз ичинде, демек кыргыздар аталган аймакты ошол учурда жердеп турган. Эгер биз, Бабур 21 жашында 1504-жылы Моголстан хандары жана көчмөн өзбектердин ханы Шайбанинин кысымынан Анжианды таштап, Бадахшан аркылуу Кабылга кеткенин эске алсак, Теңир-Тоонун тереңинде жашаган эл жөнүндө жетиштүү билбегендигин, андыктан кыргыздарды өз китебинде тикелей эскербей калганын оң түшүнсөк болот.

Кыргыздын «Манас» баштаган нечендеген дастандарында азыр Паргана аталган өрөөндү «Анжиан» катары таанышканы маалым. Негизи кыргыз мекеним деп Эне-Сай менен Саян-Тоодон баштап, Байкөл, Алтай, Тибетти камтып, Эренге чейинки аймакты түшүнүп, мунун бардыгын Теңир-Тоо атаган. Бул тастыктоо пикиринин далили катары, Мурат Аджы «Кыпчак талаасынын эрмени» китебинде минтип белгилейт: «Ата-бабаларыбыз үчүн азыркы замандын 1-кылымында Алтай чалкыган бир дүйнө эле. Мезгил келип, Алтай тар боло баштады: адамдар өтө эле көбөйүп, жер аларды батырып, бага албай баратты. Ошондо, Улуу Көчүү башталды. Алтайды бабаларыбыз «Теңир-Тоо» деп атаган. Эл төрт тарапка акырындан агылды: бир бөлүгү «Илин» (Лена-чыгыш деген сөз), түндүктү көздөп Эне-Сай (Енисей) жана Обо-эне (Обь) дарыяларынын боюна отурукташты. Калгандар батышты карай ар жылы 40 чакырымдан Улуу Талааны өздөштүрүп, - үй-бүлөдөгү кичүүлөр ата-энелерин карап, улуу эркектер алдыга жылып - эки жарым кылымдын ичинде Алтайдан Атлант мухитине жетишкен. Түштүккө бет алгандар Тибет менен Индостанга жетип, аларга Хан Эрке же Канерка (Канишка) олуяны жана атактуу каганын берген. Алтайдан миңдеген зыяратчылар Кушаңга (Кашмирге) сапар алып Хан Ерке жасаган ыйык жайларга сыйынып кетип турушкан. Мен китебимде, «Алтай» деген сөздү бабаларыбыз түшүнгөндөй элестетем: ал чыгышынан бүткүл Түштүк Сибир, Байкөл менен Байкөл Сыртын камтып, батышында Памирге чейин созулуп

жаткан. Бул аймакты мен Байыркы Алтай деп жаздым»[1]. Бул сөзүнүн жөнү бар, Манас бабабыз да, дал ушул аймактарда чалкыган эмеспи.

## 2. Үркүн – кыргыз-орус чатагы

Кыргызстандын азыркы замандагы жаңы тарыхында, улут аралык мамилелердин курчушу кубаттуу өлкөлөрдүн 19-кылымдагы дүйнөнү бөлүштүрүп алуу саясатына барып такалат. Орус падышачылыгы Орто Азияны оторлоосу 1862-1976-жылдардан кийин кеңири башталганы белгилүү. Анын запкысын ал кездеги Түркстандын башка элдерине караганда кыргыздар көп тарткан. Кыргыздар асыл жерлеринен сүрүлүп, жакырланган абалга келип, бүткүл Орто Азыяны каптаган 1916-жылдагы көтөрүлүштүн чордонуна айланган. Кыргыздардын улуттук боштондук кыймылы эки жактуу - «элеттик букаранын борборлук падыша бийлигине» жана «жерлерин тартып алган «жырткыч-оторчу» орус мужугуна» каршы болгон.

Көтөрүлүштүн чыгуу себептерин Ысаке уулу Баялы мындайча көрсөткөн: «Биринчи. Козголоң чыгар учурда Орто Азыйада өкүм сүрүп келген падыша өкмөтү тарабынан болунган чексиз адам баласы чыдагыс эзүүсү, талоончулугу. Экинчиси... бай-манаптар кыргыз эмгекчилер күчүн айоосуз жырткычтарча пайдаланышы. Үчүнчүсү... имперйачылар согушунун оордугу, уруш керектери үчүн алына турган нөлөктөрдүн, чыгымдардын катаалдыгы. Төртүнчүсү, ооруктагы (тылдагы) иштерге жумушчуларды алуу болду»[2].

Жусуп Абдырахман уулу мындай жазган[3]: «...1916-жылдагы көтөрүлүштүн негизги күчүн жергиликтүү калк түзүп, орустун дыйкандары түгүл, Түркстандагы жаңыдан түптөлө баштаган жумушчу табынын өкүлдөрү тарабынан да колдоо тапкан эмес.

[1] Аджи М. Европа, тюрки, Великая Степь – М.: АСТ, 2007. С. 15.
[2] Ысаке уулу Б. Үркүн. // «Ала-Тоо» журн. ред. Б.: 1993. 98-бет
[3] Абдрахманов Ю. 1916. Дневники.Письма к Сталину Ф.: Кыргызстан, 1991. С. 217.

Орустун мужугу тарабынан мындай колдоо да болмок эмес, анткени анын кызыкчылыгы падышачылыктын оторчулук саясатынан улам, жергиликтүү калктын кызыкчылыгына карама-каршы келген».

Кыргыз коому ал кезде жарым көчмөн абалында жана феодалдык түзүлүштүн шартында жашап жаткандыктан маркстик-лениндик окуу негиздегендей таптык мамилелер жетилген эмес. «...Ошол себептен кыргыздар өз алдынча обочолонуп каршы чыгуу менен көтөрүлүш улуттук мүнөзгө ээ» болгон. Белгилүү болгондой, Түркстанды падышачылыктын оторлоосу (колониялоо) айыл чарба (мал чарба, дыйканчылык) жагынан болгондуктан, бул жагдай орус мужугун - «иш жүзүндөгү оторчулар» – жергиликтүү калктын жерлерин басып алуучулар катары алып чыккан. Ошондуктан, орустун мужугу биринчи кезекте жергиликтүү дыйкандар менен көчмөндөр үчүн «жырткыч-оторчу» болгондуктан, падышачылыктын оторчул саясатын жок кылып, кыйратуучу боло албайт эле. Андыктан, 1916-жылдагы көтөрүлүштөн, өкүм сүргөн коомдук түзүлүш (падышачылык) эмес биринчи кезекте орустун мужугу жабырланган».

Б. Максүтов «Кызыл кыргын, кандуу кармаш» китебинде минтип жазат: «Мамлекеттик думанын 1916-жылдын 13-,15-декабрындагы отурумунда, депутат А. Керенский Түркстанда жай айларында болгон көтөрүлүштүн жүрүшү, жазыксыз элге каршы жасалган куралдуу баскынчылык, кан төгүүлөр, кызыл кыргын жөнүндө айтып келип, мындай деген: «Мына бир мисал. Ак-Суу (Беловодское) айылына беш жүздөй кыргызды чогултушат, ал жерден тизме түзүлүп, оболу болуштукка, анан ойоздук шаарга жөнөтүлүш керек болот. Бирок, жергиликтүү орус калкы «буларды кайтарып отурабызбы» деп, куралсыз, өз ыктыярлары менен келишкен ошол кыргыздардын көпчүлүгүн союл менен да, таш бараңга алып да кырып тынышат. Тирүү калганын ойоз борбору Пишпекке айдап келип, ошол эле күнү улуктардын көзүнчө, чиркөөнүн чоң аянтында киноматограф наамасынын (музыкасынын) коштоосунда жайран кылышат. Ал эми Кулагер

(Луговой) айылында солдаттар кылкылдаган көп кыргызды кысып, камчы менен сабап жана ок менен аткылап ортого ийрип, жардын кырын көздөй камап барып, түбүндө күпүлдөп агып жаткан дарыяга күргүштөтүп кулатып кырган»[1].

Оторлоо иши жергиликтүү калктын, айрыкча, кыргыздардын асыл жерлерин тартып алып, ал жерлерге көчүп келгендердин кыштактарын түзүү менен жүргүзүлгөн. Буга укуктук негиз катары «Талаа эрежеси» чыгып, кыргыздардын жерлери мамлекет карамагына өткөзүлгөн. Орус падышачылыгы ичкерки орустар менен украиндиктердин өз жер ээлөөчүлөрүнө каршы чыкпашы үчүн Түркстандан жер тартып берип, аларды көчүрүп келе баштаган. «Талаа эрежесинин» 125-беренесине ылайык суу баскан кыргыз жерлери алынбасын дегенге карабай, айласын таап өздөрү токуган тартибин өздөрү буза баштаган. «Кыргыз жерлерин тартып алуунун «ооруксунтпаган» жолу изделе баштап, ал мындайча табылды, – деп жазган Турар Рыскулов – «жер которуу башкармалыгынын» аткаминерлери Кыргызстан жерлеринин өңүтүн жана кыртышын изилдөөгө алышып, дыйканчылыкка жароочу жерлерди «көбөйтүү максатында» иштетүүгө жараксыз жерлерди жарактуу катары жазышкан. Мына ушул дыйканчылыкка жараксыз жерлерге кыргыздардын отурукташуусуна улуксат беришкен»[2]. Жогоруда келтирилген китептен дагы бир үзүндү: «Көл кылаасындагы орус дыйкандарына жер берилгенде, кыргыздын бири калбай Көлдөн сүрүлүп чыккан, суудан жана жайыттарынан ажыраган, тоо-ташка тыгылган». Г.И. Бройдо минтип белгилеген: «Генерал Фольбаум болсо кыргыздардын жерин алууну талап кылган. Бул отурук алып чарба жүргүзүп жаткан 3500 кыргыздын үй-бүлөсүн ордунан которуу дегенди билдирет»[3].

Ал кездеги кыргыз калкынын өкүлдөрү жарактуу жана жакшы жерлерди алууга жасалган түркүн аракеттери эч колдоо тапкан эмес

---

[1] Максүтов Б. Кызыл кыргын, кандуу кармаш. Б.: «Турар» 2009. 236-бет.
[2] Рыскулов Т. Үркүн. // «Ала-Тоо» журн. ред. Б.: 1993. 132-бет.
[3] Бройдо Г.И. Үркүн. // «Ала-Тоо» журн. ред. Б.: 1993. 60-бет.

жана падышачылыктын аларга койгон шарттары түк аткарылгыс болуучу. «Анткени, кыргыздардын жарактуу жерлерге отурукташуунун шарты катары падышачылыктын жергиликтүү өкүлдөрү милдеттүү түрдө орустун динин (православие) кабыл алууну жана падыша аскеринде кызмат кылууну талап кылышкан. – деп, белгилеген Ж. Абдырахман уулу - Мындай мамиле оторлогон аймактарда орусташтыруу саясатын иш жүзүндө көргөндөр үчүн жаңылык деле эмес болуучу».

Оторчулук саясаты ушунчалык ырайымсыз болгондугун, кыргыздарды Чүй өрөөнүнөн Балхаштын чөлүнө жана Ысык-Көл дубанынан, тоо-таштуу Теңир-Тоо аймагына көчүрүү долбоорлору даярдалганы ырастап турат. Ал жерлерде мал чарбачылыгы да кеңири өнүкмөк эмес, анткени кышкы жайыттар тартыш эле жана тоют даярдоого дыйканчылык жерлери чектелүү жана ыңгайлуу эмес болуучу. Ушундай саясаттын айынан кыргыз калкы жакырлана баштаган.

1916-жылдагы көтөрүлүш - мыкты куралданган орус аскерине, дээрлик жылаңач кол менен чыккан кыргыздар үчүн - жеңилишке учурады. Падышанын жазалоочу кошундары, кыргыз жерлерин селдей каптап, аларды эмчектеги балдарына чейин кырып жүрүшкөнүн көптөгөн жазуу жана оозеки эскерүүлөр далилдеп турат. «150 000 (жүз элүү миң) адам падыша жазалоочуларынын огу менен кылычынан жана орус көчкүн-оторчуларынын колунан жан тасилим болушту. 150 000 адам бул болгону «уюштурулган» өлтүрүүнүн саны, ал эми Кытайга качып баргандардын арасынан мерт болгону канча болду экен?» – деп эскерет Кыргыз АССРинин Өкмөтүнүн Төрагасы Жусуп Абдырахманов. Куралсыз кыргыздар менен мыкты куралданган орус аскери жөнүндө Керенский Думанын жыйынында минтип белгилеген: «Падыша аскеринин үч түрүнөн – жөөчөндөр, атчандар, замбирекчилер – турган жазалоо кошунуна өзүнүн жолунда кезиккен жергиликтүү калктын көзгө көрүнгөн нерсесинин баарын өрттөп, калкты жынысына жана жашына карабай кырып жок кылуу буйругу берилген. Эмчектеги балдар, чалдар менен кемпирлер кырылган... Жергиликтүү калк

жашаган эч бир жерде курал жыюу болгон эмес. Алардын колунда бир нече эски милтелүү мылтыктар жана сактануу иретинде чалгыдан жасалган ар кандай темир куралдары, союл, чокмор, келтек, айры гана болгон».

Белгилүү тарыхчы жана окумуштуу Белек Солтоной уулу өзүнүн «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» эмгегинде минтип бүтүм чыгарат: «1918-жылдын 17-февралында Алматыда Кеңеш өкмөтү курулганда өлүм токтоду. Эгерде Кеңеш өкмөтү курулбаса, качкан кыргыз эмес, мында калган жана урушпаган кыргыздан дагы тукумун койбой кырат эле. Ошондо дагы анда-санда чекене өлтүрүлгөн болду»[1].

Атаганат «чекене өлтүрүлүп» тим болсо гана, тукум курутуу саясаты улантыла берген. Албетте, ал учурда эч ким эсеп жүргүзгөн эмес, ошондуктан азыркы урпактар маалыматтарды салыштырып чыгып, чындыкка жакын келген курмандык көрсөткүчүн атасак болот. 1913-жылдагы эл санакта Орто Азияда кыргыздардын саны 1 миллион 282 миң 500 адам болгон. Ал эми 1924-жылдагы маалымат боюнча кыргыздар 860 миң кишини түзгөн. Ошондо, 1913-жыл менен 1924-жыл ортосундагы көрсөткүчтөр 422 миң кыргыз жок болгонун таасындап турат.

Кыргыздын акын, жазуучулары бул алааматка кеңири кайрылып, өз чыгармаларында аны терең жана ар тараптан чагылтууга аракеттенишкен. К. Баялинов «Ажар» баяндыгын, А. Токомбаев «Кандуу жылдар» ыр менен жазылган романын, М. Элебаев «Узак жол» баяндыгын, Ж. Турусбеков «Ажал ордунда» драмысын жазышкан. Ысак Шайбек уулунун өзү күбө болуп жазган **«Кайран эл»** поэмасынан үзүндү келтирели:

*Өз жеринен айдалып,*
*Арман кылды кайран эл.*
*Бир-биринен адашып,*
*Таппай жүрөт кайран эл*
*...Кийим, тамак таба албай,*

[1] Солтоной уулу Б. Үркүн. // «Ала-Тоо» журн. ред. Б.: 1993. 151-бет.

*Алдырады кайран эл.*
*Ар кимге там бергин деп,*
*Жалдырады кайран эл.*
*...Түгөнгөн соң үй ичи,*
*Кийим сатты кайран эл*
*...Азаттыкты эңсешип,*
*Зарлап жүрөт кайран эл.*

## 3. Кыргыз-өзбек чатактары

Орусиядагы 1917-жылы болгон Өктөбүр ыңкылабы, 1922-жылы түзүлгөн Кеңештик Тирчилик Жумуриаттарынын Бирлигинин (СССР) ишмерлиги Орто Азияда өткөн кылымдын 20-жылдары Паргана өрөөнүн түп тамырынан бери өзгөрттү. Коммунистердин «улуттардын өзаныкталуусун» ишке ашыруу боюнча жаңы саясатына ылайык улуттук-аймактык бөлүү жүргүзүлүп, көп улуттуу өрөөндүн саясый түзүлүшү жаңыча үчкө ажыратылды. Өрөөндөгү кыргыздарга тийиштүү болгон көптөгөн кыштоолор күч менен Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан ортолоруна бөлүштүрүлүп, ал жерлерде калк аралаш жашап калышты. Ошол учурдагы саясый өнөктүктүн дагы бир терс кесепети катары өлкө ичинде аралаймак*[1] (анклав) калтырылганы болгон. Азыр Кыргызстандын чегинде өзбектерге тийиштүү – Сох жана Шахимардан жана тажиктерге таандык – Чорку жана Ворух аралаймактары болсо, Өзбекстан чегинде кыргыздарга тийиштүү Барак айылы турат. Эмдигиче үч өлкөнүн ортосундагы чектер так белгиленип жана аныкталып бүтө элек. Чек аранын көп жерлеринде талаш жерлер бар. Ушулардын айынан чек арада жарандар менен кайтарган аскерлер, кызматчылар арасында ар кандай жаңжалдар байма-бай чыгып турат.

[1] Аралаймак - анклав

Мамлекеттик эсептөө маалыматтары тастыктагандай, совет мезгилинде Кыргызстандын түндүк аймактары, айрыкча Чүй өрөөнү үнөмиаттык жактанургалдуу өнүккөн. Бул жагдай өз кезегинде саясый, тирчилик жана маданий жааттагы өзгөрүүлөрдү ыкчамдаткан. Мунун себебин Ата мекендик согуш учурунда борбордук Орусиядан көптөгөн зоот-фабриктер Бишкекке көчүрүлүп келип, өнөр жайынын кеңири кулач жайышы менен түшүндүрүүгө болот. Калган аймактар – Нарын, Талас, Ош, Ысык-Көл дубандары - советтик жалпы өнүгүүнүн ыргагында болуп, салыштырмалуу жай ирденген.

Кеңештер Бирлиги (Советтер Союзу) ыдырар алдында 1989-жылы Кыргызстанда жүргүзүлгөн эл санактын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болгон: кыргыздар – 52,4%, орустар – 21,5%, өзбектер – 12,9%, башка улут өкүлдөрү – 13,2%. Маалымат ырастагандай, түпкүлүктүү калк менен башка улут өкүлдөрү дээрлик теңме-тең болуп турган. Эгер кыргыздардын көбү элетте же тоолуу аймактарда жашаганын эске алсак, алар рухий-маданий ыңгайлуулуктун жана тирлик-саясый турмуштун төмөнкү сабында турушкан десек болот. Өткөн кылымдын 30-жылдары жааматташтыруу*[1] (коллективдөө) саясаты, улуттун сабаттуу болуусуна, элет жери жана айыл-кыштактарынын өнүгүп өөрчүүсүнө ири салым кошкон жана озукчул көрүнүш болгон. Бирок кийинчерээк жасалма түрүндө кыргыз жаштарын элет жеринде бекемдөө саясатынын аркасында «комсомолдук жаштар бригадалары» түзүлүп, алар чабан, уйчу, дыйкан, механизатор кесиптерин аркалоого сыпайы мажбурланган жана паспорт берилген эмес. Ошол эле учурда өлкөнүн европа аймагынан орус жаштары атайын чакыртылып, шаарлардагы жакшы жумушчу орундарга орноштурулуп, жаңы салынган кабаттуу үйлөрдөн даяр батирлер тартууланган.

Кыргыз калкынын өсүү ыргагы 80-жылдарга карата шаарлашуу*[2] (урбандашуу) жараянынын башталганын ырастады.

---

[1] Жамаатташтыруу - коллективдөө
[2] Шаарлашуу - урбандашуу

Калктын, айрыкча, жаштардын маданияттуу жашоого, окуп билимин тереңдетүүгө болгон ыкласы күчөп шаарларга келүү күч алды. Ушул табигый агымдын күчтүүлүгүнөн жана калктын санагын так жүргүп жөндөө зарылдыгынан, 1974-жылы элеттик элге же колхозчуларга совет өкмөтү паспорт алууга улуксат берүүгө аргасыз болгон. Бирок шаарга жаштар келишкен менен мамлекеттин дагы бир тоскоолдугуна кабылышчу: ал паспортун каттоого тургузуу милдети эле. Белгилүү болгондой, каттосу жок адам толук кандуу шаардык боло алган эмес, же шайлоого катышпайт, же үй кезегине тура албайт, же мамлекет берүүчү жардамдарды ала алышпайт. Ошондуктан, элеттик келгиндер ар түрдүү ишканалардын жатаканаларында жашап, катталып жана шаардык орустардын түк ыңгайы жок үжүрөлөрүндө батирде турушчу. Ушундай көптөгөн кыйынчылык менен тоскоолдуктардын айынан, 1989-жылы оболу Бишкекте, ага удаа Ошто жер ээлеп үй салууга умтулган миңдеген жаштардын ири кыймылы башталган. Бишкекте коммунистик бийлик менен кыргыз жаштарынын тирешүүсү үч айга созулуп, шаардын орус жашоочуларынын нааразылыгын жараткан. Бул окуялардын жүрүшүндө улут аралык мамиле күндөн-күнгө чыңалып, кыргыз-орус чатагына алып келүүчү кырдаал жарала баштаганы байкалды. 1989-жылдын 22-июнунда 10 миңдеген жаштар бир жагынан, Кыргыз ССР Компартиясынын Биринчи катчысы, Жогорку Кеңештин жана Министрлер Кеңешинин Төрагалары, бардык министрлер, шаар жана оодан*[1] жетекчилери экинчи жагынан жана белгилүү акын-жазуучулар баштаган зыялылардын*[2] (интеллигенция) жоон тобу катышкан чоң жыйын болду. Маскөөдөн чечим келип, жер тилкелерин алууга улуксат берилбегенде, абал каргашалуу өңүткө өтүп кетери ажап эмес болуучу. Анткени, ал жылдарда улут аралык чатактардын айынан Алматыда, Аястанда (Армения), Гүрзүстанда (Грузияда), Литвада, Латвияда кан төгүлүп кеткен.

---

[1] Оодан - район

[2] Зыялылар - интеллигенция

Бишкектеги үй куруучулар кыймылын тынчтык жана жаратуучул нукка салган Кыргызстандагы эң алгачкы бейөкмөт уюм «Ашар» козголушу болгонун тарых тастыктап турат. Бирок Оштогу ушундай эле маңыздагы «Ош аймагы» коомунун үйсүздүк маселесин, тиричилик абалын оңдоо аракеттерине, айгак чыккан өзбек жаштарынын «Адолат» уюму болуп калды. Убалакы, Оштогу жер алып үй салуу кыймылынын каршылаштары, улуттук өнүгүүнүн объективдүү мүнөздөгү шаарлашуу (урбанизация) жараяны жүрүп жатканын аңдап билбей туруп, өзүмчүлдүккө алдырып эсептешкиси келбей, айрым бүлгүнчүл маанайдагы топторго биригишип чатактын отун тутантышты. «Адолат» мүчөлөрү 1990-жылдын март айында СССР Жогорку Кеңешине өзтөбөлдүк*[1] (автоном) макамын берүү өтүнүчүн жолдошсо, кээ бир кыйдылары толук бөлүнүп Өзбекстанга кошулууну көздөшкөн.

Албетте, жер алуу көрүнүшү чатактын тереңде жаткан негизги себептеринен болгон эмес, ал козуткуч гана болгон. Нагыз себепкери такоолдорду (ресурс) ээликтөөгө умтулуу жана көчмөн менен отурук маданияттарын алып жүрүүчүлөрдүн атаандашуусунун күрөшү десек болот. Демек, маткелдик жана рухий кызыкчылыктардын кагылышы пайда болгон. Демейде, тигил же бул маданияттарды алып жүрүүчүлөрдүн көбү, аны үстүрт билүүчүлөр жана так тутунбоочулар болуп чыгышат. Алар көп учурда «улуттун тарыхый эс-тутумун» алып жүрүүчүлөр да болбой калышат. Бекеринен Айтматовдун «маңкурту» ошол заманда жашаган адамдардын нагыз жана типтүү кейпи*[2] (образы) болуп калган эмес.

Алгачкы кыргыз-өзбек жаңжалы Жалал-Абад атрабында 1970-жылдары болгону жана ал күч менен ыкчам басылганы маалым. Андагы курмандыктардын саны ошол кездеги коомдук түзүлүштүн саясатынан улам кеңири белгилүү болбой калган. Андан 20 жыл өтүп, Ош менен Өзгөндө 1990-жылдын 4-8–теке (июнунда) айында ири зомбулук болуп өттү. Каршылык көрсөтүү өзгөндүк өзбектер

---

[1] Өзтөбөлдүк - автономия
[2] Кейпи - образ

тарабынан айыгышкан түрүндө өтүп, атчан кыргыздар суугa чөктүрөрдө советтик парашутчулар кийлигишкен. Элдешүүнүн башка жолдору тынчытууга алып келбегенде, советтик аскерлерге атууга улуксат берилген. Бул чабышта Ош шаары менен дубанындагы 6 чөлкөмдө 1200 адам жапаланып, 300дөн ашыгы өлүп, 462 оор жаракат алышкан. Мүлктүк зыян оголе арбын болгон.

Кайра эле 20 жыл өтүп Ошто жана Жалал-Абадда чатак башталды. 1990-жыл менен 2010-жылдын чатактарын карай турган болсок, экөө тең саясый толкундоолор учурунда, жаңы келген баштач (лидер) үйүрмөсүн түзүү үчүн изденип жатканда жана жүргүзүлүп жаткан алмашуулардын айынан борборлук бийлик алсырап турганда башталган. 2010-жылдын 7-апрелиндеги ыңкылапта Өкмөт үйүнүн алдында 87 адам курман болуп, миңдегени жарат алды. Жалал-Абадка качкан Бакиев ал жерден кеңири колдоо таба албай өлкөдөн куулуп кетти. Мунун натыйжасында Кыргызстандын түштүгүндө саясый коңултуктоо жаралып, бийлик талашкан Бакиев менен Убактылуу Өкмөт, өзбек коомунун өкүлдөрүнүн зоболосун ыксыз көтөрүп, кыргыздын улуттук бийик саясатын аныктоого аралаштырышты. Убактылуу Өкмөт түштүк тарапта колдоону өзбек жашоочуларынан күттү. УӨ атынан Ата-Мекен партиясы өз кызыкчылыгын да көздөп, өзбектердин баштачы, ЖК депутаты, байгер ишкер жана Эл Достугу Университетин негиздөөчү К. Батыров менен кызматташууга өттү. 15-майда К. Батыров өзбектерди саясый жараянга катышууга үндөп, саясатта улутчулдуктун сүрү жаралды. Бул сөз кыргыз тарапта, алар өзтөбөлдүк (автономия) талап кылгандай жана кыргыздарга каршы өзбектер биригип жаткандай маанай жаратты. Кыргыздар атмайданда чогулуп, жүрүш менен келип, дубан акимчилигин басып, УӨнүн өкүлү ордуна, өзүлөрүнүн губернаторун отургузушту. УӨ өз таламдаштарын Ата-Мекен, Ак-Шумкар партиялары аркалуу топтоп, ага өзбек жигермандары жана диний жетекчилери эки дубандын өзбектерин жыйнактоо аркылуу жүрүш менен барып бийликти кайра тартып алышат. Ал жерге келген 2000 адамдын 30% өзбектер болуучу. Андан соң миңдей

кыргыз жана өзбек Тейит айылындагы Бакиевдердин үч үйүн өрттөшкөн жана кыргыздын ыйык белгилери болгон боз үйү менен желеги күйгүзүлгөн. Бул жорук кыргыздарга карата баскынчылык жана мамлекеттүүлүккө коркунуч келтирүү иретинде түшүнүлдү. 15-майдагы сөзүндө Батыров ачык айтпаса да, кыргыздарга кыжырдануу жана коопсуздук жетекчилерине заарлкануу менен сүйлөп, өзбектерди өз каалоолорун жүзөгө ашырууда чечкиндүрөөк болууга чакырык таштайт.

17-майда Убактылуу Өкмөткө каяша катары жергиликтүү саясый жаатташ тараптын мүчөлөрү «Манас» коомун түзүп, айылдардан таламдаш 3000 адамды топтошот. Алар Батыров, ОШ ТВ жана Мезон ТВ жетекчилерин «улут аралык жек көрүүнү өөрчүткөнү» үчүн дароо камакка алууну, өзбек улутчулдугунун очогу болгон Университетти жабууну УӨдөн талап кылышат. 19-майда адамдардын саны 6000ге жетип, талаптары тездик менен орундалбагандан улам, Университетке жөнөп, чабышуу башталып кетет. Кийинки он күн ичинде Жала-Абад жана Сузакта төрт кыргыз, эки өзбек өлүп, жетимиш эки адам жарадар болгон.

Кулжа (июнь) айынын башталышында Ош шаарында чыңалуу курч мүнөздө өкүм сүрө баштады. Ар кандай тирлик маселелеринде – баа жогорулатуу, кайрым бербөө, бой көтөрүүчүлүк – өңдөнгөн майда кайым айтышуулар, ишенбестикти жаратып, тирешүүнү күчөтө берди. 9-кулжада «Фаркат» чайканасынын жанында жаңжал башталып, ага жүздөгөн өзбектер чогулган. Эртеси, саат 18:00 «Ал-Бухара» мечитинин жанында кыргыз менен өзбектен 500дөн адам топтолгон. Оштун бир нече дүкөндөрү тонолуп, 30 өзбек жана 20 кыргыз ортосунда мушташ башталган. Бул тирешүүлөрдү милиса кызматкерлери, өзбектин аксакалдарына кайрылып, колдоо табуу менен жөндөп турду. Тинтүү учурларында бир нече мылтык табылып, ээлеринен ажыратылып алынган. Түнкү саат 22:00 «Алай» мейманканасынын жанындагы 30 мүнөттүк талаш – жоготуп жиберген же утуп алган акча туралуу – 1500 өзбек катышкан көтөрүлүшкө айланган. Алардын көпчүлүгү союл, таш жана темир таяктар менен куралданган эле. Өзбек тобу көбөйгөн

сайын, кыргыздар да көбөйүп баратты. Өзбек тарап бир саат ичинде 3000 кишиге жетип, 20дай милисанын сүйлөшүү сунушуна таштарды ыргытуу жана кыргызга каршы чакырыктарды айкыруу менен жооп беришкен. Коомдук сакчылар асманга ок атуу жана калтектер менен тынчтандырууга аракет кылышканда, милисалар сабалып, машинелери өрттөлгөн. Ошондон кийин атайын аскер бөлүктөрү киргизилип, топтолгондорду таратуу аракеттери жүргүзүлдү, асманга атуу менен курал колдонула баштаган. Өзбектер өрт өчүрүүчү машинелерди киргизбей жатышты. Түн ортосунда өзбектердин сүрмө тобу аялдардын жатаканасына таш ыргытып, сындырып кирişти. Бул кыргыз аялдарын өзбек эркектер зордуктады деген каңшаардын тарашына түрткү берди жана чатакты ири жана курч деңгээлге көтөрүп чыкты. Анткени, эртеси 11-кулжада таңзаардан чатакка кыргыздардын чындап аралашуусуна бул айың козуткуч болуп берди. Көптөгөн күбөлөрдүн айтуусунда, зомбулук эмес, накта согуш башталды. Мечиттерден (4 жерден) намазга чакырбоочу мезгил болгон түнкү саат 02:00 азан чакырылып, муну кыргыздар «согушууга өзбектерди топтоо» үчүн, ал эми өзбектер «жандарын ала качууга чакырык» деп эсептешкен. Ошентип, мүшүрүк адамдар «тынчтык динин чатакка аралаштырууга, ошону менен мусулмандыкка, демек, кудайга өздөрүн жакын көрсөткүлөрү келишкенин» пенделик мажестик менен ашкерелеп алышты. Ушунтип, исламды чала сабат молдолор кирдетип да, жаман көрсөтүп да жүрүшөт.

2010-жылдын 10-декабрындагы маалыматка таянсак, Ош, Жалал-Абад дубандарындагы чабыштарда 1930 адам жаракат алган, анын ичинен 925 адам ок жеген. 426 адам өлгөн анын 276 өзбек, 105 кыргыз жана 2 киши башка улут өкүлү болушкан, 45 сөөктүн таандыктыгы аныкталган эмес. Мүлктүк жоготуу – 3 млрд.,757 млн., 661миң, 429 сом, анын ичинен төлөнүп берилгени 11 млн.  419 миң 654 сомду түзгөн. Чатак мезгилинде Өзбекстанга өткөн качкындардын саны 111 миңге жеткен, ички жер которууга 300 миң өзбек мажбур болгон жана 10 миңдеген кыргыздар тоо аймагына жана түндүк Кыргызстанга кетүүгө аргасыз болушкан.

Орусияга 38 213 адам, анын көпчүлүгү өзбектер жер которуп кетишкен. Бул окуялардын кесепетинде жумуриаттын ички дүң өнүмү (ИДӨ) 8,9% азайган, бул көрсөткүчтөр Ошто 54,3%, Жалал-Абадда 70% төмөндөгөн. Бардыгы 84 289 жумушчу орун жоготулган[1]. Ошентип, бул каргаша өлкөбүзгө, демек, элибизге зор бүлүнүү алып келди.

## 4. Улут өкүлдөрү ортосундагы жаңжалдын айрым көрүнүштөрү

2011-2012-жылдар тогошкон учурда өлкөбүздүн ар кайсы аймагында улут өкүлдөрү катышкан жаңжалдын очоктору пайда болду. Ош дубанынын Кара-Суу шаарында 25-декабрда эркин күрөш боюнча мелдештин маалында, машыктыруучулар талашынан улам мушташ чыккан. Кыргыз тарап таяк жеп, өзүлөрүнө жардамга эрежесиз күрөш менен машыккан улутташтарын чакырат. Бул чакан кагылышууну жергиликтүү бийлик жана укук коргоо кызматчылары кыйла аракеттер менен басышат. 26-декабрда Маевка айылындагы жаңы жыл тосуу маалында кыргыз жана кавказ менен орус уландарынын арасында жаңжал чыгат. Кавказдыктардын пикири боюнча, чатактын себеби катары кечеде лезгинканын коюлушун кыргыз уландар жактырбай, жаңжал башташканын айтышкан. Чырлакечтерди мектептен чыгарып салышкан менен түн ичинде айыл ичинде мушташ кайрадан болуп өткөн. Орустардын пикири боюнча, кечеде кыргыз жана орус уландар айтыша кетип, тирешүү башталып, мушташ эшикте болгон. Бул айылда эки күн мурда мындан башка дагы ири мушташ болуп өткөн. Балким, булар 2010-жылдын жаз айларында үйсүз кыргыз жаштарынын айдоо жерлерди үй салууга басып алган чатакта адамдар каза болуп, үй-жайлар өрттөнгөн окуялардан пайда болгон кусаматтардын, ызаалардын улануусу болгон чыгаар.

29-декабрда Лейлектин Андарак айылында кыргыз, тажик жаштарынын арасында чатак чыгат. Анын козуткучу катары эки

[1] Кыргызстандын түштүгүндө 2010-жылы июнда болгон окуяларды иликтөөнүн эл аралык көз карандысыз комиссиясынын жоопчоту.

улуттун жаштары мушташа кетип, 16 жашар кыргыз уландын доктурга түшүшү болот. Уландын ата-энеси милисага кайрылганда, алар күнөөлүүлөр катары үч тажик уланды кармашат. Аңгыча 200 тажик тартип сакчыларынын жолунан тосуп, кармалгандарды бошотууну талап кылып, өздөрү менен кошо алып кетишет. Мунун натыйжасында, 500 кыргыз чогулуп, тигилерди жоопко тартууну талап этишсе, 1000 тажик топтолуп каршы болушат. Жаңжалдын жүрүшүндө кыргыздар эки күркөнү*[1], навай очокту өрттөп, бир машинени талкалашкан, эки үйдү күйгүзүүгө аракеттенишкен. Дубан жана оодан жетекчилери, ички иштер министринин орун басары кийлигишип, тараптар тынчыган жана күнөөлүүлөр кармалып, убактылуу абакка отургузулган.

Бирдин айында (январь, 2012-ж.) Сокулук ооданынын Жаңы-Жер айылында кыргыздар менен даргиндер ортосунда кагылышуу чыккан. Ага коңшу айылда үйлөрүнө бараткан 3 кыргыз уланын 4 даргин уруп, кол сүйлөшмөлөрүн*[2], акчаларын тартып алышып, унаасын сындырып койгону себеп болгон. Анын өчү катары ызаа кылгандардын биринин унаа дөңгөлөгүнүн күпсөркабы*[3] (шина) тешилип салынат. Бул өчөшүүлөр мектеп короосуна 50 кыргыз, 70 даргин уландарынын калтек, темир союл менен куралданып топтолуусуна алып келет. Жаалданган тараптар кимдир-бирөө кокустоотучу*[4] тапанча менен көккө карай бир нече ирет аткан соң тарап кетишкен. Эртеси оодандын жогорку аткаминерлери, имамы, күч кызматкерлери, жалпы жашоочулар менен өткөрүлгөн жыйында маселени терең жана кеңири сөз кылышып, абалды турукташтырышкан.

15-бирдин айында Араван айылында аламандаган мушташ чыгып, ондогон кыргыз 4 өзбекти сабап коюшкан. Ушул айдын аягында ири жаңжал Баткен дубанынын Айдаркен айылында болду. Жергиликтүү банк бөлүмүнүн кассири 24 жаштагы Камила

---

[1] Күркөө – камок, киоск
[2] Сүйлөшмө - телефон
[3] Күпсөркабы - шина
[4] Кокустоотучу тапанча – травматический пистолет

Абдыкаарова өлтүрүлгөнүнө байланыштуу кооптуу кырдаал түзүлүп, кошумча күчтөр киргизилип, көчөлөрдү күнү-түнү тынымсыз кайгуулга алышкан. Жаалданган кыргыздар бир нече топур*[1] (митинг) уюштуруп өктөм талап кылган соң, 4 үй-бүлө бардыгы 14 адам Тажикстанга көчүүгө мажбур болушкан.

2010-жылдын апрел ыңкылабынан кийинки бир жарым жыл ичинде өлкөбүздө, улут өкүлдөрү аралык 147 чатак чыгып, анын 29 өтө коркунучтуу катары мүнөздөлгөн. Бул «Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз» саясатынын ашкереленгенин, ал эми азыр болсо салмактанган улуттук саясат иштелип чыкпаганын ырастайт. Ооба, укуктарын талап кылып өлкө үчүн жоопкерчилик тарткысы келбеген «жалпы үйчүлөр» орчун улуттун өзүнө ылайыктуу убарлуу*[2] мамлекетин куруп алуу изденүүсүнө ичтери чыкпай, колдорунан келген ар түрдүү тоскоолдуктарды жаратып, сынап жаткандай туюлат. Мындай «сыноолор» Чүйдүн Искра айылында кыргыз-дунган, Ак-Сууда кыргыз-орус ортосунда мурдараак жылдары болуп өткөн.

Канткен менен бул жаңжалдардын түбү тереңде жатат дегенге болбойт. Бул алашемдикти жалпы кыргызстандыктар жаш мамлекетинин телчигип «өсүүсүндөгү сыркоосу» катары кабыл алып, бардыгыбыз бирдей жоопкерчиликте мамлекеттик тилди пайдаланып, кубаттуу үнөмиатты*[3] (экономика), заманбап маданиятты түзүп, алдыга ишенимдүү алгалоо менен гана жеңип чага алабыз.

---

[1] Топур - митинг

[2] Убарлуу - родной

[3] Үнөмиат - экономика

# V БАП
# ДИНИЙ АРАЗДАШУУ

## 1. Ислам – тынчтыктын дини

Азыркы дүйнөдө эмнеге диний бүлгүнчүлүк жана өзгөчөлөнө бөлүнүү өөрчүп жатат? Анын ыкчамдоосуна адистердин айтымында, төмөнкү себептер негиз болуп берүүдө[1]:

1. Байгер батыш мамлекеттери менен артта калган Азия жана Африка мамлекеттери ортосундагы тирешүү.
2. Артта калган өлкөлөрдөгү элдин көпчүлүгүнүн турмуш шарттарынын оорлугу, жумушсуздук жана жапырт жакырлык.
3. Диний бүлгүнчүлүк менен аракеттерге алып келип жаткан жасалма шарттар катары бийликтин жемкорлугу, адептин бузулушу, баңгиликтин жайылышы эсептелет.
4. Диндер аралык каршылашууну кызыкдар күчтөр тарабынан атайын такай козутуп туруу.
5. Атайын чыгарылып жаткан маалымат каражаттар тарабынан, диндерди ой-корумдук (идеологиялык) жактан күрдөөлдүү сүрөп туруусу.
6. Өткөн замандардан калган тарыхый таарынычтар.

Улутка тиешелүүлүк сезиминдей эле, айрым бир динге адам өзүн төп келтирип, ага таандыктыгын бекемдөөсү «биз» жана «тигилер» ажырымына алып келет. Ушунун айынан бир эл эки жаатка бөлүнүп согушкан учурлары бар. Түндүк Ирландиянын бир кездеги бирдиктүү эли «католик» жана «протестант» болушуп, нечен кылымдардан бери согушуп келатса, Иракта исламдын эки канаты – сүнөттөр менен шийилер – бири-бирин өлтүрүп жатышат. Баамдап көрсөк, Кыргызстанда болуп өткөн, 1990- жана 2010-жылдардагы апааттар мусулманчылыкты тутунган бир тууган

[1] Козырев Г.И. Конфлкитология: учебник М.: ИД «ФОРУМ» ИНФРА-М 2010. 238-стр.

элдин өкүлдөрүнөн болушкан кыргыз менен өзбектин ыймандан четтеп кетүүсүнүн натыйжасында чыгып отурат. Мындан диндин кемчилигин издөөгө болбойт, тескерисинче, Алла алдындагы адамдардын жоопкерчилигинин болбой калуусун көрүү керек.

Ислам – жакшылыктын жана бакубаттуулуктун дини, Мукамбет (саллолоху алейхи ва саллам) – тынчтыктын жана сүйүүнүн пайгамбары. Ислам коомдогу бир туугандык, өз ара жардам, калыстык, ар кимдин укугунун бекемделиши үчүн күрөшөт. Исламдын максаты: адамдын жана анын тукумунун тынчтык жана коопсуздукта жашоосу үчүн тыюулар жана эскертүүлөр аркылуу ар-намысын жоготпой, өз дининин мыйзамдары менен белгиленген укук жана шыбагаларды өзүнө алып, белгилүү бир жоопкерчиликти тартып жашоого жетиштирүү болуп эсептелет. Куранга ылайык «момундар» – бир туугандар дегенди түшүндүрөт. Эгер алардын ортосунда түшүнбөстүк, талашуу же ызалануу болуп кетсе, алар дароо абалды териштирип, элдешүүлөрү керек. «Хужурат» сүрөөсүндө айтылган: «Чындыгында, ыймандуулар – бир туугандар. Ошондуктан бири-бириңердин ортоңорду түздөгүлө! Алланын ырайымына ээ болуу үчүн Андан корккула!»

Ооба, биздин өлкөбүздөгү боордош эки элдин өкүлдөрү «шайтандын жолун ээрчип» кетишти жана Куранда айтылган: «Эй, адамдар, шайтан силер үчүн ачык душман» экендигине дагы бир жолу ынанышты. Биздин коомдо мындай да бир калпыс түшүнүк өкүм сүрүп жүрөт: дин чын болсо, анда Кудай бардыгын «май көл, сүт көл» кылып жайгарып эле койбойбу, антпедиби, демек... Чындыгында ал ыймандуулар үчүн дайыма өзүнүн кудуретин көрсөтүп турат, аны накта кереметин сезүүгө - ыймансыздар түркөйлүгүнүн кесепетинен улам, - өз жөндөмдөрүн жаап коюшкан.

Айрым учурда мындай пикирди угууга болот: «Дин артта калуунун себепчиси, анткени ал адамдарда жашоого карата жек көрүүнү жаратып, өмүргө болгон кызыгуусун жоготот. Дин адамдардын тиги дүйнөгө ишеничин жана үмүтүн арттырып, бул

дүйнөгө кайдыгер карагандыктан бул жашоону кулпуртуп, жакшырта албайт». Ушул өңдөнгөн пикирди айтып жүргөндөр Ислам дини туралуу терең билбегендигин ырастайт. Ислам – бул билимдин жана аракеттенүүнүн дини. Исламдагы ишенич жашоону туура түшүнүүгө негизделип, адамга жер бетин жакшыртып чыгуу милдетин жүктөгөн. Ислам адамдын Түбөлүк жашоосун, бул дүйнөдө кандай жашап өткөнүнө байланыштуу карайт. Бул динде адам үчүн жашоонун укмуштуу жолу сунушталып, жер үстүндө жашаганда көздү ачып, өтө кылдаттык менен баарына назар салып, байкоого үндөйт. Ушундан улам адам бу жарыкчылыкта өз ишин өтө кылдат жасап, жалкоолукка, ыкшоолукка, саткындыкка жана кайдыгерликке берилбеши керек. Өлүм – бул чындык, эртели кеч келүүчү абал. Эгер исламда ал эскертилип жатса, демек, ал адамдар өз аракетин токтотуп, кыймылдабай жатыш керек дегенди билдирбейт. Тескерисинче, бул ойлонулган жана салмактанган аракеттенүүнү, тынч абийир жана парасат менен жашоону жана турмушту жакшы жагына оңдоп, аны жакшыртуу үчүн шыктануу керектигин билдирет. Атүгүл, кыямат кайым башталып калса да, өзүнүн баштаган ишин аягына чыгарууну буйрат. Пайгамбар Мукамбет (саллолоху алейки ва саллам) айткан эмеспи: «Кыямат башталган маалда киминердин колуңарда көчөт болуп калса, отургузууга үлгүргүлө».

Исламдын аркасы менен азыркы дүйнөнүн өнүгүүсү келгенин айтууга болот. Ал түзгөн коомдо илим ар тараптан өнүккөндүктөн жашоо дүркүрөп өсүп, мамлекетте тең салмактуулук орногон. Ал коомдо рух менен маткел, ыймандык ишеним менен илим жуурулушуп бир нече кылым өкүм сүргөн. Анын университеттерине илим издеп Европадан, дүйнөнүн башка жактарынан агылып келип, тажрыйбалык ой-жүгүртүүгө, илимий таанып билүү усулуна негиз салынып, дин, илим, жүрүш-туруш жана өнөр аралашып, алардын нуруна адамдар бөлөнүп, шапатасы жаркырап турган.

Ислам адамды билим алууга жана бул жаатында артыктуу болууга чакырып, таанып билүүнүн жаңы ыкмаларын

өздөштүрүүгө, бардык тармактарда илимий чындыкты пайдаланууга үндөйт. Ислам ой-жүгүртүү жөндөмүн сыйынууга арзырлык касиет иретинде тааныйт. Ошондой эле, ислам коомуна керектүү болгон билимдерди өздөштүрүүнү мусулмандын милдети катары карайт, ал эми илимдин башка жактарындагы артта калуучулукту айыптайт жана ага жол берүүнү кылмыш катары көрөт. Ислам адамдын руху жөнүндө кам көрүп, аны Ааламдан келген буйрук менен бекемдеп, ошол рух аркылуу акыл менен денени жөндөп, аны жакшыртып, өнүктүрө алуусуна жетишкиси келет. «Акыйкат карасак, денебизде муштумдай болгон эт бар, ал жакшы болсо, демек бүткүл денебиз жакшы болот, ал – жүрөк». Ооба, сырткы динзарлыгыбыз, ички ыймандуулугубузга жараша болот. Ошол эле кезде адамдын терс жүрүм-туруму сөзсүз түрдө анын ички жан дүйнөсүнө, анын руху менен дитине таасир этет. Дене рухсуз жашабагандай эле, рухубуз денесиз болбойт жана алардын ортосунда тең салмактуулук, эриш-аркактык өкүм сүрүүгө - демек, бири-бирин кыспагандай, кемитпегендей болууга тийиш. Ошентип, ислам жүрөк менен рухту азыктандырып, өркүндөтүү аркылуу денени мейирлүү кылат. Мына ушул мыйзамченемди унуткарып, мусулмандар Исламдын жүз үйүрүшкөндө, алар туура жолдон адашкан, канчалык динден тетиреленген сайын, ошончолук ак жолдон алыстай беришкен. Куранда айтылган: «Алла бир коомго берген жакшылыктарын ал коом өздөрүн өзгөртмөйүнчө өзгөртпөйт. Албетте, Алла – Угуучу, Билүүчү» (8-сүрө, 53-аят).

Илимий жана маданий алгалоо, мусулмандар өз динине чыныгы берилген кезинде, Исламдын ыроологон эбегейсиз зор берекеси болуучу. Бирок алар бул ыйгарылган ырыскыны баалап, Бергенди алкашпады жана Ал бул берекеден кур жалак калтырды. Ошондо аларды кордолуу, алсыздык жана жокчулук каптады. Бул – чындык, анын акыйкат экенин калыстап ой-жүгүрткөн ар бир адам, айланасындагы өтүп жаткан турмушка жана исламдын нечендеген кылымдардан берки өнүгүү тарыхына көз жүгүртүп көрө алат. Мусулман өз динине канчалык жакын болгон сайын, ошончолук күчтүү жана кудуреттүү болуп келген. Ошондо илим менен

маданияттын бийик сересине чыга алышкан. Аны мусулман эмес бирок, калыс жазуучулар да баамдап жазышкан: «Чындыгында, Чыгыштын артта калуусуна, алар Исламды таштап, башка калпыс диний ишенимдерди кармана баштаганы себепчи болгон»[1].

Артта калуучулук көпчүлүк мусулмандардын аракетсиздигинен жана Исламдын чыныгы маанисин билбегенден болгон. Андан да өкүнүчтүүсү бул илдет менен мусулмандарга билим берип жүргөндөрдүн өздөрүнүн ооруганы эле. Анын кесепетинде, мусулман маданиятынын сакталып жүргөн калдыктарын да талкалоочу түшүнүктөр пайда болду:

- Өмүргө салкын кароо: пайдалуу билимдерди алып эмне кереги бар, анткени бул жарыкчылык каргышка калган, андыктан адамга жетишерлик тамак болсо, калган бош убактысынын баарын дилди тазалоого жумшаса болду. Адамдар минтип эсептеп калышты: Түбөлүк Жашоо урматына бул жашоодон толук баш тартса болот.
- Адамга жана анын өнөкөттөрүнө жерип кароо мамилесин монахчылыкты, такыба сопучулукту (аскет) жактоо менен актануу. Муну менен алар адамдын тукумдоо, өнүгүү, алгалоо жөндөмдүүлүгүн кыйратышты.
- Табынууну айрым гана ырасым жана жөрөлгөлөр менен (намаз, орозо ж.б.) чектеп, калган милдеттерди четке кагып салгандык. Чындыгында дин анын баарын чогуу кармануу менен адам жашоосун толук жөндөлүүсүнө жетишкен эмеспи. Ошентип, алар ибадат менен табынуу ичинен - билим издөөнү, китеп окууну, ой-жүгүртүүнү, жакшылык кылууну, кыскасы, алгачкы мусулмандар Аллага таазим этип, жакын болуш үчүн жасагандардын баарын алып салышкан.
- Бүгүн көпчүлүк мусулмандар акыйкатсыздыктын, кысуунун жана басмырлоонун капшабында күн көрүп жатышат.

[1] Мухаммад Али Абуши. Будьте справедливыми к себе... Это и есть ислам! [Электрон. булак] // Научно-аналитический центр «Бадр» URL http://d1.islamhouse.com/data/ru/ih_books/ single/ru_this_is_islam_arectahn.pdf (кайрылуу күнү 20.01.2013)

Алар азаттыктан айрылышкан, ал эми азаттык – бул өмүр. Ал эми эркин эмес жашоо – бул сезимсиз тегеренген дөңгөлөк сыяктуу нерсе. Кулдар келечекти курууга жөндөмсүз болушат эмеспи.

- Ошондой эле үнөмиаттын алсыздыгы жана жакырчылык, көпчүлүк адамдардын эси-дартын бир үзүм нан жана өмүр сүрүүгө зарыл нерселерди табууга буруп койгон. Мындай шартта адам өзү гана жөнүндө ойлонуп, жакыны туралуу кам көрүүгө ылаажысы келбейт, ниети болбойт.
- Буларга «мээнин агылуусу» делген көрүнүштү кошсок, анын кесепетинен илим-билим таарып жатканын түшүнсөк болот. Анын себебине, ислам өлкөлөрүндөгү тынчтык менен туруктуулуктун жоктугу, турмуштун оор шарттары, кирешелердин төмөндүгү, окумуштуулардын өз жөндөмдөрү менен адистигине шайкеш келген ар кандай илимий мүмкүндүктөрдүн жана түрлүү долбоорлордун болбогону кирет.

Биздин Кыргызстанды да, бул илдет каптагандан улам, улут өкүлдөрү ортосунда чатактар чыгып келет. Анткени, биз улуттук наркыбызды туу тутуп, исламдык ынанымды чындап карманып жашабай калдык. Бүгүн биздин гана өлкө эмес, бүткүл дүйнө жүзү исламга муктаж болуп жатат, анткени ал биз түшүп калган капастан – напсибизге, каалоолорубузга кул болуп калышыбыздан – сууруп чыга алат. Бүгүн биз кыргызстандыктар, исламдын маани-маңызын терең түшүнүп тутунуубуз керек. Жашырганда эмне көпчүлүк динди аң-сезимдүү эмес, мурункулардан мурас катары гана кабыл алып, андан да өкүнүчтүүсү чала сабат боюнча жүрүшөт. Эгер исламды дин катары салттуу алып жүргөн элдер менен өлкөлөр жээрий турган болсо, аны батыштын элдери тутунуп кетиши толук мүмкүн. Ислам бул Чыгыштыкы же арабдардыкы эле эмес, аны Жараткан бардык адамзатка жиберген. Алла айткан: «Эгер силер терс карап кетсеңер, Ал силерди башка адамдар менен алмаштырат жана алар силерге окшошуп калбайт».

## 2. Диндин түзүлүшү жана милдеттери

Дин тирчилик идарасы*[1] катары татаал тутумга ээ. Анын негизги түзүүчүлөрүнө, диний аң-сезим, диний сыйынуу жана диний уюм кирет. Диний аң-сезимдин башкы өзгөчөлүгү – бул табияттан сырткаркы кудуретке ишенүүсү болуп эсептелет. Диний аң-сезимди экиге – диний мазаалыкка жана диний ой-корумга – бөлүп койсок болот. Диний мазаалык (психология) дегенибиз өзүнө адамдын динге тикелей же кыйыр тийиштиги бар ар кандай мазаалык касиеттерин камтыйт. Бул мазаалык касиеттерге уламыш, үрп-адат, каада-салт, түркүн ынанымдар, жөрөлгөлөрү, өрөпкүү*[2] (эмоция) ж.б. адамдык жөндөмдөр кирет. Аталган касиеттер диний мазаада (психикада) белгилүү бир орун ээлеп, өзүнүн аткарган милдеттери бар. Булардын ичинен өрөпкүү менен ынанымдар өзгөрмөлүү келсе, салт менен уламыштар укумдан тукумга кылымдар бою берилип, оголе туруктуу болот. Демек, диний мазаалык – бул диний аң-сезимдин демейки көндүм деңгээли.

Диний ой-корум*[3] (идеология) – бул диний бүтүмдөр менен сыйынуу каадаларын тутумдоо менен назариаттык*[4] (теория) жактан негиздөө болуп саналат. Алар динзарларды бириктирип, диний уюм түзүүдө, аракеттенүүнүн негизги көрсөтмөсү катары чыгат. Анын негизги булактары иретинде ыйык китептер, исламда Куран, тарсаларда (христиандар) Инжил эсептелет.

Диний жана саясый жетекчилер ар убакта аны «менчиктеп» алып, диний ой-корумду өз максаттарына жетүү үчүн курал кылууга аракеттенип келишкен. Көп учурда бул аракет диний чатактар менен согуштарга кириптер кылган.

Диний сыйынуу – бул кудуреттүү күчкө таасир этүү максатында ишенгендер тарабынан жасалуучу аяндуу (символдуу) аракеттердин жана калыптардын тутуму. Айталы, айчык – мусулман дининин, чырым – тарса дининин символдору.

[1] Идара - институт
[2] Өрөпкүү - эмоция
[3] Ой-корум - идеология
[4] Назариат - теория

Диний уюмдар – ишенген адамдарды уюштуруунун жана бириктирүүнүн калыбы. (Аларга казият, муптият, имамдар, мечиттин жааматы кирет).

Динди адамдарды бириктирүү үчүн да, аларды бөлүп жаруу, бири бири менен каршылашуу үчүн да колдонсо болот. Диндин мындай «көп тараптуулугун» анын жашоодо ээлеп турган ар жактуу тирчилик милдеттери менен түшүндүрүүгө тийишпиз. Алардын арасынан буларды бөлүп көрсөтсө болот[1]:

1. *кыялдуу-акыбеттөөчү милдет*. Ишенген адам бул жашоодо жана тиги дүйнөдө жасаган аракеттери туура бааланарынан үмүтөтөт;

*2. көзкараштык милдет.* Ишенген адам кандайдыр бир кудуреттүү деңгээлдеги жайга түздөлүп, өзүнүн баалуулук боолголорун аныктап, ага жараша айланасындагы дүйнөнүн жашоосун кабыл алат;

*3. жөндөөчү милдет.* Мында белгилүү бир баалуулук менен чендердин тутумунун түзүлүүсү жана пайдаланылуусу менен шыктанууга ээ болуусу жүрөт;

*4. биргелешүү милдети.* Ишенген адам өзүн кандайдыр бир жаамат менен - алар да өзүндөй эле диний көз караштa болгону үчүн - бирдиктүү экенин сезет. Ыймандуулардын баары ишеними боюнча «бир туугандары» менен бирдиктүүлүк сезимине ээ. Бирок айрым учурда ушул эле сезим, алардан арасын «бизге» жана «тигилерге» деп бөлүү үчүн да колдонулат.

*5. бөлүнүүчүлүк (идеологиялык) милдет.* Азыркы тапта дин, калайык калкка таасир этүүнүн күчтүү куралы эсептелет. Анын ой-корумдук кудурети жеке адамдарды жана бүтүндөй элдерди бириктирүүнүн гана эмес, бөлүп-жаруунун да кубаттуу каражаты болуп калды.

---

[1] Козырев Г.И. Конфликтология: учебник М.: ИД «ФОРУМ»-ИНФРА-М, 2010. С. 236.

## 3. Дүйнөлүк негизги диндерде зомбулуктун каралышы

Адамзаттын кылымдардан берки жашоосунда чатак менен согуштун айынан болуп өткөн зомбулук маселесине так кесе түшүнүк да, баа да берилген эмес. Анысыңарындай дүйнөлүк негизги диндер да зомбулук көрүнүшүнө бир беткей, толук жооп бералгыдай карашкан эмес[1]. Анткени, бул жарыкчылыкта жашоонун табияты ошондой оомалуу төкмөлүү жана адам турмушу кынтыксыз жасалуу эбине келе бербейт.

**Христиандык.** Бул диндин негизинде өнүктүрүлгөн окуулар менен ырасым-каадалар ортосунда зомбулукка карата карама-каршылыктуу мамиле өкүм сүрөт. Инжилде, мисалы, «күч» озукчул сыпат катары каралган. Ушул өңүттөн алганда «зордук жана жарашуу» маселесине арналган 12407 түшүнүк менен сыпаттын 15,4% зомбулуктун, ал эми 15,2% «тынчтык жана ынтымактын» оң экендигин белгилейт. Зомбулук түшүнүгүнө кирген «жазалоо» сыпатына арналган айтымдар 25,9% түзөт. Мындан, Инжил зомбулук маселесине карама-каршылыктуу карайт деген жоромолдун ырастыгы бекемделип тургансыйт. Ошенткен менен, кийинчерээк христианчылык согуш менен зомбулукка терс көз карашты насаттап келет. Мындай карама-каршылыктуу болуунун себебин бул диндин секта катары куугунтукталган абалдан, ырасмий мамлекеттик динге айланган тарыхы менен түшүндүрүүгө болот. Дин үчүн жүргүзүлгөн «ыйык согуштар» – 11-14-кылымдардагы атактуу Чырым*[2] жортуулдары – басып алуучулук максаттарды да көздөгөн. Тарсалардын чиркөөсү мындай согуштарды колдогон, атүгүл жортуулдардын жигердүү уюштуруучусу да болушкан. Мындай бир кызыктуу көрүнүштү белгилеп кетүү керек. Христиан нугунда болгон ар түрдүү «боордоштуктар» (братство) согуш менен чатактын кандай түрү болбосун четке кагып, алгачкы христиандыктын бейпилчил

---

[1] Галустова О.В. Конфликтология. М.: Проспект. 2010. С. 8.

[2] Чырым - крест

таттуулаштыктын*[1] (пацифисттик) кыялдуу максаттарын көздөшөт. Азыркы тапта католик жана христиан чиркөөлөрү «ыйык согуштарга», дегеле зомбулуктун өзүнө терс карайт, анткени дүйнөлүк маанай тынчтыкчыл болуп, анын нугунан чыгып калбоого умтулуп жатышат.

**Исламдык.** Исламга да чатакка, согушка жана зомбулукка карата мамиленин карама-каршылыктуу болгону мүнөздүү. Ыйык китеп, мусулмандарга өз дининин чегин кеңейтүүнү көрсөтүп, ошол эле кезде динге өткөрүүдө мажбурлабоо зарылдыгын айтат. Ислам мусулмандарга башка диндин өкүлдөрүнөн дос күтпөөнү сунуш этет. Жалпысынан алганда ырасмий ислам зомбулуктун болбоосун коомдогу тирчилик бейпилдигинин белгиси катары эсептейт. Мусулман өлкөлөрүнүн бири-бири менен согушуп жатканынын себеби катары, айрым окумуштуулар, ислам динзарлардын арасында бири-бирине карата зомбулук жасоого жол бергени дешет. Ошол эле учурда ар бир мусулман согушкан тараптарды жараштырууга милдеткер, эгер келишпесе, анда күрөштө эч кимге тартпоосу жана акыйкатчыл болушу керектигин белгилешет. Ислам согушту сырткы заардуу күчтөрдөн коргонуу максатында колдонот. Антпесе, ыйыктыкты, дин менен эркиндикти коргоп калууга, кыйратуу менен заарга каршы турууга болбой калмак жана жер жүзүндө ыпластык жайылып, тыюулар жоюлуп, башаламандык өкүм сүрмөк. Курандын 2-сүрөсү, 251-аятында айтылат: «Алла адам баласынын бирин башкасы аркылуу коргобосо – жер жүзү бузулуп кетмек». 22-сүрөнүн 40-аятында айтылган: «Эгер Алла адамдардын кээ бирин башкасы аркылуу коргобосо кечилканалар, чиркөөлөр, синагогалар жана ичинде Алла көп эскерилген мечиттер кыйратылмак».

**Буддачылык жана Ындычылык.** Бул диндер тактык жана көшөрүүчүлүк менен зомбулуксуздук туурун карманып келишет. Мындай болуунун себеби, бул ынанымдардагы башкы жоболор катары, адамга жалпы сүйүү арноо керектиги жана зомбулукту

[1] Таттуулаштык - пацифисттик

такыр эле четке кагуу зарылдыгы, айрыкча, чыр жана талашты чечүүдө согушту каражат иретинде колдонууну караманча тануусу менен түшүндүрүлөт. Бул ишенимдер, адамдар башынан өткөргөн тирчилик каатчылыгы менен азаптары аларда бири-бири менен согушуунун керексиздигин аңдап түшүнүүнү жаратып, мындан ары алардын умтулуусу өз ыктыярлары менен Кудайга табынуу болуп калат деп эсептешет. Буддачылык чатакты чечүүнүн бирден бир жолу - өз жашооңду жакыныңа арнаган сүйүүнүн негизинде кур - деген адеп-ахлактык талаптан башка, дүйнөдө эч нерсе жок экендигин көшөрө тастыктайт.

Кыргыздардын **теңирчилик** дүйнөтаанымына негизделген каада-салттарыбыздагы жөрөлгөлөр жана тартиптер алдын-алуучулук менен бейкуттукка негизделгенден, «өлүмгө-өлүм, канга-кан» өңдүү өч алуучулук адатынын ордуна кун төлөө жана өндүрүү салты кабыл алынган. Кыргыздын бекем ынанымы – ким биринчи курал көтөрсө жана берилген шертти бузса сөзсүз жеңилүүгө учурайт – ишеними анын улуттук көтөрүмдүүлүгүнүн, өмүрүндөгү шыктануусунун негизи. Кыргыз коомунун «бейпилдик бешиги» рухий дөөлөт жагынан алганда – сөз (макал-ылакаптар), ырашкер жөрөлгөлөр (коомдогу жүрүм-турум) жана бирге аракеттенүү (өз ара жардам) ыкмалары азыктандырып турган «даанышмандар акылын, бийлер калыстыгын, байлар берешендигин жана карапайым калктын жакшы ниетин» бекем сактоо, тутунуу аркылуу курулган. Ал эми «бейпилдик бешиги» маткелдик дөөлөт тарабынан эсептегенде – кыргыз мамлекети «аскерлик тутум, тирлик коом, чарбачылык жана нускага тогошуп» турган. Ошентип, кыргыздардын салттуу коому да рухийлик жана маткелдик башаттардан тирелип өскөн.

# VI БАП
# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ БЕЙПИЛДИКТИН НЕГИЗДЕРИ

## 1. Кыргыз маданиятындагы тынччылык салты[1]

Түпкүлүктүү элдин салты менен билими – бул адам коому менен кытканын*[2] (планетанын) же «ортоңку дүйнөнүн» ички өз ара жана алардын кейандык*[3] (космостук) түзүлүштөр менен болгон кубаттык-маалыматтык алмашуусунун маданияты. *Кыргыздардын* бул маданияты рухий-табияттык билимдердин уюткусу катары, нечендеген муундар алмашып отуруп, өздөрүнө жаратылыш мыйзамдарын, Жер кыткасындагы адамдын жашоо тартибин, адам ойлонуусунун жаратылыш чөйрөсүнө кылган таасирин, кишилердин бири-бирине боор тартуу сезимдерин топтоп камтыган. Бул билимдер жаратылыштын мезгилдик өзгөрүүлөрүн өз ара жуурулушун ireттүү тутумдаштырып олтуруп, көчмөндүн табияттык аң-сезиминде кыттай уюган да, анын чарба жүргүзүүсүндө таш, бак, өзөн сыяктуу эле бирдей түзүүчүлөр катары мааниге ээ болгон. Мындай жашоо ыңгайы, шарты өтө татаал бул дүйнөдөгү өмүр сүрүүсүнө албан таяныч катары чыккан. Мындай катаал шартта өмүр сүрүп кетүүнүн бирден бир жалгыз шарты **жамааттуулук** эле. Айталы, жаратылыштагы майдатындар*[4] (микроорганизмдер) чокморок (колония) болуп жашаса, парандалар, балыктар, жаныбарлар үйүрлөрдө*[5] «өмүр сүрөт». Бардыгынан эң мыкты уюмдашкан жамаатчылар катары кумурскалар менен аарыларды атасак жарашат. Адам баласынын алгачкы коому да жамааттaшууга негизделген болчу. Өзүнүн

[1] Бул бөлүктү даярдоодо Ч.Сейдакматованын “Ата-бабалар чатакты кантип чечишкен” макаласы пайдаланылды.
[2] Кытка - материк
[3] Кейандык - космостук
[4] Майдатындар - микроорганизм
[5] Үйүрмө – команда, топ

жамааттык турпатын – уруу-уруктук түзүлүшүн – көчмөндөрдүн тукумдары, алардын бири болгон кыргыздар азыр да сактап калган. Арийне, жаныбарлардын жамааттуулугу өнөкөт менен, ал эми адамдардагы жамааттуулук чыдамдуулук, боорукерлик жана тынччылык сапаттары аркылуу кармалып турат. Бул талапчендердин*[1] сакталуусу үчүн бейпилчилдик маданияты иштелип чыгуусу керек болгон. Ал маданият кыргыздарда, биринчиден, **акыл-насаат нуска сөз,** экинчиден, **жасалуучу каадалар жана жөрөлгөлөр,** үчүнчүдөн, **мүдөөлүк максаты бар өз жардам усулдары** менен калыптанган жана ишке ашкан.

Кыргыздардагы тынччылык дөөлөтү – улуттун рухий маданиятынын туундусу болуп саналат. Ошол улуттук маданиятты түзгөн рухийлик болсо, өзүнө рухий баалуулуктар менен чен-талаптардын тутумун жана алардын артыктууларын камтыйт. Анын негизги маңызын адамдагы жаратылыш турпатын өз калыбында сактоо менен аны айланадагы табыйгат жана адамдардын тирчилик коому менен жуурулуштуруп, бүткүл ааламдык кубаттуулук кудуретинин бүтүндүгүн кармап турууга багыттоосу түзөт.

**Бабалардын төптүгүнүн калыпчасы:**

| **Рухийликтин артыктуулары:** | **Рухийликти дагдылык*[2] колдонуу:** |
|---|---|
| Жамааттык ой-жүгүртүүгө жана жамааттык баалуулуктарга берилгендик | Жамааттык менчик жана чарба жүргүзүү |
| Баштачтардын жамаат үчүн рухий жоопкерчилиги | Уруу-уруктук түзүлүш жана Бийдин жетектөөсү |
| Адамдын алмустактагы загин*[3] (ген) таза сактоо | Санжыра жана тукум кенчин*[4] (генофонд) бузбоо тарыйкасын (жети ата) пайдалануу |
| Адамкерчилик эрежелерине ылайык | Жоокерлик салтта боюнда бар |

[1] Талапчен - критерий
[2] Дагдылык - практикалык
[3] Загин - ген
[4] Тукум кенч - генофонд

| | |
|---|---|
| киши өмүрүн милдеттүү түрдө сактоо | аялдарды жана балдарды өлтүрбөө талабы, аначылык*[1] салты |
| Рухий аяндуу аңыздар*[2] (вестничество) | Манас айтуу, алдын-ала билүүчүлүк |
| Жаханиат-ааламдык кубаттуулук баскычтарына адамдын жупталышы | Асман-Теңирди, Умай-Энени, Ата-баба арбактарын улуктоо |
| Жер жаратылышында адамдын күн көрүшүнүн рухий осулдары*[3] (принциптери) | Жер-суу таюу, табияттык аң-сезимдин салты, жаратылыштык чыдамдуулук, керектөөдө азга топук |
| Адамдагы кубаттуулук түзүлүшүнүн бүтүндүгүн кармоо | Кубаттуулук түзүлүшүнө эргүү өнөрлөрү – комуз, талма бий, көмөкөй ыр, оймо – аркылуу таасир этүү |
| Алакалашуунун рухий осулдары | Адамдын үй-бүлөсүндө жана жамаат менен коомдоштуктагы байланыштары, алыш-бериши |

Бул калыпчага*[4] (матрицага) кунт коюп үңүлсөк, акыркы осул мурдагыларысыз жана баары бири-бирисиз турмушта пайдаланууга болбой тургандыгын аңдап түшүнөбүз. Мындай эриш-аркактык ыраатынын башкы талапчени бардыгындагы бүтүндүктөрдүн теңдештирилгени, ал эми башкы артыктуулугу – бардыгында кубаттуулук түзүлүшүндөгү бөлүкчөлөрдүн бар болгондугу эсептелет. Ооба, адамдагы көтөрүмдүүлүк*[5] (толеранттуулук-сабырдуулук) качан гана терең философиялык ой-жүгүртүү аркылуу өз ордун мындай чынжырдын – Кейан – Мен – Үй-бүлөм – Айылым - Өлкөм – Жерим (Мекеним) – тизиндисинде көргөндө жаралат эмеспи.

1. Биринчиден, мында жашоо чөйрөсүнүн бүтүндүгү милдеттүү түрдө Кейанды камтырын жана эң орчундуусу **кубат**

[1] Аначылык - акушерство
[2] Аңыздар - вестничество
[3] Осул - принцип
[4] Калыпчага - матрица
[5] Көтөрүмдүүлүк - сабырдуулук

**дүйнөсүнүн** бүтүндүгүн – Жер – Мен + Мен – Кейан – чынжырындагы (иреттеги ар бир бөлүк бирдей маанилүү) бирдиктүүлүктү сактоо керектигин түшүнүү керек.

2. Экинчиден, бүтүндүктү жана ой-жүгүртүүнүн чулулугун (толуктугун) – ички «Мен + Мен» дымагынын теңдештиги – сезим (мен акыл менен таануучу) жана туюм (мен сырткы кудурет менен таануучу) биримдигин сактоо. Мен Киммин? Менин ордум кайда? Мен эмнеге жаралгам?

3. Үчүнчүдөн, инсандын эки жактуулук мамилесинин бүтүндүгүн сактоо. Күйөө-Аял негизиндеги кубат теңдигин сактабаса, мурдагы катарда келтирилген Мен жартылай болуп калат, анткени Аял Күйөө үчүн жана Күйөө Аял үчүн алардын акылдан сырткары кудурет менен таануучулугунан жаралган кыялдарынын маткелдик абалга өтүүсүнүн көрүнүшү болуп эсептелет.

4. Төртүнчүдөн, өйдөдө келтирилген бөлүктөрдүн эриш-аркак бүтүндүгүнөн үй-бүлөнүн (Жете – Жото - Кубаар – Баба – Чоң ата - Ата – Бала) бүтүндүгү келип чыгат.

5. Бешинчиден, белгилүү бир коомдоштуктагы мындай иреттеги – Мен: менин уруум, менин айылым, менин өлкөм – бүтүндүктү жана инсандын андагы ордун, ага кошкон салымын таасын билүү.

Биз келтирген калыпчадагы мазмундун күчтүү жагы катары улутубуздагы жамааттык ой-жүгүртүүнүн, жамааттуулукка умтулуунун, жамаатты чачыратпоону каалоонун бекем сакталып турганы эсептелет. Белгилүү болгондой, жамаатты чың кармоо үчүн ар бир инсанда өз чөйрөсүн жана өзүнүн жамаатын тикелеп жаратууда зор ынтаасы болууга тийиш. Мындай сапаттын чыныгы аталышы – жамаат үчүн болгон рухий жоопкерчилик. Кыргыздар, жогоруда келтирилген бүтүмдү (чийимди - схеманы) ашыкча эле философиялык ой-толгоолорго чөмүлтө бербей, тукум куучулукту, тарбияны, адатты, тергөөнү (купуя, тыюу) жана салтты сактоо (укуктук тутум катары кабыл алынган) негиздеринде түшүнүп колдонушкан.

Биздин коомго батыш чатактаануу тарабынан таңууланып жаткан чыдамдуулук*[1] (көтөрүмдүүлүк) жекеликке (өзүмчүлдүккө) негизделгендиктен, кыртышыбызда бир нече себептерден улам алысындап кирбей жатат:

а) диндик боорукерликке негизделген, накта жоопкерчилик чектери жок, дайынсыз (абстрактуу) чыдамдуулук сунуш этилүүдө (мисалы, өлкө аймагы – орчун элдин элеби же башка улут өкүлдөрү менен бирдей жоопкерчилигиндеби?);

б) инсандын укугун коргоого негизделип, кыргыздарга жамааттык баалуулук – бүтүн өлкөнүн жана коомдоштуктун кызыкчылыгы – артыктуу экендиги эске алынбай келет;

в) чатактаануучулар батыштык усулдарда окуп калыптангандыктан, салттык баалуулуктарды билишпейт жана окутууда салттуу тарбиялоо усулдарын пайдалана алышпайт.

Жекечилдиктин негизинде адам коомунун табигый түрдө жашап кетүү тутумун*[2] (системин) куруу мүмкүн эмес, чыдамдуулуктун да чеги болуу керек, андан аша чабуу жаратылыштагы табигый мыйзамдардын кыйрашына алып келет. Биздин калыпчадагы (матрицадагы) башкы жумушчу осул катары, **жашоону бүтүндүгүндө сактоо тутуму** чыгып, ал өзүнө жаратылыштагы табигый кубулуштун бардыгын камтуу менен, табигый эмес нерсенин баарын түртүп (жерип) чыгарат. Батыш маданияты динсиздик көз карашында калыптангандыктан, жаратылыштын демин, арбактардын рухун жандуу катары кабыл алышпай жерийт, ошол эле кезде кумсалар*[3] (кызтекелер) жана эркектердин «төрөшүнө» «чыдамдуулук менен» мамиле этүүгө чакырышат. Ооба, бүгүн заги кыбаачылыгы (гендик инженерия) тээ түпкүргө чейин жетти, бирок ал жер бетиндеги кайсыл түр болбосун, анын ичинде адамдын жексурланышына*[4] (мутацияланышына) келүү коркунучуна такап отурат. Ошондуктан,

---

[1] Чыдамдуулук - көтөрүмдүүлүк
[2] Тутумун - системин
[3] Кумсалар - кызтекелер
[4] Жексурланышына - мутацияланышына

жашоонун табигый мыйзамдарын «маданияттоого» бет албаган батыштын өнүгүү келечеги кандай болор экен деген собол жаралат.

Жазмыш жана айлананы кабыл алуунун, ой-жүгүртүүнүн, өзүюшуунун, чарба жүргүзүүнүн тиби табигый жаратылыштык чөйрөдө, өмүр сүрүүнүн эбегейсиз катаал шарттарында иштелип чыккандыктан, ааламдык мыйзамченемдерге шайкеш келип, демек, акыбеттүү да болгон. Бул кайрадан боз үйлөрдө, табигый шарттарда жашоого көчүү керек дегендик эмес. Биз ошол кылымдар бою топтолгон рухий казна жөнүндө кеп кылып жатабыз, анын терең наркын, баа жеткис көркөмдүгүн жана заңгел дөөлөтүн азыркы заманбап өөрчүүгө, техногендик өнүгүүгө жуурулуштура жашоо керектигин айтып жатабыз. Ага керектүү кудурет бизде бар. Ошондуктан, «биз, кыргыздар натыйжалуу өнүгүүгө жарай ала турган коомбуз» деп чечкиндүү айтсак болот. Албетте, эгер өзүбүздүн калыпчага дүйнөлүк жаңы жетишкендиктерди кылдат кынаттай алсак. Эгер, биз улуттук дээрдин бейсезимдик күтүүсү үмүтөткөн коом түзүлүшүн жарата алсак. А биз үмүтөткөн күтүүлөр кандай болду экен?

1. Жамааттык артыкчылыктарды сактоого жөндөмдүү - коомду адилет башкаруу - үлгүсүн жаратуу. Мында, маалыматка жетүүнү, чечим кабыл алууга катышууну камсыздоо, бүтүмдөрдү жалаң гана макулдашуу жана айкындык кырдаалында кабыл алуу, таарынган азчылыктын болушуна жол бербөөчү зарылдык камсыз этилиши керек.

2. Кажырды*[1] (такоолду, ресурсту) бөлүштүрүүнү салттуу калыстыкка салуу – ар кимге алына жараша иш бөлүү, ал колунан келбесе, бакубат жашагандардын үй жумушуна чектөө, эң негизгиси акча жана алектенүүдөн куру калгандар болбошу зарыл. Азыркы түшүнүк боюнча даректүү тирлик (социалдык) камсыздоосу кепилдениши керек.

3. Жакшылар (көсөмдөр - элита) өзүнө тийиштүү бардыгы жөнүндө кам уруп, корголбой калган адам болгон эмес. Уруунун

[1] Кажыр (такоол) - ресурс

мүлкүн башкаруу уруунун башчысына табышталган, бирок, капсалаң мезгилинде ал ырыскы бардыгына тең бөлүштүрүлөрүн ар бир уруу мүчөсү бөркүндөй билген. Азыркы түшүнүк менен айтсак, менчикти башкаруунун «ишеним негизиндеги» түрү болгон десек жарашат.

Ушул келтирилген күтүүлөр канааттандырылганда коом ичиндеги адамкерчиликтин сакталуусу шартталып, ошондо бардык байланыштар бир-бирин ар кандай шарттарды коюусуз, колко-кадыр кылбай кабыл алуучу (алакалар милдеттүү аткарылууга тийиш) рухий негизге тизилет болуучу. Бул осул-талап келечектеги согушсуз жана чатаксыз коомду куруунун, накта рухий коомду тургузуунун негизи болуп бермек. Муну түшүнүү үчүн адамдын рухийлиги эмнелерден турарын териштирип алуу жөндүү. Адамдын руху – бул анын кубаты жана ал жашаган чөйрөсүнүн аруулугу менен кооздугуна (көзүбүз көргөн, дем алганыбыз); ичкен суубуздун, жеген тамагыбыздын тазалыгынан; загибиздин (генибиздин) алгачкы жаралуудагы абалына жакындыгынан; дитибиздин аруулугунан; ойлонуубуздун тазалыгынан; адамдын өз жашоо тарыхында жараткан рухий өсүүнүн ар кандай усулдарынан байланыштуу болот.

Биздин оюбузча, рухий өнүгүүнүн жаңы чимирилишине*[1] (виток) алгачкылардан болуп элибиз бул негиздердин эсебинен көтөрүлөт:

- бизди таза тоолуу жаратылыш чөйрөсү курчап турат;
- биз таза суу жана азыктарды пайдаланабыз;
- бабалардын рухий билимин (загилик эс-тутум) аз болсо да алып жүргөн топтор бар;
- биздин маданият рухий өсүүнүн аяндык (трансцеденттик - элиркеч) аспаптарына ээ. (Манас айтуу, наамалык*[2] (музыкалык) аспаптар, шамандык бийлер, оймо);
- өлкөдө «өзөк оттуу» эргимандар*[3] (пассионарийлер) арбын;

[1] Чимирилишине - виток
[2] Наамалык - музыкалык
[3] Эргимандар - пассонарийлер

- кыргыздардын күрдөөлдүү орто муунунда жетишерлик бийиктиктеги билимий, зыялий (интеллектик) кудурет бар;

- алардын арасында салттуу билимди азыркы илимий жана тарыйкалык билимдер менен жалгаштыра алуучулары бир топ.

Биз – жалгашкан сезимдүүлүккө же аң-сезимдүү рухийликке, ааламдык Биримдикти түшүнүүгө даярдыгы жогору келген элбиз. Азыркы кеңири жайылган илимден айырмаланып, кыргыздардын билими галактикалык деңгээлде иштеп, **Адам менен Кейандын, Адам менен Адамдын бөлүнүшүүсү үчүн эмес биргелешүүсү** үчүн багытталган тутумда болгон. Ал биригүүнүн болушуна рационалдуу илимий ой-жүгүртүп көнгөн адамдар мүмкүн эмес дешсе, анын мыйзам ченемдүүлүгүнүн далилин академиялык илимдин дүйнөсүндө жүргөндөр жакынкы убакта алышты. Самат Кадыровдун назариаты*[1] (теориясы) кванттык физиканын туурунан*[2] (позициясынан) «кубаттык талаанын биримдүүлүгүн» ачык көрсөттү.

Ар түркүн көптүктүн биримдигинин шайкештиги, жашоо чөйрөсүнүн табигыйлыгы менен накталыгы (андагы көп түрдүүлүктүн бүтүндүгүндө эриш-аркак өмүр сүрүү) – мына ушул негизги өзөк-тулкуга кыргыздын рухий дүйнөсүнүн калган бөлүктөрү тепчилип кирип турат. Биздин рухийлик, отурук маданият ээлеринин диний рухийлигиндей эле аңдалып түшүнүлбөйт, бирок салттуу каадачылдык жана жөрөлгөчүлдүк тереңдеги бейсезимдик деңгээлде ааламдык мыйзамдардын сөөлөттөлүп чагылышы катары, элдик рухийликтин мыйзамдары менен эреже-осулдарын карттантып жетилтип турат. Накта дүйнөнүн жана кубаттуулук дүйнөсүнүн (рухтар дүйнөсү) бүтүндүгү – бул айныксыз чындык катары күндөлүк турмушта ата-баба арбагына арналган ыйыкталган ырасым, жөрөлгөлөр менен жүзөгө ашырылат. «Арбак ыраазы болмоюн, тирүүнүн иши жүрбөйт» ынанымы буга далил. Мына ушул бүтүндүктөн көчмөндөрдүн салттуу рухийлигинин уюткусу жаралат.

---

[1] Назариаты - теория

[2] Туурунан - позициясынан

**Кыргыз рухийлигин түзүүчү бүртүмдөр*[1] (элементтер):**

**1. Үзгүлтүксүз экилтик жана теңдик** – бардыгы чагылышта жана тең салмакта бар болот. Чуулгандуу карама-каршылыктын күрөшү деген нерсе кабыл алуубуздун бүтүндүгүнөн улам экиге ажырашына алып келбейт. Күрөш дегенибиз бардыгынын жупташуу, теңдик жана үзгүлтүксүздүгү менен кошо - маткелдик дүйнө жана кубаттык дүйнөнүн жуптугунан, теңдигинен жана үзгүлтүксүздүгүнөн баштап, адамда жана кумурскага чейин - бирге жүрөт. «Ак менен кара бирге жүрөт», «оомал-төкмөл дүнүйө», «кой аксагы менен миң»?

**2. Аяндык*[2] (элиркечтик) аң-сезим** – аңдап түшүнүүчүсү жана окуп үйрөнүүчүсү бар, өкүм сүргөн абал. Ал биздин оюбузча накта жана объективдүү себептер менен шартталган:

- таза суюк аба;
- таза, мөңгүнүн, демек, тутумдашылган ичер суу;
- тоолуу аймак жана деңиз денгээлинен жогорулук, демек, «кызылтүзүлүштү» жана «майдасыялуу» (инфракызыл, ультрафиолет) нурлардын же күн желпүүн (вибрация) таасиринин молдугу;
- тукум улоого загилик (гендик) өбөлгөлөрү.

**3. Болмуштук аң-сезим.** Биринчиден, жазуусун жоготуп алгандан улам, маалымат нечендеген кылымдар бою болмуштар (мифтер), дастандар аркылуу укумдан тукумга оозеки түрүндө берилип келген. Экинчиден, болмуштарга күмөн санабастан ишенип келишкен, анткени алар аян аркылуу жупташ жайгашкан маалыматтык талаадан алынып турган. Мунун бар экендигин азыркы кезде Бүбү Мариям алып келип, китеп катары чыгарган маалымат да далилдеп турат. Чоң жана кенже гөөхарларда*[3] (эпостор), болмуш жана уламыштарда, көөнө рухий билимдер

---

[1] Бүртүмдөр - элементтер
[2] Аяндык - элиркечтик
[3] Гөөхарларда - эпостордо

сакталган катары кабыл алып, аларды кенен жана терең таржымалдоого, түшүндүрүүлөрүнө үлкөн маани беришкен.

**4. Тагдырчылдык** же кайылдык – бул жеке адамдын бүткүл ааламдык зор маалыматтык талаанын бир бөлүкчөсү болгондугунан бардыгы алдын ала шартталганын, чекеге жазылган нерсени көрөрүн түшүнгөндүгүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Эң негизгиси, Теңир ыроологон ошол чулу бүтүндүктөгү тагдыр ырыскысын туура эмес жүрүм, ойлонуу же сөз менен өзүнө зыяндуу кылып албаш керек. Ошондуктан, көптөгөн икаяларга кирген «жөн эле», «буюрганы болот», «эмесе, болуптур да», «баарына кайылдык», «үйдө эч ким жок, өзүбүз эле» – ушулардын натыйжасында «барга көппөгөн, жокко чөкпөгөн» мүнөздүн калыптанышына алып келген.

**5. Сөзгө, анын кудуретине ыйык мамиле.** Көчмөн үчүн башкы баалуулуктардын бири сөз болгон. Бардык рухий каада-салттар менен үрп-адаттардын – тилек, бата, төкмөлүк, айтыш, ураан, кошок, нуска - берилиши сөз аркылуу жүргөн. Кыргыздар макал-лакаптарды, жомок жана уламыштарды чечмелөөгө чоң маани беришкен.

**6. Уруу, урук, үй-бүлөнүн ар-намысы** башка баалуулуктардан артыкчылыкта турган.

**7. Жамааттык аң-сезим** көчмөндөр уруулук түзүлүштүн жана табияттын өтө катаал шартында өмүр сүргөндүктөн калыптанган. Ар ким бири-бирине, күчтүүсү алсызына жардамдаш болгон, «өз жардам усулдарынын» 20дан ашык түрү (ашар, шерине, ыража, өнөк ж.б.) пайдаланылган.

**8. Аял башаттын өмүр берүүчүлүк** (негиздөөчүлүк) уңгусунун көбүрөөктүгүнө бек ынануу.

**9. Табияттык азга топук*[1]** (аскетизм) **аң-сезими.** Азыркы отрукташкан жашоонун бийигинен караса, ал жакырчылык сыяктуу кабыл алынат, бирок көчмөндөр зарыл керектүүдөн ашык оокат топтобоо менен телчигип турушкан. «Артык дөөлөт - баш жарат»

---

[1] Азга топук, кайылдык - аскетизм

дешип, байманалыкты кыргыздардын рухий маданияты жерип турган.

**10. Эргимандык*[1] жана рухий жоопкерчилик** – эл мыктыларынын уюмдашуусунун ушул эки ири рухий тиреги элге кызмат кылууга багытталып - коомдогу байланыштар бекемделген. Ошондуктан кыргыз коомунда жерилип салынган балдар жана жесирлер, асыресе, картаңдар түк болгон эмес.

**11. Көчмөндөрдүн рухий билиминин көкүрөктө сакталып,** атайын калыпка (китепке) салынып чыгарылбаганы. Ар бир диндеги рухий дөөлөттөрдүн маткелдик туюнтмалары катары, чиркөөлөрү, китептери, кызматчылары бар. Салттуу ишенимде болсо, алардын ордуна ыйыкталган табигый мейкиндикти – ал жердин ээлери, рухтары – кайтарып сактоочулары болот. Ушундай сыйынуучу жерлердин өзгөчөлүгү болуп, ыйыкталган сөөлөт жана белгилердин жаратылыштын ойдуңу менен тоосуна шайкештеле жуурулушуп тургандыгы эсептелет. Ошондуктан, жамааттык аң-сезимде ыйыкталган нерсени кабыл алуу сөөлөттүк-көрнөктүктө болуп, элестүү таасир бергенден улам, кыргыздын салттуу билиминде башкы орунду адамдын табият менен болгон алакасы ээлеп, аны аруу ой менен гана ойлоп, жаман ой менен булгап ийүүдөн ийменишкен. Табиятка акыр-чикир таштап булгаганды кой, катуу сүйлөп, кыйкырып, ачулуу кол жаңсап ай-ааламдык назик шапатаны ыргалтуудан кооптонушкан. Мына ушундай өзгөчөлүк менен осулду кармануудан улам кыргыз рухий окуусун жаратылыштан башка эч бир затка байлаган эмес жана аны бир калыпка бекитүү жана маткелдөөдөн оолак болушкан. Теңирге сыйынуунун курулушу жана жабдуулары болбогон менен кыргыздын салттуу коомунда кылмыштуулук, абак, түрмөлөр болгон эмес, анткени адам көкүрөгүндөгү рухий дөөлөт менен заңыт күчтүү болгон.

[1] Эргиман - пассионар

## 2. Ынтымак менен чатак улуттук дүйнөтаанымдык көз караштан

*«Чатак түйүнүн калыс айтылган кеп чечет» (макал).*

«Ырыс алды – ынтымак, уруш арты – чыр-чатак». Мына ушунтип, бул айтылуу макалдын, балким, алгачкы жолу толук түрү пайда болду. Биринчи саптагы «ырыс» - бул адам ишмерлигинен жаралган дөөлөт же маткел (материя), «алды» - бул кыймыл жана тер төккөн иш, «ынтымак» - бул адамдар түзгөн уюм же акыл-эс, аң-сезим, бүтүн биримдик. Экинчи саптагы «уруш» - бул жаңы деңгээлге өтүүдөгү аң-сезимдин өзгөрүүсү, «арты» - оң натыйжа алуу үчүн жасалган изденүүлөр, аракеттер, «чыр-чатак» - кайра курууга муктаж болгон, бычырап калган маткелдик абал. Ушундай абалдан чатак жаңы жана сапаттуу деңгээлдеги ынтымакка өтөт. «Жаман айтпай жакшы жок» демекчи, чатак жаратылыштагы өсүп өнүгүүнүн ийримдик (сыйкылдык) касиети менен табиятына ылайык улам кайталанат жана улам сапаттуу ынтымакты шарттап, адамды сабырга, тынчтыкка токтотот.

Баамдалып тургандай ар бир келтирилген абалда бир өңчөй жана таза аң-сезимдик да, бүтүн жана нак маткелдик да абалдар жок. Анын ар биринде башаты аң-сезимдик болсо, улануусу аралаш болот да, аяктоосу маткелдик менен, ал эми маткелдик менен башталса, улануусу жуурулушкан болот да аягы аң-сезимдик менен жыйынтыкталат. Ооба, «ынтымак-чатак» бүтүндүгү руханийликке чөгөрүлгөн, андан дайыма азыктанып турат. Буга өзүмчүл жеке керектөөгө бүжүрөп карманбаган, 2005- жана 2010-жылдардагы элдик руханий мүдөөнү көтөрүп, жаңы өрчүү жолуна түшүүнү максаттаган ыңкылаптар күбө.

Мында кыргыз дүйнөтаанымынын «адамдын бүткүл дүйнө менен байланышы» камтылып турат. Бөтөн чыгыш жана батыш философиясында «адам жана анын аң-сезимине гана» тиешелүүлүк осулу (принциби) тутунулуп келген. Чыгыш таанымынын өкүлдөрү Габатама (Будда), Ыла Сызы, Кампутсый рухийлик багытты

тутунуучулар. Будданын тастыктамасы*[1] (концепциясы) өзгөртүү аталып, адам өзүн өзгөртүүнүн алдында мыкты руханий сапаттарга ээ болуусу керек делет. Демек, Габатама адамдын рухий касиеттерин кубаттантууга багыт алган. Ыла Сызы болсо тастыктамасын кийлигишпөө атап, адамды такай көрсөтмө берүү менен гана калыптандырбай, үлгү көрсөтүү аркылуу инсандык деңгээлге жеткирүүнү көздөйт. Кампутсый өзүнүн кайрымдуулук тастыктамасында дүнүйөкор эмес гана адамдар кайрымдуу боло алышат деп, руханийликти өнүгүүнүн негизине коет. Батыш таанымынын өкүлдөрү маткелдик багытты кармануучулар болгон. Сократ менен Платон тастыктамасы өзөктүк-укуктук деп аталат. Демек, өзөкчүлдүк*[2] (атомчулдук) да, укукту тутумдоо (системалоо) да маткелдик кызыкчылыктарды көздөйт. Ошентип, чыгыш менен батыштык таанымдар жалпы адамзаттык бир бүтүн таанымдын эки жагын билгизишет: рухийлик жана маткелдик. Бул таанымдарды чатак түшүнүгүн аныктоодо колдонуу үчүн алсак, чыгыштыкы кубулуштардын ың-жың касиетине, батыштыкы нерседеги карама-каршылыктардын күрөшүнө таянат. Бердибек Жумабаевдин көз карашы боюнча кыргыз дүйнөтаанымын айырмалап турган өзгөчөлүктөрүнө булар кирет[3]:

1. Дүйнө – маткел менен аң-сезимди ажырымдоо эмес, аны омоктоп таануу – баш обо, тулк обо, түп обо жана кызыл курт аталган - 4 түзүүчүдөн куралат.

2. Акыл-эс менен маткел бөлөк каралбайт, бул жаатына келгенде дүйнө жалган жана чын катары каралат. Ошондой эле, дүйнө жандуу жана жансыз делбейт: денебиздин 85 пайызын түзгөн кычкылтек, суутек жана кремний өңдүүлөр жансыз болуп калыппы, бул 3 элементсиз адамда жан да калбайт эмеспи? Демек кыргыздарда аң-сезим – ой жүгүртүү жана маткел да бир-биринен айрып алгыс - бүтүн каралат.

---

[1] Тастыктамасы - концепциясы

[2] Өзөкчүлдүк - атомчулдук

[3] Жумабаев Б. Кыргыз дүйнөтаанымы. Б.: «Бийиктик» 2010. 359-бет.

3. Кыргыздар адамзатты (кишини) тулк обо катары карашкандыктан жана аны ааламдын башка түзүүчүлөрү менен бирдикте кабыл алгандыктан, адамды өзгөчөлөбөй аны курчап турган чөйрө менен, ал аркылуу агылып жаткан гравитаттык талаа жана майда заттары менен бирге карайт.

4. Азыркы философиянын экиликтүү*[1] (дуализм) түрү (Декарт, Гегел) адамды акыл-эс менен маткел бүтүндүгү катары караганы менен алар карама-каршылыкта өнүгөт дешет. Булардын теңирчиликтеги акыл-эс менен маткелге карама-каршылыкты киргизиши адамзатты огобетер кармашуу, касташуу жолуна салган.

Натыйжада, дүйнөлүк саясат тирешүүгө, бири-бирин алсыратууга негизделип, келечектүү жана өрчүл болгон, түбү теңирчиликте жаткан, көчмөндөрдүн «ырыс алды – ынтымак» саясатынан оолактап кеткен. Ал эми теңирчиликтин түпкү маанисинде тараптар (адам, аалам) карама-каршылыкта каралбастан, өз ара ылайыктуулукта, өз ара ырааттуулукта жана шайкештикте каралат. Бул кыргыз дүйнөтаанымынын ыраатөрчүүсү*[2] (диалектикасы) болуп саналат.

Биздин азыркы коомдо кыргыздын дүйнөтаанымынан алыстап калгандыктын көрүнүшү катары төмөнтөн баштап жогору жакка чейин «ынтымакты» ички карама-каршылыгы менен кабыл алып туюнгандыгыбыз болууда. Андыктан, ырашкерликке келе албай, бир беткей агылып кеталбай жатканыбыздын себебин түпкүрүнөн бери аңдабай келебиз. Демек, биз «ынтымакты» кааласак аны терең түшүнүү жана өздөштүрүү менен катар «чатактын» да табиятын жакшылап аңдап туюнуп алуубуз жөндүү. Ошентип, ынтымактын «күнүлөшү» чыр-чатак болот экен. Бул эриш-аркактыкты унутуп коюп «Ынтымак» курултайын өткөрүштү, ЖКда «Ырыс алды – ынтымак» кошумун*[3] (каалитсиасын) түзүштү. Бирок уюштуруучулар өз ниети менен аракетин нукура кыргыз төптүгүнө

[1] Экиликтүү - дуализм
[2] Ыраатөрчүүсү - диалектикасы
[3] Кошумун - коалициясын

салбагандыктан, озуктуу натыйжалар көрүнбөй, салмактуу жыйынтыктар алынбай келет.

## 3.Чатакта маданияттын орду

«Ар кайсы доорлордо кыргыз элинде ар түрдүү дөөлөттөр омоктуу орунду ээлеп келген. Бирок кыргыз маданияты үчүн көөнөрбөс дөөлөт, алмашкыс нарк болуп келаткан бир баалуулук – бул Адамдын өзү, анын парасаты, ыйман наркы, адеп бедели. Кыргыздар жаш муунду «кыргыз бол» эмес, «адам бол» деп тарбиялайт. Демек, Кыргыз адамы – кыргыз маданиятынын дөөлөтү. Кыргыз маданияты – кыргыз адамынын өнүмү жана мээнети, – деп, белгилей келип, Сабыр Иптар уулу оюн мындайча улантат. – Бирок, бир олуттуу жагдай бар. Алар «адамдагы терс сапаттар» деп аталып, элдин адеп маданиятынын өзүнчө бир өңүрүн ээлеп турат. Аларды эске албай коюу «ооруну жашырганга» барабар. Ошондой эле, алардын тамырын түгөл соолутам жана тасыраңтас адамдын өнө-боюнан айдап салам, деп жээлигиш көктү карап түкүргөндөй эле кеп. Адам чиркин аларды да өзү жаратып өзү өөрчүтүп келет. Мындагы орчундуу кеп алардын төркүнүн көрө билип, акырындап четтетип, улам кубатынан тайдырып, сары изине чөп салып, такымдап жүрүп отуруудa. Ылаажы жок, маданият анысын да, мунусун да айкөлдүк менен койнуна батырып, түтөт. Аласын да куласын да көтөрөт. Акырындап жондоп, абайлап теске салып, өр таянып отурат. Демек, Адам – жакшы-жаманы, өйдө-төмөнү, баш-аягы бириккен чулу дүйнө. Ал – маданияттын уюган мөөрү, табияттын табышмактуу аян белгиси, тарыхтын баян-табериги»[1].

[1] Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б.: «Шам» 2000. 7-бет.

Бул ойдон түртүлсөк ынтымакты да, чатакты да адам өзү жаратып алат экен го, чиркин. Ооба, ынтымак бар жерди чатак тооруп турат. Чатак ынтымакка карата каш менен кабактын ортосундагыдай аралыкта дайыма турганы турган. Андыктан аны кишиден же ал жашаган коомдон толук сүрүп чыгам деп кыялданыш майнапсыз жорук эмей эмне? Аны баамдабай коюу же тоготпоо менен андан арылып кете албайбыз. Ынтымак баркын чырга малынганда сезебиз. Демек, чатакты такыр жоготуу мүмкүн эмес, бирок анын алдын алып турууга, болтурбай калууга болот. Ага, албетте, ар бир элдин кылымдар бою иштеп чыккан маданияты эш боло алат. Анткени, маданият чыйырынын салынуусу, мындын беш миң жылдан илгери керээт (надсознание) калыптануусу жүрө башталган мезгилге барып такалат. Кыргыздар коомдоштуктагы чыр-чатактан арылуунун жана ынтымак-ырашкерликте жашоонун жөрөлгөлөрү менен кошо усулдарын иштеп чыккан. Алар турмушка нускалуу сөз менен ишке ашырылган. Буга далил катары, кыргыздын өткөн турмушунан айрым акыл кеңештер, жөрөлгө, каадалардан мисалдарды тарталы. Акыл-нуска, кеп-кеңештер кыйытуулар миңдеген кыргыз **макал-лакаптарында** чагылтылган эмеспи. Булар эскирбейт, адам жашап турган шартта өзүнүн зобололуу жана пайдалуу маанисин эч бөксөртпөйт.

- **Макал-лакаптар** (Макал - сөздүн атасы)

Кыргыз макал-лакаптары – бул элибиздин турмуш-тиричилик тажрыйбасынан өнүп чыккан коом менен табият кубулуштарын, жандыктар менен өсүмдүктөр белгилерин жана адамдардын бири-бирине жасаган мамилесин чагылткан уютулган акыл, насаат сөз. Кыргыздар макал-лакаптарды сөз кооздугу, кептин кемелдүүлүгү үчүн гана эмес, эң негизгиси өз оюнун айныксыз чындык жана кашкайган тууралыгын далилдеш максатында айтышкан. Аны «калыс акылман» катары кабыл алышып, таамай айтылган макалды талаша талкуулап отурууга эч кимдин акысы жок болгон. Анткени, нечен кылымдардан бери эл элегинен өтүп чыккандыктан, кайра бекемдөөнү талап этпеген талашсыз чындык иретинде кабыл алынган. Макал-лакаптардын негизги максаты жаш муунга таалим-

тарбия берүү болгондуктан, Чыңгыз Айтматов айткан: «макал-лакаптар кыргыз элинде таалимдик (педагогикалык) илимдин милдетин аткарып, элдик мугалимий-тарбиялык ой оозеки чыгармачылыкта бекем сакталып, иш жүзүндө колдонулуп келген».[1] Ошентип макал-лакаптар, биринчиден, адамдарга асыресе жаш муунга билимин кеңейтүүгө маалымат берсе, экинчиден, жакшы адам болуп өсүүсүнө багыт көрсөткөн. Ал өтө кыскалыгы, көркөмдүгү, үйрөнүп алууга жеңилдиги жана адам менен жаратылыш тууралуу так маалымат бергени менен айырмаланып турат. «Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, биздин ата-бабалардын насаатын унутсак, - деп жазган Түгөлбай Сыдыкбеков - анда биз эч качан өнүгө албайбыз жана бизди ата-бабалардын арбагы урат».[2] Ооба, кыргыз коому менен адамы нускалуу сөз менен ширелип турган. Кыргыз макал-ылакаптарын окумуштуулар ар кандай түрлөштүрүп (классификациялап) келишет, анын бирин да мына мунуку анык экен деп кабыл алуу мүмкүн эмес, анткени ар бир макала бүткөрүлгөн бир чыгарма десек болот. Ынтымакка чакырып, чатактын алдын алган, эл ичинде «бейкуттук бешигинде» жашоонун негиздерин нускалаган макал-лакаптардан келтирип жатып, бул жерде анын айрымдарына Ынтымак жана Чатак түшүнүгүндөгү түзүүчүлөрдүн мисалдарын белгилеп коюуну оң көрдүк. (эскертүү: келтирилген түзүүчүлөргө алдындагы макалдардын баары дал келбеси мүмкүн, аны окурман омоктоп чыгып, териштире дал келтирүүсү ылаазым).

- **Ынтымактын түзүүчүсү «айкөлдүк»**

Абийириңди жашыңдан сакта.
Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.
Адамга таандык мыкты дөөлөт – достук.
Ак ийилет, кара сынат.
Акыл үч жолу кемийт: капалуу болгондо, уктабай жүргөндө, курсак ачканда.

[1] Эл адабияты. / 10-том. Макал-лакаптар – Б.: Шам, 2001. 16-бет.
[2] «Кыргызстан маданияты» гезити, 14-апрел, 1991-жыл.

Алыш-бериш – тuугандыктын белгиси, уруш-кериш – душмандыктын белгиси.
Арамга – адал, жакшыга – жаман, ыйыкка – бузук тизгиндеш бу дүйнөдө.
Байлык - байлык эмес, бирдик – байлык.
Бардар менен дос болсоң – каалаганыңды аларсың, жаман менен дос болсоң – кара өзгөй доого каларсың.
Баш көбөйсө - ырыс, кас көбөйсө - уруш.
Баштуу тойдун ыры көп, башсыз тойдун чыры көп.
Бир күнү уруш болгон үйдөн, кырк күнү береке кетет.
Бирөөгө таш ыргытсаң, ал сага ок атат.
Бир сап ырдан, бир кап чыр да чыгат.
Бузулар үйдөн ырк кетет: атасынан адилдик, баласынан намыс кетет, катыны айыңчы, келини ууру болот.
Бураң иштин – арты ылаң.
Бүгүнкү ачууңду эртеңкиге кой.
Далилдүү сөз – угузат, кур насаат – качырат.
Даражаң көтөрүлгөн сайын кичипейил бол.
Дос алдында жооп берүүдөн, душман алдында өлгөн жакшы.
Дос-жолдош – бир жылдык, куда-сөөк – миң жылдык.
Достун каны башка, жаны бир.
Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт.
Жакшы болом десең жакыныңа жан тартпа, бактылуу болом десең башкаларга көз артпа.
Жакшыга жакындаба өзү сени сүйбөгөн соң, жаманга жакындаба пайдасы тийбеген соң.

- **Ынтымактын түзүүчүсү «керектөө»**

Жакшы күндө - душман дос, жаман күндө - тууган дос.
Жакшыны көргөн, жаманды бөлгөн – бул акылмандык.
Жалгыз өгүз кош болбойт, жаакташкан дос болбойт.
Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок.
Журт арасы – темир талкуу.
Жыгачты курт чиритет, элди өсөк (ушак) иритет.

Жылуу келген душманды суук чыгарба.
Залим менен жакын болсоң, башың жерге кирер.
Заманы бирдин амалы бир.
Зор адамга жакшы адам сөзү менен теңелет, бар адамга жок адам күчү менен теңелет.
Зор иштер менен (жөнүндө) баарыга бирдей жага албайсың.
Зордукчуга теңдик жок.
Зулум эшиктен кирсе, ырыс түндүктөн чыгат.
Изденүү – ийгиликтин жолу.
Ийилген башты кылыч кеспейт.
Ийри жыгач түз болот – тезге салып мордосо, душманына кор болот - өз тууганын кордосо.
Илим – турмуш чырагы, өнөр – эрдин куралы.
Ити семиз, мал арык – жер азганы, ынтымагы болбосо – эл азганы.
Ит кабышып өлөт, акылсыз чабышып өлөт.
Ит менен дос болсоң, сөөк талашасың.
Кагылышта кан өлөт, калаа бузулат; эрегиште эр өлөт, эриш бузулат; өчөштүктөн өрт чыгат, эл бузулат.
Какшык сөз кадырлашты да бузат.
Калган көңүл – чыккан жан.
Калем курчу – изденүү менен акылда, достук күчү – бирдик менен жакында.
Калжың менен сөз көбөйөр, жаңжал менен көз көгөрөр.
Карганын жашын, кишинин ичин билиш кыйын.
Карды калап жаксаң – отуң күйөт, ыркырашып турсаң – ырысың бүлүнөт.
Кастыктын түбү – көмүр, достуктун түбү - өмүр.
Кеңешээрге киши табылбаса, өз бөркүң менен кеңеш.
Кериш – келген бакты кетирээр.
Кесирдүүдөн кез бою кач, жалакордон жаа бою кач.

- **Ынтымактын түзүүчүсү «убакыт»**

Кечинде жатып ойлон, эртең менен туруп сүйлө.

Кечүү билбей кечпе, адамдын сырын билмейинче ишенбе.
Киши акылы – кишен менен тушоо, өз акылың - өзүң менен тамыр.
Киши жаманын кирип чыкканча билет, өз жаманын өлгөнчө билбейт.
Кишини киши аксатат.
Колго түшкөн баатырдын башын чабыш – канкордук.
Кол жарасы кетет, тил жарасы кетпейт.
Кол кудайдын мөөрү.
Колуңдан келип турганда бөйпөңдөп, бак тайган күнү баса берген киши дос болбойт.
Коңшулуктун белгиси – алыш-бериш, досчулуктун белгиси – барыш-келиш.
Коркпогондон корк, уялбагандан уял.
Кортук кочкор төл бузат, куйту киши эл бузат.
Көзү менен көргөн чын, кулак менен уккан күмөн.
Көлдү бороон толкутат, элди эселек толкутат.
Көңүлдүү коңшуга ызалуу сөз айтпа.
Көңүл каалабаса себеп көп.
Көңүл – сөздүн сандыгы. «Көңүлүмө жагат» деп көрүнгөн менен дос болбо.
Көп баатырдан жоо кетет, көп чеченден доо кетет.
Көп бар жерде сын бар, сын бар жерде чын бар.
Көп - коркутат, терең – батырат.
Көргөн көздү, уккан кулак жеңиптир.
Көркөм өнөр – касиеттүү күч.
Куда болгончо кулу-бийиңди сураш, куда болгон соң кул да болсо сыйлаш.
Купуя сөз – эл жобо күткөн жырым (же, эл убайымда сактаган баалуу кенч).
Курсагы ач курушат, акылы аз урушат.
Күбөлүү сөз – никелүү катын.
Күйөөңдүн көөнүн кирдетпе, күнүгө бизди тилдетпе.
Күйүттү күйүп ызала, кырсыкты эмгектенип табала.

Күлгөндүн баары дос эмес, урушкандын баары кас эмес.
Күндү бузган ала булут, элди бузган ушакчы чуут.
Күмүш ээр ак каңкы, ат жоорутар болгон соң – күмүшүн алып отко жак, күйүшөр тууган болбосо – күлүмсүрөп жатка жак.
Күч акылга баш ийет. Күч кетет, билим кетпейт.
Күчтү күч токтотот, сөздү сөз токтотот.
Кыйындыкта жолдошуңду сакта, максаттуу иштен качпа.
Кылмыштуу катын эрине жорго, кийгени торко.
Кырсык аяк астынан табылгандай, бакыт да айттырып келбейт.
Кыса – кыяматка кетпейт (же Кысас – (өч, кек) бул дүйнөдө алынышы керек маанисинде).
Кыялданган тилекти кыстаган турмуш бийлейт.

- **Ынтымактын түзүүчүсү «такоол» же «каражат»**

Майкана көрбөй бала оңолбойт, жокчулук көрбөй жигит оңолбойт.
Максаты бийик алдатпайт, кыялы күлүк – карматпайт.
Мактоо – жеткирет, чагым - өлтүрөт.
Мал арыгын сактасаң ооз майлайт, киши арыгын сыйласаң ооз каңдайт.
Малдан жарды калсаң кал, акылдан жарды калба.
Малың жүзгө жеткенче, таанышың үчкө жетсин.
Мансап үчүн сүйбө, мал-мүлк үчүн достошпо.
Медери жок туугандан, бек сүйлөшкөн жат жакшы.
Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл.
«Мен» деген чөл, «биз» деген көл.
«Мен мында» деп кыйкырба, кайда жүрсөң эл көрөт.
Миңдеген тилек бир болсо, билеги бир болот.

- **Ынтымактын натыйжасы ийгиликтүү «жыйынтык»**

Мыйзамды аткарсаң жетээрсиң муратка, болбосо калаарсың уятка.
Мышык чычкан дос болсо, кампага каргыш тиет.
Наадандык – тирүүлүктүн өлүмү.

Наадандын кылган кастыгын жакшылык менен жеңип ал.
Нандан улуу тамак жок, адамдан улуу атак жок.
Нарк кымбат болсо, сатармандын нысабы кетет.
Ойдун гүлдөгөнү – адамдын өркүндөгөнү.
Ойлобой сүйлөгөн, оорубай өлөр.
Ой – сөздүн булагы.
Ойношчул катындан, шылдыңчыл уул туулат.
Ойчул ойлогуча, тобокелчил үйүнө барат.
Ок аткан жоодон сыр ачкан өз жаман.
Окуу – жакшылык, окуусуз – караңгылык.
Он күндүк ашың болгончо, бир күндүк эшиң (досуң) болсун.
Оң колуңдун ачуусун, сол колуң менен карма.
Оңко оюн бузат, тентек жыйын бузат.
Ооз – айгак, тил – тайгак.
Оздон кан чыкса да, душманга ырыңды ырдаба.
Оорго чыдашып, жеңилди колдон алыш.
Оору калса да, адат калбайт.
Оору - өмүр бычагы, орой сөз – көңүл бычагы.
Оорусун жашырган өлөт, боорун жашырган бөлүнөт.
Орой уруш десе уугун, кериш десе керегесин ала чуркайт.
От жалынын билбеген кайрылат, дос жалынын билбеген айрылат.
Өгүздү өргө салба – канатың талат, жаманга жүзүңдү салба – шагың сынат.
Өгүз өлдү, орток (бирге иштөө) айрылды.
Өз акылы – аксак, киши акылы – таскак.

- **Чатактын түзүүчүсү «көрө албастык»**

Өз башыңды доого берсең да, жолдошуңду жоого бербе.
Өз боюңа сакыт бол, коңшуңду ууру тутпа.
Өздөн чыккан жоону ынтымакка чакыр.
Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт.
Өз кылганың өзүңө, өйдө карап түкүрсөң, кайтып түшөт жүзүңө.
Өз мекениңди көздөй сакта.

Өз күчүңдү өлкөгө арнагын, өзгөлөргө өрнөк камдагын.
Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт.
Өз тууганын кордосо, душманынан кор болот.
Өз үй - өлөң төшөк, өз эл - өмүрлүк жөлөк.

- **Чатактын түзүүчүсү «атаандаштык»**

Өзүм-өзүм дегенде өргө чыкчу күчүм бар, өзгө менен кектешкенде кетпес-бүтпөс өчүм бар.
Өзүнө жакшылык кылбаган адамдан, өзгөгө жакшылык артпайт.
Өзүнүн уяты жоктун сөзүнүн туруму жок.
Өзүңдө турса айып, кимге барасың кыңырайып.
Өзүңдү өзүң мактаба, сени эл мактасын.
Өзүңө бычак ур, оорубаса кишиге ур.
Өзүң өлсөң өл, бирок досуң өлбөсүн.
Өзүңө өзүң жакпасаң, жакканың ошол элиңе.
Өкүмү болбой өнүкпөйт, башчысы болбой марыбайт.
Өлгөндү туулган жеңет, жоону кууган жеңет.
Өөлүүлөр жөнүндө оң сүйлө, болбосо үндөбө.
Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт.
Өсөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт.
Өспөс уул өнбөс доону доолайт.
Өткөнгө өкүнүп, жетпести кууба.
Өткөндү билбеген эл – атасын тааныбаган баладай.
Өткүр ок – душманга, өткүр көз – тууганга.
Өтпөс буйрук – бойго кардык.
Пайданы башыңа кыл, башыңдан ашса досуңа кыл.
Пайдасыз тууган – чекеге чыккан чыйкан.
Пейил күтсөң, бертик (чогула жасаган ырым тамак) бергенди унутпа.

- **Чатактын түзүүчүсү «карама-каршылык»**

Пейли кенен – калысчыл, пейли тар – арызчыл.
Сабырдуулук акылмандын шериги.
Сактансаң сактаймын, сактанбасаң – отко кактаймын.

Сарамжалдуулук байлыктан артык.
Сарсаана болбо жогуңа, санаа жокко жеткирбейт.
Сел сайды бузат, ушак элди бузат.
Сийдиги тентектин бири тентек, жатыны тентектин баары тентек.
Сиңер жерге суу жай, угар кишиге сөз айт.
Сокурдан күзөтчүң болсо, элди жоо алат.
Соодада көңүл жок, саламда борчтук (милдет) жок.
Сөгүп үйрөтпө - сүйлөп үйрөт, кагып үйрөтпө - окутуп үйрөт.
Сөз атасы – ыр, сөз катасы – чыр.
Сөз доодон да куткарат, жоодон да куткарат.
Сөздү чын токтотот, сууну чым токтотот, чырды тим токтотот.
Сөз жүзүндө сүйүүдөн, ачык жек көрүү артык.
Сөз ээси киши – журт көзү.
Сулуулук - жандын азыгы, кыялдын канаты.
Сураганга бекер бер, суусаганга эки бер, кыла көрбө текебер.
Суудан тонун аябаган, жоодон жанын аябас.
Суук сөз тууганга да жакпайт.
Сыйлаганга аш таппасаң, сыпаа-сылык сөз тап.
Сыйлашпаган тууганың, сыр айтпаган душмандай.
Сылыктыктын белгиси – алыш-бериш, ынтымактын белгиси барыш-келиш.
Сырга көк, убадага бек бол.
Таасирдүү сөз – тарбияга көмөктөш.
Тагдыр, жазмыштагыны көрөм деп, отура берүүгө болбойт.
Така туякты сактайт, туяк тулпарды сактайт, тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт.
Тактыктан достук бузулбайт.
Талаалуу жерде тоо болбойт, жакшы элде доо болбойт.
Тамчы тама берсе таш жарат, бир сөз ырбай берсе баш жарат.
Тарбия көп кырдуу, таалим көп сырдуу.
Таш менен урганды аш менен ур, атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер.
Ташчы ташты тешет, айың башты тешет.

- **Чатактын түзүүчүсү «ушак - айың»**

Таяк эттен өтөт, сөз сөөктөн өтөт.
Таянаарың болбосо, таамай сөздөн пайда жок.
Таяныч жок адам жаман болот, бөөдөсүнөн ар дайым залал болот.
Тектүү жер – намыстуу эл.
Тентекке санат болбосо, журт ыраатын бузулат.
Тең теңин тапса, деңиздей чалкып жашайт.
Терең дарыя тынч агат, акылдуу киши тынч айтат.
Тили таттуу аш жейт, тили ачуу муш жейт.
Тириликтин күчү – бирдикте.
Тирүүдө сыйлашып, өлгөндө ыйлашпаган урук-тууган, дос-тамыр, куда-сөөктөн оолак бол.
Тобунан ажыраган торго түшөт.
Тобокел – эрдин жолдошу. Тобокелге кайгы жок.
Токоюна карай аңы, учуруна карай заңы (мыйзамы).
Токсон ооз сөздүн томуктай түйүнү болот.
Токтоолук – бакытка алып баруучу ырыстуу жол.
Тоо арасын суу бузат, эл арасын чуу бузат.
Тоону бийик дебе - талаптансаң чыгаарсың, жоону күчтү дебе – кайраттансаң жыгаарсың.
Топ болуп төртөө болсоң, төбөдөгүнү түшүрөрсүң.
Турмушта эң кыйын нерсе – акылсыздыкты жөнгө салуу.
Тууганга душман болбо, душманга тууган болбо.
Тууганда н өтөм десең кой бак, душмандан өтөм десең аштык бак.

- **Чатактын түзүүчүсү «текеберлик»**

Тууганды н өзү таарынса да, боору таарынбайт.
Тууган катары кучакташтырган – тил, душман катары бычакташтырган – тил.
Түзөлөр жолго түшпөйм десе, түбөлүк деген досуңдан кеч.
Түштүн башы казандай, моюну кылдай, жоруган жакка оойт.
Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык.

Убакыттан уттурганың – ырыскыдан куру калганың.
Узун тил – уудан жаман.
Уккан – уламал, көргөн – көзөмөл.
Улукка пара бергенче, күн өткөрүп бара бер.
Улуунун сөзүн ук, кичүүнүкүн ойлон.
Улууну урматтаган адам узак жашаар, кичүүнү урматтаган адам куунак жашаар.
Улуу сөздө уят жок. Улуу сөз - өткөн өмүр.
Улуусун күтпөгөн жаш уратсыз (туруксуз), арбаган барктабаган журт уятсыз.
Урулуу журт – уялуу жыгач.
Уруш бар үйдө мээнет бар, ынтымагы бар үйдө дөөлөт бар.
Урушпай айрылган, уялбай кошулат.
Уруштун башы «бок жебе».
Уруш – ырысты качырат, ынтымак - ырысты ашырат.

- **Чатактын түзүүчүсү «калпычылык»**

Уу ичкен бир өлөт, ант ичкен миң өлөт.
Уулуңду адепке сөз менен эмес, өрнөк менен үйрөт.
Уучу бирге жазылат, түбү бирге кошулат.
Учкашкандын баары дос эмес, урушкандын баары кас эмес.
Ушул жарык дүнүйө, устаранын мизиндей, оодарылат күнүгө.
Уят өзүнчө бир уруу журт.
Үй-бүлөнү бузган – чоң шаарды бузганга барабар.
Үйдөн өлгөн жаманат, жоодон өлгөн салтанат.
Үйүңдүн ичи тар болсо да, өзүңдүн ичиң тар болбосун.
Үй ээсинин кабагы – меймандын сүйгөн тамагы.
Үмүттүн өз дөөлөтү бар.
Үн салмагы сөз маанисин арттырат.
Чаап айтканча, таап айт.
Чабалакей менен шилекей алышып достош.
Чагым - өлтүрөт, мактоо – жеткирет.
Чакмак таш кууну тутандыргандай, кагылыш болор-болбос себептен чыгат.

Чаппаса билекте калат, айтпаса жүрөктө калат.
Четтен келген жоону тилге келтир, ал тилге келбесе кылычыңды чыгар.
Чечende жалпынын сөз акысы бар, байда кедейдин көз акысы бар.
Чечинген суудан кайтпас, кезенген жоодон кайтпас.
Чирик – чиритет, бузук – бүлдүрөт.
Чогоолдун (кыялы чукул) чокмору ылдам.
Чогулушта чындык керек, чогууда тынчтык керек.
Чымындуу жерде курт күчөйт, ырымдуу жерде дарт күчөйт.
Чындык сөздүн душманы көп.
Чындыкты жарадар кылууга болот, бирок аны өлтүрө албайсың.
Чындыкты тануугa болбойт, достукту чанууга болбойт.
Чыныгы дос уялаштан артык.
Чырдуу кыздын чыргоо жомогу ырбайт.
Шектенүү – шерттешкен достукту бузат.
Шынааны шынаа менен кагып чыгарат.
Ыза тозокко алып барат.

- **Ынтымакка чатактан чыгып баруу**

Ыйдын түбү – ый, сыйдын түбү – сый.
Ыйкы-тыйкы болсоң чачылаарсың.
Ыйлашарга өз жакшы, сыйлашарга жат жакшы.
Ынанымы жоктун адеби жок.
Ынтымагың бар болсо, айылың менен журтка тең болорсуң.
Ынтымагың болбосо, жашоо кыйын тынчыраак.
Ынтымак - бейкуттуктун көрөңгөсү, ымала – ырыстуу элдин жөрөлгөсү.
Ынтымак болсо калкыңда, душманыңдан тартынба.
Ынтымактуу үйдө ырыс түнөйт.
Ынтымак түбү – ийгилик, тирилик түбү – биримдик.
Ырксыз үйдүн баласы тентек, баштуу үйдүн карысы жөнтөк.
Эгинчи жоодо тынат, балыкчы доодо тынат.
Эзелден душман журтту, тууган кылуу – бул эң бийик сыймык.

Эки атаны төрткө бөлгөн кол башчы жоодон өлөт.
Эки жакшы баш кошсо – ырыс, жаман менен жакшы баш кошсо – дурус, эки жаман баш кошсо – күн сайын уруш.
Эки жаман таарынышса – амандашпайт, эки жакшы таарынышса – жамандашпайт.
Эки жүздүү эл бузат.
Эки ой бир көөдөнгө сыйбайт.
Эки өчтүүнү бир күчтүү кошуптур.
Эки шумкар талашса, бир кузгунга жем болот.
Эки таш беттешкен жерде - күкүм, эки дос беттешкен жерде – бүтүм.

- **Ынтымактын даражасы**

Эки эрдин достугу – бир белден ашырат, эки элдин достугу – миң белден ашырат.
Элге эл кошулса дөөлөт, элден эл кетсе – мээнет.
Элге эр кымбат, эрге эл менен жер кымбат.
Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес.
Элдин сөзү элде калсын, душман сөзү жерде калсын.
Элди үйрөткөн, элден үйрөнөт.
Элине моюшкан азамат, душманына тизе бүкпөс.
Эл камын ойлоп башкаргандык – кеменгерлик, эл тагдырына кол көтөргөндүк – текеберлик.
Эл менен эрегишпе, эр менен жоолашпа
Эл – ырыстын киндиги, эр – ырыстын коргону.
Эптүү сүйлөп чөгөлөсө, кулдук кылып, баш ургун.
Эрди катындын ынтымагы – капкалуу калаанын берекеси.
Эрди көңүлдө сыйла, жоону көрбөй баала.
Эрдиктин түбү өзүнө жоо көбөйтөт.
Эр достугу – эгиз, эл достугу – деңиз.

- **Чатактын терс кесепети**

Эрегиштен эр өлөт, кара кулак шер өлөт.
Эркектин лөгү сөзгө көнөт, катындын лөгү сүзүп ийет.

Эр чекишпей, бекишпейт.
Эсептүү дос айрылбайт, эсепсиз дос кайрылбайт.
Эстүү – көпчүл, эселек – тууганчыл.
Ээнбаштык менен тапкан малың өз башыңа жүк болор, эмгек менен тапкан малың өлгөнүңчө мүлк болор.

**Ата-бабаң кеңеш айтат**[1]

Оорулуу адамдарга өз атаңдай жардам көрсөт: кокус өзүң ооруп калсаң, алар өз кезегинде сага жеке баласындай көмөгүн жасашат.
Чагым сөзгө ишенип, өзүңдүн жакын көргөн кишиңди жектебе. Себеби, сага жеткен ушак кыска болсо узарып, түз болсо ийрелип келерин унутпа.
Душмандан кегимди алчумун деп, анын досторуна жамандык кылба. Болбосо, уй сүздү эле деп, музоону өлтүргөн наадандан бетер болуп каласын.
Кол куушуруп, алдыңа түшүп келген душмандан сак бол. Балыкты кармаш үчүн кайырмактын илмегине жем сайыларын унутпа.
Кемчилигиңди айткан адамды жаман көрбө. Ал сенин бетиңе жуккан көөнү сүрткөн сүлгү болот.
Өзүңдүн татынакай кийимиңди чанып, башка улуттун киймине качырба. Болбосо же жатка, же өзүңө окшошпой, эки ортодо же аялга же эркекке кошулбаган кызтекедей болуп каласын.
Өзүң жогоруласаң, өзүңдөн төмөнкү жолдошторуңду таштаба. Кокус ооруп калсаң жогоркулардан мурда, төмөнкү курдаштарын каралашат.

[1] Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. – Б.: Баласагын, 1993.

## 4. Достошуу

*«Кудай кошкон куда болот, Пайгамбар кошкон дос болот» (макал).*

Бул көңүлү жакын ымалалаш адамдардын жүрө-жүрө кыйышпас теңтуштуктан да өтүп, бири-бири менен маткелдик алыш-бериштик катышка өтүүсү. Мындай деңгээлге өсүп жеткен шартта ой-пикирлери орток болуусу, ортолорунан жел да өткөрбөөлөрү ылаазым. Алды-берди кылууда алдын-ала бири-биринин муктаждыктарын баамдашып, жардамдашууга дайыма чапчан болуусу. Достошуу аземинде алдыларына ат тартылып, үстүлөрүнө чепкен жабылат. Бири жорго же күлүк мингизсе, экинчиси кайра анын чылбыр-боосуна – кыл куйрук жетелеткен. Ошентип, дос болууга арзып жүргөндөр анын жолдугун жасоого атайын аттанып түшүп, өз жол-жоболору менен сыйлап узатышкан.

Достуктун эң мыктысы «анттуу дос» делет. Аны тактап айтсак, достук жанбас үчүн «шилекей алышат», «чыбык кыркышат», «чыпалак канын сорушат», «туз жалап», «нан тиштешет». Ынтымагы таш жарган, даңаза болуп айтылып келаткан достукту «аккан достук» атап коюшат. Бул аңыз «Курманбек»[1] кенже гөхарындагы кыргыз Курманбек менен калмак Аккандын досчулугунан башталып, азыркыларга да үлгү. «Аккан достук» – бул накта же «акыреттик достук», демек, кыямат кайымга чейин жетүүчү достук.

[1] Курманбек. К.Акиевдин айтуусунда. Ф.: «Кыргызстан», 1970.

«Кашкардын ханы Аккан Курманбекке айтып турганы:

*...Кучакташып дос болсом,*
*Кырчылдашар жоо болсо,*
*Сен болорсуң жолдошум.*
*Душманым көп, тууган аз,*
*Туш-тушумдун баары кас,*
*Туугандан артык тууушту,*
*Сен болосуң жан курдаш!*

Достуктун куну үчүн Аккан Курманбекке өзүнүн бийлигин өткөзүп берүүгө да даяр:

*...Эрдигиңе көз жетип,*
*Достошкону турамын.*
*Бу тилекке жеткирсең,*
*Сага өтсүн хандык сурагым.*

Досунун бул сөзүндөгү «хандыкты тартуу кылганга» эмес, анын чын ниети жана кеменгерлигине Курманбек кубанып, Аккан экөө кучакташып дос болушту. Курманбек калтар кара жоргону Акканга жетелеп түштү. Аккан Курманбекти бир нече күн кондуруп, лөгүнө алты батман алтын жамбы, ошончо күмүш жүктөтүп жөнөттү. Курманбектин айтып турган сөздөрүнөн бир үзүм:

*...Кош аман бол жан досум,*
*Унутпас анттуу жолдошум.*
*Кол кармашып өсүүгө,*
*Убада эки болбосун!*
*Бизге келген душмандын,*
*Билип ал досум оңбосун!*
*Тапшырдым Аккан аманат,*
*Көрүшөлүк саламат»...*

Алты жыл өткөндөн кийин атасы Тейитбек «теке жоомарт Телтору атты» бербей, анттан тайган 40 жигити ээрчибей жерин баскан калмактарды жалгыз өзү чеп-шаарынан «Турпандын жайык талаасына» кууп чыгат. Чечүүчү кармашта «короз моюн Койкүрөңдүн бели үзүлүп» Курманбек атсыз жөө калганда

Дөлөнхан «көкүрөккө сайган найза далысынан чыгып», ай талаада жалгыз жатып калды. Ошол маалда досу Аккан кербендери менен баратып капыстан үстүнөн чыгат:

*«Жан бурадар досум деп,*
*Сыйлап турат бек Аккан.*
*Бүткөн бойдун барысын,*
*Тазалап жакшы жуудурду.*
*Беренim деп эр Аккан,*
*Белин оңдоп буудурду.*
*Айыктырып аларга*
*Эч бир айла таппады.*
*Он эки түн, он үч күн болду*
*Айланышып бакканы.*
*Күндүзүндө толгонуп,*
*Түн уктабай сактады.*
*Түйшүгүн тартып бек Аккан*
*Досчулугун актады»...*

Курманбектин «эркелетип багып ал, эмгектүү жалгыз баламды» керээзин угуп, өзүн жайына коюп, шаарына келип кабарлаганда, күйүтүнөн Канышай мерт болот. Ошондо алты жашар Сейитбек энесинин башын жөлөп айтып турганы:

*Аяш атам эр Аккан,*
*Атайы келдиң ыраактан.*
*Атынын жайы жок үчүн,*
*Атакем өлсө тыяктан.*
*Күйүткө чыдап туралбай,*
*Апакем өлдү быяктан»...*

Тейитбекке барса, ал элчиликке келбей Акканга кылыч көтөрүп, мүдүрүлүп кеткендиктен атынын башын кыя чабат. Ошондо 40 жигити кыянатчыл чалды, Телтору атына байлап сөөгүн сүйрөтүп, «как баш чалдын өлүгүн, карга кузган ит, куш жеп, элинин баары сүйүндү»... Аккан болсо: «жетилтип туруп, калмактан досумдун кунун кууймун» деп, Курманбек уулу Сейитбекти алып шаарына жөнөдү. Мына, акыреттик досчулук!

**«Досуң бергендин тишин ачпа»** - деген сөз тартууга келген малдын жашын териштирип отурбай, ыроологон белегинин баалуулугуна эмес, анын ысык ниети менен бекем берилгендигине көңүл бур, башкысы ошол деген ишараат болгон. Ошентип, достошсо баарына кайыл болушат да, эл үчүн жасап жаткан иштери башкысы болуп, алды-бердиге тыкыр боло берип майдаланышпайт. «Дос» деп жеңил баа айта бербөө керек, айтсак ошол беделге татырлык болуп, өтө күйүмдүү болууга тийишпиз.

**«Дос айрылат, сөөк кайрылат»** дешкени, жашоо-тиричиликте болор-болбос таарынычтан мамиле сууп отуруп, достор араздашууга чейин жетишет. Кайрылуунун экинчи жагы – айрылуу бар, «ынтымак – чатак» деген карама-каршылыктай эле. Демек, достук учугу чоң жана күрдөлдүү максаттарга багытталбай, жашоодогу утурумдук жөлөк-таяк болуучу мүдөөнү көздөгөн достошуу болуп калганы ошол. Мындай кырдаалда достуктан жануу, доолашуу, бир-бирин жаргы (калыс) аркылуу доого жыгуу, алыш-бериштерин эл алдында айтып, бетине чыгуулар болот. Бирок, такыр эле өң карашпаган мамилеге өтпөй, көкүрөктү өйүгөн кир калтырбай, сыпаалык алакага өтүүлөрү адептүүлүк касиети. Арийне, адамдар бир-бири менен байлыкка, бийликке карата достошпоосу кажет, андайлардын түбөлүгү анча түз эмес келет. Сөөк – бул кудалык жактан болгон туугандык жана жакындык. «Сөөк кайрылганы» кандаш эмес, кудалык туугандарынын, жакшылык-жамандыкта, дегеле жай турмушта алыш-берpraште жүргөн сый-сыпаа мамилелери. Мында өздүк ыктыярдагы милдеттер бар, бирок колко кадыр кылып талап этүүчү укуктар жок болот.

**«Баяндос салып, дос күтүү»** («Манас»). Баяндос – бул жолго төшөлө турган кымбат баалуу кездемеден жасалган килем. Мына ушул эки тарабы 7 кулачтан (кадамдан) келген баяндостун нак ортосуна ак кийиз жайылган. Достошуучулар эки тараптан баяндос аркылуу басып келишип, ак кийизге жеткенде кучакташып көрүшкөн. Мунусу кыямат кайымда ажырашпай, «тирүү болсо бир дөңдө, өлүү болсо бир чуңкурда» болуунун анты эле. Ошентип,

илгеркилер «дос» деген сөздү жана достошууну өткөрүү каадасын ыйык сезишчү. Анткени, достук кандаштык сезимине таянган туугандыктан сырткаркы «чоочун» адамдар менен кыйышкыс мамиле түзүүнүн данакери жана кепилдиги болгон. Аккан айтып жатпайбы Курманбекке: «туугандан артык туушту, сен болосуң жан курдаш»! Ошентип, кыргызда достошуу – бул кандаштык эмес, башка улут жана уруу өкүлдөрү менен тирчилик-коомдук жактан бир туугандашуу болгон. Азыркыча эсептешме достукту илгерки бабаларыбыз - андай ынактардын беделин ылдыйлатып - «тамыр» деп гана коюшчу. Эл ичинде мындай макал айтылат: «**Татыксыз достон кантип кутулам?** Биринчиден, ага басып барба; экинчиден, ишин сураба; үчүнчүдөн, жардамга чакырба».

**Үзөңгү жолдош.** «Ар кимдин өмүрлүк досу – Сабыр, Ар кимдин өмүрлүк душманы – Ачуу». Мындай сөз айкаш – ынак жолдоштор жанаша ат бастырып сырдаша сүйлөшүп бараткanda үзөңгүлөрү кагышып тургандыктан пайда болгон. Алсак, Манас-Алмамбет, Чубак-Сыргак, Күлчоро-Канчоро – үзөңгүлөштөр. Алар жоого барса бир барган, душман сырын бир чалган, жоокерчилик турмуштун кыйындыгын тең тарткан эрлер. Азыркы заманда, ар кайсы мекеме, уюмдардагы кызматташ адамдар бир-бирине үзөңгүлөштөр (коллегалар – эмгектештер).

**Түкүрүк берип достошуу** (түкүрүк алышып достошуу). Бул көбүнесе балдарга таандык адат. «Уя чукуп, кармап жүргөн балапан» кезинде мадыра баштардын колуна чымчыктын өзү же балапаны тийип калса, аны мертинтишкен эмес. Үйгө алып келип асыроо да түйшүктүү: көпчүлүк куштар тапка келбейт, адамга моюн сунбайт. Андыктан, адамга энчилүү болгон боорукерлик сезим менен оозуна куштун тумшугун жакындатып, өбүшкөн сымак чоп эткизип, «достуктун далили» катары өзүнүн шилекейин ага берип, аныкын өзүнө алып, чабытына багыттап учуруп жиберген. Мунусуна маашырлана бала «мына шилекей алышып достоштум» деген купуя жана дымактуу сезимге ээ боло түшкөн. Бул купуянын сырдуу күчү балдардын бир-бирине өтүп, ынак курбулар «биз шилекей алышкан досторбуз» деп сыймыкка

бөлөнүшкөн. Анткени, ал өтүп кеткен жана кайра келгис балалык аруу байоо сезимди дилдеринде уюткулагандан эзели табылгыс табарик сыяктанган. Бул ошондой эле жаштайынан чоңдордон угуп канына сиңген табият менен таттуулашып жашоо ынанымынын бекем орночок алганынан кабар берип турган. Достукту даңазалаган «Курманбек» дастанында, өлүм алдында жаткан досуна Аккан айтып жатпайбы:

*«Шилекейиң чубуртчу,*
*Тосуп турган колума,*
*Хан досум сени өлдү деп,*
*Кантип айтам тобума»...*

Шилекей, бул ата-бабалардын тукумдук, загилик (гендик) маалыматын алып жүрүүчү зат жана анттуу, ыйык сөз маанисин билдирет деген пикирдебиз жана ал адамдар үчүн башка да пайдалуу, дем берүүчүлүк касиеттерге ээ. Шилекей адамдагы кан, түкүрүк, башка бөлүнүүлөрүнүн ичинен эң тазасы жана маңыздуусу. Кыргыздардын бул терең жана маанилүү түшүнүгүн ырастагансып, азыркы генетика илими улуттардын арuулук (арийлик) насилин көрсөтүүдө башка заттар менен тең, адамдан шилекейин алып, талдоо жүргүзүп түпкү тегине дал келүү деңгээлин аныктаган эмеспи.

**Чыпалак алып достошуу.** «Чыпалак – чын» - деген сөз калган. Ал балдардын белгилүү бул айтымына барып такалса керек: «Бармак айтты: - ууру кылалыбы? Соомой деди: - кылса кылалы! – Ортон болбурап: - кудайды кантебиз? – десе, Аты жок: - кантмек элек! – деп колдоп кетти эле, Чыпалак – чындыкты беттеп, «чыйпылдаган кысталак атыгып» тигилерге жакпай турду». Бул шерттешүүнүн бир түрү болгон. Айрыкча балдар, кээде чоңдор деле достошуунун бекемдеп калуучу каадасы катары, ушул жөрөлгөнү жасашкан. Достошуунун данакерчиси катары мал берип, кийит кийгизип болушкан соң, достошуучунун экөө тең оң колундагы чыпалактарын чычайта келип айкалыштырган да, калыс бирөөнүн «кесүүсүн» күтүп турушкан. Ал калыс ырыскылуу сөздөрүн айтып, достуктун бекемдигин тилек этип бата тарта,

чыпалактарды «кесип» койгон жана ал мөөр басканга тете курсанттык орноткон. Ошентип, адамдардын мындан аркы жашоолорунда чыпалак күбөгө өтүү милдетин аткаруучу озуйпасына ээ болгон.

**Чырдын алдын алуулар**

**Сырдашуу.** *«Сыр-Дарыя береке, сырыңды айтпа бөлөккө. Сыр алышып, сыр берген, сырдашың жарайт керекке» (эл ыры).*

Мында көңүлү жакын, сырлаш адамына ой-пикирин тартынбай айтуу мааниси түшүнүлөт. Дагы бир маңызы – талкулануучу айрым бир маселени талдоого алган баарлашуу, ичтеги бук-черди сыртка чыгаруу. Сырдаш адам – кыйбас адам. «Өз сырын, андан бөлөккө айтпайт», «анын сырын ошол гана билет» - деген кептер айтылат, жан бирге сырдаш адамдар туралуу. Сыр – бул жашыруун ой-пикир, купуя жөрөлгө, айтылбас иш, усул, көрүнүш, жер өңүтү, ашуу же кечүү. Кыргыздар жалпы элдик сырга бекем болгон. Ошентип гана, душмандарына бел алдырган жана топ жардырган эмес. Жалпы элдик сыр ар адамдын энөө боюна катылып, атүгүл жакындарына да айтылган эмес. Сыр ачылып калбас үчүн өтө зирек назар ташталган, өлүм алдында да сыр айтылып берилген эмес. Андыктан көпчүлүк сырлар өз учурунда ачыкка чыга албай, өзү менен кошо көрүнө көмүскө боюнча кеткен.

**Ажат ачуу.** «Ажаат ачсаң боло» деген жөнөкөй сөз, аны уккан кишинин кунтун курчутуп, колунан келе турган иш болсо жардам берүүгө даяр абалга келтирген. Бул зарыгып турган адамдын керегине жароо, анын башына түшкөн кыйынчылыктан куткара туруучу жардам. Мында, адамдын карызын төлөп берүү, бересселерин колунан келсе моюнга алуу иштери жасалган. Эгер аласасы болсо аны кечүү, дагы жаңысын берип колдоп кетүү, кириптер адамдын башын бошотуу өңдүү оорчулук учурунда жөлөк-таяк болуучу жардамдар жасалган. Ажат ачкандар элдик адамдар болгон, мындайлар менен айылдыктар сыймыктанып келишкен.

**Антташуу.** Ант – бул өзгөртүлгүс бүтүм, сөзсүз аткарылууга тийиш болгон чечим. Мында ант берүүчү менен алуучунун ортосунда кол коюлбай, мөөр басылбай туруп, тикелей таасирдеги, түздөн-түз кабыл алынган «мыйзамдык» бүтүм түшүнүлөт.

**Ант берүүчүнүн дилине, ниетине жараша ал үч түрдүү болот:**

1.Чыныгы ниет менен берилген ант.

2. Белгилүү максатка жетиш үчүн же кандайдыр бир абалдан чыгыш үчүн берилген катуу убада – «алдоо анты» деп аталат.

3. Аткарылуусуна анчалык ишенбеген, бирок кырдаал талап эткен ант.

Демейде, чыныгы анттан кийин, мындай сөздөр айтылат: «Тирүү болсок бир дөңдө, өлүү болсок бир көрдө бололу!... Непада ушул анттан тайсак: Төшү түктүү жер урсун! Төбөсү ачык көк урсун! Аккелтенин чогу урсун! Ак бараңдын огу урсун»!

Бүгүнкү адамдар тарыхыбыздан сабак алып жашагыбыз келсе, ошол учурдагы кабыл алынган талап менен эрежелерден бизге сөз аркалуу жеткендерин талдап, маңызын тереӊ өздөштүрүп алганыбыз оң. Азыркы жарандык коомдо көптөгөн уюмдар аракеттенип, «иш бар жерде чыр бар» дегендей аларда чыр-чатактар чыгып турат. Мында коомдук ишке, адамдар менен иштешүүгө даяр эмес, ал чөйрөгө табияты жакындабаган кишилер «акча таап күн көрүү айынан» аралашып калганынан жаңжалдар арбын кездешет. Чатакты болтурбоонун бир ылаажысы катары уюмдарда «ички анттары» даярдалган менен, алар көп учурда натыйжалуу иштебейт, анткени көкүрөктөрдөн «чыркырап» чыкпай, бөлөктөрдөн көчүрүп алынган болот. Андыктан уюм мүчөлөрүнө ант иштеп чыгуусуна жардам болуп калар деген үмүттө Манас «антына» кайрылып көрөлү. Непада, бул үлгү жалпыга колдонмо болуп калгысы бардыр.

*Алты сан аман турганда,*
*Ыйык кыргыз жеримди,*
*Душмандын буту баскыча,*
*Асыл кыргыз элимди,*

*Тебелетип бөтөнгө,*
*Кор кылып карап жаткыча,*
*Туулбай тууна чөгөйүн,*
*Тирүү жүрбөй өлөйүн,*
*Аткарбасам антымды,*
*Төшү түктүү жер урсун!*
*Төбөсү ачык көк урсун!!!*

Бул антты талдап көрөлү. Анын назарыңызга келтирилген саптары ар бири орошон мааниге жык толгон 6 баскычка бөлүндү:

Биринчи сапта, кыргыздын «айкөлдүк» түшүнүгүндөгү жеке кишидеги БЕРЕНДИК, демек, акылдуулук, боор тартуу, чың ден соолук, күч-кубат, туруктуулук, чечкиндүүлүк жатат. Экинчиден, анттын ДАРЕГИ даана, ал «Ыйык кыргыз жери» жана «Асыл кыргыз эли». Анткени Манас, кылымдар бою «жеринин бүтүн» жана «элинин эркин» кала берүүсүн таасын КӨРҮП турат, күңкор болушун каалабайт. Бул Манастын алдына койгон МАКСАТЫ да болгон. Үчүнчүдөн, ант аткарылбаса болуучу КЕСЕПЕТ, ал Мекенди «бөлөккө тебелетүү» жана Кыргыз элин «кор кылуу» коркунучтары. Төртүнчүдөн, антты бузса Манас өзүнө өзү ЖАЗА чектеп койду: «Туулбай тууна чөгөйүн, Тирүү жүрбөй өлөйүн». Жогорудагы төрт баскычтар менен ант кармаган адам өзүнүн колунан келген мүмкүнчүлүгүн жана жоопкерчилигин мойнуна толук алды. Анын мойнуна тагылган озуйпасын аткарууда дагы эки сырткы кудуреттер - тиректери бар. Алар ТЕҢИР жана ЖЕР. Манас бабабыз, Теңир менен Жерге ант берди. Бешинчи, жандуу «төшү түктүү жер» – кыргыз дүйнөтаанымында ал «төмөнкү дүйнө» жана дайыма адамды колдоочу кубатка ээ. Алтынчы, сактап жана көрүп туруучу «Көкө Теңир» – бүткүл ай-ааламды жараткан кудурет.

Манасты кубаттантып турган коркуу сезими эмес, ал тула боюндагы эриш-аркак СҮЙҮҮ бекемдиги. Манас антын аткарса, Теңир менен Жер орошон сүйүү кайтарарын билет жана ал кайыптык жана кадимкилик сезимдерин ого бетер кубаттантып, көбөйтүп, пенделик жашоосунда кеңири жана сүйүнүч менен пайдаланат.

Азыркы жашообузда муну кантип пайдаланууга болот? Демек, уюм мүчөлөрүнүн антын иштеп чыгуу үчүн бардыгына бирдей: **биринчиден,** КӨРҮҮ, ОЗУЙПА, МАКСАТ иштелип чыгуусу керек. **Экинчиден,** бул иштелип чыккандар «аныктамалар» МАМЛЕКЕТибиз менен ЭЛИБИЗди кандай абалга жеткирерин даана көрсөтүп, билдирип туруусу зарыл.**Үчүнчүдөн**, эгер биз умтулгандай иштер кылынбаса Өлкө жана Эл кайсы абалга тушугарын даана элестетишибиз керек. **Төртүнчүдөн**, анттан тайганда, жигиттик сөзгө ылайык жазаны өз ыктыярыбыз менен моюнга алуубуз кыйшаюсуз шарт жана милдет болушу ылаазым. **Бешинчиден**, жазып-тайып пенделик напсинин курмандыгы болгон шартта, бизди соолуктуруучу ЫЙЫКТЫКТАР кайсылар болот? Аны жааматтагы адамдын ар бирине дал келгидей, башкысы уюм мүчөлөрүнө таасир эткидей, антты аткарбаса корккудай кылып табуу керек. **Алтынчыдан**, кимдин алдында ант беребиз, ал кантип бизден сурап алат? Мында мыйзамдык жолдон сырткары, эбегейсиз ызы-чуу кылбай, өз ыктыяры менен жааматтан чыгып кетүү шарттары каралып, иштелип чыгуусу ылайык. Бул алты талап Манас антынын жогоруда талдоого алынган мазмунунан келип чыкты.

*Эскертүү: эгемендүүлүк мезгилиндеги Ажолор өздөрүн таажылоо же жыгалоо**[1] (инагурация) салтанатында Куран жана Башмыйзам кармап ант беришсе да, аны оңой эле бузуп турушту. Кийин Алланын жаза бергенине да күбө болуп, тобоо келтирдик. Себеби, алардын башкы максаты Эл, Жер түйшүгү эмес, бийлик жүргүзүү болуп калган. Ал эми уюмдарда, колдорунан иш келбеген адамдар ич-ара уюшуп, жетекчини «кулатып», өздөрү жумушту жөндөй албай, карапайым «пайда алуучулардын» убалына калган учурлар кээде кездешет.*

**Касам ичүү.** Мында берилген убададан тайбоо, ич ара антташуу жүрөт. Касам – даам (жарма, айран, сүт, бозо, кымыз ж.б.) аны татуу, ооз тийүү же жутуп жиберүү менен шерттешүүгө

[1] Жыгалоо - инагурация

моюн сунууну түшүндүрөт. Айрым аймактарда касам – бир нече даамдын кошундусу. Ошону ичүү менен айтылган сөзгө, берилген убадага аягына чейин айныбай, бекем турушкан. «Касам ичкен – ал айныбас, бурулбас болуп калган» сөзү эл ичинде тарап, адилеттүүлүктүн бекем орногонун туюнтуп турган. Адамдардын туруктуулугун кармоодо анын актыгы үчүн туз жалаткан, нан тиштеткен, кара койдун канына кош колун матырган, кылычты өптүргөн, мүрзө тегереткен, суу жуткурган, маркумдун арбагына каргандырган, сыйынткан. Ак боз бээ союп антташкан, колун кесип канын бири-бирине жалатышкан. Элдин алдында чөгөлөтүшкөн.

## 5. Чатак кырдаалындагы жүрүм-турум

**Арасы ачылуу.** Бул жакшы санаалаштардын жүрө-жүрө бири-биринен окчундап, кабар-караансыз калуулары, көңүл-кадырлары сууп, байланыштарынын үзүлүүсү. Айталы, дос-тамырлар ич-ара таарынышат, катыштары солгундайт, анан үзүлөт. Атүгүл, айрымдары бергендерин доолашат. Араларынын ачылуусуна көбүнчө, аласа-бересенин так эместиги, ортого «от жагуу», ынак мамилелеринин бузулуусуна ичи тарлардын, көрө албастардын чыгымы себепчи болот. Бул абал жалпыга белгилүү болуп, аны чатакка айлантпаш үчүн тегерегиндеги адамдар астейдил мамиле жасап, жагдайды курчутууга жол беришкен эмес. Айрымда бул абал араздашууга өтүп кеткен.

**Араздашуу -** ынтымак-ырыста жүрүшкөн пенделердин ич ара таарынуу-урунууларынан улам акырындык менен араларынын ачылып кетүүсү, жүрө-жүрө бири-биринен кол үзүүлөрү. Кээде буга бирөөлөр себепкер болуп, чыртек катары козутку сөз агытып же катаал абалдарды жаратып коюусу да болот. Жашоо-тирчиликтин жазылбаган мыйзамында тап жылдырбай, бекемдикте жүрүүлөр бар. Ошондой эле наарazылыктар, кусаматтыктар, элдешүүлөр, биротоло кол үзүп кетүүлөр да боло жүрөт.

**Жарашуу.** Моюнга камчы салуу – күнөөлүү адам капа кылынган адамдан кечирим сураган маалда жасалчу иш. Мында «кекти сууга салдык» делет, суу агызып алардан чатакташууну

алыстатып кетет жана аны «жууп-тазалап» аруу жарашууну тартуулайт түшүнүгү бар.

**Аттан жыгып алуу**. Бул бербей жүргөн аласасын өндүрүп алуунун жолу. Бересе адам тайсалдап качып, колуна тийгизбей келсе, калыс элдин көзүнчө доону мойнуна коюп, тигинин минип жүргөн атынын ээр-токумун алып салып, жайдактап жетелеп кетүүсү. Алдырган адам жалпынын бүтүмүнө макул болуп, жөө-жалаңдап токулгасын көтөрүп кала берген. Ал карөзгөйлөнүп, укугум тебеленди деп тополоң салган эмес, антсе элден чыгып каларын билген, элдин сүрүнөн корккон.

**Ооз басырык.** Жашоодо өйдө-ылдый боло жүрөт. Бирөөнүн башына зарыл иш түшүп калат. Аны ырбатпай, чоң чууга айлантпай, дал өзүндөй аткарып калуу үчүн ага ыңгайлуу мамилени өз учурунда алдын-ала түзө туруусу. Жыдуунун токонаалатын же жаман кесепетин баса туруу.

**Ичтен тынышуу.** Турмушта араздашуу-элдешүү, жоолашуу-ынтымакташуу бар. Оң-тетири жагдайлар жашоодо тең тизгинде жүрөт. Эгер ошондой жагдайлар жашоо-тиричиликте кездешсе аны көбүртүп-жабыртпай, соттошуп-оттошпой, айыл ичиндеги калыстар аркылуу бир пикирге келип алуу ичтен тынышуу менен жүргөн. Ичтеги кусаматты оң жагына буруу, мурункудай ынтымакты өз нугунда коюу дегенди туюнткан.

## 6. Ырашкерликтин данакерчилери

**Өкүл ата күтүү.** Никелешкен күнү жаңы үйлөнгөндөргө өкүлчүлүк кылуусу үчүн «экинчи ата» шайлоосу. Аны келиндин барган жери, күйөөнүн ата-энеси көңүлү жакындарынын бирөөсүн дайындап берет. Өкүл ата мыкты болсо келинди өз кызындай көрөт – отко кийрет, кадимкидей төркүлөтөт. Мезгили менен ич ара чакырышып турат. Сепке келген адеми буюмдардын бири өкүл атага ыйгарылат. Жакшылык-жамандыкта алды-берди кол кабыш кылып турушат.

Келинди кайнатасынын үйүнө отко киргизип жатканда күйөөгө да, келинге да өкүл ата дайындалат. Күйөөгө кыздын атасы жагынан өкүл ата дайындалып, күйөө  мал берет, өкүл ата тон кийгизет. Келинге уул атасы жагынан өкүл ата дайындалып, өкүл атага септен берилет, өкүл ата мал энчилейт. Кийин келин өкүл атасына төркүлөп барып мал да алат.

**Келинди отко кийрүү.** Келин кыйла каадалар менен төркүн жагынан узап, күйөөнүн элине келгенде, атайын тигилген үйгө киргизилген. Келинди алып келген күнү кечинде күйөөнүн атасы мал союп айлапаны чакырат. Тамак-аштарды ичип-жеп болгондон кийин келинди кайнатанын үйүнө кийерде, эшиктин босогосунун астына туурасынан ак мата жайып коюлат жана эң оболу үч же төрт зайып жүгүнүп киришет. Келиндин башына болсо шуруланган шөкүлө кийгизип, маңдайына ак жоолук тагылып коюлат. Келин босогону аттагандан кийин жүгүнүп көтөрүлгөндө, маңдайындагы жоолукту сыйрып алышат жана майлуу-сүттүү болсун ырымын жасап отко май салышат. Төрдө отурган аксакал, байбичелер «алдыңды бала, артыңды мал бассын», «этегиңден жалгасын», «алганың менен тең кары» алкоолорун айтышат. Келиндин жүзүн дааналап көрүүнү каалашкандар «айланайын башыңды өйдө көтөрчү» деген өтүнүчтөрүн билдирип, шаңданышат. Келин улам-улам жүгүнө берип, отургандар улуксаат бергендей ишараат кылышканда көшөгөсүнө кирет. Кайнатасы мал энчилеп, кайненеси казан-аяк, тулга-туткуч ыйгарып келинге беришет.

Келин эрте туруп, бүтүн айылдын түндүктөрүн үч күн тартат. Жаңы келген келинди куттуктап, кайнатанын куда жана достору мал, дасторкон алып келип куттукташат. Аларды да куру кетирбестен ар кандай буюм-тайымдар ыйгарылат. Келин келгенден кийин үч күн өткөн соң кайнатанын үйүндө кызмат кыла баштайт. Келинди андан кийин кайнагалары да чакырып отко кийришет.

**Тең туугандык.** Булар жети атанын ичине кирип, бири-бири менен кыз алышпаган тууган болгон соң тең тууган саналышат. Жетигирээк туюнтсак, ага-ини балдарынын аталары, чоң атасы,

бабасы, бубасы, кубары, жотосу, жетеси бир туугандар – андан тарагандар бирдей туугандар. Кыргызда, мисалы, бир атадан тараган бир туугандардын улуусу чөбөрө көрүп, ал 20 жашка чыкты, ал эми анын эң кичүү иниси жаңыдан неберелүү болду дейли. Бул учурда жаңыдан төрөлгөн небере наристенин жолу, жигиттик куракка келген чөбөрөдөн улук болот. Ошондон улам, тууган ичинде даража ажыратууда, 20 жаштагы жигитти «уулдун уулу улактын шыйрагы» деп жолун наристеден кичик кылышкан. Буга жигит моюн сунуп, салттын талабы аткарылган. Демек, мында жаш курактын эмес, муундардын ирети баш мааниге ээ болгон. Бирдей туугандар кечиримдүү келип, кээде айтылып кетүүчү сөлтүк сөз, кыйыр иш үчүн «тең тууган эмеспи» дешип, чырга бет албай, кечирип да жиберишчү. Ошону менен катар, эл ичиндеги «ыража», «кошумча», «ынтымак» өңдүү өз жардам усулдарын өткөрүүдө тең туугандардын пикир менен кеңештери зор мааниге ээ болуп, «туугандын топурагы – алтын» деген накыл калган.

**Сооп тилөө**

*«Куур тондун ичинде, куурасын жигит, өлбөсүн,*

*Тери тондун ичинде, тердесин, жигит, өлбөсүн» (макал).*

Бул кыргыз ичинде өкүм сүргөн - коммунистердин дүйнө дүңгүрөткөн ири ой-коруму болгон «тап күрөшүн» ашкерелеген көрүнүш болгон. Илгери, ата-бабаларыбыз нарк билгендик кылып, оокаттуулары боюн көтөрбөй, колунда жокторду кошо ала жүрүп, колдон келишинче көмөктөрүн берген. Айыл маанектеген жону жукаларга тамак-аш, эгин-тегин, мал-сал каралашып, кийим-кечек кийгизүү адаттагы жөрөлгөлөрдөн эле. Муну «элдүү түлкү ачка өлбөйт» ылакабы менен туюнтуп коюшчу. Ошол эле кезде, куру дымакка азгырылбай, «кедейлик кемтик эмес» дешип, муктаждар эрен-төрөөн көрбөй алып, ичип, кийинип жүрө турган. Бул намыс түгөткөн, ар жоготкон кол сунма тилемчиликтен айырмаланат. Ушундай ич ара жардамдашуу – соопко калды, сообун алуу, сообун тийгизүү түшүнүктөрүн пайда кылган. Биз көп эле жолу укканбыз: «жармач кезибизде жардамын берип соопко калган», «ушулардын аркасы менен тирдигип кеткенбиз». Бул эскерүүлөр – кылынган

соопко карата жасалган кайтарымдуулук болуп эсептелген. Ошентип, соопко калуу каадасы, адамдар ортосундагы чыр-чатакка алып келүүчү «бай-кедей» карама-каршылыгын жоюшу менен баалуу.

**Салам айтуу (кол берүү).** Мында улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы бар. Саламдашуунун өз тартиби болгон: атчан жөө адамга биринчи салам берген, эгер улуу болсо кичүү түшө калып кол сунган. Алик алуучу өз кезегинде чын жүрөктөн алкап, ыракматын айта, ыраазычылыгын билдирчү. Атчандар, уй мүйүз тартып отурган көпчүлүктү көрүшкөндө, атын оолак жердеги мамыга байлап, камчысын сүйрөй сыпаа келип, улуусуна оболу салам берип, анан оңду карай ирети менен учурашып чыккан. Кийин солду карай саламдашып чыгып, кайра улуусуна келип, анын аман-эсендигин сурап, тиешелүү жерине отурган. Эгер эки атчан жолугуп калышса, күн чыгыш тараптан келатканы биринчи салам берүүчү. Ат үстүндөгүлөр бири-бирине кол сунуучу, албетте, улуусуна кичүүсү биринчи кол берген. Азыр кыргыз касиетин качырышып, тааныш эмес карыларга салам айтуу салтыбыз тыйылды. Атчандар омуроолоп жөөчөндүн кушун учурушат. Ушунун айынан улууларга орун бошотуу, алардын карылыгын сыйлоо, боорукерлик сезимин тартуулоо сыяктуу адептен тумтак калып баратабыз. Ал эми кош колдоп саламдашуу каадасы, таанышың болсо да, «баш ийкешүү», «кол жаңсоо», «ээк кагуу» өңдүү солгун аликке өттү.

**Учурашып чыгуу.** Кутмандуу элибиздин үрп-адатындагы жакшынакай салттардын бири – учурашып чыгуу. Азыр деле элет жеринде нарк сактаган карылар аскерден, дегеле алыстан келген балдарын ээрчитип алып, аксакалдарга барып кол берүү жөрөлгөсүн жасашат. Бул ырасым-кааданы алыска барып келген жаштар улууларга, айыл кадырмандарына жеке барып да жасашкан. Салам айтуудан айырмасы, мында кадырлуу адамды ызаттоо, арка-бел тутуу, уруктун (айылдын) сыймыгы катары көрүү сезимин жараткан каада катары жасалган. Ал адамдын басып өткөн өмүр жолу кийинки муун үчүн үлгүгө, нарктуу нускага айланган.

Ушундай улуктоо аракеттери аркылуу кичүүлөр ызаттуу өсүп, адептүүлүк жагына баш койгон. Бул ошондой эле бүтүндөй бир айылды жана жамаатты ынтымакка алып келген. «Учурашып чыгуу» – бул улуулардын таарынып калбоосу, жаштардын улуттун мурдагы адептик жол-жоболорун сактай жүрүүсү, анын таалим-тарбиясы менен чоңоюсу болгон. Албетте, кадырлуу адам ал кездешүүдө акылын айтып, тажрыйбасын бөлүшүп, теске салып, өрнөктүү өмүрүнүн нугун көрсөтүп, улуттук наркты улаган.

**Уяттуулук.** Кыргызда мырза – айым, улан – бийкеч, жигит – колукту, эр – зайып, карыя – байбиче, абышка – кемпир көрүшкөндө эл көзүнчө ырсакташып учурашпаган, чопулдашып өбүшпөгөн, андай жорук ички адеп маданиятына коошпогон. Бул уяттуулуктун терең эрежеси, эркек – ургаачы мамилесинин назик абийири, купуя сыры, көйкөлгөн пири туруктуу сакталган сапат жана жүрүм-турум катары чыккан. Арийне, сагынычтарды көмүскө абалда, кусалыктарды жашыруун шартта жазып алышчу. Ал эми эл көзүнчө «жалашып» туруу элибиздин тарыхый жана таалимдүү маданиятына өөн учураган көрүнүш.

Улан-бийкечтер үчүн уят-сыйытты сактоо өтө назик, илбериңки уяңдык деңгээлде болгон. Алар бири-биринен сүрдөнүп, наристе сезимдеринде уялаган махабатын ачыктай албай аптыгып, ортомчу данакерчилер аркылуу кепке келүүгө, сөз айтууга араң барышкан. Бийкеч, беш көкүл кыздын беделин көтөрүп, «кыздын сүрү күчтүү» деген ыйыктык сезимдерин уландарда өнүктүрүп орнотушкан. Бул үй-бүлө күтүүнүн кудай алдындагы улуу жоопкерчиликти билгизүү, адам тукумунун улаатын аруулукта сактоонун ырасымы жана нук-жолу болгон. Ал мурункулардын ыйманына, жүрүш-турушуна, дээр-кешигине, «теңир – адам – жер» философиялуу түшүнүгүнө, көөнөргүс салттарына барып байланышат. Ошон үчүн пакиза мейкиндиктен чыкпаш максатында жеңелерисиз кыз айыл аралабаган, дайыма үй паанек болуп, эне адеби менен жеңе жолунда жашоонун күндөлүк тиричилигине багыт алган. Кирген-чыккандардан ийменүү, дабыш алдырбоо, оокатты ireттүү жүргүзүү, конокту мээримдүү тейлөө - көңүл

өстүргөн, рухий кенч тартуулаган булак катары болгон. Ушундай маанайдан улам «кыздуу үйдө кыл жатпайт» макалы жаралган. Мындай тарбиядан жана кыз тараптан сакталган адептин илеби менен уландар менен жигиттер илбериңки жана назик мүнөздү калыптантып, боорукерликти тереңдетишкен. Кыргызда бийкеч, бешкөкүл, колукту, келинчек, келин, зайып, айым, байбиче жана курактарына жараша көптөгөн аталыштардын берилгени, ошол жашына талап этилгендей уяттуулук, адептүүлүк, билимдүүлүк, ызаттуулук, нарктуулук, таалимдүүлүк ыроолонуп, ал сапаттарды тигилер уламалап алып жүрүүгө милдеттүү болгон. Бул төгөрөгү төп, түгөл дүйнөнү кыргыздар жан дүйнөсүнө куп өзүндөй батырып, ошол бүтүндүктө жашап, айланадагыларга баа бейнесин берген эмеспи. «Түнтөйдүн келини шайдоот, элпек», «Баалынын кызы ананайын, илбериңки», «Солоңдун колуктусу ыймандуу, жоош», «Элтиндин зайыбы, кудай ургур, тастак, улуу-кичүү отурганын эстебейт», «Чортойдун уулу, башың өскүр, оголе тентек, какшатат го чиркин». Мына ушундай адам мүнөздөрү менен кемибес дүйнө мелт-калт чайпалып, бирок төгүлүп, бузулуп кетпей кыргыз жашоосу өтө берген.

Азыр айлана-чөйрө өлчөөсүз өзгөрүп, бирок, шартка жараша адептүүлүк менен ыймандуулук ырасымы сакталып келет. Мурун айымдардын колун алып, эркекетердин өбүүсү жок эле. Кыргыз карыялар, байбичелер, эр-зайып, таяке-жээн, бөлөлөр, мырза-айымдар, куда-сөөктөр бири-бири менен ооздон өбүшчү эмес. Эми жаш-карыга карабай ооздон өбүшүү жапырт тарады. Адамдар саламдашса, учурашып калса, таанышса обу жок өбүшүүгө умсунушат. Мурда болсо ушундай эле жалындуу ызаттоосун кол беришүү, тике күлмүңдөп карап ал-жай сурашуу менен эле билдирип келишкен. Өтө жакындар, асылкечтер, жакшы санаалаштар кучакташып көрүшчү, жаактарына жаактарын тийгизүүчү. Келин кесектер жүгүнүүчү, ургаачылар жең учтарынан кармашчу.

Ырас, жаш балдарды өөп коюу жеринен бар эле. Непада, чоңдор копол тартса: «капырай, көрүп туруп баланы өөп койгонго

жарабайт», «шумдугуң кур, жок дегенде колуна алып койбойбу, ботом». Туура, баланын колунан же мандайынан өөп коюш, наристенин мурдуна кол тийгизип, аны жыттоо кабыл этилген жөрөлгө болуучу.

Уяттуулук сезими улутубузда ушундай майда адептер менен калыптанып келип, кыргызда ток пейилдикти, жутунбоочулукту, «азга чөкпө, көпкө көппөө» мүнөздөрүн турукташтырган.

**Болушаары барбы?** Айлапа ичинде талаша, тартыша, уруша түшкөн учурда жеңилип бараткан жакка же кишиге «болушаары бар бекен?» дешип боор толгоо жасалган. Бул алсыз тарапты такыр эле басынттып салбай ага жактоочулук*[1] (адвокаттык) кылып, тартышууну адамкерчиликтүү нукка буруунун ылаажысы болгон. Күйөөсү менен аялынын «оту күйүшпөй» чырлашуу башталса, ургаачы жактын төркүнү өз тарабынын ар-намысын сактап, кызын чыгарып алууга чейин жетип, карпа-күрпө сес көрсөткөн. Ошондо «куу союл» эри акылына келип, жубайынын да укугу бар экенин эстөөгө жана сактоого оогон.

Мындайлар чоң саясатта да байкалат. Айталы, 2010-жылы орун алган чатакты иликтеген эл аралык зерттөөчүлөр «болушаары бар» дегенчелик кылып, көбүрөөк жабырланган тарапты жактап жоопчот жазышып, чатакты баштоочуларды ашкерелеп, жанын коргогондордун каяша жаалын түшүнүп, «кара кылды как жарган» калыстыкта баалай алышкан эмес. Ошондуктан, анын жетекчиси өлкөбүзгө «киргис пенде» беделин алган.

**Уяткарбоо.** Бул тиги кишинин абийирин, өзүнүн абийириндей бекем сактоонун аракети. Эгер бирөө жазгыл-тайгыл боло кетип, осол абалга тушукса, анын айыбын чукубоо, эл көзүнчө шардана айтып аны кыжалаат кылбоо терең ынаным катары кабыл алынган заңыт болгон. Мисалы, конокто же элдүү жайда отургандар арасында кемчилик кетип калса, кыргыздар аны алабармандатып, түндүк көтөргөн чууга айландырган эмес. Тамак-аштын тузу кем болобу, эттен жыт урабы же курттап кеткенби, капыстан какап-

[1] Жактоочулук - адвокаттык

чакап калабы – айтор кандай гана калпыстык кетпесин анын шегин алдырышкан эмес. Кээде теңтуштар «тамашалап» беш бармакка сөөк салып коюп, аны алып жиберген адам байкамаксандыкка салып, үйдөн аттанып чыккан соң гана аны бүркө, түкүрүп салган. Бул дасторкон жайган үйдү сыйлоо, анын беделин түшүрбөө, урматтоо чыдамы болгон.

**Кыйытуу.** Кыргызда адамдын терс сапатын же жүрүмүн бетке чаба айтпай, аны оңтойсуз абалга калтырбай, астейдил маанисине карап ишараат кыла туюндурган. «Уугум сага айтам, уулум сен ук» деп баштап, «Чоокайдын балдары эстүү чыгып, туугандарына боорлуу болду. Сөзсүз эле бериш бекен, чын дилинен чыккан жылуу сөз, жасалган кол-кабыш, мына кайрымдуулук»! Же «Оржеке балдары эси жок өсүптүр: ата-энесин көзгө илбейт, тилин албайт, шаарлап көчө таптап жүрөт, ичет тура»! Келин-кыздарына энеси «керегем сага айтам, келиним сен ук» деп кыйытып, «жаман жүрүү да, жаман туруу да ар адамдын өзүнөн» деп таалим-тарбия берет.

**Ызааттоолор**. Кыргызда улуу-кичүүгө мамиле кылууда сылыктык, кичипейилдик, эркелетүүчүлүк нарктуу болгон. Анысы «улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо» катары чыккан. Айталы, Топчубекти «Топчуке», Казатты «Казаке», Жумагазыны «Жумаке», Чапыраштыны «Чапыке», Дөөлөтбекти «Дөкө» деп эркелете айтуу ызааттоонун белгиси. Ал эми ата-эне балдарын Күнайым, Багынурум, Жыргалым дегени да сылыктыкты билдирет. Ошондой эле кишинин өнөрү же кесибин жалгай айтуу да урматтоонун белгиси – Кенжебек комузчу, Сагынбек ырчы, Дүйшөн мөмөрчү, Ыдырыс улакчы, Кайып санжырачы ж.б.

Кыз-келиндерге, зайыптарга, байбичелерге карата сыпаттоонун, таанып-билүүнүн сапаттары да бар. Мында да жылуу сезимдер ыроолонот. Манастын Каныкейи, Алмамбеттин Аруукеси, Байтиктин Апары, Малабектин Акзыйнаты.

**Сөз тыңдоо (сөзгө конок берүү).** Кыргыз Атанын тукумдары ар дайым сөздү сүйлөгөндү, кепти укканды билген. Алмадай башына мухиттей «Манасты» батырган элде, кантип эле керектүү

учурда сөз таппай же эс-тутуму тартылып жадысы бөксө болуп калсын. Элибизде «куйма кулак» дегендер болгон. Алар саймедиреп сүйлөгөндөр, башкаларга уккандарын үтүр чекитине чейин, дал өзүндөй кылып айтып баргандар. Ошол эле кезде бирөөнүн кебин узакка күнү-түнү отурса да, муюп койбой уккандар. Демек, таңдайынан бал тамыза кеп чачкан өнөр болгондой эле, аны толук сиңире уга билүү андан да өткөн өнөр болгон. Ушул эки баа жеткис өнөрлөр эриш-аркак, кыргыз баркын көтөргөн дөөлөт болгону ырас.

## 7. Чатактын кылда учундагы кырдаал

**Каргыш.** Бул бардык адамкерчиликтүү жасалган аракеттерден жакшылыктуу натыйжа чыкпаганда, эси бар киши кылбоочу кылыкты жасап жиберген адамга айтылып кетүүчү кейиштүү сөз, кылынуучу иш. Ал кол көтөрүүгө, согушууга чейинки кырдаал. «Каргышка калгыр» – деп өкүттүү айтуу арга түгөнгөндөгү, каңырык түтөгөндөгү сөз. Каргышка калуу – жашоодогу терс көрүнүш, абал. Бирөө отунун алдырса, «сөөгүңдү жагып кал!», тамак-ашын кымтып кетсе, «таш жегир, балаңдын боорун жеп кал!», баланын денесинде чапкан колдун изи калса, «мунжу болуп кал!» дешет. Каргыштын каары катуу. «Манастын» арбагы урсун», «Кыргыз ата арбагына койдум!» делет. «Арбак ургур!» – бул ата-бабалардын рухтук таасирине топук этип ишенүү каргышы. Ошондой эле, теңирдин, жердин кудуретине таянуу менен айтылчу каргыштар да бар: «Теңир урсун!» дегени «көк урсун, асман урсун» дегендик. Күндөлүк жашоо-тиричиликке байланыштуу каргыштар да айтылбай койбойт: «аял албай апаңды ал, катын албай какшап кал!»

*«Байге жебей, малың же, Медериңдин канын же,*
*Жеткен байге дооруң же, Жети атаңдын боорун же»*

(«Манас»)

Демек, каргышка калуу – катуу жаза алуу. «Улуулардын, урматтуулардын, касиеттүүлөрдүн, кайын эне, кайын аталардын каргышыката кетпейт» – деген ишеним бар.

**Каргыш ыры***:* *Жашыңда жайран кал,*
*Гүлгүнүңдө күбүлүп кал.*
*Ылуга ыргыткан таштай бол,*
*Караңгыда тараган чачтай бол.*
*Оо, өлүгүңдү көрөйүн!*
*Ак сайдын башын суу жесин,*
*Ак күйрөк башын төө жесин.*
*Аркада калып кеп айткан,*
*Жата калып уу жесин.*

Каргыштын жандырмагы - астына түшүү, кечирим суроо, ыплас сөз айтпоо, ак жүрүү, Алланын амирин бекем тутуу болуп эсептелет.

**Алкыш.** «Азамат эрдин бактысы, Алкышын алса элинин» (эл сөзү). Бул эл үмүтүнө шайкеш келген ишти бүткөрүү, калктын талабын канааттандыруу. Каргыштын карама-каршысы. Азамат эрдин, адептүү айымдын эл үчүн күйүп-жанып жасаган эмгегине алган сыйы. Элдик адамдарга айтылган ийги сөз, куттуу пикир, ыраазылыктын ысык илеби. Дагы тагыраак айтсак, бул элдин берген батасы. Алкыш сөзү буюмдалган сыйлык, зобололуу даража менен бекемделет.

**Мал чарбасында**: Багар көбөйсүн! Саан көбөйсүн! Кыркаар көбөйсүн! Согум чүйгүн (семиз) болсун!

**Дыйканчылыкта**: Кырманга береке! Дыйканга береке! Кырман толсун! Баба дыйкан колдосун! Эгин мол болсун!

**Адамгерчилик кылганда**: Ыракмат! Көп жаша! Тилегиң берсин! Тилегиң кабыл болсун! Өмүрүң узун болсун! Жамандык көрбөгүн! Эч нерседен кем болбо! Дениң сак болсун! Кудай тилегиңди берсин! Чоң киши бол! Бала-чакаңдын убайын көр! Бай бол!

**Келин алганда**: Келин кут болсун! Коңшуң кут болсун!

**Келиндин күйөөсүнө**: Куш бооң бек болсун!

**Келин жүгүнгөндө**: Кудай жалгасын! Ырыс-кешиктүү бол! Этегинден жалгасын! Алганың менен тең кары! Ак жолтой, ак жүздүү бол! Көшөгөң көгөрсүн!

**Кыз узаткан үйгө**: Барган жеринде бактысы ачылсын!

**Балалуу болгондо**: Бешик бооң бек болсун!

**Жакын адамдары өлгөн кишиге:** Арты кайырлуу болсун! Өмүрүн балдарына берсин! Арты майлуу, сүттүү болсун! Жаткан жери жайлуу болсун! Топурагы торко болсун!

**Аш бергенге**: Арты той болсун!

**Той бергенге**: Тойуң куттуу болсун! Тоюң тойго улансын!

**Иштеп жаткан кишиге**: Ишиң илгери болсун!

**Көчүп конгонго**: Конуш жайлуу болсун! Көч байсалдуу болсун! Конушуң акжолтой болсун!

**Орозо туткан кишиге:** Орозоң кабыл болсун!

**Айттаган кишиге**: Айтың маарек болсун!

## 8. Чатактан соң элдешүү

**Кун (кун алуу, кун доолоо).** Бул киши колдуу өлгөн адамдын эл-журту, өлтүргөн адам тарапты доого жыгуусу. Эр өлтүрүлсө, анын куну дooланган. Ансыз көксөөлөрү суубай, бири-бири менен жоолашууга, чабышууга дейре барышкан. Эр кунун төлөөдө, ыгым-чыгымдын эң катуусу катары күнөөлүү тараптын бардык уруусу жана уругу айыпка жыгылган. Анын өлчөмүн бийлер бычып, «эрдин куну жүз жылкы» же «андан ары миң жылкы» деген бүтүмүн чыгарып ыраазылык алышкан. Кыргыздар шейит болгон адам үчүн тогуздап мал бергенден сырткары, кыз да берген. Ошондо эки уруу даана элдешкен. Ансыз доого жыгылгандар «кандуу моюн» атка конуп, беркилердин ичинде кек сактала берген. «Эр өлтүрүп, эриш бузган» сөзүнүн мааниси – эрди эр өлтүрсө, эришти аялдар бузган. Демек, аял күйөөсүнөн чыгыштык кылганы. Ошондой эле «эриш бузуу» – никелүү аялды бузуп алуу, кайындуу кызды ала качуу.

Эркек киши өлтүрүлсө 300 кара мал, зайыптыкы 150 кара мал өңдүү заңытты (мыйзамча) бийлер чыгарган. Эгер өлтүрүлгөн адам даңктуу болсо, өлтүргөн жак ак боз атка кыз мингизип, ак төөгө тул (кишинин жыгач сөлөкөтү) артып тартууга келишкен. Өлүк ээсине кунун бүтүрүп бергенден кийин бийлер өз мээнет акыларын алышып, уруу аксакалдарына да кундан мал чыгарып беришкен. Кээде кун алуучу менен кун берүүчүнү кудалаштырып коюшкан, өчтү такыр жоюшкан. Кун берүү аяктарда мындай «садага чабуулар» жасалган: бир сары итти алып келишип, кылыч менен бел ортосунан эки бөлүккө чаап ыргытышкан жана бий бир жылкынын куйругун кырккан. Муну «кун куйрук кести» болду дешип, доолашуу токтогонун билдиришкен.

**Элдешүү (жарашуу).** «Атаңды өлтүргөнгө, энеңди алып бер» (эл сөзү). Бул чыр-чатакты ырбатпай, аны ынтымак менен бүткөрүү, эл ичинде, айыл арасында кек калтырбоо. Илгери-кийин муундарга, эл-журтта, тууган ичинде доо калтырбоо. Адатта, аттуу-баштуу оозунда сөзү бар, эл тагдырына күйөрмандар элдештирүүдө жол-жоболорун кошо ала барып, уй мүйүз тартып отурушкан. Күнөөнү акыйкатта териштирип, ар бири өз айыбын моюндарына алышкан. Ортодо арамдык кыл өтпөгөндөй болгон чакта, ырасми (эреже) боюнча кек калбоого даам сыздырып, туз жалатып, нан тиштетип, бири-бирин өбүштүргөн. Жолдугун (шартын аткаруу) жасоодо күнөөнү моюнга алган тарап мал, кийит, акча алып барган.

**Алдына түшүү.** «Алдыңа түшсө, атаңдын кунун кеч» (эл сөзү) Бул кетирген күнөөсүн моюнга алуусу, «жаңылдым жаздым, тобо кылдым, күнөөмдү кечир» деп жипти, камчысын, кемерин мойнуна илип, жапа чегүүчүнүн маңдайына туруп, тизелей-чөгөлөй колун бооруна алуусу. Мындайда өзү менен чогуу калыс, сөз билги, таасири күч адамды ала келет, тарткан айыбына мал жетелеп же айдай барат. Мындан сырткары, үстүнө кийит, колуна акча сунууга болот. «Алыбек алына жараша» деп күнөөкөр тарап колдон келгенин берет, «Алын көрүп, канын сор» деп ыдык көргөн адам анын ал-акыбалына жараша кабагын үйрүйт. Абалын билип күнөөкөрдүн амирине карайт, эл алдында кечирет. Алдына

түшкөнүнө, ал өзү ак дилден ыраазы болот. Эл кечирет. Күбө болуп отургандар арам ой ичтеринде калбоосу үчүн кол алыштырат, чыпалак кайраштырат. Даам сыздырып, баталарын беришет. Ичте кек калбоо үчүн алдына түшүү жөрөлгөсү каралган. Бул адилдикти орнотууга, ынтымакты бекемдөөгө иштеген.

**Калыска түшүү.** «Эки киши күнөөкөр, бир киши данакер». (макал) Ата-бабаларыбыз чыр-чатак болуп калса аны басуу максатында колдонгон. Калыс – данакер адам, калыска түшүү – ошол адамдын сөзүн мыйзам иретинде кабыл алуу. Ошого карата бүтүм чыгаруу, сөз кадырын, кунун сыйлоо. Калыс – акыйкат, адилет, калыстык – адилеттик кылуу, калыс адам – кара кылды как жарган жаргы (судья, калыс). Калыска түшүү – эки адамдан тартып, урук, уруу араларындагы ири талаш-тартыш чыгаргандарды топтордо (курултайда) жөнгө салуу. Ооба, кыргыздар адилеттүү сөзгө бат жыгылган. Андайда ажыр-жооптор болуучу эмес. Калыстыкка үчүнчү тараптан өкүл чакырылган. Анын айтканы эм болгондон кийин: «иш бүттү, оомийин»! деп бата тилеп аттанып кетишкен.

**Барымта.** Бул бирөөдөн өнбөй жүргөн аласасын тындыруунун бир жолу. Чоң барымта үчүн урук, уруулардын аксакалдары кийлигишкен. Барымтада элдик калыстык болуп, бирөөнүн бирдемесине сугулбай, ак жолдо, ак эмгек менен күн көрүүнү элибиз сүйгөн. Калк ичинде «ак барымтага келген мал», «барымтадан жыгып алган жорго», «барымтага түшкөн чыгдан» ж.б. сөздөр айтылып келген.

**Доого жыгуу.** Бул бирөөнүн аласасын жаңжалдашпай калыстык менен кайтарып берүү. Бербей жүргөнүн калк ичине салып, өндүрүү. Айрым чийинден чыга ашынып кеткенди, - эр бузган, эриш тозгонду – орой көз чарай, уй мүйүз олтуруп, адамдын кемчилигин мойнуна так коюп, жабыр тарткан адамга мүлкүн, малын ыйгаруу. Тактап айтсак, урууларды, «келе бакан куу союлдарды», ич ара чабышууларды, бирөөнүн мүлкүн алып туруп бербегендерди, айыл ынтымагын бузуучуларды, аксакалдар (бийлер, жаргылар) теске салып, акыйкат бүтүм чыгарып коюусу.

Азыр кенедей бирдеме болсо, ортодон жел өтсө эле сотко чабабыз. Кур намыска дүүлүгүп кетебиз, кийин-соңу жүз карашпоочудай болобуз. «Доо өнбөйт», - деген сөз калган. Ал мындай: бирөө бир коюн алса, ошондон берки төлү, жүнү кана деп доолашы. Мындайда, койдун коколой башын өндүрүп алууга гана болуп калат. Доо коюу – бул айыпка жыгуу, калыска түшүү, өндүрүп алуу. Илгери, өтө чоң доолор төрт дубан чогулган топтордо (курултайда) чечилген.

«Доонун бел болуусу» – бул доолашкан кишилер ортосунда мамиленин өзгөчө абалы. Эгер доо көп жылдарга созулуп, төлөнбөй калса, анын айынан чыр чыгарып отурбай, «аа, ал доо бел болгон тура», демек ортодо доолашып араздашып отурууга тоскоол болуучу кыр (бел, белес) жаралганы ошол дешип тараптар тым болушкан.

**Кепил.** «Кепилдин кепини күйөт» (макал). Бул башы кириптер болуп калган адамга ажат ачып, анын ишенимдүү кишиси катары убактылуу куткарып туруусу. Сурактан качып кетпөөсү үчүн баш коргоо чарасы катары эркиндикте жүрүүгө жетишүү. Пендечиликте, жасалган жакшылыкка түкүрүп кеткендер болот, ошондуктан кепилге чыкпаган учурлар бар. Ак жүрөк калыс адам бирөөгө жакшылык кылайын десе, ал жакшылыкка өрүштөбөй, кайра эле дайымкыдай кедеринен кетип турса, шагы сынып калат, мындан ары «сөзгө сөлтүк, кепке кемтик» болуп жүрөт. Ишенип, бири-бирин сыйлап жашаганга не жетсин.

**Чыбык (таяк) кармоо.** Кара көтөн кармоо - адамдар ортосунда калыс мамилени орнотуунун дагы бир түрү. Көптөгөн кишилер ортодогу бирдемени (азык-түлүк, кийим-кечек, отун-суу, мал-пул) калыс бөлүштүрүүдө, чогулгандардын ар биринин аты-жөнү жазылат да, ажырымдалган нерселердин үстүнө коюулат. Ар ким өзүнүн атын таап, ошол буюрган үлүшүн кыңк этпестен алат. Бул аталыш адам мүчөсүнүн абрат жери дайыма жабылуу болуп, караңгылыкта жашыруун кармалгандан чыкса керек. Мына ушул купуялуулукту сактоо максатында жазылган кагаз да, бөлүнгөн ырыскылар да, жазмыштык буйруктун чечими иретинде

үлөштүрүлгөн. Мында пенделик кийлигишүү өтө аз жана эч кимге тартпаган бейтараптуулук болгондуктан, наразылык дээрлик чыккан эмес.

Экинчи түрү – таяк, чыбык кармоо. Чогулган адамдар «муну калыстоого таяк кармашалы» дешет. Таяк тике берилбейт, алыстан ыргытылат. Аны кармаган адам таякты алдыга сунат да, бөлүшүүгө катышып жаткан адам анын колунун үстүнөн тутамдай кармайт, беркиси анын үстүнөн, ошентип отуруп таяк учун эң акыркы кармаган киши ошол мөрөйдү (үлүштү) алуучу болот. Кээде таяк учу чымчылып кармалса, берки адам башка таяк менен чабат. Эгер түшүп кетсе, таяк кармоо кайрадан башталат. Демек, таяк илең-салаң эмес, абдан бекем тутулушу кажет. Мында «кол – кудайдын мөөрү» деген ички мыйзамдын өкүм сүрүшү көрүнүп турат.

Үчүнчү түрү – үлөштүрүү. Мында да бир топ адам жалпы тиешелүү нерсени бөлүштүрүп, додолоп койгон соң, ичтеринен бирөөнү (же калыс жаргыны) тескери каратып сурашат: «бул кимге»? Тиги: Жоомартка! Аны Жоомарт алып кетет. Кийинкисин жаңсап: «а бу кимге»? Тиги: Орзекке! Аны Орзек алат. Ушунтип, бөлүштүрүлгөн шыбагалар бүткүчөктү улантылат. Ошентип, тетири карап турган адам, өз керээти, туюму менен наразы кылбастан барын теңчил бөлүп таштайт. Мында да кимдир-бирөөгө тарткандыктын шеги да болгон жок, калыстыкка баары күбө турушту, андыктан кишилер буюрганына ыраазы болуп кете беришет.

**Чүчү кулак.** Бул кишинин же ары жакта, же бери жакта эмес, ара жерде түгөйсүз, жалгыз, арабөк абалда калуусу. Адатта, кандай гана оюн болбосун (ордо, чикит, аркан тартмай, жашынмак ж.б.) балдар эки үйүрмөгө (командага) бөлүнүшкөндө, бирөө артып калса, аны «үчүнчү ашыкча» деп томсортуп бөлүп койбой кошуп алышкан. Демек, мунусу наразылыкты басуучу, жаңжалга жеткирбөөчү алдын алган ишара болгон. Ал мындайча ишке ашырылган. Оюндагы үйүрмөнүн эки баштачы бөлүнө чыгып, бармактарын шилекейлеп, алиги арабөк балага сунган. Бала кайсыл бармакты кармаса, ошолордун үйүрмөсүнө кошулуп, оюнга

аралашкан. Мөрөйгө жетиш үчүн эң оболу намысты көздөп ойногон. Азыркы учурда, «чүчү кулакты» үлөштүрүү (кара көтөн, жребий) маанисинде колдонуп баратышканы - бул түшүнүктүн негизги туюнтуусун унутуп, улуттук тамырдан үзүлүп бараткандыкты баамдатат.

**Аманат.** Бул адамдар ортосундагы так болуунун жана сый жүрүүнүн жолу, мамилеси. Бул адам өзү каалагандай аткарылууга тийиш болгон тапшырманын оозеки берилген салам-дубайы. Ал маанилери жагынан түрлөргө бөлүнөт: айрым бир тапшырылган ишти өзүндөй кылып жасап коюу; берилген нерсени чып-чыргасын коротпой өзүндөй алып барып берүү. Өтүнүч аткарылбаса мойнунда карыз катары калуу; айтылган сөздү өзгөртпөстөн өзүндөй кылып айтып баруу.

Ошентип, «иш тапшырылабы», «буюм берилеби», «сөз айттырылабы» бардыгы дал «өзүндөй жеткирилүүгө» тийиш болуп, аманатты аткаруучу кишиге «кудайдын мөөрү» коюлгандай эле таасир берген. Андыктан, «анын аманатын аткаруу керек», «аманатты аткарбаса уят» дешип, жогорку жоопкерчиликте тапшырманы аткарууга ашыгышкан.

Аманат – ата-бабаларыбыздан келаткан көөнө жана каадалуу салттардын орчундуусу. «Аманат калтыруу», «аманат берүү», «аманат айттыруу» – булар атайын кат же мөөрлөнгөн даректемелерсиз эле кыргыздардын ар кандай мамилеге калыстыгын, бири-бирине алымдуу жана берimдүүлүгүн айкындап, таалим-тарбиялык мааниси өтө зор болгон. Өтүп кеткен адамдын иштери менен кылыктарын, элдик окуялардын, тарыхтардын жакшыларын суу кошпой, маанисин терең ачып кийинки муунга айта жүрүү – бул дагы Аманат.

**Батасын алуу.** «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» (макал). «Катагандын кан Кошой, Батасы элди байыткан, Пейили жанды жыргаткан» («Манас»).

Мында, эл ичиндеги кадыр-барктуу, отуруп-турганы нарктуу, айткандары эм, пикирлери эп, улуу-кичүүлөргө дем-кубат, урмат-сыйы бирдей, жекече касиет жылоологон карыя менен

байбичелерге атайын жолдук менен баруу. Дегеле кыргыздыр улууларын укмуштай кастарлаган: чүйлүү тамактар менен даам сыздырчу, төрдөн орун берип, кийит кийгизип узатуучу. Бата тилеген келин, кыздар оболу жүгүнүп, уул-жигиттер улууларга баш ийип, таазим кылышкан. Бата алаарда тик турушуп, эки колдорун бооруна алышкан. Ошондо, мындай мазмундагы бата келин-кесектерге берилген: «Оомийин, алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын! Алганың менен тең кары! Кудай менин жашымды берсин! Пайгамбар-сабаалар колдосун»!

**Залкар баталардан үзүндүлөр[1]:**
**Умай эненин батасы**
Теңирим берген көк майса,
Жаралган атам заманда.
Күтүшөт көктөм майрамын,
Асманда жылдыз, ай, күн да.
... Адам ата балдары,
Акыл менен иш кылсын.
Үрөөн сээп, мал багып,
Эмгек менен күн көрсүн.
Кайыптарды сыйласын,
Чер токойду кыйратып,
Кайың, талды кыйбасын.
Ой-тоодогу кайберен,
Ойрондолуп ийбесин.
Көк теңир жар болсун,
Бейилдери оңолуп,
Касташкандар токтолсун,
Согушкандар жоголсун.
... Өкүмчүлүк кылбасын
Карыларын урматтап,
Кичүүлөрүн сыйласын.

[1] Эл адабияты. / 29-том. Каада-салттар, ак-баталар. Б.: «Шам », 2003. 207-228-беттер.

Узун болсун өмүрү,
Оорубасын, оңолсун,
Учуктары узарып.
Бала күтсүн, бар болсун.
Кылган ишин жактырып,
Көкө теңир колдосун.
Оомийин!

**Манастын батасы**
«Энеси суу кыргыздын,
Атасы тоо кыргыздын»
Көрдүңбү сөздүн уңгусун.
Ала-Тоо бойлоп көчкөн эл,
Аркайган тоодо өскөн эл,
Кирин карда жууган эл,
Киндигин музда кескен эл,
Залкайган нечен жоо менен,
Салгылашып келген эл.
... Таш жазданып көнгөн эл,
Талашып салкын шамалды,
Булут менен келген эл.
Булуттуу тоонун ичинде,
Тоодо өсүп өнгөн элге,
Ойдогудай иш болсун,
Оодарылгыс тоо болсун,
Омурулгус бел болсун!

**Эне-сайлык Кыргыз атанын батасы**
Мекенден бизди жоо сүрдү
Бөтөн жерге эл жүрдү
Киндик болгон бу журтка:
Асыл ушул аймакка,
Убарлуу улуу тоолорго,
Ийрилип кайра кайткыла.

**Кошойдун батасы**
Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой, эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун!
Атышканын алсын деп,
Күрөшкөнүн чалсын деп,
Өлөңдүү жерди өрттөгөн.
Туландуу жерди тутантып,
Туугандын баарын кубантып
... Катылышкан душманын,
Өөгөлөсүн темирдей,
Акыры туулса эркеги,
Аты болсун Семетей.
... Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын.
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде,
Кан Коңурду жайласын!

**Бакайдын батасы**
Айтылуу шумкар көздүү бол,
Адам таппас сөздүү бол.
Байсалдуу артык үзүлбөс,
Бак баштаган күчтүү бол.
Балага балтыр бешик бол,
Бакытка ачык эшик бол.
Улууну сыйлап жетик бол,
Кичүүгө өмүр кешик бол.
Аккан суунун шары бол,
Балбандардын алы бол.
Оорулууга дары бол,
Опол тоодой кары бол.
Кызыр болсун жолдошуң,

Ыйык тут Манас ордосун,
Оомийин кудай колдосун!

**Каныкейдин батасы**

Жетимиш пирге кол берген,
Жети ирет Кызыр кол берген,
Атакең Манас колдосун.
Алтымыш пирге кол берген,
Аа дүйнө, салган атаңдын
Арбагы сени колдосун!
Баргының баатыр жол болсун,
Жол болгондо мол болсун.
Кас санаган кишиң,
Таманыңда кор болсун.
Арбайың өсүп жол болсун,
Оорагың журттан зор болсун!

**Жусуп Баласагындын батасы**

Оо, Кудай, ак пейлиңди арттыра көр,
Жамы журт момундарга теңчилик бер!
Кутман элиң, өмүрүң узун болсун,
Эл тизгинин кармаган бекем колсуң.
Куттуу элге, кутман атак туш болсун,
Түбөлүккө ушул аттан кут консун.

**Макмуд Кашкарийдин батасы**

Теңири анын мартабасын ар дайым жогору кылсын;

Өмүрүн ыраат – дөөлөт ичинде узак кылсын;

Анын улуктугунда теңдеши жок, ооруктуу негиздерин былк этпес кылып бекемдесин;

Анын буйрук, жоболорун кеңейтсин жана күч алтсын;

Адам балдары анын кайрымдуулугунан жылдыздардай жетик бакыт тапсын,

Анын тилеги орундалып, ар бир ийгилиги ак жүрөк досторун кубантып жүрсүн;

Теңири анын каар-казабына калган жоосун ого бетер кар кылсын,

Анын көлөкөсүн, көркүн, кудуретин, адамдык сапатын жана жетиктигин мусулмандардын үстүнөн алыстатпасын.

**Арыстанбектин батасы**

Ырчы балам Жеңижок,
Сенде ырчылыктын кеми жок.
... Ырчы болсоң сынчы бол,
Зөөкүрдү чабар камчы бол,
Кургак жерге тамчы бол,
Дүлөйлөргө кулак бол,
Чөлдүү жерге булак бол.
... Эрегиш чыкса элчи бол,
Эл-журтундун кенчи бол.
... Желек кармар жетик бол,
Жардыларга кешик бол,
Жармачтарга эшик бол,
Жери жокко конуш бол,
Эти жокко союш бол.
Пейилдүүгө бейпил бол,
Ысаптууга байыр бол.
... Калктын зарын зардап өт,
Качанкы ырын ырдап өт,
Калк көңүлүн чалкытып,
Каниет алып жыргап өт.
... Калың кыргыз элине,
Кадырың артып бак консун!

**Чыңгыз Айтматовдун батасы**

o **Бугу эне:** Жер тилип эгин эккиле, мал багып, балык улагыла.

Ошентип, бейпил теңчилик, бейкут тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө.

Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн.

Алдыңарда бала басып, аркаңарга мал толсун.

Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам алыстан ала келген эне тилиңерди, укум-тукумуңар унутпасын. Эне тилинде эли, жерин даңазалап ырдап жүрсүн.

Кишиден кем болбогула,

Башка элге тең болгула...

o Артыбызда өз кемелерин өмүр деңизинин азуу толкундарына каршы салып, мүлдө жаңы, азоо, канаттуу урпак келатат. Ылайым бизге бийик көрүнгөн чокулар аларга жапыс болсун. Тумандуу, күмөндүү, мунарык кездерде биз согулган жар таштардан алардын кемеси аман өтсүн. Биз жете албаган кыялга (арманга) ошолор жетсин...!

o Ооба, тагдыр биздин колубузду, руханий байлыктан боюн оолак кылган башчылар менен кабыштырбасын!

**Жусуп Мамайдын батасы**

Жер чөйчөгү - Кызыл-Ой,

Айылым кылымдар бою үзүлбөсүн той!

Алтын капкасынан ырыс-кешик, чубуруп кире берсин жылып ой,

Ушул жердин соккон жели менен бакыт-дөөлөт жапырып кирсин.

Таштарына таруу өнсүн,

Кумдарына күрүч өссүн.

Ак кармаса алтын болсун,

Гүл кармаса күмүш болсун.

Төрт оодан чогулган элге, ушул жаңы шаарча кут болсун.

Ынтымак, ырыс, береке түбөлүккө жаңы шааргa жуп болсун! Оомийин!

## 9. Эл багуу

*«Бир айыл элди, бир адам багат» (эл сөзү).*

Элибиз, калкына каралашкан байгер адамдарды «жакшылар», «мыктылар» деп коюшкан. Демек, бул беделге бай адам карапайымдарга боор тартуучулук сапаты менен арзыган. Тескерисинче, бай, бирок, чык татырбастарды «сасык бай» атап коюшчу. «Жакшылар», албетте, өз айылына баш-көз болгон, башка журтка да барктуу келген. «Мыктысы» бар урук же айыл меймандосчул келчү. Анткени, элде ынтымак болуп турса, ал жерге ырыскы уялап, береке топтолуп кетмейи бар да. Бардар жерге конок-аяк көп келип, эртели кеч аттанып кетүүлөр, бапырап түшүүлөр үзүлчү эмес. «Эл багары» жакшы болгон уруу же урук дайыма ирегелеш жашап, кыштоо менен жайлоолору танапташ эле. Коноктор, көбүнесе күтүүсүз келгендери, элдин түрпүнө, үйдүн сырткы турпатына карап, конуш менен короолорун баамдап барып түшүүчү. Түшкөн үй дароо конок камына киришчү. Кой союлса, баары – айлапа менен коноктор - биригип, ырыскыны оболу кудайга ыроолоп, анан өздөрүнө, мал-жанга амандык тилеп бата тартышчу. Аңгыча, бири-бирине айттырбастан ар ким милдеттерди бөлүштүрө салып, бирөөсү койду жиликтесе, экинчиси коноктордун ат-көөлүгүн жайгарып, үчүнчүсү отун алып, от жагып, дагы бири дасторкон жайып, колго суу куйуп, бешинчиси казанга этин салып, бышырып, ошол үйдүн тегереги шан-шарапатка толкуп турчу. Ушунтип ага-тууган, коңшу-колоңдор төрт тарабын шай кылып, мизилдетип салышчу.

Бул учурда үй ичиндегилер кесеге куюлган кымыздан тартып, ысык чайдан ууртап кожурап сөзгө киришчү. Үй ээси конокторду алып отуруу үчүн айыл аксакалдарын, сөз билгилерин милдеттүү түрдө чакырып, санжыра сөз башталчу. Мында ардактуу табак – конок табагы. Ага эттин чүйлүүсүнөн салып, алдына тартышкан.

Ал эми калган табак айыл ичиндегилерге тартылып, сорпо-шилеңин ичишип, баарысы ыраазы. Бала-бакыра айлананы жаңырта чууга бөлөп мокумдары канганча ойношуп, чоңдор чакырганда бала табакка отуруп, омуртка, жөргөм, шыйрактарды жеп, улуулар берген устукандарды көтөрүп алып үйлөрүнө жөнөшчү.

Эртеси дагы мейман келсе, ушул аракеттер кайрадан башталган. Ынтымак-ырысы бар мындай салт илгери аябай күчтүү өнүккөн. Айыл ичи өзүлөрү эле чакыртпай келип, эрөөн-төрөөнсүз кызматын кылышып, берекени арттырышкан. Эмкилер, шайтан тамагы болгон бөтөлкөлөрдү дасторконго коюушуп андан кут, берекени учуруп жатышат.

Ырайым, кечирим. Кыргыздарда колго түшкөн душманына да ырайымдуу карап, боорлору ачыган. Туткун болгон кандай гана каардуу душманы болбосун, эгер ал чын дилден катасын моюнга алып кечирим сураса, алардын кылмыштары кечирилип, аман-соо кетирилген. Ошондон улам мындай накыл кептер калган: «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч», «Сунган моюнду суурган кылыч кеспейт».

# VII БАП
# ЫНТЫМАКТА ЖАШООНУН УСУЛУ

## 1. «Өз жардам ой-коруму» деген эмне?

(ой-корум – идеология) (гректин, идея - түпкү кейип, ой, элестетүү жана логос - сөз, акыл, илим түшүнүктөрүнөн куралган, идея – ой-бүтүм).

ӨЖ ой-коруму – бул жетишсиздиктен бакубатка алып баруунун аракеттенүү жараяны. ӨЖ (өз жардам) – бул билбестиктен түшүнүүгө, жүүнсүздүктөн жигерденүүгө, жакырдыктан бардарлыкка, ачкалыктан токчулукка, ишенбестиктен ынанымдуулукка, кудайсыздыктан ыймандуулукка, түркөйлүктөн билимдүүлүккө шыктандыруу ой-коруму. Демек, өйдөлөөгө, сапаттуулукка багыт алуу жараяны. Ал, ар бир киши үчүн жекече, өзгөчө, айырмалуу туюнтулат. Анткени, бирин билбестик, экинчисин жетишсиздик, үчүнчүсүн рухий жардылык ж.б. түйшөлтүүсү мүмкүн. Ошондуктан, ар кандай кызыкчылыктагы адамдарды ынтымакта аракеттенүүсүнө жетишүү үчүн баарына түшүнүктү ой-корум же «турмуштун бурмаланып (көркөмдөлүп) чагылуусун» табуу керек.

**Т (топ)** – бул максатташ адамдардын жамааты.

Ошентип**, ӨЖ + Т = ӨЖТ**– бул өз жардам ойкорумун жеке турмуштарына - өз жигери жана үйүрмөнүн кудурети аркалуу – жүзөгө ашыруучу адамдар.

**ӨЖТ урааны**: Ар кимге жүктөлгөн милдетине жана жараткан ийгилигине жараша.

**Ой-корум маанисин туюнткан түшүнүктөр төмөнкүлөр:**

- жашоодогу сезимдик тажрыйбанын маңызынан чыккан жалпы мыйзамченемдүүлүк.
- колдо бар билимдердин негизги маңызы.

- алгачкы сезимдик элестөөлөрдүн назарияттык (теориялык) жалпылануусу.
- турмуштук ишмердүүлүк жүргүзүү үчүн таянар эреже-талаптар.

**Ой-корум түшүнүгүнүн курамы:**

- белгилүү бир абалдар (кырдаал, жагдай) менен ойлордун тутумдарынан тургузулган түзүлүштү белгилөөчү түшүнүк.
- башкаруу (жетектөө) тутумунун жүрүм-турумдук, төтөлүк жана мазаалык (логикалык, психологиялык) негизи.
- коомдун бир катмарынын кызыкчылыгын туюнтуу максатында адамдардын турмушка жана бири-бирине карата мамилелерин түзөгөн жана баалаган көз караштардын, саясый мүдөө (програм) менен чакырыктардын, философиялык тастыктаманын (концепциянын) тутуму.
- адеп-ахлакка (морал), саясатка, укукка пайдубал болуп берүүчү билимдердин тутуму.

**Ой-корумга аныктама:**

- бул ар кандай тирлик (социалдык) топтордун, таптардын жана коомдордун кызыкчылыктары чагылдырылган көз-караштардын, ой-корумдардын, ынанымдардын, баалуулуктардын жана багыттоолордун тутуму анда,
- адамдар турмушка жана бири-бирине, жашоо көйгөйлөрү менен жаңжалдарга мамилесин баалашат жана түшүнүп туюнушат;

**ошондой эле,**

- өкүм сүргөн коомдук мамилелерди бекемдөөгө же өзгөртүүгө багытталган тирлик ишмердигинин максаты (мүдөөсү же програмы) камтылат.

**Ой-корумду К.Маркс минткен:** - айрым таптын өзүнүн өзгөчө кызыкчылыктарын жалпы коомдуку катары көрсөткөн жалган аң-сезими.

**К.Майгейм боюнча:** - айрым бир топтун жана таптын коомдогу өкүм сүргөн абалды сактоо максатында өз

кызыкчылыктары туюнтулган тирлик кадимкилигинин бурмаланып чагылуусу, куру кыялга (утопияга) каршы коюлат.

**Ролан Барт туюнтуусу**: - азыркы бабатилдик уламыш (метоязыковой миф) объектилерге тикелей эмес маанисин таңуулаган алгачкы белги-маңыздык (коннотативдик) тутум, жана аларды тиричиликтентет (социалдаштырат).

Ой-корум илим эмес (бирок, илимий негиздерди өзүнө камтуусу мүмкүн). Илим дүйнөнү кандай болсо, ошол кадимкилигинде таанып билгиси келет. Илим накталуу (объективдүү) жана ыңгайга карата өзгөрө бербейт, ой-корум болсо жекелей (субъективдүү) туюмга негизделген. Ой-корумга демейде, жөнөкөйлөтүү, көрүнүштүн бир тарабын жалпы сүрөт катары тартуу мүнөздү. Илимий далилдөөнүн татаал тутумуна караганда, жөнөкөйлөнгөн ой-элес калк тарабынан оңой кабылданып, көп учурда алар жагымдуу (демейде көз жетерлик эмес) ойлор менен айтылып, элди өзүнө тартып алат.

**Ой-корумдун ажыралгыс касиет-белгиси (атрибуту):**

- тастыктама + максат. Демек, биз үчүн (ӨЖТ тастыктамасы + элдик уюм)
- калып (форма). Демек, бизде (ӨЖТ, Биримдик, Курама)

Ой-корум – бул жан чадагыс кадимкиликтен корунуп калуу үчүн тургузулган «жалган кыял» эмес, бул өзүнүн маңызы боюнча бизди курчап турган кадимкиликтин түркүгү болуучу кереметтүү (фантазматикалу) курулуш: бул биздеги накталай жана болуп жаткан коомдук мамилелерди кураштырып тургузууга жароочу, ошондой эле жан чыдагыс, накта, таанып билгис маңызды жымсалдап туруучу «кыял».

Бул түшүндүрүүгө биздин «кыялдын», мисалы, айрым конушта ӨЖТ жашоочулар менен жергиликтүү бийликке мыйзамдуу, сабаттуу мамилелерди орнотууда таасир эткен, конушта (маалада) шаардын бардык ички түзүлүшү кынтыксыз иштеген, компьютерлешкен, улуттук тил, маданият гүлдөгөн коом. Бул көрүнүш, албетте, ылай жана чуңкур жолдордо, суу тартышында, жарык өчүрүлгөн караңгылыкта, бийликтин керкеюусүндө, адамдар

ортосундагы копол мамиледе, эне-тилдин жерилген шартында «турмуштун бурмаланып, коздолуп чагылуусу» болуп турат.

Ой-корумдун милдети: кадимки турмуштан корунуп калуу ыкмасын (жолун) сунуш кылуу эмес, тирлик кадимкилигин кандайдыр бир накталай жана какыстатуучу (мандемдөөчү) маңыздан аластоочу (жашыруучу) абал катары тартуулоо. Демек, «Арыш» ӨЖТларга тастыктаманы сунуштоо менен айланадагы турмуштан обочолонуп, корунуп кал деген жок, жарандык укуктар жерилип жаткан, тирлик маселелер чечилбей жаткан абалда же «мандемдөөчү маңыздан» жашырынуучу жай - ӨЖТны, Биримдикти, Кураманы сунуштап жатат.

ӨЖТ (Биримдик, Курама) ой-коруму – айрым аймактагы жалпы жашоочулардын өз кызыкчылыгын сактоонун үлгүсүн чагылтып турган «кыялкеч-жаамат», анын куралы жигер, ачыктык жана сабаттуулук гана болгондуктан, такоолду (ресурс) бөлүштүрүүчүлөрдөй жемкорлукка батууга негизи жок жана акыйкат мамиленин өкүм сүрүшүнө кызыкдар, коомду жакшыртууга умтулган, бийликти көздөбөгөн «тирлик табынын» уюткусу.

## 2. «Өз жардамдын» кыргыз элдик үлгүлөрү

*«Өсөр эл өткөнүн унутпайт» (кыргыз накылы)*

Адам болгон жерде кай доор болбосун өз ара жардам көрсөтүүнүн дайыма өкүм сүрөрү айныксыз нерсе экен. Биргелешип аң улоо, мал багып, дыйканчылык кылуу өңдүү кадыресе жумуштар көөнө байыркы замандан бери эле адамзат турмушунда зарылчылык болуп келген. Демек, эл өз жашоо шартына ылайык бири-бирине жардамдашуунун көптөгөн «чогулуп жасоо» үлгүлөрүн жаратып, турмуштук түркүн кырдаалдарга жараша аларды үзүрлүү пайдаланып келишкен. Өз ара жардамдын үлгүлөрүн жаратууга түрткү болгон мыйзамченемдүүлүк эмне болду экен? Бул айрым бир кишинин өз жашоосундагы жетишсиздикти толтуруу муктаждыгынан пайда болгон зарылдык тура. Ал зарылдык кызыкдар тараптарды бир көйгөйгө бириктирип,

бирге аракеттенүүгө мажбурлаган. Бирге аракеттенүү өз кезегинде чечүү жолдорун аныктап алмайын жүргөн эмес. Ошентип, мындай ырааттуулук пайда болгон: көйгөй (жетишсиздик, муктаждык, керектөө) чечүү жолдоруна (болжоо, иш ыгын аныктоо, уюштуруу маселелери) ал болсо, бирге аракеттенүүгө (топтолуу, милдет бөлүштүрүү, иштин өзүн жасоо) өсүп отурат. Бул нерселер, албетте, атайын олтуруп кагазда иштелип чыккан эмес. Ал жашоонун өзү менен кошо агып, көптөгөн кайталап аткарылган иштердин натыйжасын улам жалпылап, улам өркүндөтүп отургандан кийин гана кандайдыр бир калыпка түшө баштаган. Мында жаамааттык ойлоп табуу чыгармачылыгы күчтүү жүргөн десек болот. Ал иштелип чыккан калып атайын бир усулга айландырылып кагазга түшүрүлбөсө да адамдын, уруу же уруктун, бүтүндөй бир элдин эреже, тартибине айланган. Кыргыз элинде биз баамдагандан төмөндөгүдөй «өз жардамдын» үлгүлөрү бар экен. Алар «ынтымак», «кошумча» же «ыража», «жоро», «шерине», «деңгене», «үлүш», «ашар», «саан», «атмайы», «уюшма», «баштаң», «одок», «төкмө». Буларды «өз жардам» туюнуусуна киргизүүдө ар биринде, биринчиден, аткаруучулар же кишилер, экинчиден, көздөгөн максат, аткарылчу иштер жана үчүнчүдөн, жүзөгө ашырууда колдонулуучу каржылар болгонун эске алдык. Мындан башка, аларды аткарылуу узактыгына жана маанилүүлүгүнө жараша үч деңгээлге бөлдүк жана аларга шарттуу түрдө «заматтык», «орчун» жана «өскөн» аталыштарын ыроолодук.

**«Заматтык өз жардам»**

**Деңгене** – сатып алуучу жандыктын баасын тең чыгарып аны союп жегендик. Мында тамактануу муктаждыгынан сырткары сармерден айтылып рухий талаптар да канааттандырылган. Этти узакка сактоо мүмкүндүгү жок болгондуктан, деңгене чүйгүн этти жаңылай (сергүүн*[1] – свежий) пайдаланууга шарт түзгөнү, жашоо зарылдыгынан пайда болгонун көрсөтөт. Бул «тең ичкенди теңирим сүйүптүр» дегендей, адамдардын ич ара теңдигин камсыз кылып

[1] Сергүүн - свежий

турганы менен да баалуу. Дагы бир өзгөчөлүгү шерне же жоро сымак жараянды (бири-бирин чакыруу кыш же жай бойу уланган) көпкө күтпөй, муктаждык бачым канааттандырылган жана аны каалаган убакта жасоого болгон.

**Шерине** – кезектешип бир-бирине чакырышып, мал союп, жайыл дасторкон тарта коноктоо. Мунун үч түрүн белгилеп жүрүшөт.

- Мырза шерине – кезектешип бири-бириникине үй-бүлөсү менен конокко баруу. Бул өзүнчө эле шаан-шөкөт болгондуктан үлпөтчөнүн бийи, эрке баласы, эшик агасы болгон. Бий милдетине жалпы жетектөө, уюштуруу, эрке балага үлпөттү алып баруу, эшик агага келгендерди тосуу, чарбачылык жагын тейлөө өңдүү милдеттер тагылган.
- Бышырып кеткен шерине – чогуу бышырылган этти сорпосу менен теңдеп бөлүштүрүп ар ким өз үйүнө алып кетип жегендик. Бул үй-бүлөдөгү бардык жанды жаңы эт, сорпо менен камсыз кылынгандыгы менен баалуу болуп турат.
- Чийкилей шерине – согум союп, чүйгүн этти тең бөлүп үйлөрүнө алып кетүү.

**Кошумча** – туугандар, санаалаштар ортосундагы алыш-бериште турмуш деңгээлине жараша, алдарынын келишинче чен, өлчөмдөр аныкталган. «Биздин алыш-беришибиз бир койдон» же «ыражабыз бир козу» делип айтылган. Демейде, «кошумча» ырасмий салымдан кийин дагы кошумча иретинде пайда алуучуну кубаттандыруу үчүн ыктыярдуу берилет. Мисалы, жамандыкта бир тай берген, миң сомдон кошкон жана жүз, элүү, атүгүл он сомдук кошумча берген катыштык бар. Бул жети атадан ары кеткен жана андан бери бир ата балдары менен жеткен туугандык алака.

**Жоро** – бирге кыдырып кезектешип бозо ичүү. Мында да жоро бийи, эрке баласы, эшик агасы шайланат. Жоро менен шернеде милдеттерди бөлүштүрүү киргизилгенине караганда, аткарылуучу иштин көп болгондугунан жана тартип маселесин жөнгө салуу зарылдыгы чыккан үчүн болсо керек. Мында өз жардамдын

түзүлүшү (структурасы) даана көрүнөт. Анткени, жалпы чечим башкы бийлик болгон чогулушта кабыл алынып, экинчи деңгээлдеги бийлик болгон жетекчиликке (бий, эрке бала, эшик агага) ишти уюштуруп, кааданы өткөрүү жүктөлгөн.

**Баштаң** – ата-энеси бир жакка кеткен үйдүн кыз же келини курбулары менен ортого колдон келген салымдарды чогултуп тамак жасап, тамаша өткөрүп мокум кандыруулары. Топтолгон кыз-келиндердин бири унун, экинчиси аш-көгүн, үчүнчүсү майын, төртүнчүсү тузун алып келип эңсеген тамгын жасап жешип, чын жүрөктөн баарлашып черлерин жазышкан. Илгери колунда барлар баштаңдын негизги бөлүгүн көтөрүп, чаначтап кымыз даярдап, козу союп теңтуш жана санаалаштарын урматтаган.

**Одок** – көлөмү кичирээк, бирок бүтүрүүнү тез талап эткен, кой кыркуу, көң чабуу, чөп оруу өңдөнгөн жумуштар жармакташып иштөө менен бүткөрүлүп, андан соң кезектеги кишинин түйшүгүн чечүүгө бардыгы чогуулап жөнөшкөн.

**Чечкор** – күз берекесин жыйынтыктоо иш-чарасы. Мында алынган түшүмдөн, айлападагы колунда жок туугандарына, кем-карчтууларга каптарга салып энчилеп, жардамды алып кетүүнү суранышкан. Алардын алкоосу келерки түшүмдүн артылуусунун кепилдиги, кудайдын ыраазылыгын жаратуу катары каралган. Бул каралашуудан пайда болгон элдеги жылуу маанай адамга рухий азык тартуулаган, дилин аруулаган, алдыдагы албан иштерге демдендирген.

*Баамдалгандай «өз жардамдын» бул түрлөрүндө, биринчиден, кыска убакыт коротулуп, экинчиден, жеке керектөө жана үчүнчүдөн, негизинен утурумдук, тамактануу муктаждыктары чечилген. Бирок андан анын коомдук мааниси басаңдаган эмес.*

**«Орчун өз жардам»**

**Ынтымак*[1]** – бул биримдүүлүк, өз ара келишимге келүү, ырашкерликте жашоо. Элибизде ынтымакты өткөрүүдө, ошол иш-чара арналган адамдын зоболосуна карата аны эки түргө ажыратып

---

[1] Ынтымак - биримдүүлүк

түшүнүшкөн. Биринчиси, көчмөндүк заманда элге кадыры өткөн атактуулар дүйнө салганда түйшүгүн чогуу көтөрөлү делип атпай элден ынтымак чогултулган. Бай адамдын мал-жаны ашын өз аброюна татыктуу деңгээлде өткөрүүгө жетишпегендиктен, бүт уруусунан кошумча алып, алыстан келген конокторун күтүп, күтүрөтүп узаткан. Экинчиси, караламан жөнөкөй журт «көп түкүрсө көл болот» дешип, макулдашып алган чечимдери боюнча жакын туугандарынын зыяпатын өткөрүп, көтөрмөлөп келишкен. Көрүнүп тургандай мында соопчулук жагы негизги мааниге ээ болуп турат. Ошондой эле байлыгы менен бийлиги барлар жана букаралар же караламан журт ортосунда кызматташуу алакалары тыгыз жүргөн. Таптык карама-каршылык болгон эмес (Ынтымакка жаңы аныктаманы китепче соңундагы тиркемеден окусаңыздар болот).

**Ыража** – бул элибиздин жамандык-жакшылыкта бири-бирине көрсөткөн жардамы, урмат-сыйы. Мурда, ар ким алына жараша (акча, мал, кийит, чөп-чар, отун-суу, эгин-тегин) жайын айтчу. Азыр адамдар макулдашып алган оозеки келишими боюнча жалаң эле бирдей өлчөмдө акча чогултуп бермейге өтүшкөн. Мунун орчундуулугу айлапаны дайыма ынтымакта кармагандыгында жана коңшу-колоңдор өзгөрүлүп турса да, салт катары бул жараян эч токтолбой эл жашаган кайсы аймак болбосун улана бергендигинде. Бул каралашуу катары эсептелинбейт жана мында кошконун кайтарып алуу өңдүү пенделик ойлор болбойт, тек гана «ар кимдин башына келет» деген жазмыштык түшүнүк адамдарды жетектейт.

**Ашар** – бирге аракеттенип алдыга коюлган максаттын өтөөсүнө чыгуу. Ашарга келгендердин озуйпасы айрым бир жумуштун аягына чыгуу болгондуктан аны тез жана сапаттуу бүтүрүү үчүн ар кимдин шыгына жараша милдеттер тагылат. Ал үй салууда гана эмес, ошондой эле кош айдоодо, килем токууда, кийиз басууда, чий чырмоодо ж.б. көп күч талап этилген жумуштарда колдонулган. Атүгүл, 1989-жылы «жер алуу кыймылында» адамдар ашарлап: бирлери өкмөттү шыкактап, экинчилери элди тартипке салып, үчүнчүлөрү тийиштүү даректемелерди даярдап,

төртүнчүлөрү басма сөз менен коомдук пикир жаратып, жер бөлүнчөктөрүн*[1] (участкаларын) алышып үй салууну жүзөгө ашыра башташкан. Ал козголуш азыркыга чейин уланып, борбор тегерегинде 50 конуш пайда болуп, жарым миллион эл жашап жатат.

**Саан** – сааны жок калган үй-бүлөгө берилген музоолуу уй. Малын уурдатып же ал көтөрүмдөн чыкпай калып саанынан ажыраганда айылдаштар же туугандар тарабынан бир жай мезгилине берилип келген. Алган адам малды эттүү багып, сүтүн ичип сынынан кетирбей кайтарып берүүгө милдеткер эле. Көбүнесе ирденип алсын деп музоосун муктаж үй-бүлөгө калтырышкан.

**Өнөктүк** – мал төлдөтүү, тоют камдоо, жүн кыркуу мезгилинде бири-бирине жардамга келип, учуру өтүп кетелекте тийиштүү жумуштарды бүтүрүп алуу болгон. Мында да дасторкон жайылган, тамаша болгон, жанга жагым кеп-келечтер айтылган.

**Үлүш** – жайлоо майрамы. Илгери жайлоого чыккан эл бири-бирин кезектешип конокко чакырышкан. Бир жайлоонун же өрдөштүн наристесинен баштап сакалдуусуна чейин чогулуп, келиштире ат токунуп, төөлөрүн комдоп, саркештеп аземдүү жана таза кийинишип, шаңдуу көч менен барышкан. Ал жерде бал кымыз, баглаң козу этинен, түркүн даамдар тартууланган. Андан да маанилүүсү улуулардын мал-жан, аба ырайы, элдеги жаңылыктар менен алмашуу, өткөн тарых, баба салты, санжырадан узун-сабак кеп жөрмөөсү болчу. Ал эми жаштардын нуска кеп угуусу келечек өмүрлөрүнө рухий азык эле, кыз-жигиттердин өз шыктарын көрсөтүүсү, таанышуусу болочок жаш отоонун*[2] (үй-бүлөнүн) түптөлүүсүн данакерлөө болчу. Ушул тойлордо таланттуулар өнөрүн өстүрүп, кыз-жигит бири-бирин таап, кудалашууга жол ачылган. Мында маданий, демек рухий муктаждыктын канааттануусуна негизги көңүл бөлүнүп турганы таасын баамдалат.

**Төкмө -** демейде кыш мезгилинде өткөрүлөт. Мында жакын санаалаштар, туугандар бала-бакыра менен чогулуп, даам сызуу,

---

[1] Бөлүнчөктөрүн - участкаларын
[2] Отоо – жаш үй-бүлө

ата-баба тарыхын козгоо, санжыра айтуу, ыр-бий өнөрлөрүн көрсөтүү, алдыңкы жылдагы иштери жөнүндө макулдашуу өңдүү пайдалуу иштерди бүткөрүп, эс алышат. Аты билдирип тургандай чыгармачылыкта ар түрдүү иш-чаралар жүргүзүлүп, ар бир катышуучу өз сунушун кийрип, отурушту байытат, кызыктуу кылат. Төкмө*[1] - бул абалга жараша куюлуштуруп, эргүү менен так жана маанилүү ырдоо, иштөө ж.б. аракеттер эмеспи.

**Орток** – мында чогуу жасалуучу ишке, макулдашуу боюнча, ар ким экинчисинде жок каражатты кошуу менен жалпы натыйжага жетишкен. Бири жерин берсе, экинчиси үрөөнүн, дагы бири сокосу менен көөлүгүн ортого кошкон. Ал эми аны сугаруу, отоо, кайтаруу дагы башка иштерди чогуулап бүткөрүшкөн. Күзүндөгү чечкордо калыстап түшүмдөрүн бөлүп алышкан.

*«Орчундуу өз жардамда», биринчиден, адамга үй-бүлөсүнүн эң маанилүү көйгөйүн чечүүгө көмөк көрсөтүлөт, экинчиден, бул ишке кабалтең каражат жумшалып, сарптоолордун жарымы же үчтөн бири же жок дегенде сезилерлик бөлүгү жабылат. Ошондон улам мунун коомдук жана тирлик мааниси өтө жогору болгон. Азыр да «өз жардамдын» бул элдик түрлөрү «ашар» жана «ыража» калк арасында кеңири таралган. Саан уй ордуна кыйналган адамга туугандары акчалай жардам берип: «мүмкүнчүлүгүң болгондо кайрып берерсиң»,- дешет.*

**«Өскөн өз жардам»**

**Уюшма** – бул бир нече баскычтуу максаттарды бүтүрүү менен айрым бир көйгөйдү чечип, муктаждыкты канааттандыруу. Өз жардамдын бул элдик түрү эл отурукташып дыйканчылык кылган учурда пайда болгон көрүнөт. Тоңдун Актерегинде 19-кылымдын аягында тогуз топур мындай иш жасашат. Ар бири иш учурундагы тамагы үчүн ортого бирден бодо чыгарат. Максаттары тоо боору менен «мээнет арык» казып өтүп, кайрак жерге суу бастыруу болгон. Арык нугун кум жүктөлгөн эшекти тоо боору менен

[1] Төкмө - импровизация

бастырып, каптан чуурган кумдун изи менен казышат. Бул иш кыш бою уланып, жазында суу жайып соко салып эгин айдашат да, күзүндө кызыл бастырышат. Иш дээрлик бир жыл чамасында уланган.

**Атмайы** – бул жуттан же дагы бир кырсыктан кийин унаасыз калгандарга ирденип алганча күчүн бере туруучу көөлүк мал. Демейде бардар туугандардын жана айылдаштардын колунда жок калгандарына каралашуусу болгон. Пайдаланган киши малды этинен түшүрбөй, майын алып же күчүн пайдаланып, бирок жоорутпай урунуусу ылаазым эле. Айрым учурда жылдап да пайдалана берген, бирок кайтарып берүүгө милдеттүү болгон. Бул иш жабырлануучу өзү менчик көөлүгүнө ээ болгончо улана бергендиктен узакка созулган.

**Алгоочулук** – бирөөгө кол-кабыш кылып ишин бүтүрүү. Айталы, жазында койдун жүнүн кырккан, топоз менен эчкинин тыбыты таралган, топоз менен жылкынын куйрук-жалы, кылтагы отолгон, төөнүн жүнү тонолгон. Буларды андан ары иштетип, керекке жароочу буюм-тайым жасоо максатында айыл-апалар чогулушуп, жүн сабашкан, кийиз баскан, жип-шуу жана аркан-чылбыр эшкен, тыбыт түйдөктөшкөн, ийик ийришкен, өрмөк өрүшкөн, чий чырмаган, килем токушкан. Алгоочулуктун айырмалуу жери ушул өнөрлөргө үйрөткөн окуу сыяктуу, азыркыча айтканда «устат сыныбы» (мастер-класс) болуп, негизинен жаш келин, кыздар чыгаан ууздардын бай тажрыйбасын өздөштүрүшкөн. Аны жасатып жаткан үй жайыл дасторкону, көңүл ачар ыр, бий аралашкан иш-чарасы менен тосуп, сыйлыгын берип узаткан.

**Жалы –** бул күтүүсүздөн жабыр тарткан кишиге айлапасы чогуулап көмөк көрсөткөнү. Мисалы, өрт болуп бүткүл оокаты күйүп кеткенде тууган жана айылдаштары чогуулап тамак-аштан, кийим-кечеден, шаймандардан, идиш-аяктан каралашып, тезирээк оңолуп кетүүсүнө жардамдашкан. Мындай каралашуудан кырсыктаган үй-бүлө тез эле тыңып «жал алып» ирденип кеткен.

*Элдик көмөктөшүүнүн бул түрүндөгү өзгөчөлүк болуп анын узактыгы, демек, иш-чаранын туруктуу өнүгүү мүнөзүнө ээ болгону эсептелет. Ал ошондой эле ага катышкан адамдарда чыдамдуулукту жана сабырдуулукту тарбиялоосу менен да өтө баалуу.*

## 3. «Элдик өз жардамдын» өнүгүү жараяны

*«Эл ичи - өнөр кенчи» (кыргыз накылы.)*

Жогоруда көрүнгөндөй, эл өзүнүн күндөлүк жашоосун уюштурууда тирлик*[1] (социалдык) чыгармачылыгы улам өркүндөп жүрүп олтурган. Ал изденүүнүн эң алгачкы үлгүлөрүнөн болуп «заматтык өз жардам» болгону ачык көрүнүп турат. Анын мүнөздүү белгиси болуп пенделик муктаждыктын «жан сактоо» өңдүү алгачкы баскычынын талаптарын чечүүгө багытталганынан таасын көрүнөт. Элдин коомдук турмушунда адамдар ортосунда ич ара мамилелер улам татаалданган сайын «орчун өз жардам» өкүм сүрө баштап, анын аткарылуучу иштери да, милдеттери да көбөйгөн. Коомдук мааниси орчун болгондуктан, ал такай пайдаланылып келген. Ал эми көчмөн жашоодон отурукташууга өтүүдө адамдардын арасындагы кызматташууда жаңы деңгээл башталганын «өскөн өз жардам» аттуу түрү пайда болгону далилдеп турат.

Өз жардамдын жогорудагы түрлөрүнүн баарын бириктирип турган сыпаттары болуп, алардын ар биринде белгилүү бир мүдөө-програмдын болгону, аткаруучу жана керектөөчү адамдардын барлыгы, ошондой эле зарыл каражат менен камсыздалганы болуп эсептелет. Бул үч негиз ар кандай үйдүн жерпайы, дубалы, чатыры сымак жогоруда айтылган үлгүлөрдүн ар биринен даана баамдалат. Бул үч негиз азыркы замандагы өкмөттүк жана бейөкмөт

[1] Тирлик - социалдык

уюмдардын, ар кандай долбоорлордун, өкмөттүк мүдөө-програмдардын бардыгында бар. Булардын бири эле чала камсыздалып же этибарга алынбай калса, жөнөкөй иштен баштап мамлекеттик орошон програмдар да уланбай талкаланып калганына көп эле күбө болуп жүрөбүз. Дагы бир баса белгилеп кетүүчү жагдай, элдик өз жардамда «өз башкаруу», «өз каржылоо», «өз өнүгүү» өңдүү ар кандай туруктуу өнүккөн уюмдарга мүнөздүү белгилер ажырагыс өкүм сүргөн.

Элдик чыгармачылык кылымдар бою иштеп олтуруп, өз жардамдын «уюшма» түрүнө өнүгүп жеткенден соң ал изденүү токтогон сыяктуу. Анткени, анын андан ары тереңдеп өнүгүшүнө жамааттык чарбанын (колхоз) уюштурулушу бөгөт болгон окшойт. Кеңеш заманы  мезгилинде мамлекет турмуштун бардык тарабын жекелегенден улам, төмөнтөн чыккан демилге дайым басылган жана тирлик чыгармачылыгы колдоо тапкан эмес. Бирок коммунистик бийлик өз кызыкчылыгында «өз жардамдын» бул же тигил түрүн, айрыкча, «ашар» үлгүсүн кеңири пайдаланып келген. Ал эми ал усулдар адамдарда жигердүүлүктү пайда кылган учурларында ал тажрыйба дароо токтотулган. Ошондуктан, көз карандылыкта жашаган элдерде улуттук баалуу нарк-дөөлөттөр өнүгүүсү мүмкүн болбогон. Тескерисинче, төбөлсүздүккө жетип эгемен болгон мамлекет менен элдерде каада-салт жаңы заманга шайкеш илимий негизге салынып өөрчүтүлө баштаган. Анын далили катары Индустанда жаратылган «өз жардам тастыктамасын» айтсак болот. Ал элдик адат салттардын негизинде өстүрүлүп чыгарылган өнүм (продукция) экени шексиз.

«Өз жардамдын» жогоруда келтирилген үлгүлөрүнөн биздин баамыбызда бир нече муктаждыктар чечилген. Эң оболу, тамак-аш көйгөйү, демек, жашоонун күндөлүк керектөөсү канааттандырылган. Бул үнөмиаттык (экономикалык) керектөө болгону даана көрүнөт. Бул, айрыкча, «шеринеде», «жородо», «ыражада», «баштаңда» ачык байкалат. Экинчиден, адамдардын ортосундагы мамиле бекемделип, алыш-бериш жүрүп, тирлик (социалдык) алакалары чыңдалган. Мында бири-биринин малын,

тамагын, эмерек буюмдарын пайдалануу жана анын акыбетин кайтаруу жөрөлгөлөрү жасалган. Булар «саан», «атмайы», «жалы», «ашар» үлгүлөрүндө даана сезилет. Үчүнчүдөн, адамдардын рухий талаптарын канааттандыруу жүргөнү да көрүнөө турат. Айрыкча, «үлүштө» кол өнөрчүлүк, уузчулук өнөрлөрүн көргөзүү үчүн аземделип көөлүк мал токулуп, саркештелип кийимдер кийилген. Ал жерде ыр, күү жаңырып өнөрлөр көрсөтүлгөн, нускалуу сөз айтылып элдик тарбия жүргүзүлгөн. Мына ушундай эл жалпы чогулган жерлерде диний жөрөлгөлөр жасалып, жаштарга ыйман сабактары айтылган, бабалардын ары нарктуу, ары баатырлык окуялары баяндалган. Булар «үлүштөн» башка «шеринеде», «жородо», «сармерденде» жасалган. Төртүнчүсү, бул үлгүлөрдө саясый максаттардын көздөлүүсү да кашкайып көрүнүп турат. «Ынтымак» өткөрүү менен айрым бир уруу же бүтүндөй эл колдо болгон мүмкүндүгүн, бар байлыгын ортого топтоо менен өз күчүн башкаларга даңазалоого жетишкен. Терең абай салса мында талам талашуу жышааны да баамдалат. Албетте, муктаж болгондор өз таламдарын астейдил айтып маңыздаган, жеке маселелерине туугандарын же айлапасынын көңүлүн бурдурган. «Өз жардамдын» бул элдик усулдарында коомдун ар кандай катмарында тургандардын – кедей жана байлардын – тирлик алакалары тыгыз болуп, ар түрдүү көйгөйлөр өз учурунда чечилип келгени ачык көрүнүп турат. Демек, кыргыздын элдик өз жардам усулдарында **үнөмиаттык, тирлик, маданий** жана **саясый** максаттар жүзөгө ашырылган.

## 4. ӨЖТдагы тирлик дөөлөт (социалдык капитал)

Тирлик дөөлөт – бул адам топторунда жааматтык аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн чендер (нормалар), бейкалып чендер же баалуулуктар.

Тирлик дөөлөт – аракетчинин (актор) башка аракетчи менен байланышынын жыйындысынан куралып, башкалардын такоолун (ресурсун) тартып келип жыйнактоого себепчи болот. Ушул жол

менен тирлик дөөлөтү башка – үнөмиаттык, маданий ж.б. - дөөлөттөргө өтөт.

ТД түрлөрү (типтери): ички, сырткы, аралаш о.э. жеке жана коомдук бөлүштүрүүсү бар.

**Дж.Коулман боюнча:**

Тирлик дөөлөтүнө башка дөөлөттөргө (адамдык, табийгый, үнөмиаттык ж.б.) караганда, «аракетчилер (актор) жана алардын ортосундагы байланыш түзүлүшү мүнөздүү». Бул касиет аракетчилердин өзүнөн да, өндүрүш каражаттарынан да *(балким, биз үчүн тастыктамадан, анын талаптарынан да)* көз каранды эмес. Атүгүл, жеке инсандай эле, белгилүү бир максаты бар уюм да *(ӨЖТ, Биримдик)* аракетчи (жааматтык аракетчи) катары чыгышы мүмкүн. Жааматтык аракетчилер *(ӨЖТ, Биримдик)* ичиндеги байланыштар жана алакалар «тирлик дөөлөтүн» жарата алат.

Ички алакалар катары маалыматтар менен өз ара алмашуу чыгып, анын натыйжасы катары «арзан насыя алуу», «өкмөттөн жардам көрүү», «жаңы билимге ээ болуу», «шыктануунун жаралышы» өңдүү пайдаларды ала баштаса «тирлик дөөлөтү» боло алат.

Тирлик дөөлөтүндө таандыктык болуу эки жактуу – коомдук жана жекелик. ТДны түрлөнтүүнүн төмөнкүдөй да үч калыбы бар:

1. Тирлик чөйрөсүнүн бекемдигинен байланышкан милдеттенмелер жана күтүүлөр.

2. Тирлик түзүлүшүнүн *(же ӨЖТнын)* маалымат агымдарын алмашуу жөндөмү.

3. Жана чендер (нормалар), алар аткарылбаса айыптардын берилиши.

Тирлик дөөлөтүнүн маңызы, адамдар алган коомдук ырыскынын сапаттык көрүнүшүнөн ачылат: аракетчи же аракетчилер, демейде ал ырыскынын аз гана бөлүгүн алышат. Бул касиет ТДнын көптөгөн калыптарына мүнөздүү келип, аны дөөлөттүн (капиталдын) башка калыптарынан (формаларынан) айырмалап турат. Бул жагдай ТДга сырт салымды жетишсиз кошууга алып келет.

ӨЖТлардын жүүнсүздөнө башташы, «тажашы» ушул мыйзамченемдүүлүктөн эмеспи? Демек, жандоочтор (тирлик адистер) ТД жараткан ырыскыдан ӨЖТ жана мүчөлөрдүн көбүрөөк алуусуна кам көрүүлөрү керек. Ал мыйзамченемдүүлүктү ӨЖТга, Биримдикке, мүчөлөргө (ТДда үчөө тең ар башкача маанилүү) көрсөтө жана туюнта алсак, ӨЖТлардын, мүчөлөрдүн, Биримдиктердин максаттары жана мерчемдери тереңделип, илимий иштелип чыгуусуна, демек жигерденүүнүн «жаңы булагын» тапканга көмөктөшкөн болобуз. ТД – бул коомдогу (маала, конуш, шаар, өлкө) турмушту жакшыртууга карата биргелешкен адамдар тарабынан жаратылган дем, жигер, аракет, ийгилик.

**Р. Патнем боюнча:**

Тирлик дөөлөтү - тирчилик уюмдарынын коомдун натыйжалуулугун жакшыртуучу мүнөздөмөлөрүнө - ишенич, чендер (нормалар), желелер өңдүү сыпаттардын катарына кирет. ТД – бул жекелер ортосундагы байланыш, демек тирлик желеси *(ӨЖТ)* жана ал желелерден жаралган өз ара каралашуу чендери (нормалары). ТД – бул «жекелер ортосундагы байланыш – тирлик желелери *(ӨЖТ)* жана андан чыккан өз ара каралашуунун чендери (нормалар)», мында жеке кишинин эмес, сырткы, коомдук натыйжалуулук маанилүү. Патнем, тирлик дөөлөтү менен жарандык коомду коомдогу бакубаттуулуктун негизги шарттоочулары катары көрүп, «ишеним менен тирлик желелери жакшы өнүккөндө жеке киши, фирма, оодан (конуш, маала) атүгүл улут гүлдөп өнүгүп турат» дейт.

Остомдун аныктамасы да жогоркуга үндөш: ТД – бул жекелерден куралган топтор (ӨЖТ) улам кайталап жасай берүүчү ишмердигиндеги бирге аракеттенүүгө негиз болчу баары кабыл алган билимдер, чендер, эрежелер жана күтүүлөр».

А.Портес мындай пикирди айткан: тирлик дөөлөтүн топтоо жөндөмү жеке инсандын мүнөздөмөсү эмес, ал жеке адам куруп чыккан мамилелер желесинин өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Ошентип, тирлик дөөлөтү – тирлик түзүлүшүнө (эмгек жааматы, ӨЖТ, фирма) адамдын катышуусунан жаралган өнүм (продукт).

Дүйнөлүк Казнанын белгилүү долбоорунда, ТД айрым бир тирлик топтордун, уюмдардын гана эмес, атүгүл бүтүндөй өлкөнүн үнөмияттык өсүүсүнүн зарыл такоолу катары карайт: «эми белгилүү болуп калды, капиталдын үч тиби (дендик, адамдык, табигый) үнөмиаттык өсүү жараянын бир тарабын гана аныктайт, анткени алар уюмдашуу ыкмасына жана үнөмияттык өсүү жана өнүгүү үчүн үнөмияттык тыңчылардын (агент) бирге аракеттенүүсүнө маани беришпейт». Айтылгандарды жыйынтыктасак, демек ТД уюмдун *(ӨЖТ)* ажырагыс касиети (атрибуту). ӨЖТнын Тирлик Дөөлөтү – топтогу кишилер жараткан бекем ынтымактын тынымсыз жаратуучул нукка түшүшү. ТД - топтун жүрөгү, жүгүргөн каны, ал уюткуланбаса жана кыймылга келбесе топ таркап кетет. ТДны жеке киши жарата албайт, аны ал кирген уюшма (коом, партия, ӨЖТ) гана пайда кылат.

**ТДнын тутуму булардан турат:**

1. Чендер (нормалар) – өлкөнүн мыйзамдары, тастыктаманын (концепция) талаптары.

2. Бейкалып чендер – топтогу өз ара мамилелер, эрежелер, мүнөздөр, кыялдар.

3. Баалуулуктар – улуттук дээр жана түшүнүктөр (чыгарылган, өзү өкүм сүргөн).

4. Байланышуу түзүлүшү – чогулуштар, бирге өткөргөн иш-чаралар.

5. Милдеттенмелер - өзү каалаган эмес, топ жүктөгөн тапшырмалар, иштер.

6. Күтүүлөр – ишке ашчулары, көз жетерлик болбосо иренжиткен кыялдар эмес.

7. Маалымат агымдарын алмашуу – элде болсо менде болот, өзүмчүлдүкө жол жок.

8. Айыптар – чендер аткарылбаса, салымына жараша ырыскы берүү.

9. Ишеним – мен көчөмдө адамдык тартип орнотсом, өлкө оңолот ынанымы.

10. Желелер – жекелер кошулган топ, алардын Биримдиги, шаардык Курама.

11. Билимдер – турмуштук, коомдук, рухий ж.б. билимдерге ээ болуу.

12. Эрежелер – Жобого жашоо сунуштаган өзгөртүүлөрдү киргизүү, ага жана өлкө Мыйзамдарына баш ийүү.

13. Сынчылдык – жетишкенге манчыркабоо, ишин улам «тергеп» туруу.

14. Такоолдорду тартып келүү – мамлекеттик, адамдык, рухий, каржылык, маткелдик салымдарды чогулта алуу.

ТД сапаты коомдогу (конуш, мааладагы) адамдарга тийген ырыскыдан (насыя, жол, суу жарык, жардам) көрүнөт. Аракетчилер эмгегинен өздөрү күткөндөй акыбет алалбай калышса демек, акыйкат мамилени мааланын бардык жашоочулары билүүсү керек. Муну үйрөтүү ӨЖТнын ишмердигинин негизгисинен болуп калышы керек.

Демек, ТДнын бул «сыпаттары» жана «маңыздары» тирлик адисине ӨЖТны мындан ары өнүктүрүүсүнө - жаңы нукта, бийик демде болуусуна багыттагыч катары боло алат. Ошондой эле «ӨЖТ бейнеси» чыгарган топтордун деңгээлин жана сапатын аныктоодо (насыя, рухий, тирлик, шыкакчы ӨЖТлары дегенден терецирээк) ченөөрлөр болуп берет.

***Кошумча:*** *«Тирлик дөөлөтүнүн» таң калаарлык көрүнүшү катары 2010-жылы 7-апрелинде адамдардын бир кишидей уюшкандыкка келишин атасак болот. Эл арасында ошол тушта «ата-баба колдоосу, Манастын сүрөөнү» өңдүү кеп-келечтер арбын айтылды. Чынында эле жүздөгөн коом жана партиялардын бири да кыла албоочу иш болуп өттү көз алдыбызда. Мунун сырын чечүү алдыда турган орчундуу иштердин бири десек болот. Тирлик дөөлөттүн жандуу мисалдары катары 1989-жылы тоталитардык шарттарда дуу чыккан «Ашар» козголушун жана 2010-жылы бийлик УӨ (убактылуу өкмөт) абдаарып калган*

*шартта түштүктө Мекенин коргоого аттанган калктын уюшуусун келтирсек жарайт.*

## 5. Жергиликтүү өз башкаруунун тиреги элдик уюмдар

Учурда өзүбүздүн табылгаларды изилдеп, өнүктүрүү ордуна башка өлкөлөрдө иштелип чыккан үлгүлөрдү эч өзгөртпөй киргизүү же жарым-жартылай көчүрүү жүрүп жатат. Аны өздөштүрүү чыгармачылыкта жүргүзүлбөгөндөн улам көп учурда бөтөн нерсе сыяктуу турмушубузга коошпой келет же ийине жеткизилбей аткарылат. Бул ишти белгилүү бир мөөнөт жана чектерге кыспай, эркин жараян катары өнүктүрүү зарыл. Ошондо гана ал улутка төп келип өзүнүкүндөй убарлуу кенчине айланат. Мындай алгылыктуу тажрыйба Бишкектин жаңы конуштарында 1999-жылдан баштап «Арыш» коомдук бирикмеси тарабынан жүзөгө ашырыла баштаган. Индустандын түштүгүндөгү аймактарда кеңири тараган «өз жардам тастыктамасы» (концепциясы) кыргыздын улуттук өз жардам усулдарынын жогоруда келтирилген усулдары менен байытылып, кеңири жайылтылды. Бул усул дээрлик бүткүл Кыргызстан боюнча кулач жайып, көпчүлүк аймактарда жемиштүү натыйжаларын берип келди. Муну мүчүлтсө бир гана көкүрөгүндө улуттук нарк-насил калбай калган жана базар үнөмиаты менен агылып келген өзүмчүл ачкөздүккө берилген адамдар гана соолута алат. Бул улуттук уңгуну сактап калуучу ишти мекенчил адамдарга тапшырып, жашообуздун негизги көрүнүшүнө айландырсак, өз нугубузга түшкөн болоор элек. Ошентип, кыргыздар нечен кылымдарда топтогон «өз жардамдын» элдик үлгүлөрү жергиликтүү өз башкарууну тикелөөдө табылгыс тирек жана шапаат болуп бермекчи. Бул максат бир нече ӨЖТ (өз жардам топтору) кошулуп Биримдик түзүп, Биримдиктер чогулуп Курама уюштуруп, ал аркылуу эл мүдөөсүн бийлик төбөлдөрүнө жеткирип, өздөрү чечим чыгарууга катышып, бийликтен жоопчот алып турууга болот. Төмөндө «өркүндөтүлгөн үчүнчү муундагы» ӨЖТ Жобосун сунуш этебиз.

**ЖАҢЫ-КАДАМ ӨЖТнын ЖОБОСУ**

**1. Жалпы түшүнүктөр**

1.1. Жаңы-Кадам ӨЖТ (өз жардам тобу) – бул Ак-Жар конушунун 22-32 көчөлөрүндө жашаган, турмуш-тирлик көйгөйлөрүн чечүү үчүн аракеттенген, өз ыктыярлары менен чогулган, максатташ адамдардын тобу.

1.2. Максаты: конушта нагыз элдик өз башкаруу тутумун түзүүгө жетишүү.

1.3.Чечүүчү маселелери: мүчөлөрдүн жашоо деңгээлин көтөрүү, жарандык билимин жогорулатуу, жакырчылыктан чыгуу, конушту мыйзамдаштыруу, мааланын көйгөйлөрү болгон бала-бакча, мектеп, суу, жарык, жол, эмкана салдырууга аракеттерди жасоо.

1.3.Топ Кыргызстандын Баш Мыйзамынын (Конституция) 21-беренесинин 1-3-нокоттору жана «Жамааттар..», «Коомдук уюмдар..» ж.б. мыйзамдардын негизинде иш жүргүзөт.

1.4. Топто саясый, диний үгүттөрдү жүргүзүүгө жол берилбейт.

1.5. Жобого зарылчылыкка жараша өзгөртүү киргизилип турат.

**2.Мүчөлүк**

2.1. Топко Ак-Жар конушунун 22-32 көчөлөрүндө жашаган 16 жаштан жогорку курактагы жашоочулар мүчө боло алат.

2.2. Топто 10дон кем эмес, 15тен көп эмес мүчө болууга тийиш.

2.3. Топко бир үй-бүлөдөн бирден өкүл гана мүчө боло алат.

2.4. Жаңы мүчөлөр ӨЖТ Жобосу менен таанышып, арыз жазуу негизинде кабыл алынат.

2.5. Топтон себептүү (көчсө, катуу ооруса) чыкса – кирүү акысы жана пайыздары калат, арткан акча толук берилет.

2.6.Топтон себепсиз (тартип бузуп) чыкса – эч канча акча берилбейт.

**3.Түзүлүшү**

3.1. Топтун жогорку бийлиги – ЧОГУЛУШ. Чогулуш ар айдын 15, 27синде саат 19-00дө кезеги менен топ мүчөлөрүнүн үйүндө чакырылат.

3.2. Чогулушка мүчөлөрдүн 2/3 же 70 % катышканда күчүнө кирет.

3.3. Чечимдер добуштардын 2/3 же 70 % берилсе кабыл алынат.

3.4. Экинчи деңгээлдеги бийлик Ордо (жетекчи, эсепчи, катчы) үч айлык мөөнөткө шайланат.

3.5. Жетекчинин милдеттери:

- чогулушту уюштуруу, өткөрүү;
- көчөдөгү коомдук иштерди (ишембилик, майрам ж.б.) уюштуруу;
- топко жоопчот (отчет) берүү.

3.6. Эсепчинин милдеттери:

- мүчөлүк акы чогултуу;
- эсеп иш кагаздарын, китепчелерин так жана таза жүргүзүү.

3.7. Катчынын милдеттери:

- токтомду өз убагында таза жана так жүргүзүү;
- токтомду мүчөлөр алдында угуза окуп туруу.

**4. Сактоолук**

4.1. Сактоолук беш булактан - кирүү жана мүчөлүк акылардан, иштетүүдөн түшкөн пайыздардан, айыптардан жана демөөрчүлүк салымдан - куралат.

4.2. Топко кирүү акы (бир жолу төгүлөт) – 50 сом, ай сайын мүчөлүк акы – 100 сом.

4.3. Сактоолукту мүчөлөр керегине жараша иштетишет.

4.4. Сактоолуктан насыяны топтун 1/3 бөлүгү алып, 2/3 бөлүгү көзөмөлдүк кылышат. Бул «тирлик кепилдиги» тилкат менен бекемделет.

4.5. Сактоолук бир айлык мөөнөткө 5% менен күрөөсүз, топтун кепилдиги менен берилет.

4.6. Сактоолукту төгүү белгиленген күндөн бир күн кечиктирилсе күнөөкөр ар күнүнө 5% туум (пеня) төлөйт.

4.7. Сактоолуктан акча Баш китепке кириштелип, чыгышталып жана жеке китепчелерге жазылган соң колго берилет.

**5.Милдет жана укуктар**

5.1. Топ мүчөсү укуктуу:

- Ордого шайлоого жана шайланууга;
- өз оюн эркин айтууга жана сунуш киргизүүгө;
- насыя алып иштетүүгө;
- топтон чыгууга.

5.2. Топ мүчөлөрү милдеттүү:

- чогулушка убагында келүүгө;
- мүчөлүк акыларды убагында берүүгө;
- топ тапшырмасын так аткарууга;
- конуш иштерине жигердүү катышууга;
- насыяны убагында кайтарууга.

5.3. Айыптар:

- чогулушка кечиккен ар 1 мүнөтүнө 1 сомдон төгөт;
- тапшырманы аткарбаса 300 сом айып төлөйт;
- себепсиз чогулушка келбесе 200 сом айып төлөйт.

**6. Топтун иш-аракети**

6.1. Жаңы-Кадам ӨЖТ 4 жаатта – үнөмиат, тирлик, маданий, саясый - багытта өнүгөт.

6.2. Үнөмиаттык: жумушчу орундарын ачуу, сактоолукту көбөйтүү, ишкерликти өнүктүрүү (чач тарач, дүкөн, мончо, тикмекана), соода- сатык жүргүзүү.

6.3. Тирлик: конушту айылдан шаарга өткөрүү жана аны мыйзамдаштырууда, жол, суу,жарык, телефон ж.б. койдурууда аракеттенүү.

6.4. Маданий: улуттук каада-салттарды жандандыруу, майрамдарды өткөрүү, ыймандуулукка тартуу, мамлекеттик тилди таза сүйлөө жана жайылтуу.

6.5. Саясый (шыкактоо жана талам талаш)**:** өкмөт, жергиликтүү бийлик, маалабашы менен иштешип, конушка пайда алып келүү.

6.6. Жаңы-Кадам ӨЖТсында иш кагаздары болуп: Жобо, токтом, сактоолук китепче, баш китеп, бейлөө (мониторинг) дептери, актылардын, арыздардын, түшүнүк каттардын кабы (папка), окуулардын таркатмаларынын кабы ж.б. саналат.

6.7. Түзүлүү баскычы 2-жыл, калыптануу баскычы 2-жыл, күчөнүү баскычына 2-жыл кетет, калыптануунун аягында күчөнүүнүн башында Биримдик түзүлөт. Күчөнүү баскычынын аягында ӨЖТлардын Бишкек шаардык КУРАМАсына кошулуп, астында өз банкы болот. (Арыш-Инвест КНКга (кичи насыя компания) үлүшчү болуп кирет).

6.8. Жаңы-Кадам ӨЖТ жергиликтүү өз башкарууну түзүүчүлөрдүн катарында жигердүү иштерди жүргүзөт.

**7. ӨЖТнын тарыхый өнүгүшү**

7.1. ӨЖТ улуттук салттуу өз жардам усулдарынан (ашар, ыража, жалы ж.б. 15тен ашык) байытылып, Индустанда жаратылган тастыктамага (концепцияга) негизделген.

7.2. Бишкек конуштарында 1999-жылдан ӨЖТ түзүү башталып, 20дан ашык конушта таркатылды, ӨЖТ Биримдиктери жана Курама түзүлгөн.

7.3. ӨЖТ 6 жыл «долбоорлук», 6 жыл «мүдөөлүк» өнүгүүлөрдү өтүп, азыр жергиликтүү өз башкаруунун негизги түзүүчүсү болуу макамына ээ болууга аракеттенет.

7.4. Бишкек ӨЖТлары демөөрчүлөрдүн жаңы Мүдөөсүнө ылайык, ӨЭУлардын Борбор Азия платформасынын алкагында «ички көчкүндөрдүн» НТЖга[1] жетүүсүн жана коомдук турмушка толук кандуу аралашуусун ишке ашырат.

7.5. ӨЖТнын жаңы иш ыкмасы катары «өзгөрүү назариятына» салып так болжоо жана «боор тартуу» ниети менен белгиленгенди кынтыксыз жоопкерчиликтүү орундатуу эсептелет.

---

[1] Мамлекет берүүгө милдеттүү НТЖ (негизги тейлөөлөргө жетүү – билим берүү, саламаттыкты сактоо, жөлөкпулдар ж.б. жөлөмөлдөр (пособиелер)

**8. Топтун таркашы**

8.1. Жаңы-Кадам ӨЖТсы мүчөлөрүнүн 2/3 же 70% катышкан чогулушта таркоо маселеси добуштардын 70 % менен чечилет.

8.2. Ортодогу мүлк чогулуш чечими жана Мыйзам негизинде бөлүштүрүлөт.

**Жобо жазгандар:**

1. Соронбаева Калия
2. Айтбаева Канышай
3. Текебаева Малика
4. Дондоева Гүлбүбү
5. Аилчиева Бурул
6. Идирисова Нурия
7. Абдразакова Барчынай
8. Матаева Нүргүл
9. Шакеева Айнура
10. Суерова Ляйликан

**Жобо түзүлгөн күн 27. 06. 2011-жыл. Толуктоолор киргизилди: 27. 06. 2012-жыл.**

## 6. Бүтүндүктүн бөлүкчөсүнүн бири «чатакты» оңоо ыкмасы

Ал үчүн эң оболу, «чатак» көрүнүшүн өзүнүн бүтүндүгүнөн сууруп албай талдоого алсак. Анын бүтүндүктөгү турпаты мындай: «ынтымак» тире «тирлик» тире «чатак» барабар «карама-каршылык» же (Ы – Т – Ч = КК). Мында, даана көрүнүп тургандай чок ортодо «тирлик» же күндөлүк көр турмуш, жан сактоо алакети турат. Ошол турмуш-тирчиликтеги жаралган ар жактуу кызыкчылыктын тартышуусунан жана чечилүүсүнөн улам же ынтымак, же чатак башталат. Бул үчөө (Ы – Т - Ч) бири-биринин кошундусунан эмес, маңыздарынын өз ара байланышы жагынан карама-каршылыкка (КК) барабар болуп чыгат, анткени анын ар биринин ичинде карама-каршылык өкүм сүрүп турат. Ушундай «теңдемени» чогуусунан жана анын түзүүчүлөрүнүн ар бирин териштирүү менен чатактын табиятын ачууга аракеттенели (төмөндөгү «Кедерин түзөө» чатырашын караңыз). Мунубуз улуттук ой-жүгүртүү төтөсүнүн (логикасынын) ыраатын кармангандыктын жышааны. Кыргыз ой-жүгүртүү өзгөчөлүгү - терстиктен кайра жакшылыкка ырааттап жүрүп отуруу ыкмасында

эмеспи. Ошол бөтөнчөлүктү билдирген - «жаман айтпай жакшы жок», «чатактын этиши – ынтымактын кетиши», «уурусу күчтүү болсо, ээси доого жыгылат» – бул макалдарда чындыкка келүүчү кадамды терс көрүнүштөн түртүлүп шилтөө керектиги ишаарат кылынганы баамдалып турат. Ооба, адамдар көр турмуштагы – баалуулуктун, кызыкчылыктын, муктаждыктын, керектөөнүн – табышуусунун же кагылышуусунун айынан ынтымакка же чатакка кептелишет. Ушул оодарылган абал – «чатак – тирлик – ынтымак» – албетте, карама-каршылыктын оң, сол жактарынын бүтүндүгүн, биримдигин туюнтат. Бир караганда карама-каршылыкты жогоруда келтирилген «теңдемедеги» тирликтин (көр оокаттын) ордуна деле коюп салууга болгудай көрүнөт. Бирок анда карама-каршылык тирлик деңгээлге «төмөндөп» кетип, өзүнүн андан сырткары жана өйдө турган диний, рухий жана ааламдык озуйпасы менен милдеттерин туюнта албай калышы этимал.

Кыргыздар өз дүйнөтаанымына таянып, айланадагы нерселердин ар бирин өз-өзүнчө бүтүндүктө кабыл алуусу боюнча - жалпы ааламды: «жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «төмөнкү дүйнө» түзүлүшүндө туюп келген. Адамга тикелей тиешеси бар жер үстүндөгү жашоону же «ортоңку дүйнөнү» мындай ажыратып – «аскер тутуму», «тирлик коому», «чарбачылык» жана «нуска» калыбында түшүнгөн. Биз сөз кылып жаткан «ынтымак жана чатак» мына ушул «тирлик коомунда» уюткуланган жана өкүм сүргөн. Ошол коомдогу жашоо чөйрөсү (тирлик же социалдык) ар түркүн кызыкчылыктардын айынан чатак менен ынтымактын дал ортосунда турган талапчен катары мындай сызымда (схемада) көрүнөт: Ынтымак – Тирлик – Чатак. Бул үч талапчен (категория) карама-каршылыкты жарататат жана андан өздөрү жаралат.

Кыргыздардын салттуу «өз жардам усулдары» коомдук уюмдашуусунун өз мезгилинде алдыңкы жана алгылыктуу аспабы болгон. Нечендеген доорлор агылып, көптөгөн коомдук түзүлүштөрдү басып өткөн элибиз жашоосунун бул уюмдашуусун жоготуп жиберген эмес. Анын керектен чыгып калбай узак жашоосунун сыры адамдар жана уруулар ортосунда ынтымакты

шарттаган «өзөк от» дүрмөтүнүн бар болушунда десек болот. Ошентип, «ынтымактын» кыймылдаткычы «өзөк от» мындай «теңдемеден» турат экен: А + К + У + К = Ж. Ынтымакка келүү үчүн адамдар эң оболу **А**йкөл (боорукер, кайрымдуу) болушу, **К**еректөөлөрдү калыс аныктоосу, **У**бакытты өтө эле созбоосу жана **К**аражатты тең чыгаруусу керек. Ошондон кийин бардыгын канааттандырган берекелүү **Ж**ыйынтык алынышы ылаазым эле.

Азыркы «чатактаануу» илими боюнча чатак турмуш-тирлик мейкининде жүрүп, жети баскычтан турат. Ошонун дал ортосундагы «каканактоо» деңгээлиндеги өөрчүү мезгилинде «ынтымакка» оодарылуу жараяны башталат. Демек, каканактоодон кийинки «сүйлөшүүлөр» баскычынын жүрүшүндө, чатакташкан тараптардан «өзөк отту» иштеп чыгуусун өтүнсөк болот. Ооба, кыргыздык көз караштан алсак «ынтымактын» түзүүчүлөрү болгон «айкөлдүк», «керектөө», «убакыт», «каржы» (ресурс) зарыл өлчөмдө камсыз этилсе «ынтымакты» жаратуу жараяны өкүм сүрө баштайт. Ынтымактын «тал чокусу» – бул чогулган адамдардын жогоруда келтирилген төрт түзүүчүсү так сакталып жана аткарылып жаткан уюмдашуусу. Ал уюмдашуу өз ишмердигинин жыйынтыгында адамдар үчүн пайдалуу натыйжа берүүсү керек. Бул өтө маанилүү, ал төрт түзүүчү – ар бири өз алдынча маанилүү бөлүктөр катары - бешинчи түзүүчүгө же «жыйынтыкка» алып чатакты жок кылуунун жолу.

Жогорудагы элдик кеп-кеңеш, насааттар, колдонулган каада, жөрөлгөлөр, өз жардам усулдары мына ушул үч «жараткыч» жана талдоолор көрсөткөндөй, чатакка - өзүмчүл ачкөздүк, келишкис карама-каршылык, дымактуу атаандаштык, тар кызыкчылыктар алып келери түшүнүктүү болду. Демек, аны (чатакты) бүтүндүгүндө көргүбүз келсе мындай «теңдемеге» ээ болобуз: А + КК + А + К = Ч. Ошентип, ар бир чатактын ушул түзүүчүлөрүн жоюу үстүндө иштесек, биз ынтымакка жеткирүүчү «өзөк отту» иштеп чыгууга киришип, аны жаратуу максатында чечкиндүү аракеттенүүгө өтө алабыз. Чатакты бүтүндүктө көрүп, алардын

бөлүктөрү менен тикелей иштеп, ишибизди алгалатып, туу максатыбызга жетүү үчүн мындай чатыраш сунуш этилет.

**«КЕДЕРИН ТҮЗӨӨ»**

(Чатактан чыгуу жолун талдоо чатырашы)

**Чатактын мазмуну**: ________________________________________________

________________________________________________________________

**Алдыга койгон максат жана маселелер:** ____________________________

________________________________________________________________

**Аткаруучулар:** (ортомчу жана тараптардын өкүлдөрү**)**

________________________________________________________________

________________________________________________________________

| **№** | **Чатак абалдары:** / **Чатак курамы:** | **терс** | **оң** |
|---|---|---|---|
| 1. | Карама-каршылык | келишкис (баяндап жаз) | түшүнүшкөн (баяндап жаз) |
| 2. | Ачкөздүк | өзүмчүл (баяндап жаз) | жамаатчыл (баяндап жаз) |
| 3. | Атаандашуу | кур дымак (баяндап жаз) | жаратуучул (баяндап жаз) |
| 4. | Кызыкчылык | тар (баяндап жаз) | кең (баяндап жаз) |
| 5.<br><br>6.<br>7. | Мүнөздөрдүн келишпестиги<br>Диний араздашуу<br>Көз караштардын тиреши ж.б. | | |
| | Жыйынтыгы: **ЧАТАК** | **ТИРЛИК** (накта жагдай) | **ЫНТЫМАК** («өзөк от» иштеп чыгууну баштоо) |

Чатакты жөндөө максатында, албетте, алды менен ортомчу жана тараптардын өкүлдөрү макулдашууга келип, чогулушат. Алар биргелешип талкуулоонун натыйжасында «чатак мазмунун» баары канааттанган көрүнүштө кылып иштеп чыгышат. Мында бардык пикирлер майда-чүйдөсүнө чейин кабыл алынып, кыска жазылышы керек. Көйгөйдүн жалпы көрүнүшү даана болгон соң чатакты жоюучу максаты жана анын өтөөсүнө жетүү үчүн аткарылууга тийиш маселелерди (иштерди) АКӨНҮМгө[1] салып аныктайбыз жана кыскача жазып алабыз. Балким, чатактын курамын түзгөн ар бир бөлүккө өз-өзүнчө тийиштүү максат жана маселелер аныкталышы мүмкүн. Андан кийин ар бир бөлүккө (түзүүчүгө) тийиштүү анын чатакты ырбаткан «терс» абалын жана тараптарга тийгизүүчү жаман кесепеттерин жазабыз. Ошол ишти жасап болгондон соң андан түртүлүп, кандай «оңолуу» жагдайы бар экенин жана анын терс кесепетинин азыраак болор учурларын аныктап көрөбүз. Мында шашкалактоо жана мажбурлоо аракеттери болбошу зарыл. Анткени, чатак абалынан чыгууда мыскалдай же тарууданындай илгери жылыш жаралса ошого каниет кылуубуз абзел. Чыдамдуулук этилсе үйдөй балээден, онтотпос оорудан кутулууга болот.

Непада «терс» абал көбүрөөк болуп турса, жараянды түрткүлөй бербей, жакшы санаалаштыкта убактылуу тыныгып туруу жакшы болот. Эгер тараптарда «оң» жагдайга оогондук байкалса, ынтымакка алып келүүчү «өзөк отту» иштеп чыгууга киришүү керек. (Тиркемеде Ынтымак көнүгүмү[2] жана «өзөк от» иштеп чыгуу үлгүлөрү берилди). «Өзөк от» маселе толук чечилип калды дегендик эмес, ал мерчемди (стратегия), иш-аракет болжомун даярдоого негиз катары чыгат.

[1] АКӨНҮМ түшүндүрмөсү китептин акырындагы таркатма бөлүгүндө, 195-бетте берилди
[2] Көнүгүм - тренинг

# ТЫЯНАК

20-кылымдын башында Орто Азиядагы коомдук түзүлүштү түшүндүрүп жатып, Ж. Абдырахман уулунун минтип белгилегени бар: «...Түркстандын жергиликтүү калкы коомдук өнүгүүнүн кайсыл баскычында эле. Айрымы (кыргыз менен түркмөндөр) уруулук-аталык мамилелерден феодализмге, башкасы (өзбектер) феодалдык мамилелерден соодалык капитализмге өтүп жатышкан. Ошентсе да, азыркы Өзбекстандын көпчүлүк бөлүгүндө феодалдык мамилелер өкүм сүрүп, алардын жогорку башчылары, эзүүчүлөр катары аныкталып чыккан эмес». Ооба, Орто Азиянын отурукташкан ири шаарларында базар үнөмиатынын нагыз мамилелери калыптанып, калктын дээринде, кулк-мүнөзүндө жана дүйнөтаанымында өзгөчөлүктөр пайда боло баштаган. Бирок Түркстан калкы негизинен бай-манаптык (феодалдык) мамилелердин терең кучагында болуучу. Ошондуктан, эки улут ортосундагы ошол азыраак айырмачылыктар 75 жылдык совет мезгилинде толук жешилип бүткөн эмес. Анткени, улуттардын «адистешүүсүнө» ылайык бири тоолуктардын оор шартында, экинчиси ыңгайлуу шаарлашкан шарттарда өмүр сүрүшкөн.

Кыргыз элинин өткөн тарыхынан, коомдук жашоосунан азыркы шарттарга ыңгайлаштырып алуучу жана ийгиликтүү пайдалануучу, чатаксыз ынтымак-ырашкерликте жашоонун үлгүлөр барбы? Салттуу көчмөндүк турмушта адам менен коомдун алакасы «тирлик коомунда» таасын чагылтылганын, уруу топторун ширелиштире бириктирип турганын жогоруда жакшы эле баамдадык. Демек, ал бар болгон тура жана азыр да кеңири колдонууга жарагыдай дареметке ээ экен. Анын аспаптары катары, биринчиден, миңдеген макал-ылакаптарда, акыл кепте айтылган жана насаатталган нуска сөздө, турмуштук көрүнүштөрдө, экинчиден, адамдарды бири-бири менен ширетип бир боор тарттырган жөрөлгө менен каадаларда, үчүнчүдөн, биргелешип аракеттенүүчү өз жардам усулдарынын нечен түрлөрүнүн кеңири

колдонулушу эсептелген. Мына ушул түмөндөгөн сыноолордон өтүп, кыйла доорлордон бери уланып келаткан сөздү, жөрөлгөлөр менен усулдарды азыркы жергиликтүү өз башкаруу деңгээлинде кеңири пайдаланууга өтүүбүз ылаазым. Бүгүнкүнүн жетишкендиги болгон интернет, сыналгы, үналгы, китеп, гезит-журналдарды пайдаланып насааттоого өтүү, калк менен тикелей иштеген жергиликтүү бийликтеги «тирлик адистерди» накыл сөз, жасалуучу жөрөлгөлөр жана усулдардын колдонмолору менен куралдандыруу кажет. Анткени, мына азыр ушул иштерди жасоочу, мамлекетти өз төптүгүнө шайкеш келтирип куруучу удулу*[1] (шансы) оңунан келип турат.

Мына эми гана эгемендүүлүк мезгилинде, жалпылаштыруунун (глобалдашуу) ылдамдаган арымында, бирдиктүү Кыргызстан эли болуу жараяны жүрө баштады десек болот. Ага оош-кыйыштуу өнүгүүбүздүн, изденүүбүздүн чейрек кылымдык жолу жана алган тажрыйбабыз далил. Буга ошону менен катар дүйнөлүк өнүгүүнүн арымы бизди мажбурлап келет. Жалпы дүйнөлүк өнүгүүгө көз чаптырсак 19-кылым аймактарды басып алуунун, 20-кылым ой-корумдук (идеологиялык) басып алуунун доорлору болсо, 21-кылым улуттук тукумдап көбөйүү арымынын басып алуучулук заманы болуучудай. Кыргызстандын эли өздөрүнүн ар түрдүүлүгүн жалпы ички кубатын арттырууга жумшоо менен сырткы басып алуучулукка карата жанкоргоо өнөкөтүн (иммунитетин) күчөткөнү оң.

[1] Удулу - шанс

# ТИРКЕМЕЛЕР

## ЫНТЫМАК

### саясый жана мерчемдик талдоо

(көнүгүмдүн мүдөөсү)

| **Убакыт** | **Отурумдардын аталышы** |
|---|---|
| 09.00 – 09.10 | Катышуучуларды каттоо. Окууну ачуу жана баштоо. |
| 09.10 – 09.20 | Эгемендүүлүк мезгилинде, 2005- менен 2010-жылдагы капсалаңдардын учурунда жана кийин кандай өзгөрүүлөр болду? |
| 09.30 – 09.40 | «Ынтымак» түшүнүгүнө аныктама иштеп чыгуу. Ынтымактын кыймылдаткычы «өзөк отту» талдоо. |
| 09.50 – 10.20 | Ынтымактын бузулушунда (жабырланган топторго) зарыл өзгөрүүлөрдү киргизүүдө артыктуу жолдордун көрүүсүн биргелешип иштеп чыгуу. |
| 10.30 – 11.00 | Ынтымактын ыдырашын (маанилүү жана негизги укуктарды бузуп, калыссыздык менен жерүүнү) жараткан аткаруучулар менен идараларды аныктоо. |
| 11.10 – 11.30 | Деңгээлдер жана мүдөөлүк (тирлик саясат) мейкиндик. |
| 12.00 – 13.00 | Тыныгуу. |
| 13.00 – 13.30 | Күч жана бийлик. Ынтымактын ыдырашында булардын орду. |
| 13.40 – 14.10 | Акыйкат мамиле жана жоопчоттуулук. Ынтымак данакерчилери. |
| 14.20 – 14.40 | Ички жоопчоттуулук. Ынтымак жеке кишинин жоопкерлигинен башталат. |
| 15.00 – 16.00 | Келечек кадамдарды болжоо. (алынган билимди иште колдонуу) |
| 16.00 – 16.10 | Жыйынтыктоо: Ынтымак жаратуу ачкычына, аспабына ээ болуу. |

**1. «ЫНТЫМАКТЫ» иштеп чыгуу үчүн көрсөтмө маткелдер**

**Отурум 1.** Коомдо ынтымак жана ырашкерликти сактоого багытталган иштердин артыктуулары кайсылар?

**Отурумдун маселеси:**
Коомубузда ынтымакты бекемдөөдө берилүүчү артыкчылыктар боюнча жалпы көрүүгө келүү. “Ынтымак” түшүнүгүнө аныктама чыгаруу.

**Эмнеге?**

Адамдар өзүнүн мыйзамдык укуктарын же өз муктаждыктарын коргой албай калышса мусапырланган*[1] (маргиналдашкан) катары эсептелип, зомбулук менен жокчулукка тушугушат. Мындай абал коомдогу ынтымактын кетишине алып келет. Бул басмырлоо же жерип салуунун башка көрүнүштөрү, мисалы, улутуна, жашына, жынысына, өңүнө, динине, майыптыгына карата болуусу мүмкүн. «Ашардын» сунушталып жаткан ушул мүдөө-програмынын максаты - эркиндик менен ар-намыстын даражасын жогорулатууда, демек, ал топтогу адамдарга баалуулук эсептелген жашоонун мүмкүнчүлүктөрү менен түрлөрүн кеңейтүүдө жана натыйжасында коомдун бардык жашоочуларын ынтымакка алып келүүдө турат.

Талкуу учурунда ынтымакты ыдыратып жаткан көрүнүштөрдүн (мусапырланган адамдар топторунун) баары талкууланып, бирден аталып чыкты. Мындан соң, катышуучулар бир нече ынтымакка доо кетирген көрүнүштөрдү (мусапырланган топторду) андан ары тереңирээк талдоо үчүн тандап алышты. Бул иш кичи «жумушчу топтордо» жасалат. Ар бир «жумушчу топ» бирден максаттуу топ же жабырлануучулар менен иштейт.

**Суроолор**

1. Ар бир Ынтымактын - мусапырланган жарандардын топторун борчунан*[2] айрылтуу, калыссыздык кылуу менен укуктардын - бузулушу боюнча кандай сынаакы суроолор бар?

2. Ал суроолордун ичинен ынтымактын бузулуусуна (мусапырланган топтордун жашоосуна) таасир этүүсү жагынан эң эле орчундуусу жана эң эле бачым жасалуучусу кайсылар?

3. Такай текшерип тургула, анткени бул суроолор аялэр*[3] (гендер) маселесине байланыштуу айырмаланып турушу мүмкүн.

---

[1] Мусапырланган - маргиналдашкан
[2] Борч - полномочие
[3] Аялэр - гендер

**Мындан ары кантип иштейбиз?**

Биз билебиз, силер ылайыктуу топ тандай албай калгандыктан, силерди «бири-бирине дубалдан шыкалоо» абалына окшогон топко кошуп коюшту. Ошентсе да жалакайланбай иштөө аспабын үйрөнүп алууну максат кылып, аракеттенгиле.

**Тапшырма**

Силердин топко берилүүчү тапшырманын маңызы, тандалып алынган ынтымактын бузулушу (мусапырланган топтун укугунун бузулушу, борчунан (полномочиеден) айрылышы жана калыссыздыкка кабылышы) боюнча көрүнүштөрдү тереңирээк иликтөө болуп саналат. Төмөндө берилген суроолор талкуу жүргүзүүгө көмөктөшөт. Бул отурум тандалып алынган көйгөйлөрдүн орчундуулугу жана жөн калтырууга болбостугу боюнча түрлөп чыгуу менен аяктайт.

**Ишти баштаардан мурда: төрага менен баяндоочуну шайлап алсаңар?**

Төрага биринчи суроону берет.

- Алгачкы соболго айрым бир жамааттын (айылдын, уюмдун) ынтымаксыздыкка тушугушу (максаттуу топтун борчтон айрылуусу, калыссыздыкка туш болуусу жана укугунун бузулушу) боюнча негизги суроолордун саноолу (перечени) кирет:

a. Ар бир катышуучуга суроолорду баракчага жазууга белгилүү бир убакыт берилет. Ар баракчада бирден гана суроо жазылсын.

b. Бардык жазылган жыйынтык дубалга тагылсын же чоңкагазга жабыштырылсын.

c. Төрага ар баракчанын түшүнүктүү туюнтулушун текшерет.

d. Талкуулап аялдар менен эркектердин айырмачылыгын аныктагыла: эгер болсо кошуп койгула.

e. Кеңеш заманынан берки өзгөрүүлөрдү талкуулагыла. Баяндамачы аларды чоңкагазга жазып койсун.

f. 2010-жылдагы капсалаңдан берки өзгөрүштөрдү талкуулатып, баяндамачы аларды да жазып койсун.

- Баракчаларга кайрылып, **экинчи суроонун үстүнөн** иштегиле: тандалган суроолордун ичинен ынтымаксыздыкка (мусапырланган топтордун жашоосуна) таасир этүүсү жагынан эң эле орчундуусу жана эң эле бачым жасалчусу кайсылар?

a. Силер биринчи тапшырмадагы суроолордон чыккан соболдорду маанилүүлүгү жана тез аткарылышы боюнча катарлаштырып чыккыла.

b. Төрага калыпча чийет: ортосунан түз кеткен сызыктын үстү жагына эң эле маанилүүсү, асты жагына азыраак маанилүүсү жайгаштырылат. Эми калыпчанын ортосунан тигинен ылдый кеткен сызык чийгиле: оң жагы эң эле бачым аткарылуучу маселелер, сол тарабына андан кийин жасалуучу иш-чаралар жазылат.

c. Маанилүүлүгү боюнча түрлөгүлө (көбүрөөк же азыраак). Андан кийин:

d. Маанилүүлөрүн тез аткарылуусу боюнча түрлөгүлө (тезирээк же жайыраак)

e. Мааниси азын тез аткарылуусу боюнча түрлөгүлө (тезирээк же жайыраак)

**Максаттуу топ**

(Ынтымаксыздыкты башынан кечирип жаткан Топ жана аны жараткан Көйгөйлөр)

| **Өтө маанилүү/ тез эмес** | **Өтө маанилүү/ өтө тез** |
|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |
| **Аз маанилүү/ тез эмес**<br>1.<br>2.<br>3. | **Аз маанилүү/ өтө тез**<br>1.<br>2.<br>3. |

## 2. «ЫНТЫМАКТЫ» иштеп чыгуу үчүн көрсөтмө маткелдер

| |
|---|
| **Отурумдун маселеси:**<br>Ынтымакты (ыйгарым укуктан кур калтырууну, калыссыздыкты жараткан жана укуктарды) бузган кызмат адамдары менен идаралардын тизмесин түзгүлө. |

**Отурум 2.** Коомдогу ынтымакты (борч (ыйгарым укук) менен камсыздоону жана акыйкат сот жүргүзүү менен укуктарды сактоону) кайсы кызмат адамдары жана идаралары (институттар) бузушат?

**Эмнеге?**

Бул отурумда жогоруда аныкталган Ынтымакты ыдыраткан (борчтон кур калтырууну жана калыссыздыкты жараткан, укуктарды бузган же пайда кылган) кызмат адамдары

Отурумдун жыйынтыгы – ынтымакты ыдыраткан (мусапырланган топторго өтө маанилүү борчтон кур калтырууну жана калыссыздыкты жараткан, алардын укуктарын бузган) кызмат адамдары менен идаралардын тизмеси келтирилет. Андан соң маанилүүлүгүнүн деңгээли боюнча каз катар иретке коюу жүргүзүлөт.

**Суроолор**

1. Мурунку отурумда артыктуу кырдаалга ылайык аныкталган, эң орчундуу ынтымакты ыдыраткан (борчтон кур калтырууну жана калыссыздыкты жараткан, укуктарды бузган) кызмат адамдары менен идаралар кайсылар?

2. Эмнеге андай болуп жатат? Тийиштүү идаралар ынтымаксыздыктан тирешүүгө (мусапырлануу менен жерилүүгө) алып келген абалдарды кантип түшүндүрүштү?

3. Ошол идаралардын кайсылары бузуунун тамырларын баалуулуктан, жөрөлгө менен ишенимдерден же тарыхый мурастардан көрүшөт.

4. Ынтымакты ыдыраткан (борчтон кур калтырууну жана калыссыздыкты жараткан, укуктарды бузган) кайсы артыктуу

көрүнүштөрүн тандап алып, «эл арасында же жарандар жана өкмөт ортосундагы калыс мамиле жаратуу» үчүн иштетүүгө болот?

**Андан ары кантип иштөө керек?**

a. Бул отурум кайрадан жумушчу топтордо болот, бирок топтун курамы бир аз өзгөртүлөт – жаңы ойлорго кирүү үчүн жана келечек бүтүмдөрдүн өзгөрүшүнө жетүү үчүн.

b. Жумушчу топ биринчи отурумдун жыйынтыгын жана бөлөк катышуучулар киргизген толуктоолорду талкууга жем таштоо катары пайдаланат.

c. Биринчиден: Талкуу учурунда калыпчага жазылган түшүндүрүүлөр менен кийинки кошумчаларды баалап чыгып, эгер зарыл тапсаңар бириктиргиле.

**Суроо 1.**

Калыпчанын «өтө маанилүү/өтө тез» чакмагынан бир артыктуу абалды алып чыккыла.

- Талданып жаткан абалдагы ынтымакты ыдыраткан (борчтон кур калтырууну жана калыссыздыкты жараткан, укуктарды бузган) кырдаалды накта жараткан кызмат адамдары кимдер? Ар бир аракеттеги кызмат адамын бөлөк баракчага жазып алып, чоңкагазга тигинен (вертикал) жайгаштыргыла.

**Суроо 2.**

- Аракеттеги бул кызматчынын, эмне үчүн нак ушундай кылып жатканын кантип түшүндүрүүгө болот? Бул кылыкты жасаган калыптуу/бейкалып идаранын түшүндүрүүсүн баракчага жазып, аракеттеги адамдын тушуна жайыгынан (горизантал) жайгаштыргыла.

**Суроо 3.**

- Жүйөөлөрүнүн тамыры баалуулуктарында, ишенимдеринде же тарыхый мурастарында болгон идараларды атайын эн коюп белгилегиле.

Белгиленген убакыт бүткөнчүктө, «өтө маанилүү/өтө тез» чакмагынан ынтымакты ыдыратуу (борчтон ажыратуу калыссыздык жасоо жана укуктарды бузуу) боюнча экинчи артыктуу абалды тандап алып ишти уланткыла.

**Талкуулоо отурумуна кайткыла.**

**3. «ЫНТЫМАКТЫ» иштеп чыгуу үчүн көрсөтмө маткелдер**

**Отурум 3.** Ынтымакты (жарандар менен өкмөт ортосунда акыйкат мамилени) орнотуу үчүн саясаттын кайсы деңгээли жана мейкиндиги абдан маанилүү жана анын кайсы терс күчтөрү эске алынуусу керек?

**Отурумдун маселеси:**
Ынтымакты (жарандар менен өкмөт ортосундагы акыйкат мамилеге жетүү үчүн ыйгарым укукту жана сот адилеттигин жогорулатуу, укук сактоо абалдарын) өнүктүрүү боюнча өзгөрүүлөрдү алгалатууга жетүү саясатынын деңгээли менен мейкиндигинин кыйла бөлүгүн, ошондой эле бийликтин тибин жана башка күчтөрдү талдагыла, төп келтиргиле.

**3-а. Чечим кабыл алууда кайсы деңгээлдер маанилүү жана ар бир деңгээлде саясаттын кандай мейкиндиктери бар?**

**Эмнеге?**

Мурунку отурумдарда тандалып алынган ынтымактын ыдырашы (максаттуу топтор башынан өткөргөн укук бузуулар, калыссыздык жана борчтордун тартылып алынышы) боюнча окуялар саналып өттү. Андан соң эң маанилүү жана тез чара көрүлүүчү жагдайлар аныкталып, кийин тереңирээк талданды. Биринчиден, ынтымакты ыдыраткан (иш жүзүндө укук бузууларды, калыссыздыкты жана борчторду тартып алышкан) аракеттеги адамдар накталай аныкталды. Андан соң, бул аракеттерди багыттаган калыптуу жана бейкалып «идаралар» териштирилди. Үчүнчүдөн, ынтымагы кеткен тараптар (жарандар менен өкмөт) ортосунда адилет мамиле орнотулган шартта, өзгөрүүгө тийиш болгон идаралар аныкталды.

Бул отурум, биринчиден, ар кайсы деңгээлдеги саясат мейкиндигин талдоо менен башталып, экинчиден, өзгөрүүгө жетүү үчүн бийликтин кандай күчү менен тиби *барлыгын* териштирүү керектигине арналат.

Ынтымакка келтирүү (мусапырланган топторго тийиштүү укук бузууларды, калыссыздыкты жана борчтору тартылып алынган абалды оңдоо) усулу болуп, чечим чыгаруу жараянына таасир эте алуу эсептелет. Ийгиликке жетүүчү өзгөрүү жаратуу үчүн саясаттын кайсы мейкиндиги абдан маанилүү экендигин туюнуу жана таасир этүүгө оңтой жаратууга эмнеден баштоо керектигин билүү орчундуу.

Биринчи кадамда саясаттын эң маанилүү деңгээли менен эң орчундуу мейкиндигин аныктоо керек. Деңгээлдердин маанилүүлүгү жаралган абалдардын өзүнө жана анын чөйрөсүнө (предметине, контекстине) байланыштуу. Айталы, коомдоштук үчүн деңгээли жергиликтүү, ал эми кызмат көрсөтүүчү тейлөөчүлөр деңгээлинде аймактык, улуттук, атүгүл эл аралык болушу мүмкүн.

**Саясат мейкиндиги** дегенде ынтымакты (мусапырланган топтордун өз жашоосуна керектүү каражаттарына жана кызыкчылыктарына кедерги болгудай чыгарылуучу чечимдерди) өзгөртүүгө таасир берүүчү чөйрөнү же чечим чыгарылуучу жерди түшүнөбүз.

Саясаттын мейкиндиги калыптуу да, бейкалып да кырдаалдарда бар болот. Бул жана келерки отурумдар бийлик жөнүндө болуп, анын «бийликтин үч башатына» (бийлик кубуна) негизделет.

«Бийликтин үч башаты» саясат мейкиндигинин үч тибин аныктайт: жабык мейкиндик, чакырылган мейкиндик жана түзүлгөн же билдирилген мейкиндик. Бул мейкиндиктер ортосундагы чектер калкыма же кыймылдуу болуусу мүмкүн.

**Жабык мейкиндик:** саясый чечимдер жабык эшик ичинде чечим чыгаруучулар тарабынан, кызыкдар жактардын же жөнөкөй жарандардын эч кимисин катыштыруусуз жана кеңешин угуусуз кабыл алынат.

**Чакырылган мейкиндик:** бул чечим чыгарууну көзөмөлдөөчүлөр тарабынан кызыкдар жакты же катардагы жарандарды катышып коюуга чакырган саясый айдың. Булар

кеңешүү жарайны, чечим чыгаруу, болжоо, бейлөө өңдүү болушу мүмкүн. Мындай катышууга жаран укуктуу болгондуктан келип, кийин анын макамы мыйзамдаштырылышы мүмкүн. Ишке катыштыруу чакыруу менен болгондуктан, чектелүү да болот. Чакырылган мейкиндик түзүмдөлгөн (туруктуу) түрдө дайыма же накта бир *гана* иш-чара үчүн болуусу мүмкүн.

**Билдирилген же түзүлгөн мейкиндик** саясатка өз таасирин жогорулатуу максатында катардагы жарандардын (мусапырланган топтордун) чымыркануусу, аракети менен жаралат. Ал мейкиндик катардагы жарандардын (мусапырланган адамдардын) жашоосуна күчтүү үстөмдүгү бар тараптын таасирин төмөндөтүү үчүн пайда болот. Бул мейкиндик боордошуу, бирге талдоо жүргүзүү, жыйнакталуу, өз көйгөйлөрүн ачык айтуу же каршылык көрсөтүү максаттарында пайдаланылат. Мисалы, «Манас-Эл» кыймылынын жамааты, аялдар өз жардам топтору, жаштар тобу, дыйкандар тобу, табият коргоочулар жана жашаган жери боюнча топтор кирет. Бул мейкиндиктер бирдей ойлонгон адамдар тарабынан өз алдынча же ӨЭУлар жана башка бейөкмөт уюмдар (мечит, чиркөө ж.б.) *аркылуу* түзүлөт.

**Кантип?**

**Ишти баштаардан мурда: төрага менен баяндоочуну шайлап алсаңар?**

Силердин жумушчу топко, мурда аныкталган ынтымактын ыдырашы (укук бузуулар, калыссыздык жана борчтордун тартылып алынышы) боюнча накта бир кырдаалды тереңирээк талдоо жүргүзүү үчүн берилет.

Төмөнкү суроолор биринчи күндүн акырында аныкталган ынтымактын ыдырашы (укук бузуулар, калыссыздык жана борчтордун тартылып алынышы) боюнча накта бир кырдаалга байланыштуу туюнтулуп, «жаатташкан тараптар» же «жаран - өкмөт» көз карашынан баамдалып талданат.

1. Жаран жана өкмөт (же жаатташкан тараптар) ортосундагы акыйкат мамилени куруу үчүн өзгөрүүлөрдү кыймылга

келтирүүдөгү иш башын табууда кыйсы деңгээлдерди караштыруу зарыл?

2. Ал деңгээлдерди баракчага жазып, чоңкагазга жабыштыргыла. Төмөндөгү чатыраштa көрсөтүлгөн калыпка салып сунуштооңорду даярдагыла.

3. Өтө маанилүү деңгээл жөнүндө сөз улап, андагы калыптуу жана бейкалып саясаттын мейкиндиктерин жазып чыккыла да, алар туралуу ойлоруңар менен бөлүшкүлө.

4. Сөздү улап саясый мейкиндиктердин мүнөздөмөлөрүн белгилегиле. Кандай даражада булар жабык, чакырылган жана билдирилген саясый мейкиндиктер жана эмнеге ага кирерин айтып бергиле.

5. Айтып бүткөн соң, мааниси боюнча экинчи даражадагы деңгээлди жанагы эле суроолорго жоопторду берүү менен белгиленген убакыт бүткөнчө териштиргиле.

| **Мейкиндиктер:** / **Деңгээлдер:** | **Чакырылган** | **Билдирилген/ түзүлгөн** | **Жабык** |
|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү** | | | |
| **Аймактык** | | | |
| **Жумуриаттык** | | | |
| **Эл аралык** | | | |

**3-b. Ынтымакка (укук бузуулар, калыссыздык жана борчтордун тартылып алынышынан жаралган абалдарды өзгөртүүгө) жетишүү үчүн ар бир деңгээлде бийликтин кайсы күчүн жана тибин карап чыгуу керек?**

Баса, «үстүмдөгү бийлик» деген терс күч да бар, ага ылайык аракетчил тараптагылар адамды четтетип салуусу же киши өзүн четтетүүсү мүмкүн. Бул отурумда алга жылуучу өзгөрүүлөрдү жаратуу ишинде тоскоол болуучу терс бийлик менен күчтөрдүн түрлөрүнүн орчундуулары табылат жана аларды талдоо жүрөт. «Бийликтин үчтүгү» бийликтин же терс күчтөрдүн үч тибин тартуулайт: көрүнөө бийлик, көмүскө бийлик, көрүнбөс бийлик.

1. **Көрүнөө бийлик** жалпы коомдо кабылданган тутумдарды (анын ичинде элбашынын абалын чагылткан тутумду) түзүүчү саясаттарды иштеп чыккан каадалар менен чечим чыгаруулардын көзгө көрүнүүчү калыптарын түшүндүрөт. Колунда бийлик барлар шайланышкан же дайындалган соң, жоопчоттуулук тутуму ушул типтеги бийликте топтолгон болот.

2. **Көмүскө бийликте** чечим чыгаруу жараяны карапайым адамдардын (мусапырланган топтордун) эсебинен көшөгө артында жүргүзүлүп, кабыл алынат. Көмүскө бийликте айкындыкка жол берилбей, «мыйзамдын үстөмдүгү» алсыз келет. Бул бийликти колунда «укугу» жок адамдар менен уюмдар башкарып, иш жүзүндө саясаттын мүдөө-програмына, чечим чыгарууга жана анын жүзөгө ашырылышына ар кандай каражаттарды жана кысым көрсөтүүнү пайдаланышат. Айталы, көсөмдөр (элита), ишканалар, эл аралык уюмдар, бейкалып баштачтар ж.б.

3. **Көрүнбөс же ички терс бийлик** шартында адамдар өзүн четтетип, ар-намыстык сезими өтө төмөн болгондуктан, башкалар менен бирдей укукта экенин жана баарына акылуу экенин түшүнүүгө жөндөмсүз болушат. Көрүнбөс же ички бийлик адамдын байкуштук сезүүсүн пайдалангандыктан, болуп калган абалды тигилер тарабынан толук кабыл алуучулук *адаттарын* өнөкөткө айлантат. Бул терс күч идеология/психикалык чекти бекем орнотуп, ким чечим кабыл алуусу, ал эми ким ага катышпоосу керектигин, кайсы пикирлер жана чечимдер алгылыктуу, кайсы талкуулар саясый күн тартипке киргизилсе кыйла баалуу экенин талкулоосуз аныктап койот.

**Кантип?**

Мурунку отурумдун жыйынтыгына кайрылып, эң эле маанилүү катары таанылган деңгээлден кайра баштагыла.

1. Төмөндө келтирилген калыпчага салып сунуштооңузду чоңкагазга жазыңыз.

2. Төп келтирилген деңгээлдер үчүн: мурунку отурумдарда табылган ынтымак ыдырашын (укук бузуулар, калыссыздык жана борчтордун тартылып алынышы суроолорун) чечүүдө абдан таасирдүү бийлик менен терс күчтөрдүн тиби кайсылар экен?

3. Баракчаларга бийликтин ар бир тибин жазгыла.

4. Бийликтин бул тандалган типтеринин мүнөздөмөлөрү кандай?

5. Алардын ичинен кайсылары көрүнөө, көмүскө жана ички/көрүнбөс бийлик тибине кирет жана эмне себептен?

Качан гана суроолордун баарына жооп тапкан соң, келерки деңгээлге өтүп, мурдагыдай эле соболдорду берип, жооп издөөнү белгиленген убакыт аяктаганча уланта бергиле.

| Бийлик: / Деңгээл: | Көрүнөө | Көмүскө | Көрүнбөс | Башка |
|---|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү** | | | | |
| **Аймактык** | | | | |
| **Жумуриаттык** | | | | |
| **Эл аралык** | | | | |
| **Башка төп келтирилген деңгээл** | | | | |

## ТАРКАТМАЛАР

**ЫНТЫМАК** **1-таркатма**

Кыргыздын салттуу «тирлик коомунун» негизги түзүүчүлөрүнүн бири болгон «өз жардам усулунун» 20га жакын түрүнүн орчундуусу ЫНТЫМАК болуп эсептелет.

**Аныктама:** (атайын адабияттарда берилген аныктаманы келтирип жатабыз)

**Ынтымак – бул биримдүүлүк, өз ара келишимге келүү, ырашкерликте жашоо.**

Элибизде ынтымакты өткөрүүдө ошол иш-чара арналган адамдын зоболосуна карата анын 2 түрүн ажыратып түшүнүшкөн. Биринчиси, көчмөндүк заманда элге кадыры өткөн атактуулар дүйнө салганда түйшүгүн чогуу көтөрөлү делип атпай элден ынтымак чогултулган. Бай адамдын мал-жаны ашын өз аброюна татыктуу деңгээлде өткөрүүгө жетишпегендиктен, бүт уруусунан кошумча чогултулган. Экинчиси, караламан жөнөкөй журт «көп түкүрсө көл болот» дешип, жакын туугандарынын зыяпатын өткөрүп, көтөрмөлөп келишкен. Көрүнүп тургандай, мында соопчулук, кайрымдуулук жагы негизги мааниге ээ болуп турат. Ошондой эле байлыгы, бийлиги бар төбөлдөр менен букаралар же караламан журт ортосунда кызматташуу алакалары тыгыз жүргөн. Ынтымак көчмөн турмуштун бардык катмары менен тармагында - «аскердик тутумда», «тирлик коомунда», «чарбачылыгында» – уюшкандыкта өткөрүлгөн.

**Ынтымактын кыймылдаткычы «өзөк от»:** (12 жылдык ӨЖТ түзүү тажрыйбасында табылган)

Ынтымакка келген адамдарда эң оболу, кыргыз «айкөлдүгү», баарына түшүнүктүү болгон «керектөө» боюнча муктаждыгы, ал иш-чараларга өкүнбөй короткон «убактысы» жана ичи ачышпаган «кажырлык» (ресурстук) сарптоолорду көтөрүү зарылдыгы туралуу

ынанымдары терең болгон. Ошентип, төмөнкү «өзөк от» теңдемеси чыкты:

**А + К + У + К =7 Ж**

Айкөлдүк + Керектөө + Убакыт + Кажыр = 7 Ж (жандануу, жигерденүү, жыйнакталуу, жаратуу, жетүү, жаңылануу, жоопчоттуулук). Эгер ынтымактын коротуулары туруктуу ийгилик жаратпаса, ынтымак бошоң тартып уланбай калган. Өткөндө бийлик «ынтымак курултайын» чакырганда, ал жерде «айкөлдүк» жок болгондон жана «7 Ж» жаралбагандан максатына жетпей соолуду.

**«Ынтымак арты ырыс»**

«Ырыс алды - ынтымак» макалынын мазмуну «биргелешип аракеттенсең ийгиликке жана мол ырыскыга жетесиң» накылын нускап турат. Макалдан ошондой эле «ынтымак» өзүнчө бир бүтүн уюм жана идара (институт) экени да таасын баамдалып турат. Демек, аны ишке ашырууда кадимки уюмдагыдай максат, маселелер аныкталып, иш-болжом, акчакор*[1] (бюджет) түзүлүшү кажет. Ошондо гана «Ынтымак артынан ырыскы» жаралат.

Бишкек конуштарында 12 жылдык ӨЖТ түзүү тажрыйбасынын натыйжасында иштелип чыккан аныктама: **Ынтымак – бул адамдардын рухий баалуулуктары, маткелдик муктаждыктары жуурулушкан, ашык-кеми жок зарыл убакыт менен такоолдор сарпталган жана натыйжада үзүрлүү жыйынтык жараткан аракет.**

**Муктаждыкты аныктоо**

Ынтымакты жаратуу үчүн анын кедергилерин табуу керек. Азыркы коомубузда ынтымакка залака келтирген залакалар жана көрүнүштөр:

- жемкорлук (эл менен бийликти каршылаштырган себепчи)
- эне-тилди жерүү (жетекчилер орусча ойлонот, иш жүргүзөт. Эне-тил «үй-күчүк»)

[1] Акчакор - бюджет

- айкөлдүккө каршы ачкөздүк, өзүмчүлдүк (кыргызчылык асыл сапаттар орной элек)
- батыштык башкаруу (улуттук мамлекетти башкаруу өнөрү унутулган)
- жакырлык (калктын мусапыр (четтөө, арабөк, жерүү) абалга түшүп, коомдон өгөйлөнүшү)

**Долбоор жазып, жүзөгө ашыруу**

Тандалып алынган көйгөйлөрдүн ар бири боюнча ишкер долбоор жазып, аны аткарууга жетилген үйүрмө (команда) чогултуп, аларды ишке даярдоо, анан долбоорду жүзөгө ашыруу керек.

## АЙКӨЛДҮК **2-таркатма**

(Кыргыз көөнө дүйнөтаанымына ылайык)

- Айкөлдүк – бул адамдын Теңир (Кудай, Алла) жараткан маңызынан тайбай, ааламдагы бардык жандуу жана жансыздарга боор тарта жашап, өзүмчүлдүк жана ачкөздүктөн оолак болуу. Күн – Айкөл. Ал жарыгын бирдей чачып, нурун эч кимден аябайт. Ошондуктан кыргыздар өздөрүн «күн элибиз» деп келишкен, анын маңызын боюна сиңиришкен.
- Айкөлгө ак-кара, дос-душман бирдей сезилип, аалам-жер жупташ. Айкөлдүк – кут, телегейи текшилик, адам көөдөнүнө ааламдын бүт сырын батыруу. Айкөлдүк – нурланган актык. Ак калпак кийсек, актыкка баш ийсек, ак жолго түшсөк, ата-салтын кармансак – анда биз Айкөлдүккө жол алабыз. Айкөлдүктүн жолу нур, жолдогону Түмөн, Сактан, Ууз, Манас аталарыбыз негиздеген ата-бабаларыбыздын асыл руху.
- Акыбети Теңирден, Ата-баба рухунан, урпактарынын ыраазылыгынан болот. Биз азыр кичине иш жасасак деле «батыштык жемин жедирбөө» түшүнүгүнө берилип, кайрым күтөбүз. Айкөлдүктө жалган жана чын дүйнөлөрдөн алынган рухий ыраазылыкка топук кылынат.

## АЙКӨЛДҮКТҮН РУХИЙ МЫЙЗАМЫ

(Ар адам ушул 9 деңгээлди басып өтсө, бул сапаттарды кадимки мүнөзүнө айлантса «айкөл» абалга көтөрүлө алат)

**1-касиет:** КЕМЕНГЕР АКЫЛДУУЛУК (акыл-эс + билимдүүлүк)

**2-касиет:** КЕҢ ПЕЙИЛДҮҮЛҮК (кекчил болбоо, кечиримдүүлүккө жетүү. Акылдан кийин адам жеке өз кулк-мүнөзүн кишиликтүүлүк жакка тарбиялоосу)

**3-касиет:** СӨЗ КУНУ, ЧЕЧЕНДИК (адамдар ортосундагы, коомдогу байланыш куралы – сөз. Өнөр алды кызыл тил – чечендик, же ой, сезимди түшүндүрө билүү)

**4-касиет:** АК ПЕЙИЛДҮҮЛҮК (ач көздүктү жеңгенде ак-пейилдик жаралат)

*Жогорудагы «айкөлдүктүн» 4 касиети адамдын адептик, ахлактык, сезимдик сапаттарынын жетилүү маселелери.*

**5-касиет:** АРУУЛУК (дал ортодо жайгашкан касиети – адам менен ааламды теңдеди) Адам өз маселелеринен Аруулук аркалуу жогору чыкты. Аруулук – бул нурлануу, ыкластануу, нээт жалгоо, көңүл буруу, актык, асылдык, же кудуретке (кубаттуулукка) ээ болуу. Аруулануу – айкөлдүк жолуна чыгуу.

*Төмөнкү «айкөлдүктүн» 4 касиети кейандык (космостук) улуу күчкө бет алуу. Арууланган асыл адам коомго, элге, адамзатка өзүнөн өзү кызмат кылууга жөндөмдүү.*

**6-касиет:** ЖООМАРТТЫК (Жоо + март. Жоого март болуу өчөштүктөн кутулуу. Жоого март кылгандык эң жогорку жоомарттык. Жоомарттыктын өзү нурланып турат. Убагында уттурганы менен уларымда же келечекте калыстатат экен.)

**7-касиет:** МЕЙМАНДОСТУК («жалганда коноктугун сезе билген, жатын да өздөй көрүп, төрүн берген». Мейман + дос макамы. Мейманды доско айландыр. Бирок, өзүңө кожоюн кылып алба).

**8-касиет:** БЕРЕНДИК (кайра бүт күчүн жашоого берүүгө жигерленет. Өмүр менен өлүм чеги жоюлат. Өмүр үчүн өлүмгө өтө алат анткени, анда эч кандай өзүмчүлдүк калбаган)

**9-касиет:** УЛУУЛУК (бул коомго кызмат кылуу менен улуулукту далилдөө, элдин жүгүн моюнга алуу), АЙКӨЛДҮК (бул асман менен жердин руханий теңелиши, улуу биримдик – бул Көкөтеңир жиберген кут)

• **А. Жакшылыкнур**, «Кыргыз жолу...», Бишкек, «Бийиктик», 2006-жыл, 186–219- беттер

## КЫРГЫЗ ДҮЙНӨТААНЫМЫНА БАШ БАГУУ

**3-таркатма**

**<u>Жан дос – ныл (уйку) – дене дос</u>**

- Жан дос – адамдын рухий дүйнөсү, жаны.
- Дене дос – киши тулку, маткелдик тутуму.
- Ныл же уйку – жогорку экөөнү ажыратып жана бириктирип туруучу кубулуш жана кубат, аны түш аркылуу баамдайбыз.

**Ант-уйку?** (Жайсаңдын «Айкөл Манасында» ант-уйку жөнүндө айтылат)

- Кыргыздар Ууздун заманында теңирчиликти Бир Улук, Тогуз Таат, Отуз Огожо, Токсон Тооп таануусу менен мыйзамдаштырган (Теңирчилик дин эмес, байыркы дүйнөтааным).

1. БИР УЛУК – КӨК ТЕҢИР кыргызга мындан өткөн улук жок.
2. ЭКИ БИЙИК – АЛА-ТОО (ата-журт) жана КЫРГЫЗ (эл).
3. ҮЧ КҮЛҮК – МЕЗГИЛ, ОЙ, ЖЕЛ.
4. ТӨРТ ЫЙЫК – СУУ, ОТ, НАН, ТУЗ.
5. ТӨРТ ЫСЫК – АТА-ЭНЕ, ЖАРЫҢ, БАЛАҢ, МАЛ-ОЧОГУҢ.
6. ТӨРТ ТАТТУУ – алтын ӨМҮР, аруу ҮМҮТ, ак ЧЫНДЫК, <u>асыл ЫНТЫМАК.</u>
7. ТӨРТ АЧУУ - ӨЛҮМ, КЕСЕЛ, КАРЫЛЫК, ЖОКТУК.

8. ТӨРТ ДОСУҢ – АКЫЛ, БИЛИМ, АБИЙИР, ЭМГЕК.
9. ТӨРТ КАСЫҢ – ЖАЛКООЛУК, АЧКӨЗДҮК, УУРУЛУК, КОШОМАТТЫК.

**Озуйпага (ишке) Манастык жандоо (подход):**

**БООР ТАРТУУ - ДЕРБИШТИК - ИЙГИЛИК ЖАРАТУУ...**

Бул ыраат улам өйдөлөй айлана берип, адамды айкөлдүккө, - Алланы, ааламдагы бардыгын - Сүйүүгө алып келет. (Бизде батыштык мамиле кирген: жеке кызыкчылык – пайда көрүү – ыңгайлуулукка бөлөнүү)

- **Кыргыз фалсафийасы 9 өзгөчөлүккө ээ:****

1. Бири кем дүйнө фалсафийасы;
2. Жалган дүйнө, чын дүйнө фалсафийасы;
3. Туйунтуу фалсафийасы;
4. Тутунуу фалсафийасы;
5. Төгөрөктүн төрт бурчу фалсафийасы;
6. Обо фалсафийасы;
7. Теңирлик фалсафийасы;
8. Жеткилеңдик фалсафийасы;
9. Үчилтик фалсафийасы.

* **Төлөгөн Таластан (Козубеков).** «Көк Теңир – алтын казыгым». Бишкек, 2003-жыл

** **Бердибек Жумабаев**. Кыргыз дүйнөтаанымы. Бишкек, «Бийиктик», 2010-жыл.

## МАМЛЕКЕТТИК ТӨПТҮК **4-таркатма**

Ар адамдын өз төптүгү бар. Ал тутунган баалуулугу, таанымдары менен аныкталат. Демек, жеке адам төптүгүнүн уюткуланып, өсүүчү чөйрөсү үй-бүлөдө. Төптүктүн тамыры элдин фалсафиялык эс-жадысында, басып өткөн тарыхында, күндө

алектенген ишмердигинде. Ооба, үй-бүлөдө ал калыптанып, белгилүү бир дээрге (менталитетке) айланат. Андан соң адамда досторунун, иштеген жааматынын чөйрөсүндө бекемделип, ал байып, тереңдеп туруктуу ынанымы жаралат. Ошентип жеке жана топтук төптүк пайда болот. Андан кийин ар түркүн бейкалып топтор, партия жана уюмдар, улут өкүлдөрү улуттук (мамлекет) төптүктү жаратат. Эл аралык деңгээл боюнча «улуттук» сөзү мамлекет деген түшүнүк, кыргызда «эл же улут» деген маанини берет. Андыктан, «национальный» дегенди улуттук эмес, «мамлекет» маанисин алып туюнуу азыркы «көп улуттуу» Кыргызстан шартында кыргыздарга ылайык болот. Албетте, кыргыз үчүн «кыргыз төптүгүн» табуу башкы маселе жана аны жалпы Кыргызстандыкы кылууга умтула берет. Төптүктүн түрү көп, биз бүгүн өзөктүү «тил төптүгүн» кеп кылабыз.

- **Төптүк** – мусапырлыктын четтелүү, арабөк, жерүү абалдарынан кутулуп, убарлуу (родной) улуттук өзгөчөлүккө ээ болуу.
- Кыргызча **ой-жүгүртүүгө** күнүгө кыргызча окуп, өз ой-туйумун билдирип жетишсе болот. Убалакы, окумал кыргыздын баары орусча ойлонушат, ошондуктан эне-тилин үйрөнө албай, жеришет.
- **Кыргыз дүйнөсүнө** (тарых, маданият, фалсафия, дил) «өнөр алды кызыл тил» менен жетебиз. Анын таасирин жана тарбиясын күнүгө алуу кажет. Анткени, жалпылаштыруу доорунда кеңири тараган тилдердин үстөмдүгү күчтүү болот. Бирок, бул жагдай ал тилдер кыргыз тилинен күчтүү дегенди билгизбейт.
- **Эне-тил баалуулукпу же куралбы?** (бул суроо менен ар бир инсандагы кыргыз тилин сактоонун же жоготуунун келечегин аныктайбыз).
- **Эне-тилин сабаттуу** сүйлөй да, жаза да жана дөндөй (оформит этүү) да билүү керек. Бул адамдын деңгээлин аныктайт жана чөйрөгө жакшы таасир калтырат. «Манас-Эл», Конгресс, «Ашар» мүчөлөрүнө абдан зарыл сапат!

- Эне-тилдин **табигый мыйзамын** колдон келишинче кармануу керек. Айталы «йоттошкон» тамгаларды (я, ю, ё, ң, ү, ь, ц) жерүү жана колдонбоо бул расмий кабыл алынган «тил эрежесин» этибарга албагандык, бирок, төптүккө келүү аракети экенин баамдоо керек.
- Табигый мыйзамдын негизгиси бул **«үн айкаштык»** же сингармонизм. Ушул өзгөчөлүк сакталышы үчүн созулмалар тилибизде өкүм сүрөт. Мисалы, соолук-саулык, айыл-аул, баар-бахор, маала-махалля, самоор-самовар, ашмушке-восьмушка, жалыйна-жалование, күнадыр-губернатор дың шо пун-дэн сяо пин, бакир-факир, бабыл-павел ж.б.)
- Орус тилинен келген сөздөрдү ал тилдин эрежесине ылайык жаздыруу жана айттыруу күнкор кезибизде бизге таңууланган өктөм талап болгон. Эгемен эл катары ал кишенден кутулуубуз зарыл. Расмий бийликтин ага алы жетпесе, жок дегенде өз чөйрөбүздө тилибизге ылайык иш жүргүзүүбүз жөн. Айталы, котормосу азырынча жок делген сөздөрдү тилибиздин тыбыштык төптүгүнө жеткирүүбүз туура болот. Мисалы, сотсиализм, конститутсиа, камерсиа ж.б.
- Эне-тил маселесин көтөрүү орус тилин чануу эместигин, айрыкча, орустилдүү мекендештер түшүнбөй коюшту, алар келечекте кыргыз тили гана мамлекеттик болушун түшүнүшү жана ал үчүн кошо күрөшүүсү ылаазым. Кыргыздардын Теңири, Ата-бабалары жана азыркы дүйнө элдеринин алдындагы ыйык парзы – эне-тилин сактоо жана өөрчүтүү.

Биз, албетте, кабыл этилген тил эрежесин тутунабыз, бирок өзүбүздү эне-тилибиздин кейанында кармап, ага көнүгүү үчүн ички кагаздарыбызды «нукура тартибинде» жүргүзүп, макалаларыбызды жарыялай берсек, тилдин табигый өнүгүүсү жана тактыгы үчүн «тукумдук парзыбызды» аткарган болобуз.

## АНЫКТАМАЛАР 5-таркатма

**Жоопчоттуулук**[1]

Төмөндү көздөй жоопчоттуулуктун мааниси уюмдардын (мамлекеттик, жеке, жарандык) өз чечимдери, аракеттери жана кажырларды (ресурстарды) пайдалануу боюнча жарандардын, пайда көрүүчүлөрдүн жана кардарларынын астында; жогору карай – бийликтин өйдөкү деңгээлинин алдында; жайыгынан болсо – теңдеринин алдында жоопчот берүүсү. Жоопчоттуу мамиленин негизги белгилери – айкындык, жандуу пикир, жоопкерчилик жана укугун колдоно алуучулук.

**Жетектөө**

Эрежелер, жарайандар жана жүрүм-турумдарды айкалыштыруу аркалуу кызыкчылыктарды жаратуу, кажырларды башкаруу жүргүзүлүп, бийлик ишке ашырылат.

**Идаралар**

Коомдо жеке жана уйумдашкан жүрүм-турумду калыптанткан эрежелер, чендер жана мерчемдер (стратегиялар). Идаралар (институттар) «ойун шарттарын» белгилеп, эң оболу кызыкдар тараптардын ортосундагы сүйлөшүүлөрдө жаралып, аларды өкүмдүү мамилелер башкарат жана белгилешкен чендер менен баалуулуктардын таасири астында калыша алат. Идара менен уйумдар – эки башка нерселер.

**Уюмдар**

Уюмдар – бул тыңчылар (оюндагы аракетчил тараптар) туюнткан тирлик түзүлүштөр жана алар калыптуу (министрликтер, жергиликтүү бийлик мекемелери ж.б.) жана бейкалыптуу (коомдоштуктар, желелер ж.б.) болушат.

**Аракетчил тараптар**

Аракетчил тарап катары уюмдар жана жеке адамдар чыгуусу, ошондой эле, кызыкдар жактар болушу же болбошу мүмкүн. Калыптуу жана бейкалып (формалдуу, бейформал).

---

[1] Жоопчоттуулук - отчет

Калыптуу - бул коомду башкарууга мамлекет түзгөн мыйзамдар, расмий саясат жана акимдик каадалар (процедуралар). Бейкалып идара менен уюмдар – бул тирлик курулум жана маданий топтолум катары өз күчүн жана таасирин мыйзамга эмес, коомчулуктагы ахвалга таянып көрсөтөт.

Мусапырланган топтор (маргинал тайпалар).

Булар коомдон четтетилген уюмдар жана адамдар жана өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарын пайдаланбай, өз муктаждыктарын коргой албай калгандар.

**Саясый үнөмият**

Ар кандай топтор жана адамдар арасында бийлик менен байлыкты бөлүштүрүү боюнча саясый жана үнөмияттык жактан биргелешкен аракеттер, ошондой эле, белгилүү мезгил аралыгында бул мамилелерди түзүү, кармоо жана өзгөртүү.

**Саясат**

Кызыкдар тараптар ортосундагы укуктар жана кажырлар боюнча атаандаш талаптары же баалуулук менен ынанымдар жаатында карама-каршы көз караштардын жарышуу жана келишим түзүү жараяндары.

**Укук кармоочулар/милдет көтөрүүчүлөр**

Милдет көтөрүүчү өз аракетин укук кармоочу же жарандар берген бийлик жана кажырлардын (ресурстардын) ордуна алмаштырып жасашы керек. Милдет көтөрүүчүлөр өз аракеттери боюнча Адеп Эрежеси – талаптарды аткарып, бийлик жана аракетти өзү үчүн ашкере колдонбой – астында жоопчоттуу болууга жана коомдук кызыкчылыкты натыйжалуу, берекелүү жана калыс коргоого тийиш.

## КЫРГЫЗДАР БАСЫП ӨТКӨН КООМДУК ТҮЗҮЛҮШТӨР

**6-таркатма**

**1.Көчмөндүк доор. Бул кезеңде салттуу кыргыз коому:**

- «аскердик тутуму» – онбашы, жүзбашы, миңбашы, түмөнбашы ырааты колдонулуп, уруучу-кандаштыкка негизделген.
- «тирлик коомунда» – айыл, жети ата, өзжардам усулдары, бий шайлоо, жай турмуш, тирчилик маселелери чечилген.
- «чарбачылык» – малчылык, дыйканчылык, кол-өнөрчүлүк, темир иштетүү, аңчылыктан туруп, жашоо үчүн өнүм (продукция) жана табар өндүрүлгөн.

**2.Падышалык оторчулук мезгили. Ошол эле учурда Кокон хандыгынын таасири**

- Падышачылык Орусиянын коом түзүлүшү киргизилип, салттуу коомду бузуу башталган. «Көчүрүп келүү комитети» ички Орусиадан үй-бүлөлөрдү көчүрүп келип, асыл жерлер ээленип кыргыздар тоо-ташка сүрүлгөн.
- «Болуш шайлоо» киргизилип, уруу аймактары бытыратылып бөлүнгөн. Бирок бул аракеттер «көзгө көрүнбөс тирлик коомуна» таасир эте алган эмес. Ошондуктан, доорлор өтсө да өз жардам усулдары (шерине, ашар, ыража, кошумча, өнөк ж.б.) эл ичинде жашай берип, азыркыга чейин жетти.
- Салыктын оголе көп түрүн Падышачылык жана Кокон хандыгы киргизген.

**3.Кеңеш (совет) заманы. Коммунистердин «таптык түзүлүшү» орнотулган:**

- Жумушчу табы – совет коомунун башкаруучу табы (Компартия кыймылдаткыч).
- Жамаат чарба (колхоз) - дыйкан табы.
- Зыйалы (интелигенсиа) катмары.

**4.Жарандык коом. Эгемендик жылдары бизге «таңууланган» коомдук түзүлүш:**

- Бийлик (мыйзамдык (ЖК) аткаруу (Ажо, Өкмөт), Сот (жаргы-судья) бийликтери).

- Ишкерлер (жеке менчик ээлери, баардык өндүрүшчүлөр же бизнес деп коебуз).
- Бейөкмөт чөйрөсү (ӨЭУ-НПОлор, бийликте эмес партиялар, диний мекемелер).

Убалакы, биздеги бийлик коомдун жогорку үч салаасын тең ээлеп алгандан улам, эл мусапырга айланып, демократия өрүштөй албай келет.

## БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРДЫН ТҮРЛӨРҮ 7-таркатма

Калың эл бейөкмөт уюмдардын аракетинен көптөгөн пайда көрүшкөндүктөн, аларга анча деле жаалдуу эмес. Бирок, саясый айдыңда жалпысынан аларга карата жерүү бар экени белгилүү. Бийликтегилер алардын бетке чаап сын айтышканын жактырышпаса, эркин саясатчылар жана зыялылар (интеллигенция) «батыштын тыңчылары», «акча жегичтер» деп келишет. «Битке өчөшүп көйнөк өрттөөрдүн» алдында ӨЭУлардын жиктелешин ашарчылар кандай таанырына көңүл бурсак:

**Адамиаттык** (гуманистик) ӨЭУ (НПО) мүнөзү**:**

- Эл ичине баруу.
- Элдин арасында жашоо.
- Элден үйрөнүү.
- Эл менен бирге болжоо.
- Эл менен чогуу иштөө.
- Эл билген нерседен баштоо.
- Элде бар нерсени өркүндөтүү.
- Тажрыйбаны көрсөтүү менен үйрөтүү.
- Көргөзмөлүүлүк эмес, бирок үлгү болуу.
- Алар үчүн бүтүрбөө, бирок ишти өнөкөткө айлантуу.
- Бөлүктөргө алаксыбай, ишке ар тараптуу киришүү.
- Таңуулабоо, бирок өзгөртө алуу.
- Кошо жасашпоо, бирок натыйжага жеткизүү.
- Көрсөтүү менен үйрөтүү.

**Дөөлөттүү** (капиталистик) ӨЭУ – бардык ыңгайды түзүп алышкан, кычыраган кеңседе отурушат, акыркы үлгүдөгү унаа минишет, дүйнөлүк чоң шаарлардагы мажилис, отурумдарда сүйлөшөт. Калк арасында кайрымдуулук жана ири долбоорлорду аткарышат.

**Буйрукчул** (коммунистик) ӨЭУ – жашоочуларга алып келген долбоорлорун, өздөрү гана айткандай жана белгилегендей аткаруусун талап кылышат.

**АКӨНҮМ деген эмне?** **8-таркатма**

Адамдар же алар түзгөн уюмдар өз МАКСАТЫН, айрыкча, аткаруучу МАСЕЛЕЛЕРИН терең жана турмушка ашырарлык кылып иштеп чыгыш үчүн АКӨНҮМдү пайдаланса, алдыга иш-болжоосу так жана ишенимдүү болот.

*АКӨНҮМ:

А – аймактык (кайсы жерде?)

К – көз жетерлик (куру кыйал эмес)

Ө - өлчөмдүү (канча?)

Н – натыйжалуу (ийгилик берген)

Ү – үзгүлтүксүз (баштапкы себеби даана, тыйанагы накта)

М – мезгили (кайсы күнгө бүткөрүлөт)

**ЫНТЫМАК көнүгүмүнүн жоопчоту**

**Жаңы-Кадам жана Ден соолук ӨЖТларынын биргелешкен окуусу**

**Биринчи бөлүк:** 09.07.12-жыл, саат: 17.00-19.00. дарек: Ак-Жар конушу 5-көчө, 18-үй.

**1. Ынтымак аныктамасын иштеп чыгуу.**

- бул бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып биргелешип аракеттенүү.

Кийин Ынтымактын «өзөк отун» карап чыккан соң аныктама үстүрт болуп калганы билинди.

**2. «Өзөк от» – бул улуттук салттуу өз жардам усулдарын соолтпой турган кыймылдаткыч.**

Анын теңдемеси: **А + К + У + Т = 7 Ж**

**Айкөлдүк** – мүчөлөрдүн бири-бирине ак ниет жана боорукер болушу. Өзүмчүлдүк жок.

**Керектөө** – ар биринин кызыкчылыгын дайыма бирдей канааттантып туруу.

**Убакыт** – топтун ар кандай иш-чараларына ашык жана кеми жок мезгилдин коротулушу.

**Такоол** – иш-чараларга жумшалган салымдар: аспап, унаа, акча ж.б. зарыл каражаттар.

**7 Ж** – жыйынтык, жетүү, жыйнакталуу, жигерденүү, жоопчоттуулук, жаратуу, жарыялоо. Демек, төмөнкүдөй аныктаманы туюнтсак болот:

**Ынтымак – бул адамдардын рухий баалуулуктары, маткелдик муктаждыктары жуурулушкан, ашык-кеми жок зарыл убакыт менен такоолдор сарпталган жана натыйжада үзүрлүү жыйынтык жаратылган аракет.**

**3. Ак-Жар конушунда ынтымакты ыдыраткан көрүнүштөр:**

3.1. айрым адамдарда өзүмчүлдүк өөрчүгөндүктөн кыянаттык, көралбастык, обочолонуу күчтүү жана жалпы тургундардын жигерденүүсүнө кедергисин тийгизүүдө.

- конуштун жана жашоочулардын маселелери текши чечилбей жатышы:

3.2. 1-7-көчөлөрдүн үйлөрү «кызыл китеп» албайт, анткени газкубур үстүндө салынган.

3.3. 1000 түтүндөн 500 сомдон «генпланга» акча чогултуп, мыйзамдаштыруу качан болору белгисиз.

- Өкмөттөн акча бөлүнбөйт:

3.4. жарык, суу көйгөйлөрү чала бүтүүдө, мектеп, дарылануу маселелери карала элек.

3.5. «Конуш башчы» жалпы тургундар тарабынан шайланган эмес.

3.6. Ак-Бата эмканасы жана мектебине ак-жарлыктар бекитилген менен кодулоо жана жемкорлук көрүнүштөрү бар.

**Экинчи бөлүк:** 27.07.12-жыл. Ден-Соолук 5-көчөдө, Жаңы-Кадам 23-көчөдө өтүштү.

**4. Көйгөйлөрдү маанисине жана бачым чечилишине карата бөлүштүрүү:**

| | |
|---|---|
| **Өтө маанилүү/тез эмес**<br>**Ден-Соолук, Жаңы-Кадам:** - жарык, суу көйгөйлөрү чала бүтүүдө, мектеп, дарылануу маселелери карала элек. | **Өтө маанилүү/өтө тез**<br>**Ден-Соолук:** - 1-7-көчөлөр «кызыл китеп» албайт, анткени газкубур үстүнө салынган.<br>**Жаңы-Кадам:** - Конуштун «башболжосуна» акча чогултулуп, бирок мыйзамдашуу качан болору белгисиз. |
| **Аз маанилүү/тез эмес**<br>**Ден-Соолук, Жаңы-Кадам:** Ак-Бата эмканасы жана мектебине бекитилген менен кодулоо жана жемкорлук көрүнүштөрү бар. | **Аз маанилүү/өтө тез**<br>**Ден-Соолук:** «Конуш башчы» жалпы тургундар тарабынан шайланган эмес.<br>**Жаңы-Кадам:** айрым адамдарда өзүмчүлдүк өөрчүгөндүктөн кыйанаттык, көралбастык, обочолонуу күчтүү жана жалпы тургундардын жигерденүүсүнө кедергисин тийгизүүдө. |

Ошентип, «өтө маанилүү жана өтө тез чечүүчү көйгөйлөр» катары эки топ эки башка маселени аташты. Чындыгында экөө бир эле маселе, бирок Жаңы-Кадам мүчөлөрүнө маселенин чечилүүсү чукул жана шыр болуп көрүнсө, Ден-Соолук мүчөлөрүнө буйдалуу – жалпы ак-жарлыктардан бөлүнүп калуу сезими жана бийликтеги чечим чыгаруучуларды өзүнчө шыкактап - «жашыл китеп» алуу түйшүгү турат. Демек, ички ынтымактын ыдырашынын себеби ушул түзүлгөн жагдайда.

Бул ички маселени кантип чечүү керек? ЖАБ милдетин аткарган «Адилет» КБ жана ӨЖТ мүчөлөрү менен жигердүү жашоочулардан турган «Демилгелүү Топ» тургундарды жиктеп бөлбөй, эки маселени бирдей чечүүнү колго алуусу ылаазым.

**Эскертүү:** Калган көйгөйлөрдү топ мүчөлөрү өз алдынча талдап чыгуулары керек. Ынтымакты арттырууга эки ӨЖТга бирдей болгон түйшүк: **« жарык, суу көйгөйлөрү чала бүтүүдө,**

**мектеп, дарылануу маселелери карала элек»** маселесинде биргелешкен иш-чараларды иштеп чыгышса жана чогуу аракеттенишсе оң натыйжа алышат.

**5. Ынтымаксыздыкка күнөөкөр болгон адамдарды жана мекемелерди аныктоо:**

| **Мейкин-диктер: Деңгээлдер:** | **Чакырылган** | **Билдирилген/ түзүлгөн** | **Жабык** |
|---|---|---|---|
| **Жергилик-түү** | **Ден-Соолук:** ЖАБ ордуна иштеп жаткан «Адилет» КБ менен кызматташуу. **Жаңы-Кадам:** «Адилет» КБ эл макулдугун алып, акча чогултууда. Ленинск айыл өкмөт макул. Аламүд. р-ну | | |
| **Аймактык** | | **Ден-Соолук:** Аламүдүн акимин маселе чечүүгө мажбур этүү. **Жаңы-Кадам:** Аламүдүн акими, Бишкек мэри акча чогултулуп өткөрүлсө эле «баш болжом» берилет дешти | |
| **Жумурият-тык** | | | **Ден-Соолук:** «Кыргызгаз» жетекчисин көйгөй чечүүгө ачык аракет кылдыруу **Жаңы-Кадам:** Чүй дубаны кызматташпай жатат. |
| **Эл аралык** | | | |

Эки топ тең «бийлик мейкиндигинин» эң төмөнкү деңгээлинде – «Адилет» КБ тегерегинде – алпурушуп калганы көрүнүп турат. Ооба, топ мүчөлөрү «аймактык деңгээлге» – Чүй дубанына, Аламүдүн акимчилигине, Бишкек шаарөкмөтүнө - барып жатышат. Бирок бекем, терең максат коюлбагандан жана жигердүүлөр аз болгондуктан күчсүз болушуп, «омоктуу чечимдерди» чыгартууга жетише алган эмес. Демек, колго кармарлык натыйжа жаралбаган соң бул кездешүүлөрдү бийлик менен иштиктүү кызматташуу болуп жатат дегенге болбойт. Ал эми «жумурияттык деңгээлдеги бийлик мейкиндиги» – Кыргызгаз жана Чүй дубаны - такыр эле жабык боюнча калган. Чындыгында, «накта чечим» чыгаруу ушулардын колунда!

**6. Ынтымакка жетишүү үчүн бийликтин күчүн жана тибин кароо:**

| **Бийлик:**<br><br>**Деңгээл:** | **Көрүнөө** | **Көмүскө** | **Көрүнбөс** | **Башка** |
|---|---|---|---|---|
| **Жергиликтүү** | Расмий ЖАБ түзүлө элек болгондуктан «Адилет» КБ иштеп келет. | | | |
| **Аймактык** | **Жаңы-Кадам:** Чүй губерна-ру, Аламүдүн акими жылуу кабыл алып, «акча чогулткула маселе чечилет, бизде каражат жок» дешет | | **Жаңы-Кадам:** бирин-экин жигердүү адамдар жүгүргөн менен көпчүлүк тартынчаак ж-а ыкшоо болуп, көйгөй чечилбей созулуп келатат. | **Ден-Соолук:** Мэрия, Акимчилик «үчүнчү катарда чарбак (дача) аталышында жашыл китеп беребиз» дешти. |
| **Жумурияттык** | | **Жаңы-Кадам:** Ажо ж-а Өкмөт башы Токтом | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | чыгарган б-ча, бизди кабыл алышкан жок, азыркы ниеттери белгисиз. | | |
| **Эларалык** | | | | |
| **Башка төп келтирилген деңгээл** | **Ден-Соолук:** «Адилет» КБ газкубур үстүнө салган соң, кызыл китеп алууга кепилдик бере албайбыз дешти. | **Ден-Соолук:** 500 сом албоо чечимин бизди катыштырбай чечишкен жана мындан ары кандай кылабыз түшүндүрүшкөн жок. | **Ден-Соолук:** Өзүбүздүн тартынчаактык ж-а ыкшоолукту пайдаланып, бийлик өзүнө ыңгайлуу чечимдерди чыгарып жатат. | |

Талдоо кашкайта көрсөтүп тургандай, «бийлик типтеринин» <u>көрүнөөсүндө</u>, ошондо да эң эле күчсүзү болгон жергиликтүү (ал да расмий эмес, коомдук уюм гана) деңгээлде аракеттер жүргөн. Бул деңгээлдеги <u>көмүскө</u> жана <u>көрүнбөс</u> «бийлик типтери» жаратуучу абалда эмес, таарынышуу, ишенбестик кырдаалына кептелген. Абал «думананын таарынганы куржунуна зыян» нугуна түшүп калган. Бул «чуңкурдан» тезирээк чыгуу менен гана, жалпы жашоочулар ынтымакташып, айкын багытка түшүүгө болот.

Ал эми, накта чечим чыгаруучу аймактык жана жумурияттык деңгээлдеги <u>көрүнөө,</u> <u>көмүскө</u> жана <u>көрүнбөс</u> «бийлик типтери» маселеге жакындан жардам бербей калышканы даана сезилип турат.

Эмне кылуу керек? Оболу жабырланып жаткан ак-жарлыктар терең талдоо аркылуу бийликтин <u>көмүскө</u> менен <u>көрүнбөс</u> типтерин <u>көрүнөөгө</u> айлануусуна жетишүү керек. Анан «аракеттенүүнүн жаңы мерчемин» (стратегиясын) иштеп чыгып, ага ылайык тикелей жана өндүрүмдүү иштерди жүргүзүүсү кажет.

**Эскертүү:** Азыркы учурда, биз талдап жаткан маселелерди чечүү боюнча, мурда болуп көрбөгөндөй ыңгайлуу шарттар түзүлүп турат. Чынын айтсак бийлик менен жашоочулар каршылаштар эмес, маселени эки тарап тең тез жана сапаттуу чечүүнү каалап турат. Бирок шахматтагы «пат» деген сенек кырдаалындай түзүлгөн азыркы абалдан чыгууну баштоо конуш жашоочуларынын колунда.

## ЫНТЫМАККА «ӨЗӨК ОТ» АНЫКТОО

**Маселе (көйгөй):** Эки башка көйгөй аныкталды.

**Ден-Соолук:** 1-7-көчөлөр «кызыл китеп» албайт, анткени газкубур үстүнө салынган.

**Жаңы-Кадам:** Конуштун «башболжосуна» акча чогултулуп, мыйзамдашуу башталса.

| № | «Өзөк от» курамы | Жасалуучу иш-чаралар |
|---|---|---|
| 1. | **Айкөлдүк** (өзүмчүлдүк эмес, кең пейилдик, боорукерлик сапаттарын жаратуу үчүн жасалчу иштер) | **Ден-Соолук:** 1. Коом (Сүйүн) м-н бирдикте Аламүдүн акимине кат жөнөтүү. 2. «Кыргызгаз» мекемесине кайрылуу жиберүү. 3. Жетекчилери м-н жолугушуу. 4.Өкмөткө, Шаарбашыга кайрылуу. 5. Маалымат каражаттарына чыгуу.<br>**Жаңы-Кадам:** 1. Аламүдүн акими, Чүй губернаторуна кирүү. 2. Ленинск айыл өкмөтү м-н иштөө. 3. Ажого, Өкмөткө кайрылуу. 4. Чүй, Аламүдүн, Ленинск жетекчилерине жолугушуу. |
| 2. | **Керектөө** (муктаждык) | **Ден-Соолук:** үйлөрүнө, бөлүнчөктөрүнө «кызыл китеп» алуу.<br>**Жаңы-Кадам:** үйлөрүнө, бөлүнчөктөрүнө «кызыл китеп» алуу. |
| 3. | **Убакыт** (ишке коротулган мезгил) | **Ден-Соолук:** качан болору белгисиз. Үчүнчү этапта «жашыл китеп» беребиз дешет – бул бизди демдендирбейт.<br>**Жаңы-Кадам:** Өктөбүр айында бүтөт го? |
| 4. | **Такоол** (коротулган каражаттар) | **Ден-Соолук:** жол киреге, кагаздарга, тамактанууга чыгымдар.<br>**Жаңы-Кадам:** чогулушта чечилген 20 сомдон эч ким берген жок |
| 5. | **Жыйынтык** (жетүү жигерденүү...) | **Ден-Соолук:** ийгиликтүү жыйынтык болоруна ишенишпейт.<br>**Жаңы-Кадам:** жүзөгө ашырууга жалпы жигердүүлүк жок. |

**Эскертүү:** Талдап көрсөк **Ден-Соолук** үчүн «убакыт» бүдөмүк жана демдендирбейт. Ишке «коротуулар» аз эле кетчүдөй экен, бирок аны жасоого көңүл чаппайт. Андыктан «жыйынтык» да көрүнбөй турат. Ошентип «өзөк от» жаралбай жатат. **Жаңы-Кадам** үчүн «такоолдо» маселе бар. «Убакыт» да илгери үмүт м-н гана белгиленип, көз жетерлик эмес. «Жетишилчү» ийгилик ошентип таасын, ачык көрүнбөй турат. «Өзөк от» жанган жок. Эки топ тең «өзөк от» жаратуу үчүн изденүүлөрү керек, ийгилик өзүнөн өзү келбейт.

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Абдракманов Ж. 1916 Күндөлүктөр Сталинге каттар, Ф. «Кыргызстан», 1991.
2. Аджы М. Полынь половецкого поля, М. ТОО «ПИК-КОНТЕКТ», 1994.
3. Аджи М. Европа, тюрки, Великая Степь. – М.: АСТ, 2007.
4. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. – Б.: Баласагын, 1993.
5. Бабыр З. Бабырнама, Алматы. Ататек, 1993 (Казакча сүйлөткөн Байызак Кожобекулы).
6. Бутанаев В., Худяков Ю. История енисейских кыргызов. Абакан, 2000.
7. Жакшылыков А. Эстутум. Кыргыз көчмөн цивилизациясы. Манас дүйнөтааным. – Б., 2005.
8. Жумабаев Б. Кыргыз дүйнөтаанымы.–Б.: «Бийиктик», 2010.
9. Садыр уулу Ж. Өз жардам. – Б. «Салам» басмаканасы, 2003.
10. Сактанов К. Искендер Зулкарнайн. – Б. «Бийиктик», 2010.
11. Максутов Б. Кызыл кыргын кандуу кармаш. –Б., «Турар», 2009.
12. Мухаммад Али Абуши. Будьте справедливыми к себе... Это и есть ислам! [Электрон. булак] // Научно-аналитический центр «Бадр» URL http://d1.islamhouse.com/data/ru/ih_books/single/ru_this_is_islam_arectahn.pdf
13. «Эл адабияты» 29-том, Каада-салттар, Ак баталар. – Б. «Шам» басмасы, 2003.
14. Галустова О.В. Конфликтология (учебное пособие). – М. «Проспект», 2010.
15. Карала уулу С. Манас 2-китеп. – Ф. «Кыргызстан», 1986.
16. Кашкари Махмүд. Түрік тілдерінің жинагы. Алматы «ХАНТ», 1997.
17. Кыргыз санжырасы. Ала-Тоо журналынын тиркемеси. – Б., 1994
18. Курманбек. Кенже дастан (айтуучу Акиев К.). – Ф. «Кыргызстан», 1970.
19. Козырев Г.И. Конфликтология (учебник). – М.: ИД «ФОРУМ»-ИНФРА-М, 2010.
20. Ыйык Куран: которгондор: А.Исмаилов, Д.Абдылдаев... Baski: Erkam Matbaasi, 2006.
21. Орозбак уулу С. Манас, 4-китеп. – Ф. «Кыргызстан», 1980.
22. Үркүн. 1916. Тарыхый-даректүү баяндар // Ала-Тоо журналынын тиркемеси. – Б., 1993.

**Китепчедеги айрым сөздөрдүн түшүнүгү:**

1. Акчакор - бюджет
2. Алакет - занятость
3. Алысындап - бара-бара өнүгүп
4. Амал - тактика
5. Аң-сезим - сознание
6. Аян аңыз - вестничество
7. Аралаймак - анклав
8. Аначы - акушер
9. Аяндык (элиркеч) - трансциденттик
10. Аялэр - гендер
11. Азга топук - аскетизм
12. Адамияттык - гуманистик
13. АКӨНҮМ - SMART, смарт
14. Апарман - оранжевый, саргылт
15. Баштач, атан - лидер
16. Баяндык - повесть
17. Булганак - черновик
18. Бүлгүндүк - экстримизм
19. Бейсезим - безсознательное
20. Бейлөө - мониторинг
21. Болунду - фактор
22. Болмуш, аңыз - миф
23. Боормаданият - субкультура
24. Борч - полномочие
25. Бөлүнчөк - участок
26. Бүртүм - элемент
27. Гөөхар, дастан - эпос
28. Дагды - практика
29. Дартсебеп - диагноз
30. Дендароо - стресс
31. Диртки - импульс
32. Дээр - менталитет
33. Дөндөө - оформление
34. Жады - эс, память
35. Жамаатташтыруу - коллективдештирүү
36. Жактоочу - адвокат

37. Жаргы, молотой - судья
38. Жексурлануу - мутация
39. Желпүүн, шапаат - вибрация
40. Жикчил - сепаратист
41. Жыгалоо, тажылоо - инагурация
42. Жылбас мүлк - недвижимое имущество (кыймылсыз мүлк эмес)
43. Жоопчот - отчет
44. Жоболоң - инцидент
45. Жөлөмөл - пособие
46. Жөндөөч - регулятор
47. Заг - ген
48. Зыялы - интеллигенция
49. Зыя - интеллект
50. Зубун - сектор, бөлүк, топ
51. Иширет - регламент
52. Идара - институт
53. Ийримдик, сыйкыл - циклдуулук
54. Каада - процедура
55. Каганат, жаханиат - империя
56. Кагылыш - инцидент, жоболоң
57. Кажыр, такоол - ресурс, резерв
58. Калыбы - формасы, таризи
59. Калыпча - матрица
60. Калкылдоо - турбаленттүүлүк
61. Кераэт - надсознание
62. Керденемич - насыя берүүчү
63. Кез - метр
64. Кейип - образ
65. Кейан - космос
66. Кумса - кызтеке, гомосексуал
67. Купуя эн - код
68. Кылапатчы - оппонент
69. Кытка - материк
70. Кыбачы - инженер
71. Кычы - чыр, жаңжал
72. Кыта - сыртынан жабуу
73. Көрүү - видение

74. Көчкүн - мигрант
75. Көнүгүм - тренинг
76. Көтөрүмдүү - толерантность, байымдуу, сабырлуу
77. Көсөм - элита
78. Күркө - камок, киоск
79. Күүлөө - илеп, вибрация
80. Кокустооч тапанча - травматический пистолет
81. Кошум - каалитсиа, коалиция
82. Кыйшын - ыңгай, иштин ыгы
83. Кыша - камыштан токулган калканч
84. Макам - статус
85. Маткел - материя
86. Мазаа - психика
87. Мазаачы - психолог
88. Мажара - баштан өткөн иштердин баяны
89. Макулдук - консенсус
90. Маслет - сессия
91. Мерчем - стратегия
92. Мираш - моюндагы милдеттен кутулуу
93. Мунаса - компромисс
94. Мураскана - архив
95. Мусапырланган - маргиналдашкан
96. Мүдөө - программ
97. Мүрөл - арбын, көп
98. Молотой, калыс - арбитр
99. Мытан - тузу жок суюк тамак, баланда
100. Наамачы - музыкант
101. Насааттама - аннотация
102. Назарият - теория
103. Накталык - реалдуулук
104. Оодан - район
105. Обур - барк, бедел
106. Ооруk - тыл
107. Озуйпа - миссия
108. Ой-корум - идея
109. Орчун улут - титулдук улут
110. Осул - принцип
111. Оторлоо - колонизация

112. Отоо - жаш үй-бүлө
113. Өзөктүк - атомдук
114. Өзтөбөлдүк - автономия
115. Өнөкөт - инстинкт
116. Өнүм - продукция
117. Саноол - перечень
118. Соора - планета
119. Сезүү - чутье
120. Сүйлөшмө - телефон
121. Сиңилүү - ассимиляция
122. Сызым - схема
123. Тазанак - чистовик
124. Тана - эркек бала, бир жаш эркек торпок, өөнөп кесүү
125. Таркатма - раздатка
126. Тарыйка - технология
127. Тастыктама - концепция
128. Таттуулаш - пацифист
129. Талапчен - критерий
130. Тирлик - социалдык
131. Топур - митинг
132. Төрсере - президиум
133. Туур - позиция
134. Туйумдоо - подсознание
135. Тукум кенч - генофонд
136. Тутум - систем
137. Тын - орган
138. Тынтек - организм
139. Төкмө - импровизация
140. Фалсафия - философия
141. Убарлуу - родной
142. Удул - шанс
143. Ургалдуу - интенсивный
144. Устат-сабак - мастер-класс
145. Үйүрмө - команда
146. Үлөштүрүү - жребий, чүчү кулак
147. Үнөмиат - экономика
148. Чатак - конфликт

149. Чатактаануу - конфликтология
150. Ченөөр - индикатор
151. Чимирик - виток
152. Чыртек - конфликтоген
153. Чырлакеч - конфликтоген адам
154. Чырым - крест
155. Шаарлашуу - урбандашуу
156. Шыкактоо - лоббилөө
157. Ырбатуу (ашынуу) - эскалация
158. Ыраатөөрчүү - диалектика
159. Экилтиктүү - дуализм
160. Эмгектештер - коллегалар
161. Эргиман - пассионар

Басууга 06.06.2013-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 1/16
Кјлјмі 13,7 б.т.
Офсеттик кагаз
Нускасы: 200

«Maxprint» басмаканасы,
Бишкек шаары, Курманжан Датка кјчјсі 207